

«Руханият» китепканасы
Библиотека «Руханият»

Акун Токтосартовдун
70 жылдыгына
карата

Посвящается
70-летию
Акуна Токтосартова

МЕЖДУНАРОДНАЯ АССОЦИАЦИЯ СОДЕЙСТВИЯ
ВОЗРОЖДЕНИЮ ДУХОВНОСТИ «РУХАНИЯТ»

# ГРАЖДАНИН ДУХОВНОГО МИРА

*Выступления*

*Статьи*

*Стихи*

*Приветствия*

*посвященные деятельности
Акуна Токтосартова*

«Турар»
Бишкек 2011

РУХИЙ ДӨӨЛӨТТӨРДҮ ЖАРАТУУГА КӨМӨКТӨШ
ЭЛ АРАЛЫК «РУХАНИЯТ» АССОЦИАЦИЯСЫ

# РУХ ААЛАМЫНЫН ИНСАНЫ

*Акун Токтосартовдун ишмердүүлүгү жөнүндө*

*Сүйлөгөн сөздөр*

*Макалалар*

*Куттуктоолор*

*Арноолор*

«Турар»
Бишкек 2011

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7–4
Р 91

Түзгөндөр жана жооптуу редакторлору:
*Битюков А.И., Иптаров С. И., Токтосартов К.А.*

Р 91 **Рух ааламынын инсаны:** А.Токтосартовдун ишмердүүлүгү жөнүндө сүйлөгөн сөздөр, макалалар, куттуктоолор, арноолор. = **Гражданин духовного мира:** Посвященные деятельности Акуна Токтосартова. Выступления, статьи, стихи, приветствия. Түз.: *Битюков А.И., Иптаров С.И., Токтосартов К.А.* – Б.: «Турар», 2011. – 300 б. Текст кырг. орус тилдеринде.

ISBN 978–9967–15–048–5

Китепке А.Токтосартовдун 70 жылдыгына байланыштуу анын мамлекеттик зор уюштургуч, коомдук көрүнүктүү ишмер, жогорку маданияттуу, терең билимдүү инсан экендигин баяндаган макалалар, ырлар, куттуктоолор топтолду.

В этой книге печатаются выступления, статьи, стихи и приветствия, посвященные Акуну Токтосартову – видному государственному, общественному, творческому деятелю, крупному организатору культурного строительства республики.

Р 4702300400–11

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7–4

ISBN 978–9967–15–048–5

© «Руханият», 2011.



Чыңгыз АЙТМАТОВ,
Кыргыз Эл жазуучусу,
Социалисттик Эмгектин Баатыры,
Кыргыз Республикасынын Баатыры,
Лениндик жана СССРдин
Мамлекеттик сыйлыктарынын лауреаты

## РУХАНИЯТТЫН ОБОЛОГОН ЧАБЫТЫ

Урматтуу окурман! Сиз бул адаттагыдан башкача бараандуу басылманы колуңузга алып, анын ажайып барактарына көз жүгүрткөнү олтурасыз. Андыктан, бир катар себептерден улам мен бул баалуу эмгекти сизге тааныштыруу менен ал арналган адам жана уюм тууралуу кыскача баяндап бергим келет.

Озунуп айтарым, мен муну Акун Токтосартовду 30 жылдан ашыгыраак убактан бери билгендиктен улам чын ыкластан аткарып олтурам. Мен аны менен көп ирет көркөм маданиятыбыздын кеңири чөйрөсүндөгү көйгөйлөр тууралуу чер жазыша баарлашып, анын азыркы абалы тууралуу маселелерди бирге талкуулап, бирге түйшөлүп келем.

Маданий курулуштун көрүнүктүү уюштуруучусу жана ири коомдук ишмер, элдердин ортосундагы ынтымак-ырашкерлик үчүн талыкпай жан үрөгөн чыныгы атуул катары Акун Токтосартовдун ысымы Кыргызстандын рухий маданиятынын тарыхында сөзсүз жазылып каларында шек жок. Анын өлкөбүз үчүн, өзгөчө интеллигенция үчүн жасап жаткан ар тараптуу, албан кызматы сөзсүз элдин сый-урматына жана кадыр-баркына татыктуу.

Кээде мен өзүмө анын мейли турмушта, мейли коомдо, мейли маданият чөйрөсүндө мынчалык бекем орун алгандыгынын сыры эмнеде, мындай жетишкендиктеринин булагы кайда деген суроону көп берем. Ошондо, анын себеби – Акундагы табигый айкөлдүккө жуурулушкан адамдарга карата болгон мээрмандыкта, жапакечтикте, көтөрүмдүүлүктө, туруктуулукта, турмуш менен байланыштуулукта, ар бир коллективди гана эмес, ар бир татыктуу адамды таанып, баалап, колдой билүү жөндөмүндө экендигине ынанып келем. Албетте, анын мындай инсандык сапаттарынын өсүшүнө адамдар менен, баарыдан мурда, өз өмүрүн чыгармачыл эмгекке арнап койгон адамдар менен бирге, ийиндеш иштеген көп жылдык бай тажрыйбасы жагымдуу таасирин тийгизген.

Айтылып жүргөндөй, артисттер, музыканттар, сүрөтчүлөр, композиторлор, жазуучулар маданият чөйрөсүндөгү мерес чиновниктерди анча жактыра беришпейт, алар өздөрүнө өзгөчө кылдат мамилени талап кылат. Акун Токтосартов мына ушундай жетекчиге таандык сейрек сапаттарга ээ болуу менен бирге эле, сүрөткердин жандүйнөсүн жана максат-мүдөөсүн терең түшүнүп, аны менен камыр-жумур гана болбостон, маанилүү иште жакындан жардам берүүгө ар убак даяр турган адамдык асыл касиеттерге да эгедер. Ал кызматтык тепкичтердин бардыгын басып өтүп, республиканын маданият министрлигине чейин жетип, көп жылдар бою бул ары жооптуу, ары кылдат системаны башкарып келди.

Акун Токтосартов бүгүн да руханияттын айдыңын тынымсыз иштетип, анын түшүмүн арттырууга умтулуп, сөздүн кеңири маанисинде маданиятты, өзгөчө профессионалдык искусство менен элдик өнөрдү колдоого умтулуп, күрдөөлдүү жигер менен үзүрлүү иштеп жатат. Анын коомдогу өз ара түшүнүшүүчүлүктү, өлкөдөгү туруктуулукту камсыз кылуу үчүн өзүндөгү бардык мүмкүнчүлүктөрдү колдонуп жаткандыгы бөтөнчө мааниге ээ.

Акун Токтосартовдун демилгеси жана уюштуруусу менен өткөрүлгөн чоң-кичине маданий-массалык иш-чараларды, өрнөктүү саамалыктарды санoo кыйла убакытты алар эле. Ошентсе да Жаш көрүүчүлөрдүн театрын, Сатира жана юмор театрын, «Камбаркан» фольклордук ансамблин, «Насыйкат» комералык оркестрин, «Кыргызконцерт» бирикмесин, Ош областтык филармониясын, республикалык Куурчак театрын түзүүнү, улуу акын-жазуучулар Токтогулдун, Тоголок Молдонун, Аалы Токомбаевдин, Алыкул Осмоновдун, сүрөт өнөрүнүн чыгаандары Гапар Айтиев менен Семен Чуйковдун музейлерин ачууну айтпай кетүүгө болбойт. Улуттук искусствонун классиктери Абдылас Малдыбаев, Гапар Айтиев, белгилүү актер Муратбек Рыскулов атындагы сыйлыктардын уюштурулушу композиторлордун, сүрөтчүлөрдүн, режиссерлор менен актерлордун чыгармачылык ишмердигин активдештирип, алардын эмгегин баалоодо таасирдүү стимул болуп калды. Акун Токтосартов чыйырын салган «Нооруз» фестивалы, төкмө акындардын «Ак таңдай», «Айтыш» таймаштары жакшы салтка айланып калды. Булардын бардыгына чыгармачылык ишмердигин активдештирип, алардын эмгегин баалоодо таасирдүү стимул болуп калды. Акун Токтосартов чыйырын салган «Нооруз» фестивалы, төкмө акындардын «Ак таңдай», «Айтыш» таймаштары жакшы салтка айланып калды. Булардын бардыгына республиканын маданий жана чыгармачыл байманасын байытууга болгон жигердүү умтулуунун аркасында жетишилгендиги айдан-ачык.

Акун Токтосартовдун мүнөзүндөгү уюштуруучулук талантына айкалышкан максаттуулук сапаты бир катар райондордо Маданият үйлөрүн, Таласта «Манас» музейин, Ош областтык китепканасын курууда, «Манастын айылы» комплексин ыкчам куруп бүткөрүүдө, Бишкек шаарында республикалык Куурчак театрын куруу жөнүндөгү маселени чечүүдө таасын көрүндү.

Акун Токтосартовдун дүйнөлүк деңгээлдеги өнөр чеберлери менен тил табыша билүү бийик маданияты, анын көрөгөчтүгү жана зор кадыр-баркы Кыргызстан да ССР Союзунун Чоң театрынын, Пятницкий академиялык хорунун, «Москванын виртуоздары» оркестринин, «Бахор» ансамблинин, «Сибирь» бий ансамблинин, белгилүү коллективдердин, элге таанымал артисттердин, ырчылар менен музыканттардын катышуусунда «Ала-Тоо жазы» искусство фестивалдарын ийгиликтүү өткөрүүгө шарт түзгөн. Кыргызстандыктар өздөрү сүйүп-урматтаган өнөр адамдары менен жолугушууларга кандай кубаныч менен барып, алардын өнөрү элдин чыныгы эстетикалык табитин тарбиялоого жагымдуу таасир тийгизгендигин айтпай кетүүгө болбос. Бүгүн да улуу жана орто муундагы адамдар ал мезгилдеги ажайып эсте калган учурларды, окуяларды суктануу менен тамшанып эскеришет.

Акун Токтосартов кандай кызматты ээлебесин – Кыргызстан КП БКнын адабият жана искусство секторун башкарабы, маданият министринин биринчи орун басары же министри болобу, Токтогул атындагы мамлекеттик филармониянын директору же «Манас айылы» тарыхый-маданий комплексинин генералдык директору болобу ал такай өзүнүн көп кырдуу ишмердигинин башкы маңызы сүйүктүү Кыргызстандын көркөм маданиятын өнүктүрүүгө колдон келишинче көмөк көрсөтүү, адамдардын турмушунун бардык чөйрөсүндө анын ролун күчөтүү деп эсептейт. Акун Токтосартов Москва, Ленинград жана башка ири шаарлардын окуу жайларында улуттук чыгармачыл кадрларды даярдоо үчүн бир топ натыйжалуу кадамдарды жасады. Өз мекенинин чыныгы патриоту болуу менен ал республиканын чегинен тышкаркы жерлерде кыргыз улуттук искусствосунун эң мыкты жетишкендиктерин талыкпастан жарданп, жайылтып келди. Республиканын көптөгөн алдыңкы көркөм коллективдери жана аткаруучулары Советтер Союзунун ири шаарларын айтпаганда да, Кытай,

Индия, Франция, Япония, Португалия сыяктуу чет өлкөлөрдө өз өнөрлөрүн тартуулашты.

Кайра куруу жылдарында республиканын маданият министрлиги чет өлкөлөр менен тикелей ишкер байланыштарды түзүп, маданият жагындагы кызматташтыкты жана өз ара карым-катнашты өнүктүрө алгандыгын баса көрсөтүү керек.

Акун Токтосартовдун бай өмүр таржымалында рухий дүйнөнү жаңыртууга көмөктөш эл аралык «Рухaният» ассоциациясы бөтөнчө орунда турат. Ал анын түзүүчүсү жана туруктуу жетекчиси болуп саналат. Ассоциация республикадагы башка коомдук уюмдардан айырмаланып турат. Анын бөтөнчөлүгү – жеке ишкердикти демократиялык өзгөрүүлөр менен нарк экономикасынын калыптануу шартында жаралган өнүмдүү саясий, экономикалык жана маданий көрүнүштөргө идеологиялык колдоо корсөтүп, аларды ийкемдүү айкалышта алып бара алгандыгында турат.

Ассоциация он беш жылдан бери ийгиликтүү иштеп келе жатат. Анын өлкөдөгү жаңыча коомдук мамилелер системасын калыптандыруу, элдин көөнөрбөс рухий дөөлөттөрүн сактап калуу жана ар түрдүү муундагы интеллигенция өкүлдөрүнүн чыгармачыл изденүүлөрүн жана жетишкендиктерин колдоо ишине кошкон салымы талашсыз. Орчундуу чечимдер ассоциациянын кеңеши тарабынан кабыл алынат, ага адабият менен искусствонун, илим менен билим берүүнүн кеңири белгилүү, урмат-сыйлуу устаттары, коомдук ишмерлер, ошондой эле Кыргызстанда кыйладан жашап келе жаткан диаспоралардын өкүлдөрү мүчө болуп саналат.

Акун Токтосартовдун бөтөнчө баалуу сапаттары – кеңири жана прогрессивдүү көз карашы, көптөгөн окуялардын ичинен эң башкысын бөлүп ала билүү жөндөмү коомдук турмуштагы окуяларга байланышкан анын ишинде ийгиликтүү жүзөгө ашырылып келе жатат. Мында ал биринчи орунга республика үчүн, жалпы коом үчүн сөзсүз маанилүү жана керектүү болгон эң ири окуяларды коё билет.

«Руханият» ассоциациясы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, анын ырасмий символдору Гимн, Герб, Туунун бет ачарын уюштуруп өткөргөн. Кыргыз элинин даңктуу уулдары Исхак Раззаковдун, Султан Ибраимовдун, Түрк Республикасынын тунгуч Президенти Ататүрктүн фонддору уюштурулган. Кыргызстандын эгемендүүлүгүн бекемдөөнүн, анын тарыхын урматтоонун күбөсү болгон бул иш-чараларды кеңири коомчулук зор канааттануу менен кабыл алган.

Акун Токтосартовдун «Руханият» ассоциациясынын эл аралык сыйлыктарын уюштуруу жөнүндөгү идеясы коомчулук тарабынан толук колдоого жана жактырууга ээ болду. Сыйлыктар коомдук-саясий ишмерлерге, окумуштууларга, көркөм маданият чеберлерине, билим берүү системасынын жана өндүрүштүк чөйрөнүн өкүлдөрүнө ыйгарылып турат.

Сыйлыктарды ыйгаруу үчүн башкы талап – лауреаттын эмгектери бараандуу болуп, алар гуманизмди, элдер менен мамлекеттердин ортосундагы өз ара түшүнүшүүгө жана достукка болгон умтулууну чагылдырып туруусу зарыл. Эгемендүү Кыргызстан чет өлкөлөр менен түздөн-түз кызматташтыкты өнүктүрүүгө мүмкүндүк алгандыгына байланыштуу «Руханияттын» сыйлыктары ошондой эле чет өлкөлүк атуулдарга да ыйгарылат.

«Тынчтык жана элдердин ортосундагы ынтымак үчүн» деп аталган ассоциациянын сыйлыгынын статусу өтө бийик. Ага эл аралык деңгээлдеги 20дан ашык ишмерлер татыктуу болгон. Алардын катарында Казакстандын Президенти Н.А.Назарбаев, Ирандын Президенти А.Х.Рафсанжани, Өзбекстандын Президенти И.А.Каримов, Кыргыз Республикасынын Президенти А.Акаев, кеңири белгилүү филантроп Жорж Сорос, агартуучу жана коомдук ишмер М.Ф. Гюлен ж.б. бар.

Бул сыйлыктарды кеңири коомчулуктун катышуусунда, салтанаттуу маанайда тапшыруу сөзсүз жагымдуу резонанс жаратып, элдердин ортосундагы достуктун, өз ара түшүнүшүүнүн жана тилектештиктин де-

монстрациясына айланат. Ар бир салтанаттуу аземжөрөлгө айкын саясий көрүнүшкө айланып, адамдагы аруу, айкөл сезимдерди бекемдеп, жакшылыкка болгон үмүт-тилекти жаратат.

Өлкөнүн ири театралдык жана көркөм жайларында бул сыйлыктарды тапшыруу аземинде лауреаттар башынан кечирген эсте каларлык мүнөттөр алардын оптимисттик ойлорун, кубаныч сезимдерин жаратып, чыгармачылык эргүүгө бөлөгөндүгүн баамдабай коюу мүмкүн эмес. Академиктер Т. Садыковго, Ж. Акималиевге, А. Бөрүбаевге, М. Миррахимовго, А. Какеевге, Ү.Асановго, М.Мамакеевге, даңктуу искусство жана адабият ишмерлери Э.Турсуналиевге, Т.Касымбековго, О.Султановго, Ж.Садыковго, А. Жумакматовго, К. Молдобасановго, Н. Давлесовго, К. Тураповго жана башка өлкөнүн сыймыгы болгон адамдарга «Руханияттын» сыйлыктарын тапшыруу интеллегенциянын биримдигинин чыныгы майрамдарына айланган.

Кыргызстандын ордо калаасынын тургундары жана студенттер Бишкек шаарына жана Жусуп Баласагын атындагы Улуттук университетке «Руханияттын» сыйлыктарын ыйгаруу жөнүндөгү чечимди зор канааттануу менен кабыл алышты.

Акун Токтосартовдун демилгеси менен «Руханият» ассоциациясы тарабынан «Жылдын адамы» сыйлыгы уюштурулуп, ага Владимир Путин, Билл Клинтон, Реджеп Таийп Эрдоган, Федерико Майор сыяктуу заманыбыздын көрүнүктүү мамлекеттик жана коомдук ишмерлери татыктуу болушкан. Кыргыз элинин даңктуу кызы «Курманжан датка» атындагы сыйлык уюштурулуп, ал бир катар белгилүү чет өлкөлөрдүн өкүлдөрүнө – Түркиянын Премьер-министри Тансу Чиллерге, Пакистандын Премьер-министри Беназир Бхуттого, Казак Республикасынын «Бөбөк» эл аралык уюмунун жетекчиси Сара Назарбаевага, Россия Федерациясынын биринчи ледиси Людмила Путинага тапшырылган.

Кужүрмөн ишмердиги азыркы өтө оор нарк экономикасынын калыптануу мезгилинде бөтөнчө мааниге

ээ болгон өндүрүш чөйрөсүнүн адамдарын ар тараптан колдоого алуу максатында «Жылдын бизнесмени» сыйлыгы уюштурулган. Экономикалык кыйынчылыктарды жеңүүгө шарт түзүп, иш-аракети ишкер адамдар үчүн чыныгы өрнөккө айланган 10го жакын мыкты ишкер бул сыйлыктын ээси болуп калышты.

Бул эмгекте биздин замандаштар үчүн гана эмес, кийинки муундар үчүн да зор кызыгууну жаратуучу көптөгөн маанилүү окуялар чагылып сакталып калды.

«Руханият» ассоциациясы ошондой эле бир катар башка багыттарда да жигердүү иштеп келе жатат. Атап айтканда, ал рухий, маданий, ден соолукту чыңдоочу жана соода-сатык багытындагы курулуштарды долбоорлоо жана куруу менен алектенип, өтө маанилүү, актуалдуу тематикадагы китептерди басып чыгарып, өнөр устаттарына жана жаш таланттарга, алгачкы китептерин чыгарган авторлорго моралдык жана материалдык колдоо көрсөтөт. Ал кайрымдуулук иштерин жүргүзүү менен бирге эле республикада маданият жагындагы ири иш чараларды уюштуруп, өткөрүүгө катышат.

2000-жылы январда «Руханият» ассоциациясынын кеңеши бөтөнчө бир иш чараны жүзөгө ашырды: коомчулуктун демилгесин өтө кылдат, терең карап чыгуу менен республикалык газеталарга XX кылымдагы кыргыз элинин эң көрүнүктүү ишмерлеринин катарына кирген адамдардын тизмесин жана портреттерин жарыялады. Мындай айкөл иш чара менен ассоциация коомдо тарыхка карата урматтуу мамиле жасоо ишине өз салымын кошуп, өлкөгө кызмат кылууга бүт өмүрүн арнаган жана мында эң зор бийиктикке көтөрүлгөн адамдарга карата өзүнүн терең урмат-сыйын көрсөттү. Таалим-тарбиялык иш-чара жана адамды татыктуу баалоонун белгиси катары жүзөгө ашырылган мындай самалыктын мааниси азыркы учур үчүн да, келечек муундар үчүн да баа жеткис экендиги талашсыз.

Көрүнүп тургандай, «Руханият» эл аралык ассоциациясынын өтөп жаткан өрнөктүү иштери кеңири жана

салмактуу. Ошондуктан биз үчүн өтө кымбат болгон көптөгөн адамдарга байланышкан ассоциациянын көп кырдуу ишмердигинин жандуу тарыхый күбөсү катары аларды элибиздин эсинде сактоону көз жаздымында калтыруу, алардын турпатын жана бизден күн сайын улам алыстап бара жаткан кечээки даңктуу окуяларга байланыштуу болгон жаркын учурларды китеп бетинде сактап калтырбай коюу, менимче, кайдыгерликке жатаар эле.

## КЫРГЫЗ РУХУНУН КАМКОРУ

*Урматтуу Акун Токтосартович!*

Сизди 60 жылдык торколуу тоюңуз менен куттуктаар алдында көп нерселер эске түшүп жатат. Мындай карасаң ар бир эле адам баласынын басып өткөн жолу болбой койбойт. А бирок адамдын ошол кечээгиси кандай мүнөздө болду, адам өмүрүн кандай өтөдү, элден эмнени алып, кайра элге эмне бере алды, эмнеге үлгүрүп, эмнеге жетишкен жок – негизги маселе ошондо. Ушул жагдайдан алып караганда басып өткөн өмүр жолуңузга өзүңүз деле өкүнбөссүз. Анткени ал жол шыдыр, түз, байсалдуу, нары өрнөктүү, нары суктанаарлык болду. Муну көп замандаштарыңыз мойнуна алат. Анткени Сиз филармониянын директору болуп, андан соң министрликтин башында тургандагы маданияттын өнүгүп-өсүшүнө кошкон салымыңыз, аракетиңиз жакшы белгилүү.

Кийинки жылдардагы маданияттагы жетишкендиктерди көбүнчө Сиздин ысымыңыз менен байланыштырышат.

Бүгүнкү күндөгү «Руханият» эл аралык ассоциациясынын иштеринен Сиздин коомдук ишмердигиңиз өзгөчө көрүнөт. Муну мен жалпы кыргыз рухунун бийиктеши үчүн болгон камкордук деп түшүнөм.

Рух дүйнөсү түбөлүк турчу керемет дүйнө дейбиз. Бирок ал асманда асылып турчу нерсе да эмес. Ар убак

анын күйөрманы болуп, маңызын ачып, маанисин арттырып турбаса, ал дагы азып-тозуп кетери бышык. Чынчынында күнүмдүк турмуштун шары адамды рух тууралуу, анын асыл касиети жөнүндө терең ой токтотуп, аракет-жасоосун рух саясынан, ыйман-ынсап аңытынан баалап кароого кээде буйдамын да келтирбейт. Мына ушундай буркан-шаркан турмуш шарында коомдогу рухий көрөңгөнү таза сактап калууга көмөктөшүү, аны мурастап урпактарга таанытуу, ар бир элдик азамат атуулдардын эмгегин рухий өтөлгөсүнө карап балай билүү, «Руханият» уюмунун милдети деп түшүнөм.

Менимче, Сиз уюштуруп жетектеп келе жаткан бул коомдук уюм өзүнүн тарыхый вазипасын татыктуу улантып келе жаткан деп ойлойм. Мен мында башкасын айтпаганда да китептер чыкпай калган маалда, өнөрпоз адамдардын эмгеги анча бaрктaлбай бараткан кезде аларга сүрөөнчүлүк кылып, бир нече адабий китептерди, колдонмолорду чыгарууга, «Ак таңдай» айтыш-кароо чынында эле эл арасында жандуу кызыгууну жаратып, рух салтанатына айлангандыгын эске салар элем.

Эл аралык достукту бекемдөө үчүн «Руханият» сыйлыгын уюштуруп, дүйнөлүк атактары бар Н.Назарбаев, И. Каримов, Тансу Чиллер, биздин урматтуу президентибиз А.Акаев өңдөнгөн мыкты саясатчыларды, андан тышкары искусство, маданият ишмерлерин сыйлашыңыздын өзү эле эл аралык карым-катнаштын жакшырышында канчалык роль ойноп, сыйлык ээлерине канчалык дем-шыкак берээри өзүнөн өзү түшүнүктүү.

Өзүңүз чыгармачыл адамсыз. Буга белгилүү жазуучулар Пиримкул Кадыровдун атактуу Бабурга арналган романы, Оролхан Бакеевдин аңгеме менен повесттеринин кыргыз тилиндеги ийгиликтүү котормолору күбө.

Жакшы адам гана жакшы ийгилик жаратат. Ылайым ушул ийгиликтериңиз өзүңүзгө, үй-бүлөңүзгө кут болсун! Ден соолукта болуңуз. Сиздин жупуну жөнөкөйлүгүңүз, адамгерчилигиңиз, сөз башында айтылган коомдук ишмердигиңиз менен чыгармачылык ишиңиз – мына

ушунун бардыгы келип анан Сиздин бүгүнкү Бийиктигиңизди түзүп турат. Мен Сизди өзүңүз үчүн эмес, жалпы калкыңыз үчүн жашап өмүр сүргөн адам катары баалайм.

## НА КРЫЛЬЯХ ДУХОВНОСТИ

В 2007 году общественность нашей страны отмечает 15-летие создания Международной ассоциации содействия возрождению духовности «Руханият».

На протяжении более 30 лет я встречался с Президентом этой организации Акуном Токтосартовым, множество раз в атмосфере полного взаимопонимания мы рассматривали с ним непростые вопросы и проблемы обширной сферы художественной культуры республики.

Вне всякого сомнения, имя Акуна Токтосартова, как широко известного организатора культурного строительства и общественного деятеля, неутомимого поборника консолидации народа, навсегда войдет в духовную историю Кыргызстана. Обширен и многообразен перечень его заслуг перед республикой и особенно перед интеллигенцией, которая неизменно относится к нему с уважением и почтением.

Я часто задавался вопросом, в чем источник его успехов и достижений, его столь прочного утверждения в жизни, в обществе и культуре. И всякий раз отмечал прежде всего щедрый природный дар и завидные свойства его натуры – доброту, соучастие в делах и в судьбах людей, долготерпение, твёрдость, умение выделить, оценить и поддержать не только тот или иной коллектив, но и отдельного достойного человека. Разумеется, своё благотворное воздействие на рост личности Акуна Токтосартова оказал богатейший опыт работы с людьми и в первую очередь с теми, кто посвятил свою жизнь творческому труду.

Как известно, артисты, музыканты, художники, композиторы, писатели не жалуют твердокаменных чиновников от культуры, требуют к себе особого подхода и внимания. Акун Токтосартов обладает редкими качествами руководителя, способного хорошо понять душу и стремления художника, быть не только органично коммуникабельным, но и стать сподвижником в важном деле. Он освоил все ступени служебной лестницы, достиг ранга Министра культуры республики  и многие годы оставался у руля этой обширной и беспокойной системы.

Примечательно, что Акун Токтосартов и сегодня продолжает энергично и результативно трудиться, настойчиво возделывая ниву духовности, стремясь повысить её урожайность, поддержать культуру в широком понимании этого слова, особенно профессиональное искусство и народное творчество. Не менее важно и то, что он использует все имеющиеся у него возможности для содействия взаимопониманию в обществе и стабильности в стране.

Трудно перечислить начинания, крупные меры и акции, инициатором и организатором выполнения которых был Акун Токтосартов. Нельзя не отметить создание театра юного зрителя, театра сатиры и юмора, фольклорного ансамбля «Камбаркан», камерного оркестра «Насыйкат», объединения «Кыргызконцерт», Ошской областной филармонии, кукольного театра; открытие музеев выдающихся писателей и поэтов – Токтогула, Тоголока Молдо, Аалы Токомбаева, Алыкула Осмонова, корифеев изобразительного искусства Гапара Айтиева и Семёна Чуйкова. Учреждение премий имени классиков национального искусства Абдыласа Малдыбаева, Гапара Айтиева, знаменитого актера Муратбека Рыскулова стало действенным стимулом для активизации и поощрения творческой деятельности композиторов, художников, режиссеров и актеров страны.

Хорошей традицией стало начатое Акуном Токтосартовым проведение фестиваля «Нооруз», состязаний акынов-импровизаторов «Ак-таңдай» – «Айтыш». Во

всем этом наглядно проявилось неослабевающее стремление приумножить культурный и творческий потенциал республики. Такая черта его характера, как целеустремлённость, в сочетании с талантом организатора нашла свое впечатляющее подтверждение в ходе строительства целого ряда районных Домов культуры, музея «Манаса» в Таласе, Ошской областной библиотеки, интенсивном возведении комплекса «Манастын айылы», решении застарелого вопроса строительства Республиканского театра кукол в Бишкеке.

Его высокая культура общения с мастерами искусства мирового уровня, его основательность и авторитет способствовали успешному проведению в Кыргызстане гастролей Большого театра Союза ССР, Академического хора Пятницкого, оркестра «Виртуозы Москвы», ансамблей «Бахор», танца Сибири, фестивалей искусств «Весна Ала-Тоо» с участием знаменитых коллективов, всенародно признанных ансамблей, артистов, певцов и музыкантов. Надо ли говорить, с какой радостью кыргызстанцы шли на встречу со своими кумирами и как благодатно влияло их искусство на воспитание подлинных эстетических воззрений народа. Не удивительно, что и сегодня люди старшего и среднего поколений с восторгом и понятной ностальгией вспоминают те прекрасные, памятные для души события.

Какую бы должность ни занимал Акун Токтосартов, будь то заведующий сектором литературы и искусства ЦК Компартии Киргизии, Первый заместитель министра или Министр культуры, директор филармонии имени Токтогула или Генеральный директор историко-культурного комплекса «Манас айылы», всегда и неизменно главным в своей многогранной деятельности он считает всяческое содействие развитию художественной культуры родного Кыргызстана, усиление её роли в достижении прогресса во всех сферах жизнедеятельности людей. Он предпринял немало эффективных шагов для подготовки творческих кадров в учебных заведениях

Москвы, Ленинграда и других крупных городов страны. Будучи истинным патриотом, он настойчиво и неустанно продвигал далеко за пределы республики лучшие достижения национального искусства.

Наши первоклассные художественные коллективы и исполнители выезжали в Китай, Индию, Францию, Японию, Португалию и другие страны, не говоря уже о многих городах Советского Союза.

Следует подчеркнуть, что в годы перестройки советского общества Министерство культуры республики стало самостоятельно, без посредников устанавливать деловые связи, развивать сотрудничество и взаимообмен в области культуры с зарубежными странами.

Особое место в богатой биографии Акуна Токтосартова занимает Международная ассоциация содействия возрождению духовности «Руханият». Он является её создателем и бессменным руководителем. Ассоциация не похожа на другие общественные организации. Её своеобразие состоит в удачном сочетании предпринимательской деятельности с постоянной идеологической поддержкой здоровых политических, экономических и культурных тенденций и явлений, возникающих в условиях демократических преобразований и формирования рыночной экономики.

Ассоциация успешно функционирует на протяжении 15 лет. Бесспорен её вклад в становление новой системы общественных отношений в стране, в дело сохранения непреходящих духовных ценностей народа и поддержки творческих поисков и достижений интеллигенции разных поколений. Принципиальные решения принимаются Советом ассоциации, включающим широко известных и уважаемых представителей литературы, искусства, науки, общественных деятелей, а также посланцев многих диаспор, издавна проживающих в Кыргызстане.

Ценнейшие свойства натуры Акуна Токтосартова – широта и прогрессивность взглядов, умение выделять главное из перенасыщенного потока событий – успеш-

но реализуются в его действиях, относящихся также и к явлениям общественной жизни. И тут на первое место он естественно и безоговорочно выдвигает всё самое крупное, бесспорно значимое и важное для республики, для всего общества.

Ассоциация «Руханият» организовала и провела презентацию Конституции Кыргызской Республики, её официальных символов – Гимна, Герба и Флага. Были учреждены фонды великих сынов кыргызского народа Исхака Раззакова, Султана Ибраимова, а также первого президента Турецкой Республики Ататюрка. Широкая общественность с удовлетворением встретила эти акции, свидетельствующие об утверждении суверенитета Кыргызстана и уважении к его истории.

Всеобщей поддержкой и одобрением была встречена идея об учреждении Международных премий ассоциации «Руханият». Премии присуждаются общественно-политическим деятелям, ученым, мастерам художественной культуры, представителям системы образования и производственной сферы. Главный критерий для присуждения премии состоит в том, чтобы труды лауреата были значительными, утверждали гуманизм, стремление народов и государств к взаимопониманию и дружбе. Учитывая, что суверенный Кыргызстан получил возможность развития прямого сотрудничества с зарубежными странами, премии «Руханият» могут присуждаться также иностранным гражданам.

Высок статус премии Ассоциации «За мир и согласие между народами». Она присуждена более 20 выдающимся деятелям международного уровня. В их числе – Президент Казахстана Н.А.Назарбаев, Президент Ирана А.Х.Рафсанжани, Президент Узбекистана И.А.Каримов, Президент Турции Сулейман Демирель, Генеральный секретарь ООН Кофи Аннан, Генеральный директор ЮНЕСКО Федерико Майор, широко известный филантроп Джордж Сорос, просветитель и общественный деятель Фетхуллах Гюлен и другие.

Вручение премий, происходящее в торжественной обстановке и с участием широкой общественности, неизменно вызывает благоприятный резонанс и выливается в демонстрацию взаимопонимания, солидарности и дружбы народов. Каждая церемония превращается таким образом в яркий политический акт, укрепляющий в человеке благородные помыслы, стремления и надежды на лучшее.

Трудно переоценить также заряд оптимизма, чувства радости и желание творчества, окрыляющие лауреатов в памятные дни вручения им премий в залах театрально-зрелищных учреждений страны. В настоящий праздник единения интеллигенции выливалось вручение премии «Руханият» академикам Т. Садыкову, М.Миррахимову, М.Мамакееву, Ж.Акималиеву, А.Бөрүбаеву, А.Какееву, У.Асанову, прославленным деятелям искусства и литературы А.Жумакматову, С.Жусуеву, Т.Касымбекову, К.Молдобасанову, Э.Турсуналиеву, О.Султанову, Ж.Садыкову, Н.Давлесову, К.Турапову и другим лицам, составляющим гордость и славу страны.

Жители и студенты столицы Кыргызстана с удовлетворением восприняли решение о присуждении премии «Руханият» городу Бишкек и Национальному университету им. Жусупа Баласагына.

По инициативе Акуна Токтосартова ассоциацией «Руханият» были учреждены премии «Человек года». Её присудили Владимиру Путину, Биллу Клинтону, Александру Лукашенко, Реджеп Тайип Эрдогану, и другим выдающимся деятелям современности. Учрежденная премия имени славной дочери кыргызского народа Курманжан датки была вручена ряду известных представительниц зарубежных стран – Премьер-министру Турции Тансу Чиллер, Премьер-министру Пакистана Беназир Бхутто, Председателю Международного фонда «Бөбөк» Республики Казахстан Саре Назарбаевой, Первой леди Российской Федерации Людмиле Путиной. А

также глубокоуважаемым женщинам, внесшим крупный вклад в развитие экономики и культуры Кыргызстана, – К.Кондучаловой, С.Кумушалиевой, Ч.Баековой, Ш.Садыбакасовой.

В целях всемерного поощрения производственной деятельности, что так важно в непростое время становления рыночной экономики, была учреждена премия «Бизнесмен года», которую получили около 10 наиболее успешных предпринимателей, чья энергичная деятельность способствует преодолению экономических трудностей и является притягательным примером для всех деловых людей.

Ассоциация «Руханият» проводит активную работу также и по ряду других направлений. В частности, она занимается проектированием и строительством объектов духовного, культурно – оздоровительного и торгового назначения, осуществляет издание книг по важной, актуальной тематике, оказывает моральную и материальную поддержку мастерам искусства, молодым талантам и авторам первых книг, занимается благотворительной деятельностью, организацией и проведением в республике крупных мероприятий в области культуры.

В январе 2000 года Совет ассоциации «Руханият» предпринял необычную акцию: после обстоятельного рассмотрения возникшей инициативы опубликовал в республиканских газетах список и портреты лиц, отнесенных к числу выдающихся деятелей кыргызского народа XX столетия. Этим благородным актом Ассоциация внесла свой вклад в дело укрепления в обществе уважительного отношения к истории и выразила глубокую признательность народа тем людям, которые все свои силы отдали беззаветному служению осударству и достигли на этом поприще невиданных высот. Значение этого начинания, как воспитательного фактора и знака достойной оценки человека, для ныне здравствующего и будущих поколений трудно переоценить.

Как видим, перечень добрых дел Международной ассоциации «Руханият» обширен и весом. И было бы весьма расточительно и, как я полагаю, непростительно не оставить в памяти соотечественников печатных свидетельств многогранной деятельности ассоциации, неразрывно связанной с множеством дорогих для нас людей и теми существенными моментами славных событий, которые с каждым днем отдаляются от нас все дальше и дальше.

*Уважаемый Акун Токтосартович!*

Перед тем, как поздравить Вас с замечательным шестидесятилетним юбилеем, думалось мне о многом. Да, каждому человеку предназначен свой собственный жизненный путь, по-другому не бывает, дело в том, что итоги пребывания человека на земле, среди людей, измеряются вроде бы простыми, но фундаментальными критериями, то есть тем, что он сделал для соотечественников, чего добился в жизни.

Если судить с этой точки зрения, Вы должны быть довольны прожитыми Вами годами. Ваш путь был по большому счету счастливым, прямым и добрым, а главное, конечно же, плодотворным. Это факт и это признают многочисленные ваши современники. Общеизвестен Ваш вклад в развитие культуры республики во время Вашей деятельности в качестве директора филармонии, особенно министра культуры. Достигнутые тогда успехи справедливо связывают с Вашим именем.

Что же касается Вашей общественной активности, то особенно впечатляюще она проявляется в деятельности Международной ассоциации «Руханият».

Смысл ее, в моем понимании, состоит в непрестанной заботе о сохранении и приумножении духовности кыргызского народа.

Волшебно-блистательный духовный мир не может существовать вне связи с другими свойствами общества. Он постоянно нуждается во внимании и соучастии по-

борников духовности, в противном случае наш духовный мир оскудеет и утратит свое назначение и смысл.

В самом деле, природа и суетность повседневности не всегда дают нам возможность размышлять о духе человека, о его благородных порывах, рассмотреть их с высоты непреходящих принципов нравственности и философии, оказать посильное содействие в сохранении духовного богатства народа и донести без ущерба его наследие до грядущих поколений, оценить каждого видного представителя культуры в соответствии с его вкладом – такова насущная и сложная задача организации «Руханият».

Учрежденная Вами несколько лет назад Международная организация «Руханият» достойно продолжает свою значимую миссию. Тут уместно напомнить ее спонсорскую помощь в издании книг, брошюр, организации творческих вечеров художественной интеллигенции, проведении таких крупномасштабных культурно-массовых мероприятий, как смотры, конкурсы акынов-импровизаторов «Ак тандай». Все они неизменно получают широкий резонанс среди населения и его горячее одобрение. В целях содействия укреплению дружбы и сотрудничества между народами Вы учредили премию «Руханият» и присудили ее выдающимся политическим и государственным деятелям. Среди них – И.Каримов, Н.Назарбаев, Рафсанжани, В.Путин, Тансу Чиллер. Премии удостоены также многие деятели культуры и искусства, ученые и предприниматели. Все это имеет огромное значение в улучшении международных отношений, вдохновляет лауреатов на новые свершения. О плодотворной реализации Вашего творческого потенциала свидетельствуют многие Ваши публикации, переводы на кыргызский язык зарубежных авторов, в числе которых – популярный роман Пиримкула Кадырова о Бабуре, повести и рассказы Оролхана Бокоева.

Полагаю, что Вы и в предстоящие годы будете радовать кыргызстанцев своими общественными делами и

творчеством. Ваша скромность, человечность в сочетание с Вашей плодотворной творческой деятельностью возвышают Вас в глазах нашей общественности. Я считаю, что нет ничего благороднее, чем служить своим соотечественникам, своей Родине.

Будьте здоровы и счастливы, оставайтесь всегда с нами!

## ОРГАНИЗАЦИЯ ОПТИМАЛЬНОГО ТИПА

В 1992 году в суверенной Кыргызской Республике, избравшей курс на построение демократического, правового государства, была создана Международная ассоциация содействия возрождению духовности «Руханият». В 2002 году ассоциации исполнилось десять лет. Инициатором ее создания, ее душой и руководителем был и остается по сей день Акун Токтосартов, известный в республике деятель культуры, обладающий большим опытом организаторской работы, прекрасно знающий художественную и научную интеллигенцию, общественно-политический актив, а также многих зарубежных деятелей культуры. Без этого запаса прочности, без продолжительной работы в должностях Министра культуры, руководителя ряда организаций республиканского уровня трудно было сформировать такую многопрофильную структуру, какой является сегодня ассоциация «Руханият».

Главной своей задачей ассоциация «Руханият» провозгласила всемерное содействие возрождению и укреплению в обществе духовности в широком понимании этого слова, поддержку культуры, науки, профессионального искусства и народного творчества. Поистине благородное и исключительно насущное дело!

В сегодняшних условиях, когда людское общество переживает свои не лучшие времена, когда с эстрадных подмостков, из эфира, теле- и киноэкранов на человека обрушивается лавина жестокости, пошлости, откровен-

ной вульгарности, а подлинная культура грубо оттесняется на дальний план, – в этих условиях деятельность ассоциации «Руханият», горячо и последовательно поддерживающей истинные духовные ценности, приобретает особое значение.

Ассоциация «Руханият» избрала и неизменно проводит линию на укрепление дружбы, расширение сотрудничества между народами ближнего и дальнего зарубежья, на всемерную активную поддержку каждого шага в этом приоритетном направлении. За минувшее десятилетие ассоциацией «Руханият» было проведено множество мероприятий с участием известных политиков, руководителей республик СНГ и других стран, с которыми Кыргызстан развивает и укрепляет дружественные отношения. Все эти крупные акции неизменно вызывали положительный резонанс и всеобщее одобрение.

Другой важной стороной деятельности ассоциации «Руханият» является активное и широкое ее участие в поистине святом деле консолидации народа Кыргызстана, укрепления взаимопонимания и взаимоуважения всех диаспор, проживающих на благодатной земле нашего горного края. Большое внимание уделяется сохранению и приумножению их культуры, традиций и обычаев. С этой целью осуществляется ощутимая поддержка всех мероприятий и хороших начинаний.

Материальной основой, позволяющей на деле реализовывать названные выше нелегкие задачи, служит предпринимательская деятельность ассоциации «Руханият». Именно она является тем источником, который создает реальные возможности для поощрения добрых дел политических и государственных деятелей, лидеров производственной сферы, работников культуры, науки и одаренной творческой молодежи.

Сегодня, когда республика испытывает значительные экономические трудности и имеет довольно ограниченные средства на эти цели, деятельность ассоциации

«Руханият» заслуживает всемерной поддержки и одобрения.

В этом органичном сочетании предпринимательства и стимулирования развития культуры как раз и заключается уникальность ассоциации. К большому сожалению, других организаций, осуществляющих подобную масштабную, многоплановую и системную деятельность, в республике крайне мало. А между тем преуспевающие предприниматели, следуя примеру ассоциации «Руханият», смогли бы во многом изменить к лучшему положение дел в сфере культуры, которая, как известно, является мерилом уровня развития и достоинства народа.

Многие крупные акции, организуемые и спонсируемые ассоциацией «Руханият», ценны прежде всего тем, что они укрепляют у людей позитивное, оптимистичное отношение к жизни, порождают чувство уверенности в будущем и побуждают трудиться во имя его приближения.

Торжественное вручение премий «Руханият» А.Акаеву, Н.Назарбаеву, И. Каримову, Али Акбар Рафсанжани стало крупным событием в общественно-политической и культурной жизни Кыргызстана. В контексте заключенных договоров о вечной дружбе между народами Кыргызстана, России, Казахстана, Узбекистана акции «Руханият» приобретают особое звучание и самое благотворное воздействие на все слои населения братских республик.

Многолетнее и действенное сотрудничество с Кыргызстаном ряда широко известных деятелей международного масштаба также отмечено ассоциацией «Руханият». В числе лауреатов премии стали Федерико Майор, Билл Клинтон, Джордж Сорос, Хуан Антонио Самаранч, Патриарх Московский и Всея Руси Алексий Второй, Сулейман Демирель и другие.

Премии Курманжан датки ассоциации «Руханият» удостоены Тансу Чиллер (Турция), Беназир Бхутто (Па-

кистан), Людмила Путина (Россия), Сара Назарбаева (Казахстан), Майрам Акаева, Кулуйпа Кондучалова, Чолпон Баекова, Шарипа Садыбакасова (Кыргызстан) и другие.

Совет ассоциации «Руханият» считает своим святым долгом отдать дань глубокого уважения и признательности тем славным сыновьям и дочерям республики, которые своим талантом, творческой энергией и неустанным бескорыстным трудом создавали непреходящие ценности, составившие славу и гордость народа Кыргызстана. Отрадно и закономерно, что первыми лауреатами стали известные личности – Тургунбай Садыков, Асанхан Жумахматов, Сабира Кумушалиева, Мирсаид Миррахимов, Мамбет Мамакеев, Сооронбай Жусуев, Жунай Мавлянов. Калый Молдобасанов, Омор Султанов, Тологон Касымбеков, Калыйнур Усенбеков, Салижан Шарипов и другие прославленные кыргызстанцы.

По достоинству отмечена обширная творческая и общественно-политическая деятельность, плодотворное сотрудничество с Кыргызстаном знаменитого казахского поэта и дипломата Мухтара Шаханова, узбекского писателя Адыла Якубова, видного политика России Геннадия Селезнева, российского деятеля культуры Николая Губенко и других ярких представителей творческой интеллигенции СНГ.

Большой вклад внесла ассоциация «Руханият» в строительство объектов культурного и общественного назначения.

Значительные средства были направлены на проектирование и сооружение культурно-этнографического комплекса «Манас айылы», культурно-торгового центра «Кулун-Ата», комплекса мечети и медресе, Центра культуры и духовности и других объектов. За счет средств ассоциации были изданы книги ряда кыргызских авторов.

Ассоциация «Руханият» поощряет и стимулирует созидательный труд людей новой формации, успешно

занимающихся предпринимательством, малым и средним бизнесом. Настойчиво преодолевая многочисленные препятствия объективного и субъективного характера, они практическими делами утверждают принципы рыночной экономики и помогают республике быстрее решить нелегкие проблемы переходного периода. Лучшим из них вручены премии «Бизнесмен года» и оказаны другие знаки поощрения и поддержки. В этом ряду – Аскар Салымбеков, Камчыбек Жолдошбаев, Нарынбек Молдобаев, Байыш Юсупов и другие первопроходцы рыночной экономики.

Издание книги о лауреатах ассоциации «Руханият» представляется мне своевременным и очень нужным делом. Получилась своеобразная летопись нашего времени в лицах, в которой отражены судьбы конкретных людей, их главные заботы, усилия и достижения. В этом и состоит ценность издания.

Пожелаем же его героям успешного продолжения их нелегкой деятельности, а книге – долгой жизни и постоянного востребования.



Роза ОТУНБАЕВА,
Кыргыз Республикасынын Президенти

## МАДАНИЯТКА КОШКОН САЛЫМЫҢЫЗ ОРОШОН

*Урматтуу Акун Токтосартович!*

Сизди 70 жылдык маарекеңиз менен чын жүрөктөн куттуктайм. Бул маарекеге Сиз элиңизге арналган талыбас эмгек, кажыбас кайрат менен келдиңиз. Сиздин бүткүл өмүрүңүз Мекенге, элге, жерге кызмат кылуунун жаркын мисалы катары бааланат. Басып өткөн жолуңузда даңктуу иштериңиздин сыймыктуу изи жатат. Кыргызстандын маданиятына, социалдык чөйрөсүнө кошкон салымыңыз орошон. Бүгүнкү кыргыз маданиятынын бийиктигин, гүлдөп-өсүшүн Сиздин ысмыңыз менен бекем байланышта карайбыз.

Улуттук маданияттын ысыгы менен кирип, суугу менен чыгып, жөнөкөй маданият кызматкеринен маданият министрине чейинки даңктуу жолду басып өттүңүз. Сиз кай тармакта иштебеңиз эң оболу мамлекеттик кызыкчылыкты жогору коюп, тазалыктын, кесипкөйлүктүн, ишмердүүлүктүн мыкты сапатын көрсөтүп, кыргыз маданиятынын потенциалын өстүрүүгө жан үрөп иштедиңиз. 40 жыл кыргыз маданиятынын майданында жетекчилик кызматта иштөө менен улуттук маданияттын дөөлөтүн өстүрүүгө жана аны сактоого бүткүл күч-аракетиңизди жумшадыңыз. Сиздин демилгеңиз менен Кыр-

гызстанда республикалык жаштар театры, куудулдар театры, Ош шаарынын филармониясы, куурчак театры, Токтогул, Тоголок Молдо, Алыкул Осмонов, Аалы Токомбаев, Гапар Айтиев, Семен Афанасьевич Чуйков, Абдыкадыр Орозбеков атындагы мемориалдык-маданий музейлер ачылды жана ал жалпы элдик дөөлөткө айланды.

Кыргыз элинин көөнөргүс руханий булагы болгон Токтогулдун музей комплекси, «Манас айылы», Лейлектеги Исхак Раззаков атындагы музейлери Сиздин жетекчилигиңиздин, атуулдук демилгеңиз менен заманыбыздын залкар жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун 8 томдук китеби биринчи жолу кыргыз тилинде жарык көрдү. Кыргыздын чыгаан тарыхый инсанынын өмүр жолун, мекенчилдик сезимин, каармандыгын даңктаган «Исхак Раззаков» аттуу китепти өз каражатыңызга чыгарып, кыргыз элинин руханий энчине айланттыңыз.

Сиз башында турган Эл аралык «Руханият» ассоциациясы улутубуздун руханий кайра жаралуусуна жана улуттук маданияттын жанданышына өзгөчө өбөлгө түзүү менен эгемендүү кыргыз тарыхынын санжырасында алтын тамга менен жазылып олтурат. «Руханият» Эл аралык уюму кыргыз элинин кадыр-баркын дүйнөлүк деңгээлге дейре көтөрүүгө байланышкан олуттуу иш чараларды өткөрүп, жалпы эл аралык маданий чөйрөдөгү кадыр-барктуу уюмга айланды. Дүйнөлүк жана улуттук саясий жана маданий ишмердүүлүгү үчүн азыркы замандын атактуу инсандары «Руханияттын» лауреаты деген ардактуу наамды алып жүрүшөт. Сиздин сыймыктуу иштериңиз элибиз жана мамлекетибиз тарабынан жогору бааланып, бир нече сыйлыктарга арзыган. Сиздин эл аралык кадыр-баркыңыз тууралуу да жылуу сөздөрдү айткыбыз келет.

Урматтуу Акун Токтосартович!

Жетимиш жылдык маарекеңиз кут болсун, эл деп соккон жүрөгүңүз мындан ары да эл деп сого берсин. Сизге бекем ден соолук, бийик дух, күчтүү рух каалаймын!



Акматбек КЕЛДИБЕКОВ,
Кыргыз Республикасынын
Жогорку Кеңешинин Төрагасы

*Урматтуу Акун Токтосартович!*

Сизди Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын жана өзүмдүн атымдан 70 жылдык маарекесиңиз менен чын жүрөктөн куттуктайм.

Мындай кутман куракка куру келген жоксуз. Сиз сындуу тажрыйбалуу устаттын, иш билги адистин, жөн билги адамдын коомчулукта ээлеген орду өзгөчө. Мамлекеттик жана коомдук ишмер катары да, улуттук маданияттын күйөрманы катары да, чыгармачыл адам катары да кыргыз элине сиңирген эмгегиңиз зор.

Эки тизгин, бир чылбырды тең чоюу татаал нерсе. Маданият министри, Улуттук филармониянын директору, «Манас айылынын» башкы директору болуу менен бирге, айтылуу «Руханият» эл аралык бирлигинин жетекчилик милдетинин өтөөсүнө чыгуунун өзү эле мунун айкын күбөсү.

Руханий дөөлөттөрдүн жаралышына көмөкчү болгон «Руханият» уюму улут уркун узартууга көмөкчү болгон көптөгөн өнөрү менен өмүрү өрнөк адамдардын эмгегине өзүнүн калыс баасын берип, урмат-сыйын көрсөтүп келет. Ал Сиздин адамдык абройуңуз менен атуулдук жигериңизге түздөн-түз байланыштуу болуп жаткандыгы анык.

Сизди чыгармачыл инсан, белдүү ишкер, белгилүү меценат, жаштардын өнөрүн өргө чаптырган камкор ус-

тат катары да жакшы билебиз. Ушу тапта шакирттериңиздин алды улут сыймыгы катары, ысымы журт оозуна алынып калган чак. Бөтөнчө, кайрымдуулук демилгелерин көтөрүп, жалпы элдик иш-чараларына баймабай катышып келе жаткандыгыңыз өтө кубандырат.

Эмгегиңиз эске алынуу менен, көптөгөн эл аралык жана мамлекеттик сыйлыктарга арзыдыңыз. «КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер» деген ардактуу наамдын ээсисиз. Бир катар академиялардын, коомдук уюмдардын, жогорку окуу жайларынын ардактуу доктору, профессору, академиги болдуңуз. Мунун баары Сизге көрсөтүлүп жаткан улуу урмат, зор ишеним.

«Жолду баскан арбытат» демекчи, ушу тапта турмуштук бай тажрыйба топтоп, көп нерсеге көзүңүз канып турган чак. Эң негизгиси, азыркы жана кийинки муун өкүлдөрүнө бере турган таберигиңиз али арбын деп ойлойм.

Ардактуу Акун Токтосартович, мындан ары да адамдык кадыр-баркыңыз арбып, атуулдук аброюңуз артып, жамы журт кызыкчылыгы үчүн талыбай да, арыбай кызмат өтөй берүүңүзгө тилектешмин. Сизге чың ден соолук, өтөлгөлүү өмүр, бакубат турмуш каалаймын.

*Уважаемый Акун Токтосартович!*

От имени депутатов Жогорку Кенеша Кыргызской Республики и от себя лично сердечно поздравляю Вас с 70-летним юбилеем!

Безусловно, к этому рубежу Вы пришли не с пустыми руками. Кыргызский народ признал Вас как государственного и общественного деятеля, как защитника национальной культуры, как творческую личность, который своим неустанным трудом внес большой вклад в развитие страны.

В народе говорят: «Не удержать в одной упряжке двух скакунов». Но Вы смогли справиться с этой сложной задачей. Тому подтверждение, что Вы были мини-

стром культуры, директором Национальной филармонии, Генеральным директором «Манас айылы», многие годы руководите Международной организацией «Руханият».

Особо хотелось бы отметить деятельность возглавляемой Вами организации «Руханият». Ведь именно «Руханият» в нынешних экономических сложных условиях способствует возрождению духовного богатства, оценивает вклад деятелей культуры, науки, которые своим творчеством обогащают национальную сокровищницу. В этом немаловажная Ваша заслуга, как человека и как патриота.

Мы знаем Вас как творческую личность, состоявшегося предпринимателя, известного мецената, заботливого учителя, всячески поддерживающего творчество начинающей талантливой молодежи. В настоящее время среди Ваших учеников немало личностей, которые стали национальной гордостью. Нас особенно радует, что Вы инициируете благотворительность, направленную в общенародных интересах.

Ваш труд достойно оценен, Вы награждены международными и государственными наградами. Вы обладатель высокого звания «Заслуженный деятель культуры Кыргызской Республики», почетный доктор, профессор, академик ряда академий наук, общественных организаций, высших учебных заведений. Все это говорит о высоком народном доверии и глубоком почете к Вам.

Как говорится: «Дорогу осилит идущий». На сегодня Вами накоплен большой жизненный опыт и мудрость, которые Вы в назидание оставите подрастающему поколению.

Уважаемый Акун Токтосартович! Уверены что Вы всегда сумеете сберечь в себе характерные Вам высокие человеческие качества и бескорыстное служение своему Отечеству. Крепкого Вам здоровья, благополучия, счастья!

**Эл аралык «Руханият»**
**ассоциациясынын Президенти**
**ТОКТОСАРТОВ АКУНга**

*Урматтуу Токтосартов Акун мырза!*

Күн нурун чачкан жер бетинде, Ала-Тоо койнунан конуш тапкан эл ичинде жетимиш жыл бою эсен-аман жашап келе жаткан кутман курагыңыз куттуу болсун!

«Адам баласы канткенде адам болот» деген Чыңгыз Айтматовдун акылман айтканына Сиздин басып өткөн өмүр жолуңуз өзү жооп берип тургансыйт.

Анткени жогорку билимдүү адис, мыкты уюштургуч, тажрыйбага бай, нукура патриот, чыныгы интернационалист, коомдук жана чыгармачыл инсан катары Сиз Кыргызстанды көп улуттуу маданиятынын өсүшүнө, анын чет өлкөлөрдө кеңири пропагандаланышына, мамлекеттер аралык мамилелердин кеңейишине, калктардын ортосундагы биримдиктин бекемделишине, элдик дипломатиянын калыптанышына, адамзаттын рухий баалуулуктарын арбытууга бүткүл күч-кубатыңызды жумшап келе жатасыз.

Демек, Сиздин ысмыңыз буга чейинки көп тармактуу маданиятыбызды өркүндөтүүгө, улутубуздун көркөм өнөр мурастарын даңазалоого, замандаштарыбыздын руханий дүйнөсүн тынымсыз байытууга багытталган тарыхый иштердин жетишкендиктер менен тыкыс байланыштуу экендигин коомдук турмуш далилдеп турат.

Сиз кадимки каадаңыздан жазбай, азыркы кудуретиңиз менен Ата Мекенибиз үчүн дагы чоң иштерди жаратышыңызга терең ишенебиз.

Ошондуктан Жараткан Сизге узун өмүрдү, бекем ден соолукту, бейпил жашоону, күжүрмөн күч-кубатты насип кылсын.

Эл аралык «Руханият» ассоциациясынын Кеңешинин мүчөлөрү:

***К.К. Кондучалова, С. Эралиев, С. Жусуев, М. Мамакеев, Т.Касымбеков, Т.Садыков, Б.Т. Шамшиев, С. Токтакунова, Н.Д. Давлесов, Б.Жакиев, Г.Момунова, С.Ш. Шарипов, Ч.Т. Баекова, Ш.Ж. Жоробекова, Ш.С. Садыбакасова, А.М. Салымбеков, Н. Молдобаев, Ү.А. Асанов, Ж.А. Акималиев, А.А. Бөрүбаев, А.Ч. Какеев, А.М. Мамытов, Д.Кудаяров, Б. Мурзубраимов, А.Р. Раимжанов, В.И. Нифадьев, С.А. Жумабеков, М.Т. Мамасаидов, Ж.У. Акматов, Т.Т. Андашев, Т.Ч. Мамашев, К.Ж. Качкыналиева, К. Ы. Турапов, З. Үсөнбаев, Б. Байтөбетов, Т. С. Кеңешов, А.И. Малеваный, А.И. Битюков, С.Т. Кайыпов, М.С. Шаршенбаев, К.С. Молдокасымов, С. Субаналиев, Б. Тухтаматов, О.Т. Кочоров, С.Иптаров, С.С. Салиев, М.М. Чотонов.***



Владимир Владимирович ПУТИН,
Президент Российской Федерации

## «НЕРАЗРЫВНА ВЕКОВАЯ ОБЩНОСТЬ НАШИХ НАРОДОВ И КУЛЬТУР»

Возрождение широких гуманитарных контактов сегодня стало возможным благодаря укреплению политических связей между нашими странами в последнее время. Конечно, был период, и совсем недавно, когда во время становления новой государственности кое-что было подзабыто, в том числе и в области искусства и культуры. Но должен сказать, что сегодня, в период политической стабилизации в наших обществах, в том числе и в Кыргызстане, и в условиях определенной экономической стабильности, созданы условия для возрождения культурных, научных, гуманитарных обменов.

Наши государства исторически связаны. Я бы сказал – имеют неразрывные узы. Сегодня мы, как и прежде, вместе. Должен сказать, что у нашего сотрудничества в гуманитарной сфере есть очень хорошая, серьезная база. Это русский язык, которому в Кыргызстане придан статус второго государственного, официального языка. И мы очень высоко ценим ту позицию, которую занял Президент Кыргызстана лично, все кыргызстанское руководство по этому вопросу. И будем делать все, чтобы ответить тем же самым. Я убежден, что это реше-

ние, без всякого сомнения, исторического характера, – одно из самых основополагающих решений.

Совсем недавно мы тоже приняли ряд соответствующих решений, которые облегчают гражданам Кыргызстана пребывание на территории Российской Федерации, облегчают им поиск работы, легализуют их положение. Мы будем делать все для того, чтобы те люди, которые изучают русский язык, знали, зачем они это делают. При этом, полагаю, уместно вспомнить великого евразийца Николая Гумилева, его убежденность в вековой общности народов и культур. Эту убежденность разделяют и новые поколения граждан наших стран.



Нурсултан НАЗАРБАЕВ,
Казакстан Республикасынын Президенти

*Ардактуу агайындар!*
*Кадырлуу кыргыз туугандар!*

Эң алды менен эл аралык «Руханият» ассоциациясы тарабынан мага «Жыл адамы» ардак наамы ыйгарылгандыгы үчүн чын дилимден алкышымды билдиремин жана мындай жогорку наам бир тууган Казакстандын жалпы элин терең урматтоонун белгиси деп кабыл аламын.

Шериктештиктин элдеринин арасында жакшы санаалаштыкты, ынтымакты сактоодогу менин кошкон үлүшүмө берилген жогорку баа мени көп нерселерге милдеттендирет. Азыр сиздердин араңыздарда туруп, калктар арасында бейкутчулукту, руханий биримдикти, ынтымакты сактоо саясатчылар үчүн да канчалык маанилүү, маңыздуу экендигин дагы кайталап айткым келет.

Ооба, бир тууган кыргыз боорлорум, ушул салтанатка катышып отурган ардактуу агайындар! Сиздер менен биз тарыхтын түп тереңинен берки тамырлаш, эзелтен айылдарыбыз аралаш, коюбуз короолош болуп келген, жандүйнөбүз сиңишкен, руханий казынабыз аралаш калктардын тукумубуз. Руханий туугандыгыбыз канчадан бери бирге экендиги – тарыхтын катаал сыноолорунда далай ирет далилденген акыйкаттын накта өзү. Күнү бүгүнкүгө чейин канатташ турган биздин эки

элдин кубанычы да, кайгысы да орток болуп келди. Ошондой эле келечекте да боордош калктарыбыздын тууган-туушкандык карым-катнашы, далай сынактарда чыңдалган достугубуз улана жана бекемделе берээрине шектенбеймин!

Мунун жаркын мисалдары тарыхыбызда арбын. Эки элге бирдей түркүк болуп калган мукам ырдын кош чебери Жамбыл менен Токтогулдун, казактын акындары менен кыргыздын төкмө ырчыларынын рухий байланыштары бүгүнкү жана эртеңки урпактар үчүн эч качан өлбөс-өчпөс өнөр кенчи болуп калмакчы. Айтылуу «Манас» эпосун айрым ниети таза эмес илимпоз сөрөйлөр жана адабиятчылар кезинде «эскиликти жактаган чыгарма» деп жалаа жапканда анын бүт дүйнө жүзүндө теңдеши жок эпос экенин далилдеп коргоп чыккан Мухтар Ауэзовдун акылмандыгы, ушундай улуу устатыбыздын ак батасын алган замандын улуу сүрөткери, кыргыз менен казактын тең орток сүймөнчүгү Чыңгыз Айтматовдун жалпы чыгармачылыгындагы жуурулуша үндөшкөн ажайып асылдыктар ата-бабаларыбыздан бизге аманат болуп калган ошол ажайып өнөрдүн өчпөс белгиси.

Мындай достуктун унутулушу мүмкүн эмес, боорлорум!

Азыр көкүрөктү өйүтүп, көзү ачык адамдардын ар бири дүйнө жүзүндөгү өзгөрүштөр тууралуу ойлонбой, толгонбой коё албайт. Терең ойлоп көрсөк, соңку беш-алты жылда ааламда далай-далай орошон окуялар болуп өттү. Ошолордун эң башкысы – Советтер Союзунун ыдырашы.

Кеңеш бийлигинин тушунда Казакстан да, Кыргызстан да Борбордун чийки зат кору катары каралып келди. Ошонун азабын азыр күн сайын тартып жатабыз. Шүгүрчүлүк, бүгүн сиздердин да, биздин да эл эгемендик алды, көз карандысыз мамлекет атандык, өз бийлигибиз өз колубузга тийди, байлыгыбызга өзүбүз ээ боло баштадык. Биздин элдердин кылымдар бою эңсеп

келген тилеги мына бүгүн кабыл болуп отурат. Ошол эркиндик жолунда курман болгон нечен асыл азаматтар көрө албай кеткен азаттык таңы атты. Эми өткөндөгү өкүнүчтү улам кайталап айта бергенден эч нерсе өзгөрбөйт. Колониялык эзүүнү тек кыргыз менен казак гана башынан өткөрбөдү. Өткөн кылымда ааламды чеңгелдеген колонизатордук саясат Азиянын дал ортосунда жаткан казак талаалары менен кыргыз тоолорун айланып өтмөк эмес. Бул үчүн башка тарыхый мезгилде өз эркинен тышкары биз жакка жар оодарып келген башка улуттардын өкүлдөрүн бүгүнкү урпагын күнөөлөп сүйлөөгө таптакыр жол бербешибиз керек. Ошондой эле өткөндүн баарына көө сыйпоо, баарын эле мазактай берүү жөнсүз деп ойлоймун.

Эмдиги маселе башкада. Атап айтканда, келечекте кантип өмүр сүрөбүз, канткенде цивилизациялуу ааламдын башка элдери менен теңелип жашайбыз – маселе мына ушунда. Биздин оюбузча, эки элдин азыркы алган багыты – Кыргызстанда да, Казакстанда да демократиялык укук мамлекетин куруунун негизги алгач шарттарын түзүүгө мүмкүн болду. Ири алдыда мен кыргыз элинин Президенти Аскар Акай уулу Акаевдин ак ниет кызматын, асыресе коомдук турмушту демократиялаштыруу боюнча кадамдарына санаалаш болуп, иштиктүү колдоп, кубаттап отурамын. Аскар Акай уулунун Көз каранды эмес Мамлекеттердин шериктештигиндеги интеграциялык процесстерди ылдамдатуудагы, Орто Азиядагы ынтымакташтыкты күчөтүү боюнча аракеттери ар дайым оң пикирлерди туудуруп келатат. Аскардын Өзбекстан Президенти Ислам Каримов менен бирге биздин Ордабасыда өткөн жыйынга катышканы, анда сүйлөгөн сөзү да казак элинин эсинде.

Мен Аскар Акай уулунун Республиканын Президентине ишеним көрсөтүү тууралуу референдум өткөрүү жөнүндө чечим кабыл алгандыгын билдим. Президентиңиздердин бул кадамы нагыз иш билги саясатчыга мүнөздүү батыл кадам деп баалаймын.

Учурдан пайдаланып, кыргыз элинин өркүндөө жолунда бар күч-аракетин жумшап келе жаткан Аскар Акай уулунун ишинде зор ийгиликтерди тилеймин.

Ардактуу туугандар!

Уул-кыздарыбыздын, небере-чөбүрөлөрүбүздүн ата-салтына – достук салтына карата адал мамилеси – боордош эки элдин жаркын келечегинин кепили. Биздеги бири-бирибиздин жакшылыгына сүйүнүү, жамандыгына күйүнүү деген асыл касиеттерибизди урпактарга аманат кылуу абройлук парз. Кеп оролу келгенден пайдаланып, улуу «Манастын» миң жылдыгы ЮНЕСКО тарабынан белгиленээри менен сиздерди куттуктаймын!

Ошол жылы биздин улуу акыныбыз Абайдын да 150 жылдыгы да ЮНЕСКО тарабынан белгиленмекчи. Ушул эки улуу той эки элге тең орток маараке болоорунда эч күмөн жок! Казактардын бүт дүйнөлүк Курултайындагы баяндамамда: «Абай тою – биздин элдигибиздин сыны», – дедим эле. Ошол сөздү сиздерге да арноо менен мен: «Манас тою – сиздердин да элдигиңиздердин сыны», – дегим келет!

Бул тойлорду биз эл биримдигин чыңдоого, достукту ширелтүүгө, калкыбыздын улуттук аң-сезимин көтөрүүгө пайдаланабыз деп ишенемин.

Ардактуу жалпы кыргыз туугандар, бизде өз ара бөлүшчү эч нерсе жок, жерибиз киндиктеш, элибиз энчилеш, тилибиз да, дилибиз да бирдей. Биздин атактуу акыныбыз Абдылда Тажыбаевдин мындай деп айтканы бар:

Башыма кийдим ак калпак,
Оюулап четин сырданткан.
Менин да бетим жапжалпак,
Айырмам кайсы кыргыздан?

Ошол акыныбыз айткандай, биздин бирге болбоско эч аргабыз жок. Биримдик, ынтымак, санаалаштык, өз ара көмөктөшүү дал азыр бизге абадай зарыл болуп ту-

рат. Сиздин да, биздин да элдер дүйнөлүк сыноого жаңыдан гана кирип жатат. Мунун өзү билектен жулкушуп, такымга баса салган казак-кыргыз көк бөрү оюну эмес. Бул сыноонун мааниси алда канча татаал. Ошого чыдаш керек. Андан ийгиликтүү чыгыш үчүн бизге али көп нерсеге үйрөнүүгө туура келет. Ошондо гана элибиздин көшөгөсү көгөрүп, байгелүү болобуз. Тарых жүктөгөн мындай жоопкерчиликтин оор жүгүн биздин республикабыздын көп улуттуу калкы көтөрө билет, кыргыз жеринде да, казак жеринде да дөлөттүү, сөөлөттүү турмуш орночу күн алыс эмес деп ишенемин.

Элдерибиздин чыныгы бакыт жолундагы улуу сапарыбыз шыдыр, жолдошубуз кыдыр болсун.

Ыклас коюп тыңшаганыңыздарга рахмат.



Ислам КАРИМОВ,
Өзбек Республикасынын Президенти

*Кымбаттуу достор!*
*Урматтуу агаиндер!*
*Сүйкүмдүү бир туугандар!*

Эң оболу 1994-жылдын башталышында эле сиздер менен көрүшүүнүн кубанычтуу мүмкүнчүлүгү жөнүндө, Кыргызстандын элин сак-саламат көргөндүгүмдө чексиз бактылуу экендигим жөнүндө айткым келет. Бактылуу учурдан пайдаланып, мага бизден, өзбек элинен, Өзбекстан мамлекетинин бардык калктарынан Кыргызстандын элине сиздердин бардык жакшы саамалыгыңыздарда бакыбаттуулукту, ийгиликтерди каалай тургандыгымды билдирүүгө уруксат этиңиздер. Кыргызстанда өкмөттүк эмес «Руханият» ассоциациясы тарабынан белгиленген сыйлыкты алып, бүгүн ушул жерде тургандыгымды менин өзүмдү гана эмес, ошондой эле бүткүл өзбек элин, Өзбекстандын ар бир гражданын урматтоонун далили катары баалаймын, өзүмдүн зор, ак дилден алкоомду билдиремин.

Мындай эмес дегендерге ишенбегиле: эң сулуулар, эң келбеттүүлөр, бизге күч-кайрат берип, дилибизди агартып жатышкан, эстен тангандарды айыктырган жана карыган адамдар менен күч-кубаттан тайыгандарды бутуна тургузган сулуулугу көз жоосун алган биздин

аялдарыбыз менен кыздарыбыз. Муну билбегендерге өз акчамды аянбастан, бардык ушул мамлекеттерди кыдырып чыгып, андан соң кайтып келип өз аялынын тизесине жыгылып: «Кечиргин, терең жаңылыптырмын жана сени баалабаптырмын...» – деп кечирим сурашы үчүн саякатка жиберер элем. Кудай Тааланын эрки болсо, бул күндөр да келет, алардын тезирээк келиши гана жакшы. Бир гана нерсеге – дагы бир жолу үйлөнүүнүн мүмкүн эместигине өкүнөмүн. Эгерде кокусунан ушундай мүмкүнчүлүк болуп калса, мен сиздердин элиңиздердин сулуу кыздарынын биринин колун сурамакмын.

Мен муну менен биздин тарыхыбыздын өзү ушундай түзүлүп калгандыктан, улуттун кандайдыр бир тазалыгы жөнүндө айтууга эч ким укуксуз экендигин айтмакчымын. Менин досум Нурсултан Назарбаевдин аны менен жолуккан кезде: «Биздин башаттарыбызда казактар да, кыргыздар да, өзбектер да болгон эмес. Бир бирдиктүү улут болгон» – деп айтканы жадымдан чыкпайт. Ал кездерде чыр-чатактарды, өз ара шектенүүлөрдү жана ишенбөөчүлүктү таратып, эч ким бул сыяктуу суроолорду берген эмес, эч ким көкүткөн эмес. Ал мезгилде биз бир жан, бирдиктүү организм болуп жашаганбыз, тагдырдын кайсы соккусунда болбосун бактыбызды, келечегибизди биргелешип курганбыз.

Мына ошондуктан бүгүнкү күндө Кыргыз мамлекети да кошулган үч мамлекеттин бирдиктүү союзун түзүү жана ага менин досум Аскар Акаев да кол койгон келишим – биз бир кыйла акылдуу болгондугубузга күбө. Өзүңүздөр ойлонуңуздарчы: адамдар чогуу жашап келишкен, биз аларга мына эми көз карандысыздык, эгемендүүлүк болду деп, чек араны бөлүп, ал жерге алдым-жуттум бажыны отургузуп койдук. Бирөө соода-сатык жүргүзсө, аны үчөө аңдып турат: бирөө прокурор, бирөө милиционер, бирөө бажыканачы. Анын үстүнө тыяк-быякка ишкерсинип жүгүрүшкөн чабарман кызматчылар жана дагы бирден акимдер бар.

Бир эмгекчиге төрт-беш көзөмөлчү койдук. Айткылачы ушул акылга сыя турган нерсеби? Эгерде бир адам иштесе, бешөө андан пайда таап, бир сындырым нанын бөлүп жеп, тигини-муну жасай коёмун деп коркутуп, анын маңдай теринен тапкан үлүшүн жара бөлүп турат, бечара соодагер дагы канчалык табарын, анын тапканынын теңин алып коё тургандыгын күн мурдатан билет. Ушундай болгон соң кайсы рыноктук мамилелерге өтүп жатабыз? Адамдарды кантип тоюндурганы жатабыз? Эгерде бардыгыбыз иштебестен, өз эмгегибизди жумшабастан жана эч кандай материалдык нерселерди чыгарбастан ачарчылык менен пайда табууну гана аркаласак, мындай турмуш кимди эмнеге алып келет жана анын дегеле кимге кереги бар? Ал эми мөөнөтү келгенде бардыгыбыз бирдей жооп беребиз. Адамдар ушуну талап кылышууда. Ошондуктан силердеги да, биздеги да адамдар жаңыдан эле даярдалган, азыр биз кол койгон келишимге кошулуп, сиздердин академигиңиздер, даанышман Аскар Акаевдин кол коюшун анын акыл-эсинин бийик экендигинин далили катары баалаймын.

Башыбыз айлангандыктан коңшуларыбызды унутуп койгон мезгил болгон. Бирибиз Швецарияны, экинчибиз Кувейтти, үчүнчүбүз дагы бир кандайдыр бир мамлекетти курууну чечкенбиз. Эч качан жана эч жерде өзүбүздүн кандаш тууган-туушкандарыбызды унутпашыбызды эске салгым келет. Бизге эч ким башка жактан жардамга келбейт.

Ошондуктан сиздерге түз айтайын: кылымдардан кылымдарга Алла Таалам бири-бирибизден эч ажыратпасын! Дагы мына булар туурасында айткым келет. Эгер өзүбүз күчтүү болсок, ишибиз оңунан чыгып турса, өзүбүзгө жана өзүбүздүн күчүбүзгө ишенсек, эгерде өзүбүздүн ортобуздагы тынчтыкты жана жакшы ынтымакты чыңдай алсак, эгерде бири-бирибиздин колдоого таянсак, бизди эч ким жаман көзү менен карабайт.

Бардыгыбызды, сиздерди, сиздердин коңшуңар кылып бизди кудурети күчтүү Кудай жараткан. Эч ким

коңшусун тандап ала албайт. Бул да – тарыхтын буйругу, бул – турмуштун өкүм мыйзамы, муну кулдук уруу менен кабыл алууга тийишпиз. Бул мыйзамдан эч ким, эч качан тайсалдап, өзүнүн коңшуларынан баш тартып, өзүнө жакшы коңшуларды тандап ала албайт. Биздин ата-бабаларыбыз катарлаш жашап келишкен. Биз да бир тууғандык коңшулаштыкта жашашыбыз керек. Кудай буюрса, балдарыбыз да бири-бири менен тең бөлүшүп, бири-бирине кол сунуп, жаңы татыктуу турмушка башат салып, боордошторчо жашайт. Турмушка өз салымын кошот. Мен ушул үчүн иштеп жатам, Аскар Акаев ушул үчүн иштеп жатат, Назарбаев ушул үчүн иштейт. Дагы бир жолу өзүмдүн ыраазычылыгымды билдирип, бир кезде Өзбекстандагы кыргыздар да, Кыргызстандагы өзбектер да бактылуу жашашсын деп айтканымды эске салгым келет. Эми менин бир аз башкачараак каалоом бар: кайда жашабасын эки элибиз бактылуу болсун. Жаңы, бактылуу турмушту биргелешип куралы, кудайым ушул турмушту көрүүгө ырайым кылсын.

Биз үчүн 1994-жыл бактылуу жыл болсун. Ийгиликтер жана табылгалар көбөйө берсин, бактылуу болгула!



Александр ЛУКАШЕНКО,
Президент Республики Беларусь

*Уважаемый Акун Токтосартович!*

Глубоко признателен Вам и Вашим коллегам за высокую оценку моей государственной и общественной деятельности и присуждение премии «Человека года – 2006».

Международная ассоциация содействия возрождению духовности «Руханият» играет важную роль в сохранении культуры, упрочении нравственных устоев и традиций в обществе. Благородные дела и начинания возглавляемой Вами организации являются неоценимым вкладом в дело укрепления дружбы и сотрудничества между народами Беларуси и Кыргызстана.

Желаю Вам здоровья, счастья и оптимизма, успехов в реализации намеченных планов.

4 – 683



Сулейман ДЕМИРЕЛЬ ,
Президент Турции

На 1000-летие «Манаса» мы проводим наш третий саммит в Бишкеке. Эта встреча будет служить не только развитию отношений и сотрудничества между шестью братскими государствами, но и способствовать подъему благосостояния, стабильности и миру в регионе в целом.

Прежде всего давайте вспомним следующее.

Наше совместное пребывание служит развитию сотрудничества, которое не несет характера, могущего вызвать беспокойство кого бы то ни было, эти встречи служат сплочению и развитию отношений сотрудничества в интересах всех нас.

Однако отношения между нами выходят за рамки слова «интерес», поскольку мы действительно братья и, как минимум, родственные общины. Изменить эту реальность ни в наших, ни в чьих бы то ни было силах. Мы понимаем друг друга, имеем много общих ценностей. И теперь, спустя 1000 лет, флаги шести братских тюркских республик развеваются на родине Манаса в Кыргызстане. Мы счастливы осознать значение этого феноменального события и должны продолжать работу над его развитием.

Являясь наследниками общей истории, культурных и языковых связей, богатейшей общей культуры, и прожив реально определенный промежуток истории, мы в

сегодняшней нашей встрече стоим перед реальностью существования «тюркского мира».

В течение многих лет некоторые считали, что тюркский мир ограничивается Турцией, но теперь они увидели, что эта реальность изменилась. И, если будучи братскими государствами, мы будем стоять плечом к плечу, взаимно помогать друг другу и сотрудничать, то не останется трудностей и препятствий, которые мы бы не смогли преодолеть. Мы верим в это.

Отношения сотрудничества Турции с братскими государствами уже дали конкретные результаты. В предстоящие годы это сотрудничество будет развиваться еще больше.



Али Акбар Хашеми РАФСАНЖАНИ,
Иран-Ислам Республикасынын Президенти

Бардык мусулман өлкөлөрү Кыргызстанда болгон окуяларга кунт коюу менен көз салып турат. Бир саясий системадан экинчисине өтүү, силер жүргүзүп жаткан социалдык-экономикалык реформалар кыйла күч-аракеттерди талап кылат жана узак жылдарга эсептелинүүгө тийиш.

Ушундай эле процесстер бардык жаш мамлекеттерде, анын ичинде Россиянын өзүндө да болуп жатат. Иран-Ислам Республикасы ушул мамлекеттердин алдында чечиле турган кыйынчылыктарды жана чоң милдеттерди даана түшүнөт жана алар менен көп жактардан кызматташууга даяр.

Биз Кыргызстанга өнөр жайында жана айыл чарбасында, илимде жана маданиятта, соода-сатыкта жана банк системасында, билим берүүдө жана саламаттыкты сактоодо кызматташуу үчүн жакындашуунун жалпы чекиттерин табууга келдик.

Өзүбүздүн мүмкүнчүлүктөрүбүздү силердики менен салыштырып көрүп, эки мамлекет үчүн маанилүү келишимдерге кол коё ала тургандыгыбызга ишенебиз. Ирандын ички рыноктору, силердин товарларыңар үчүн ачык, ал эми өз кезегинде силердин рыногуңарды Ирандын сапаттуу азык-түлүктөрү жана өнөр жай буюмдары менен жабдууга даярбыз.



Тансу ЧИЛЛЕР,
Түркия Республикасынын
Премьер-министри

*Урматтуу Президент!*

*Урматтуу айымдар жана мырзалар!*

Кылымдар бою Эне журтта жашаган биз, Ата Журтту жана боордошторубузду абдан сагындык. Ала-Тоого келмек, кыргыз эжелерибиз менен, кыргыз боордошторубуз менен жолугушмак азыр гана насип болду. Миң жылдык айрылыштан кийин, Силер менен кайрадан кучакташып жолугушуу Эне журттан келген бизди абдан толкундантты.

Кыргызстанга жасаган алгачкы сапарым кыска мөөнөткө созулса да, анын адамдары менен, жаратылышы кооз болгон өлкөңүздөр менен жакындан таанышуу мүмкүнчүлүгүн алгандыгыма өтө бактылуумун. Бизге көргөзгөн урмат-сыйыңыздар, жылуу мамилеңиздер чындыгында эле дос өлкөдө болгондугубузду айгинелеп жатат. Бири-бирибиз менен кеч жолугуштук. Ошондой болсо да, мындан ары айрылбайбыз деп ишенем. Биздин каныбыз, тилибиз бир, тарыхыбыз, маданиятыбыз бир. Ортобузда көп тамырлуу жана күчтүү байланыштар бар. Бул байланыштарга ээ болгон элдерибиз азыр кол кармашып, келечекке башка бир ишенич менен карап жатат.

Албетте, адамдын жашоосунун ар бир учуру абдан кымбат. Ал эми турмушубузда ар түрдүү жана өзгөчө

орунду ээлеген маанилүү учурлар да болот. Мен азыр дал ушундай өзгөчө, сонун учурду башымдан өткөрүп жатамын.


Аталарыбыздын журтунда болуу, Түрк тегинин улуулугун дагы бир жолу Ала-Тоонун чокусунан көрүү, мага башкача бир бактылуулук сезимди бермекчи.

Өткөн кылымдын абдан кыйын шарттарында кыргыз элинин биримдиги жана көз карандысыздыгы үчүн күрөшкөн, аброю жана жогорку сапаттары менен Курманжан датка Алай өрөөнүнүн өкүмдары катары өзүн бүткүл чөйрөгө тааныткан, акылмандуулугу, кайраттуулугу, алысты көрө билген дипломатиялык таланты менен чоң мамлекеттердин курамына кирбестен, кыргыздын эркиндигин жана көз карандысыздыгын эңсеген, баскынчыларга каршы күрөшүп, кыргыз тегин коргоого жетишкен жана бүгүнкү күндүн пайдубалын түзгөн бул инсанды Премьер-министр жана аялзаты катары абдан жакшы түшүнөм жана баалаймын.

Курманжан даткага окшогон тектүү түрк аялынын атын жана улуулугун көргөзгөн бул сыйлыкты алган алгачкы адам болушум мени абдан толкундатты. Ошондуктан бул учур турмушумда өзгөчө орунду ээлейт. Айрыкча, мусулман дүйнөсүнүн жалгыз Премьер-министри катарында мага ыйгарылган бул сыйлык, мен үчүн абдан маанилүү жана баалуу. Кыргыз элин бириктирген хандарынын, бийликтегилеринин арасында улуу урматка ээ болгон, Ата Журттун өкүмдары Курманжан датканын атындагы бул баалуу сыйлыкты кабыл алуудан, өзгөчө түрк аялзаты катарында чоң сыймыкты сезип жатам.

Кыргыз элине: «Журт кадырын билбеген жутта өлөт, эл кадырын билбеген жалгыз калат» – деп кайрылган Курманжан датканы кыргыздар кандай урмат менен эскерсе, мен дагы ал улуу аялды ар дайым урмат менен эскерем.

Бул даражалуу сыйлыкты бүткүл түрк аялдарынын атынан кабыл алып, Сиздерге, бир туугандарыбызга ыраазычылыгымды жана урматымды билдиремин.



Сүйүнбай ЭРАЛИЕВ,
Кыргыз Эл акыны,
Кыргыз Республикасынын Баатыры,
Токтогул атындагы мамлекеттик
сыйлыктын лауреаты

*Кымбаттуу туугандар!*

Бүгүнкү күндү мен өлкөбүздүн жалпы эле турмушундагы дагы бир эсте каларлык өзгөчө маанилүү күн деп айткым келет. Анын себеби соңку кыргыз тарыхында элибиздин эзелтен келаткан асыл рух байлыктарын сактап калуу биздин азыркы татаал жашоо-тиричилигибиздеги кечиктирилгис зарыл, мындайча айтканда, мезгилдин талап-буйругу экенин терең түшүнүү менен өлкөдөгү интеллектуалдуу күчтөрдү (айрыкча анын алдыңкы бөлүгүн) тартып, дагы бир изги максатты – азыркыдай глобалдашуу шартында дүйнөлүк коомчулукту биримдикке, тазалыкка, эстүүлүккө жана адамдык нравалык бийиктикке үндөп-багыттоо аракетин жүргүзүп келген Эл аралык «Руханият» ассоциациясынын он беш жылдыгы белгиленип олтурат. Эң алды менен айта кетчү нерсе – мындан он беш жыл мурда жаңыдан уюштурулуп жатканда анын кылымдардан берки биздин кайталангыс рухий дөөлөттөрүбүздү арттырып, муруңкулардын салтын улап чыгармачылык өнөрү, эмгеги, кайраттуу күч-аракеттери менен аны заманга шайкеш өнүктүрүүчүлөр – адабият, искусство жана да илим-билим адамдарына көмөктөшүү ниетинде, аты эле бар эмес, иштеп кетчү, узакка коюлган адам болгонуна бүгүн көзүбүз жетти десек аша чапкандыкка

жатпас. Буга чейинки жашообуз түп-тамырынан бери өзгөрүлүп, баалуулуктардын орду алмашылып жаткан базар экономикасына өтүүнүн башаламандык мезгилинде коомдун нравалык негизин бекемдөө ото зарыл болуп турганда, тарых үчүн көз ирмемден эле сезилген ушул аралыкта ал, өзүнүн аты эле айтып тургандай, элибиздин рухий дөөлөт-мурастарын кайра калыбына келтирүүгө, адабияттын, маданияттын жана илимдин өнүгүшүнө кандайдыр бир даражада өз салымын кошуу менен бирге элдер, өлкөлөр ортосундагы достук, кызматташтык байланыштарды арттырууда алгылыктуу иштерди жасап, өлкөнүн социалдык-экономикалык абалын жогорулатууга да активдүү көмөктөшүүдө. «Рухания» жүргүзүп жаткан иштердин баарын бул жерде тизмектеп олтуруунун эч кандай кажети жок. Тек гана анын тынымсыз, талыкпас эмгеги аркылуу биздин куттуу кыргыз элибиздин улуттук өзгөчөлүк сапаттарын, анын көөнөрбөс дөөлөт-мурастарын жана рух кудуретин акырындап дүйнө журтчулугуна таанытып келе жатканын айтсак жетиштүү болор. Колдон келген бардык мүмкүнчүлүктөрдү пайдаланып, чыныгы патриоттук демилге менен жүргүзгөн мындай тынымсыз эмгектеринин натыйжасында ал башка көптөгөн коомдук уюмдардын арасында эл аралык масштабга ээ болуп, өз аброюн кыйла арттырды.

Ал эми кемеде сөзсүз рулду кармаган, ишеничтүү айдоочусу болгон сыяктуу, ар иштин жан киргизип турган жетекчиси болору жана ал иштин натыйжалуулугу анын күч-аракетине, табигый шык-жөндөмдүүлүгүнө, анын демилгеси менен акыл дараметине, уюштуруучулук касиетине, профессионалдык жана адамдык деңгээлине жараша экени да турган нерсе. Ошондуктан, «Руханияттын» баштоочусу жана туруктуу жетекчиси Акун Токтосартов инибизде айтылган салаттардын бардыгы болгон үчүн уюм эл аралык чоң кадырбаркка жетип олтурат.

Бүгүнкү бул абройлуу сыйлык үчүн айрыкча уюмдун жетекчисине жана анын өзгөчө жандоочу кеңеш мүчөлөрүнө терең ыраазычылыгымды билдирем. «Руханияттын» жолу дайым шыдыр, жарык болсун!

## КЫРГЫЗ РУХУНА

Кагылайын Ата Журтум – Ала-Тоом,
Сен менин ичер суум, көрөр күнүм,
Эс-акылым,
Сенсиң менин өнүп-өскөн түпкүрүм,
Бүгүнкүм да эртеңим.
Сени даңктап, өлгүчө
Сенин күүң чертемин!
Сенсиң менин сыймыгым,
Бийиктерге бой керип,
багынганды, жүгүнгөндү билбеген.
Көк тиреген кыркалай аскаларың –
Найзадай курч азууларың,
Менин энчим эмеспи,
Карачы, таамп жатат
ууртуңдан күн нурлары салаалап.
Карачы, агып жатат
ууртуңдан өмүр жели диркиреп!
Өмүр бою карыздармын сага мен,
Өз төшүңдөн суурул бердиң мени сен.
Алтын жондуу адырларың
мени ойнотту
мингизип өз мойнуна,
Таңдан-кечке күн ичип
ток жатышкан эгин талаа, түздөрүң
көз тойдуруп, келет күдөр үзбөгүм.
Азык болгон менин жымжырт оюма
Жылгаларың – сагынычым эмеспи,
Энем окшоп көкүрөгүм жыттатчу.
А сууларың
жарышкансып шар акчу,

Бешик ырым турбайбы,
Күүсүн чалып мемиретип уктатчу.
Сендегинин барысы:
жөн жаткан таш,
үлбүрөгөн жалбырак,
Комуздун бир кылындай дирилдеген,
Күмүш тамчы жаш булак,
Алтын баалуу же бул бир ууч топурак.
Мен өзүммүн,
Мен алардан бүткөмүн,
Жазып кара тарыхтардын бүктөмүн!
Сени менен байыркы
бабаларда жолуккам,
Сени менен кийинки
урпактарда жолугам.
Тулаңында багылган менин ойлорум,
Тынбай чууруп түшүп турат анда да,
Оюн салган жылкылардай жонуңан.
Четте жүрүп кайра өзүңө кайтканда,
Ак мөңгүлүү аскаларың бийиктен,
озунуша карашып,
Күндүк жерден көрүнөт.
Сайды безеп агып жаткан сууларың
Алардан жол талашып,
Ашып-ташып аягыма куланат.
Беттен сүйөт жете келген айдарым...
О, тууган жер!
Ушинтип сен ар дайым
мени тосуп аласың,
Эне күтүп калгандай,
көп сагынган баласын.
Эгер муну актабасам кайсы арым?

...Жер абийирин өздөрүндө сактаган,
Жер максатын бизге чейин жеткирген,
Айкөл мүнөз,
Жоош-момун, а бирок

Ким бирөөлөр бузса бейкут тирилигин,
Буурканып көгөрүп,
Бой уруп тик ылдыйга,
Аскарларга төшүн уруп өлүү үчүн бараткан,
Кыраандардай өткүр, курч,
Көк жал экен биздин өткөн бабалар!
Кат таанымбай,
окумуштуу болчу алар,
Кармаса да куурайды,
кармагандай болушкан
жердин жүрөк тамырын.
Алар тытып окушкан
«Жер» аттуу укмуш китепти,
Аны менен сырдашкан анын тилинде,
Аны менен ырдашкан,
Бир обондо шамалдардын үнүндө.
Алар жазган жер – китептин бетине
өздөрүнүн өмүрлөрү жөнүндө,
ой-санаасы, үмүттөр жөнүндө.
Жазышкан адатта жок калам менен –
Аттарынын төрт туягы аркылуу.
Урпактарга кымбат ошол жазуулар,
Жердин өлбөс дастандары сыяктуу.
Төрөлбөстөн көп-көп жылдар илгери
Биз аларда бар элек.
Биз алардын азабында жетилдик,
Чөлдөй жайдак тагдырында жетилдик.
Биз түбөлүк ыраазыбыз аларга,
Биз түбөлүк карыздарбыз аларга,
Кең дүйнөдө,
Аты-наамы белгисиз
бир кичине булактай,
соолуп калбай замандардын кумунда,
Оргуп чыга келгени үчүн
биздин ушул кылымга.



Cooронбай ЖУСУЕВ,
Кыргыз Эл акыны,
Кыргыз Республикасынын Баатыры,
Токтогул атындагы мамлекеттик
сыйлыктын лауреаты

## АКСАНАТАЙ

*(Акун Токтосартовго)*

Аба сымал аңкып турган майдагы,
Аймак сымал балкып турган жайдагы.
Ажайыптуу мээрим нурун тараткан,
Акун – адам аксанатай, жайдары.

Алай-Куудай пейилинин кеңдиги,
Ай нурундай адамдарга теңдиги.
Анын жүзүн абайласаң табасың,
«Ариет» да, «Ыйман» деген белгини.

Ар убакта пейили назик Акундун,
Айныбаган ал атуулу атуулдун.
Адамдарга ал: «Ак көрпө жайыл» – деп,
Адил бааны бергендерге макулмун.

Амал ойлоп ким алдаса азгырып,
Ага кайра Акун жасайт жакшылык.
Кыйноо тартса касы кокус суукта н,
Кычыраган кышты берет жаз кылып.

Ар дайыма Акунга мен кезиксем,
Акыл-эстүү калыс сөзүн эшитсем,
Алай-Куунун жайлоосунда тургансыйм
Айланамдан ыракатты сезип мен.



Асанкан ДЖУМАХМАТОВ,
Народный артист СССР,
Герой Кыргызской Республики,
лауреат Государственной премии
им. Токтогула, академик

## ВОЗДЕЛЫВАТЕЛЬ ДУХОВНОСТИ

Каждому человеку, достигшему по-настоящему «аксакальского» возраста, свойственно «итожить то, что прожил», воспроизводить в памяти пройденные вёрсты и тех сотоварищей, с которыми шагал рядом, неся на плечах и приумножая ценнейший багаж завершённых дел.

Я благодарен своей судьбе: она позволила мне прожить довольно долгую и, смею думать, содержательную жизнь, наполненную высоким добрым смыслом, любимым творчеством, множеством значительных событий и памятных встреч с яркими, неординарными личностями.

На своём веку я повидал немало людей, среди которых были и те, кто не относился к разряду «знатных», и те, кто был во главе республиканских, партийных, государственных и общественных организаций, министерств, управлений и предприятий. Подавляющее большинство из них трудились с увлечением, добивались хорошей отдачи и заслуженно пользовались неизменным уважением.

К числу крупных деятелей обширной отрасли культуры Кыргызстана я неизменно и убеждённо отношу Акуна Токтосартова.

На протяжении многих лет я постоянно и непосредственно взаимодействовал с ним при рассмотрении нескончаемых вопросов текущего и перспективного функционирования театрально-концертных организаций, проведения премьер, гастролей и т.д. При этом мы всегда находили, как теперь говорят, консенсус и наиболее оптимальные решения возникших проблем.

Кыргызстанцы старшего и среднего поколений были свидетелями того, что на протяжении семи десятилетий XX века профессиональная культура и народное творчество республики были всегда на виду, являлись зоной повышенного внимания властей, гордостью народа и весомым показателем интенсивного развития нации и её несомненных достижений.

Более сорока лет, начиная с 1965 года и вплоть до сегодняшнего дня, все помыслы и главные дела Акуна Токтосартова направлены на глубинное постижение современного состояния культуры и духовности народа и поиск реальных путей их скорейшего подъёма. В неуклонном росте просвещенности и образованности соотечественников он видит один из решающих рычагов перевода страны на рельсы поступательного движения.

Матушка природа щедро наградила Акуна Токтосартова отменными качествами. Широта мышления, государственный подход при принятии решений и оценке событий, умение выделить главное звено из непрерывного потока явлений в сочетании со способностью побуждать коллективы к осознанным действиям, к доведению начатых дел до успешного их завершения – всё это обусловило его рост как гражданина и руководителя.

Свыше четверти века он трудился в штабе культуры республики, долгое время был первым заместителем, а затем и Министром культуры Кыргызстана.

Формат данной статьи не позволяет назвать все крупные начинания и инициативы Акуна Токтосартова, успешная реализация которых существенно укрепили материально-техническую базу культуры и, что особенно

важно, создали необходимые условия для появления новых поколений профессиональных кадров.

В годы, когда у руководства Министерством культуры находился А. Токтосартов, успешно продолжался курс предыдущих руководителей на максимальное использование предоставленных возможностей в подготовке высококвалифицированных специалистов. В учебных заведениях Москвы, Ленинграда, Ташкента и Алма-Аты были организованы кыргызские национальные студии, выпускники которых впоследствии вместе со своими ставшими коллегами артистами помогли удержаться на плаву театрально-исполнительскому искусству республики после разрушения Союза ССР.

Нельзя также не сказать об открытии в те годы театра юного зрителя, театра сатиры, объединения «Кыргызконцерт», Ошской областной Филармонии, театра кукол, фольклорного ансамбля «Камбаркан», камерного оркестра «Насыйкат», организации мемориальных музеев Токтогула, Тоголока Молдо, Осмонова, Токомбаева, Айтиева, Чуйкова, в строительстве зданий, домов культуры в Сокулуке, Ала-Буке, Караване, Наукате, Ат-Баши, комплекса «Манас» в Таласе. Я привел этот внушительный перечень объектов только потому, чтобы напомнить, с какими неимоверными трудностями пришлось сталкиваться ежедневно в ходе строительства, какие усилия, знания, опыт и дипломатию надо было мобилизовать А. Токтосартову, чтобы начертанные на бумаге проекты воплотились в крупные строения или в живые одарённые коллективы артистов!

Обратимся к другой яркой странице в истории кыргызской культуры. Нам всем памятны волнующие события – гастроли в Кыргызстане прославленного Большого театра Союза ССР, хора имени Пятницкого, ансамбля танца Сибири, оркестра «Виртуозы Москвы», Казахского оркестра «Отар Сазы», Узбекского «Бахор», фестивалей искусств «Весна Ала-Тоо», «Нооруз» и многих других встреч с первоклассными мастерами искусства.

Значение этих акций культуры в приобщении широчайших масс к подлинному искусству, укреплении дружбы и сближении народов переоценить невозможно. И говорю я об этом сейчас, по истечении многих лет, не только потому, что они достойны восхищения, но и потому, что они достойны непременного возобновления.

Мы помним, как лучшие творческие коллективы Кыргызстана выезжали в города России, Украины, Белоруссии, Казахстана, Узбекистана, Грузии и в страны дальнего зарубежья. Это был хороший стимул для неустанного совершенствования мастерства наших артистов и наглядное средство «открытия» Кыргызстана, ознакомления с его своеобразным и неповторимым искусством.

К числу красочно-рельефных и долговечных свидетельств выдающегося события – празднования 1000-летия эпоса «Манас» – надо отнести сооружение вблизи Бишкека культурно-этнографического комплекса «Манас айылы». Общественность республики, все кыргызстанцы и многочисленные гости глубоко благодарны и признательны Акуну Токтосартову: именно он был душой этого объекта, собирателем патриотически настроенных коллективов и организаций для участия в реализации проекта, именно он организовывал сложнейший процесс строительства и контроля за неотступным воплощением творческой мысли архитекторов, скульпторов и художников.

Неизбывной чередой будут проходить год за годом, десятилетие за десятилетием, а у подножия могучего хребта Ала-Тоо будет стоять Манас-айылы, привлекая новые и новые поколения кыргызстанцев и представляя им возникшее в исторической дымке такое далекое, но одновременно такое близкое прошлое родного народа.

Другой, безусловно, существенной частью жизни Акуна Токтосартова, его кровным детищем стала Международная ассоциация содействия возрождения духов-

ности «Руханият». Полагаю, что учреждение Ассоциации было для нашего коллеги делом не случайным. К нему естественно и неизбежно подвела вся его предыдущая деятельность, до краев наполненная заботой о культуре, духовности и творчестве.

Слаженная и целенаправленная работа Ассоциации «Руханият» на протяжении 15 лет заслуживает отдельного обстоятельного разговора. Её многогранность и эффективность вызывает искреннее уважения интеллигенции, общественно-политических деятелей и широкой общественности республики. Известность «Руханият» вышла далеко за пределы культурного пространства Кыргызстана и стала влиятельным фактором, хорошим подспорьем в насущном деле укрепления взаимопонимания и согласия между народами и государствами. Каждая из её многочисленных акций, будь то присуждение и торжественное вручение премий Ассоциации главам государств, общепризнанным мастерам культуры или проведение массовых культурных мероприятий, служит смягчению ожесточённости, упорядочению наших мыслей, приобщению к возвышенному и вселению умиротворенности в наши сердца.

Мне как человеку всеми фибрами души сросшемуся с полнозвучной сферой культуры, хорошо понятно её значение для каждого народа. Я горячо приветствую шаги Ассоциации «Руханият» по поддержке и стимулированию творческой интеллигенции. Отрадно, что таких шагов сделано немало.

При материальной поддержке ассоциации «Руханият» вышли в свет роман в стихах Героя Кыргызской Республики Сооронбая Джусуева «Курманжан датка», удостоенный впоследствии Государственной премии имени Токтогула, отрывки романа Чынгыза Айтматова на кыргызском языке «Белое облако Чингиз хана», избранные переводы драматических произведений русских, украинских, казахских, башкырских писателей, сборник стихов Курмаша Ташибаева, роман Пиримкула

Кадырова «Бабур», сборник повестей и рассказов Оролхана Бокеева «След молнии». Ассоциация первой предприняла издание Кыргызско-русско-английского словаря. Под эгидой «Руханият» выпущено три книги, включающих портреты многих широко известных общественно-политических и культурных деятелей Кыргызстана. К 1000-летию «Манаса» и 10-летию Ассоциации «Руханият» были созданы специальные фильмы. В лучших концертных и театральных залах столицы республики было проведено немало вечеров – встреч с выдающимися деятелями художественной культуры с презентацией их произведений и торжественным чествованием награждённых.

Наряду с благотворительной деятельностью и материальной поддержкой творческой молодёжи были созданы фонды Исхака Раззакова, Султана Ибраимова. В поле зрения Ассоциации «Руханият» находятся также проблемы укрепления материальной базы духовности страны. В частности, предпринимаются меры по завершению строительства культурного центра, начинается строительство мечети на 1000 мест, проектируется сооружение в Бишкеке музея литературы и искусства, школы молодых талантов, Библиотеки и Поликлиники для горожан. Как видим, поле деятельности обширно и плодотворно, а его возделыватели вселяют надежды на добрый урожай.

Примечательно и отрадно, что при рассмотрении проблем духовности Акун Токтосартов смотрит на её составную часть, культуру, не как на отрасль, а как на сферу, всеохватную, вездесущую, сферу обеспечивающую человечество чистым дыханием. Может быть, в этом и кроется источник успехов благородной и так необходимой людям деятельности Акуна Токтосартова!



Эстебес ТУРСУНАЛИЕВ,
СССРдин Эл артисти,
Кыргызстандын жана Казакстандын
Эл акыны


## АРДАКТАП ТУРСУН ЭЛ-ЖЕРИҢ

*(Токтосартов Акунга)*

Алай-Куу, Көңдүк бийик жер,
Адыры толо кийиктер.
Атактуу жайлоо Кулдамбес,
Айткандай укмуш ыйык жер.
Аттарын минсең шамалдай,
Аргымак баары күлүктөр.
Абасы таза, суусу шар,
Апта күн барып жүрүп кел.
Ушундай жерде төрөлгөн,
Урмат-сыйга бөлөнгөн.
Акундай мыкты жигиттер.

Акундун айтсам эмгегин,
Алтымыш жашка келгенин.
Адабият, маданиятка,
Ак дилин тунук бергенин.
Аралашып иштешип,
Ар дайым өзүм көргөнмүн.
Өркүндөтүү жагында,
Өз ишинин деңгээлин.

Азыркы «Рух маданияттын»,
Аалам эл билет жөн-жөнүн.
Өзгөчө эмгек сиңирген,
Өлкөнүн уул-кызына.
Өрнөктүү наамын бергенин,
Ак ниет менен иштесең.
Артыла берет беделиң,
Ушунун баары урматтуу,
Акунум сенин эмгегиң.
Алтымыш, сексен, токсондун,
Аша бер үкем белдерин.
Ата-энең колдоп арбагы,
Ардактап турсун эл-жериң.



Жунай МАВЛЯНОВ,
Кыргыз Эл жазуучусу

## АКУН ИНИМЕ

«Дүйнөнү сулуулук сактайт» – деп жүрүшөт го. Андай болсо, аны баарыдан мурда адамдардын жандүйнөсү, андагы ички сулуулук сактайт. Көргөндө көз жоосун алган, жүрөктү титиреткен сулуулуктан, моокум кангандай таасир алыш үчүн инсандын сергек сезими, таза табити талап кылынат.

Бул күндөрдө «мыштардын» алгачкы тепкичине бут коюп жаткан Акунду мен ар дайыма ошондой артыкчылыктары – ички чырай менен тышкы чырайдын айкалышын көрүп келе жатамын. Анын башынан маданият майданынан орун-очок алып калганы да ушул сапатынан улам го. Жаш курагыбыз жагынан айырмачылыкка карабастан, биздин ортобуздагы көп жылдардан бери келаткан ысык карым-катнаш да юбилярдын ушул сапатынан деп жүрөм.



Омор СУЛТАНОВ,
Кыргыз Эл акыны,
«Руханияттын» кеңеш тобунун мүчөсү

## КӨСӨМ КУРАК

60-жылдардын ортосу болуш керек. Жайдын толук кечи эле. Бир топ жазуучулар менен Алай-Кууга барып калдым. Алай-Кууга бара турган машинага жол жок экен. Оштон «Кукурузник» менен учуп бардык. Максатыбыз эл менен жолугушуу, ырларыбызды окуп, сөздөрүбүздү айтып дегендей, элдин да арыз-арманы болсо угуп, борборго келип тийиштүү жерлерге жеткирип, айтор, эки тараптуу байланыш түзүү болчу.

Жаман көргөнүбүз менен ЦК бар дегендей, аларга кабар жетсе, ошол замат чара көрүп, жок дегенде, арыз ээсине, көңүл жубаткан жооп берилет. Ошон үчүн го: «Алай-Куу солк эткенде Москва болк этет» деген лакап сөздү ошо жерден угуп, бир чети ыраазы болуп, бир чети таң калгамын.

Ыраазы болгонум, ошончо, чет жерде туруп, дүйнөдөгү өзгөрүштөр менен кабардар болуп өзүнүн укугун талашып, жемин жедирбей, Кыргызстан укпаса Москвага жазып, айтор, тирикарак жашагандыгы эле.

Таң калганым, негизинен, мал чарбасы менен алек турмуш өткөрүп, райондун борбору Кара-Кулжа менен ат-көлүк аркылуу байланышта туруп, дүнүйөлүк өнүгүштүн бар тарабынан кантип кабардар болот? – деген суроо эле.

Ачыгында, Алай-Куу тетиги эле Кытай менен чектешкен Алай тоолорунун аркы четинде турса да балдар мектепке шаардагыдан кем калбай билим алып, Фрунзеге келип окууга өтүп, андан ары илим-билимдин даңгыр жолуна түшүп дегендей, Кыргызстандын бир ыптасын кыргыз деген наам менен тосуп туруучу экен.

Алай-Куудан Кыргыздын Эл акыны Сооронбай Жусуев, кезинде, жогорто айткан жалгыз аяк жол менен Ошко түшүп келип, анан согушка барып, андан Аман кайтып, кыргыз адабиятынын майданына киргендиги да бир символ сыяктуу көрүнөт.

Ошол 60-жылдын орто ченинде, Алай-Куунун мектептерине барып, мен жолдошторум менен ыр окуп, мектеп балдары менен жолугушуп жүргөн жайда, ушул Акун мектебин бүтүп, Фрунзе эмес, андан ары Токмокко барып, агартуу окуу жайына кирип жүргөн кези экен.

Кийин ал маданият министри болгондо ойлодум: илим-билимдин, кино, опера, драма театрлардын, дегеле маданияттын чордонунда өсүп-өнгөн Акундун курдаштары эмес, Кыргызстандын түгөнгөн жери Алай-Куунун Кулун-Ата деген жайлоосунан түшүп келген малчы-дыйкан Токтосарттын баласы Акундун болуп калышын карасаң.

Көрсө, дээринде бар экен. Дээринде барга айла жок. Агын суудай бир жерден жырып өтүп, жолун таап кете берет окшобойбу?!

Кыргыздын көп тың азаматтары көпчүлүктүн жүгүн аркалап иштеп, эл кызматына жарап жүрүшөт. Ар кими өз дараметине жараша эмгек өтөдү дегендей. Ошолордун бири ушул Акун Токтосартов болду.

Мен Акунду эң эле жаш кезинен билип калдым. ЦКда сектор башчысы эле. Жазуучулар союзу тынчы жок калк эле. Ар кандай чогулуш болгондо чоңубу, кичинесиби, айтор, ЦКнын бир кишиси келип, жашыбы, улгайыңкысыбы, төрдө, президиумда отурат. Кээси бирдемелерди жазган болуп отуруп, үндөбөй чогулуш бүткөн

соң кетип калуучу. Жазуучуларды тейлөөчү экен, ушул Акун да биздин чогулушубузга тартынчыктанбай катышып жүрдү. Жаш жигит. Өңгөлөр өңдүү унчукпай отуруп кетпей, бизге аралаша сөзгө киришип, оюн айтып, керек жерде, ЦКнын ою ушундай деп чечкиндүү сүйлөп алып кетет эле. Мен ойлоп калып жүрдүм: «Бу коркпогон бала экен го. Же ЦКда колдогону барбы?» – деп. Бирок бир жакшы жери, сөөмөйүн кезеп сүйлөбөй, үнү да таз баркыттай жумшак экен, жөн салды кеп катары айтып, кеңеш курган кыяз менен ой бөлүшүп жүрдү. Биз да ага көнүп, ЦКдан келген неме деп бой качырбай, оюбузду тартынбай бөлүшкөнгө өттүк.

Муну айтып жаткан себебим – Адам 60ка чыгып жатканда кай жагынан алымдуу эле да, кай жагы мүчүлүш эле дегенди айтып койгуң келет экен. Эки-үч көйнөк мурда жыртып, ага катары жүрүп калган мен сыяктуунун түздөн түз эле милдети көрүнөт.

Акун ошол жагымдуу жумшак үнүн бүгүнкү күнгө өзгөрткөн жок. Өзгөртмөк турсун, аны дагы коюулантып, олуттуу кеменгерлик түс берип дегендей, барган сайын такшалып келет.

Акундун мен байкаган дагы бир жакшы сапаты – чыр менен бүтө турган ишти тынчытып, ар жак бер жагына чыгып, жайгарып бүтүргөнүндө деп баам кылам. Ошондой шарттарга дуушар болгон учурларды көп көрдүм, күбө болдум.

ЦКда иштеди, министр болду, көптөгөн жыйындарды башкарып, далайлаган декада, фестивалдарды өткөрдү, аңдышкан абысындардай артисттер топтолгон жерди жетектеди, баса, филармонияга деле деректир токточу эмес эле, буга бир топ жыл деректир болду. Ошонун бардыгын жана мен айткан – көшүлткөн жумшак үнү, жакшы аттын жүрүшүндөй басыгы менен ишти жайгарып бүтүрүп жүрдү.

Ошонун баарысынан жакшы аттуу, жарык жүздүү болуп, акырында «Руханият» деген маданият ассоциацияны уюштуруп чыга келди.

Көрүп келатабыз да: ошондой чоң кызматтарда жүрүп, бир күнү түшүп калып, өлөөрүн санагандарды.

Акун анткен жок. Албетте, ага деле оңой болбогундур. Түшкөндөн түшпөгөн эле жакшы да. Ал өзүнүн ким экенин «Руханиятта» корсөттү. Жок жерден бир чоң маданият очогун салып, ичине от жандырды. Кудаага шүгүр, анын жылуусу чоң, кичинеси болуп бир топ инсанга тийди. Мунун өзү көрөгөчтүк, билгичтик, тапкычтык, саясий парасатынын кенендиги десем ашыкча болбос. Акун өзүнүн урунуштуруп тапканын «Руханияттын» казынасына салып, кыргыз маданиятынын өсүшүнө зор салымын кошуп келатат. Замандаш, аралашып көрүп жүргөн киши катары муну мен айтпасам ким айтат. «Эр эмгегин жер жебейт» дегендей, мындай азаматтардын салымын коомчулук, түшүнгөн адамдар баалайт деп ишенем.

Болбосо, уурдап-тутуп ар кандай жолдор менен айына алтын, күнүнө күмүш таап, өлүү дүйнө жыйнап аткандардын кимиси меценанттык кылып, кыргыздын адабияты менен искусствосуна жардам көрсөттү. Андайлар жокко эсе.

Кичине элге кичинекей эле көмөк керек. Жапа тырмак ошо түшүнүккө жетсең кана?! Акун, сен, 60ка «быйыл менин катарым» деп, дөңгө отуруп алып, арман күү карып отурган жалкоо кыргыздардай келген жоксуң. Сен, 60ка, алтымыш асый Тайторудай жарыштан озуп келип отурасың. Мындан ары да өлүү дүйнөнүн кулу болбой тирүүлүктүн шарапатын жасап жүрө бер. Бийик менен жапыздын, аң менен дөндүн, тоо менен түздүн кадырын айныксыз баамдай турган көсөм курак ушул кез.

## АЛАЙ-КУУ

*(Акун Токтосартовго)*

Ак мөңгүлүү катаал шартка терикпей,
Ата салтын бийик кармап кемитпей.
Алла Таала акыл салып тургандай,
Алай-Кууда ак сакалдар Рерихтей.

Кусалыгын түндөргө айтып көнүшкөн,
Купуя оюн жылдыз менен бөлүшкөн.
Кудай Таала мээр төгүп тургандай,
Кыз-жигиттер кар-бороондо өбүшкөн.

Убакыттын өткөнүнө карабай,
Урабаган ааламдагы аралдай.
Узарат жаш Алай-Кууга бир барсаң,
Учкул болуп зымыраган санаадай.

Нугу турат эзелкинин жаңырган,
Нур төгүлүп тоо боорунда агылган.
Ныгырылып салмагынан тоолордун,
Ным жыттанат жайлоо көк чөп жамынган.

## ЫР МЕНЕН ЖОЛУГУШУУ

Көңүлдү көкөлөтүп асмандатчу
Балкылдап бүткөн боюң эрип келет,
Көөдөнгө көрүнбөгөн канат такчу, –
Бар дүйнө бары көлкүп кеңип келет.
Кут конуп кубулжуган илебине
Армандуу, armansыз да сүйүүгө окшош
Кусалуу жаштык күсөп махабатты.

Акылман айта албаган сезим берет
Ыраактан агып жеткен ырыскыдай.

Жүдөтүп жүлүнгө өтүп турса дагы
Ыза бар ыргагында таттуу-таттуу.
Жүрөктө оор кайгың жеңилденет
Ыр менен жолугушкан кандай жакшы.
Ыр менен жолугушуу кандай жакшы.

Каткаксып чөл өңдөнүп турган кезде
Кайгысын тагдыр тике сунган кезде, –
Түңүлүп бул дүйнөнүн бар-жогунан
Ишенемин булут болуп жылган кезде.
Көр дүйнө ойдогунун бирин бербей
Көңүлүң көп жеринен сынган кезде
Ыр менен жолугушуу кандай жакшы.



Гүлсайра МОМУНОВА,
Кыргыз Эл акыны

## АТА ЖУРТТУН РУХАНИЙ БААТЫРЫ АКУН ТОКТОСАРТОВГО

Ала-Тоого рух ордо ачыпсың,
Чокусуна ыйык туусун сайыпсың.
Алла Таала буйругудур бул дагы,
Ала-Тоодон чакырыкты салыпсың.
Манас ата рухунун жарыгын,
Адамдарга күн нурундай чачыпсың.

Ала-Тоого рух ордо курупсуң,
Ай-ааламга туу булгалап турупсуң.
Дүйнөдө улуу рух барын эскертип,
Адамзаттын акыл-эсин бурупсуң,
Жандүйнөнү жакшылыкка сугарып,
Адамдарга асылдыкты сунупсуң.

Руху күч, руху улуу элдерсиң,
Касиетти кастарлаган эрдерсиң.
Рух күчүн даңазалап дүйнөгө,
Рух нурун таратууга келгенсиң.
Көрө билип таланттарды урматтап,
Асылдыкты асыраган беренсиң.

Рух үчүн беттегенден кайтпадың,
Бардык тапкан байлыгыңды зарптадың.
Курал кылып, акылыңды, билимди,
Рух чегин карегиңдей сактадың.
Ата Журттун зоболосун көтөрүп,
Ата-баба ак үмүтүн актадың.

Бул Ала-Тоо улуу рух ордосу,
Жер шарынын жүрөгүнүн толтосу.
Асман жердин тирөөсүнөн бүткөндөй,
Манас ата улуу рух коргоочу.
Руху асыл уулдары аркылуу,

Келип турат Теңир асман колдоосу.
Улуу ишке буруптурсуң көңүлдү,
Рух үчүн арнаптырсың өмүрдү.
Ата Журтту алаканга көтөрүп,
Анык атуул, эр экениң көрүндү.
Эл аралык алакага ардактуу,
Алтын көпүрө экендигиң төгүнбү?

Таамай баалап тагдыр берген белегин,
Таасын көрүп, рухуңдун тереңин.
Кыргыз эли аз болсо да дүйнөдө,
Рух жактан улуу элден экенин,
Баалуулукту баалай билген экенсиң
Бул дүйнөдө рух баарын жеңерин.
Кандай бакыт сендей уулдун болгону,
Урпактарга улуу белек эмгегиң!

Айткым келет акыл-ойдун тереңин,
Адам кымбат, адам асыл экенин.
Баалай билүү өзү улуу айкөлдүк,
Ал айкөлдүк эр Манастан келгенин.
Угуп калдың, алып калдың бир жүрүп,
Чыңгыз ага калыс баасын бергенин.
Жазып калдың китебиңе ал турмак,
Мурас кылып анын айтып кеткенин.

Кандан келген кандай ыйык касиет,
Урпактарга рух камын жегениң.

Арттырдың сен асылдардын сыймыгын,
Асмандатып «Руханият» сыйлыгын.
Ааламдагы адилеттик ишине,
Башын сайып кызмат кылган кишиге,
Ак канаттуу аргымагын мингизип
Алга күүлөп Ала-Тоодой сый кылдың.
Бул да сенин баатырдыгың руханий,
Тааный билүү кыйындардын кыйынын.

Айткандарың бир Алланын сөзү экен,
Адилдиктин нурун чачкан көзү экен.
Бул дүйнөнү жакшылыкка сугарган,
Адамзаттын акыл менен эси экен.
Адам оюн турган дайым аруулап,
Рух деген улуулуктун өзү экен.
Сен аркылуу колго конгон кут болуп,
Кыргызыма келип турган көзү экен.

Ар адамдын эмгегине жараша,
Кандай бакыт, «Руханият» бааласа.
Ата Журттун руханий баатыры,
Мээрим толгон көзү менен караса.
Кандай ыйык, дүйнөдөгү улуу сый,
Кандай калыс рух тарткан тараза!

Жарык сиздин рухуңуз, жүзүңүз,
Жарык сиздин ар бир сүргөн күнүңүз,
Ал анткени көккө бийик көтөрүп,
Рух үчүн кызмат өтөп жүрүсүз.
Улут үчүн улуу иштерди аткарган,
Сиздей жигит намысыбыз, жүзүбүз.

Колдоп ошол элдин улуу руху,
Кубанычтуу узак өмүр сүрүңүз.

Нурун чачып «Руханият» жарыгы
Кубанычка толуп турсун үйүңүз.
Жаштык жигер таштабасын ылайым,
Ташып турсун жүрөктөгү сүйүүңүз,
Эл руху болсун сизге ыраазы,
Эң негизи аман-эсен жүрүңүз!



Жамин АКИМАЛИЕВ,
Кыргыз Республикасынын
Улуттук илимдер академиясынын
академиги

## ТАРЫХТЫ ЧЫГААН АДАМДАР ЖАСАЙТ

Урматтуу туугандар жана замандаштар!

Шейшенби күнү 22-октябрда «Кыргыз Туусу» гезитине биздин улуу жазуучубуз Чыңгыз Айтматовдун көлөмдүү жана маанилүү макаласы чыгып, анда «Руханияттын» жана анын түптөөчүсү Акун Токтосартовдун ишмердүүлүгүнө өтө жогорку баа берилиптир. Макаланы окугандан кийин мен түз эле Акунга телефон чалып тамашаладым: «Тирүү генийдин ушундай бийик баасынан кийин, ырасмый жыйын өткөрүп убара болбой эле, түз эле «Дасмияга» барбайлыбы» – десем, Акун каркылдап аябай күлдү.

Ошондой болсо дагы, беш-алты сөз айтып коюш мен үчүн чоң парз.

Дүйнөнүн дагы бир композитору Людовик Ван Бетховен минтип айткан экен: «Искусство чеберлери жана эркин илимпоздор гана өзүлөрүнүн бактысын өзүлөрү жаратып, анан аны өмүр бою ала жүрүшөт жана түбөлүккө калтырып кетишет». Мындай терең сөздөрдү чечмелеп олтурсак, чексиз убакыт керек. Анын ток этер жерине токтолсок, Бетховен рухий дөөлөттөрдү адамдын бакты-таалайынын бийик чокусу деп түшүнгөн.

Тилекке каршы, азыркы муундардан «бакыт» деген эмне деп сурасаң, шак эле «акча» деп жооп беришет. Мына, кептин бардыгы ушул жерде болуп жатпайбы. Азыркы учурда байлык менен бийлик биринчи орунга чыгып, адамдын ички дүйнөсү көчтүн артында калбадыбы. Мындай көрүнүш жалпы коом үчүн өтө коркунучтуу нерсе. Мындай жол бизди маңкуртчулукка алып келиши толук ыктымал. Себеби ошол эле Бетховен менен Чайковскийдин, Верди менен Россининин, Шостакович менен Хачатуряндын сыйкырлуу музыкасын угуп, андан рахаттанбаган, же болбосо Абдылас Малдыбаевдин «Айчүрөк» операсынын, Калый Молдобасановдун «Саманчынын жолу» балетинин улуттук классика музыкасына шыктанбаган, Карамолдо Орозовдун «Насыйкат» жана «Дүнүйө» деген жүрөктү титиреткен залкар күүлөрүн түшүнбөгөн, кыргыздын эки таң булбулу Муса Баетов менен Атай Огонбаевдин өзүлөрү чыгарып, өзүлөрү аткарган керемет ырларын угуп чер жазбаган, же болбосо Болот Миңжылкыев жана Дмитрий Хворостовскийдин кайталангыз үндөрүн угуп көңүлү көккө көтөрүлбөгөн адамдар бул жарык дүйнөгө «тим эле» келип калса керек деп ойлонуп кетем.

«Руханияттын» жана анын негиздөөчүсү Акун Токтосартовдун биздин турмушубуздагы тарыхый ролу жана мааниси – Совет доору кулагандан кийген, каралбай талаада калган маданиятыбызды жана рухий дөөлөттөрүбүздү колго алып, аны өркүндөтүп жана сактап калганында турат. Бул – карандай чындык жана аны биздин коом жана биздин бийлигибиз билиши керек.

Биз бири-бирибизди көзүбүз тирүү кезде сыйлап өтүшүбүз зарыл. Ушуга байланыштуу, кыргыздын нукура акыны Алыкул Осмоновдун айткан сөздөрү айласыздан эсиңе келет: «Көзүм барда жакшы деген сөз укпай, көзүм жокто сонунуңду не кылам». Баа жеткиз сөздөр го, Чиркин дүйнө.

Чыныгы чыгармачылык инсандарга акча деген балакет биринчи зарылдык эмес. Ошол эле Алыкул кычы-

раган кышта жана муздак тамда учук оорусу менен күрөшүп жатканда дагы жагымдуу ырларын жараткан. Композиторлордун композитору Дмитрий Шостакович Ленинградды фашисттер курчап, эл ачкачылыктан жан берип жатканда, өзүнүн Жетинчи, Ленинград симфониясын жазып, дүйнө-жүзүн таң калтырган.

Айтайын дегеним, чыгармачылык адамга биринчи кезекте көңүл керек жана алардын татыктуу эмгектери өз учурунда бааланып турулушу зарыл. Иштин мындай болушу ошол бир эле киши эмес, жалпы элге жана келечекке керек. Себеби тарыхта жалпы калк эмес, андан калпып чыккан каймактары жаратат. Анын аты – тубаса талант жана кажыбас эмгек.

## БАР БОЛ, ЭЛДИН УУЛУ АКУН МЫРЗА!


Мезгилдин учкулдугун караңыз. Кечээки эле күлүңдөгөн, коюу карачач, жылдыздуу жапжаш жигит бүгүн минтип 60ка чыгып калыптыр. Бирок мен али Акунду 60та деп айтпас элем, аны эки жолу 30да десе жарашат. Себеби анын толкуган жигиттик жигери, күүсүнөн жана элек күч-кайраты, алдыга койгон асыл максат-ойлору мага дал ушундай деп айтууга толук негиз берет.

Анда менин да жаш кезим. Ыр, музыка, өнөр дегенде «ичкен ашты жерге койгон» курак. Акун экөөбүз театрдан жолугуп, таанышканым эсимде. Ал партиянын Борбордук Комитетинин маданият, искусство жагын тейлеген жооптуу кызматкер экен. Бирок ошондо эле анын көп жетекчилердей «сөөмөй» менен эмес, жүрөк, дил менен иштеген дымагын көрүп, ичимден ыраазы болуп, баа берген элем. Кудай акы, ошол күндөн ушул күн Акундун бир дагы адамга «үнүн көтөргөнүн» уга элекмин. Мен муну, баарыдан мурда, Акундун адамдык парасатынын бийиктиги, адамгерчилик улуулугу дээр элем. Ушундан-улам адамдык астейдил, замандаштык, санаалаштык жылуу мамилебиз суубай келе жатат.

Мунун дагы бир себеби, менимче, экөөбүз өнөргө, болгондо да чыныгы, нукура, бийик искусство болгон түшүнүгүбүздүн, көз карашыбыздын, талабыбыздын турпатташтыгынан, жандүйнөбүздүн үндөштүгүнөн болсо керек. Айтайын дегеним, Акун чыныгы өнөрдүн, мейли классиканын, мейли элдик өнөрдүн, мейли эстраданын сүрөткер Адамы. Баарынан мыктысы, ал дал ошол бийик искусствону жараткан өнөр адамын бarктап баалап билген, сейрек сезимтал, кыраакы, көсөм инсан. Буга анын республиканын маданият тармагынын жогорку жетекчилик кызматтарында иштеп жүргөндө эле жасаган көптөгөн саамалык, өрнөктүү иштери өзү күбө.

Ал эми Союз урап, баары бөлүнө баштаганда, алгачкылардан болуп рухий дүйнөнү, маданиятты, мурасты сактап калуу далалаты менен «Руханият» деген эл аралык ассоциация түзүп, канчалаган руханий, таалим-тарбиялык мааниси зор иш чараларды бийик деңгээлде өткөрүп, алар эл аралык резонанска ээ болду. Өзгөчө бүгүн, өз алдынча маданият министрлиги жок болуп, Рух дүйнөсү, маданият, искусство тармагы, өнөр ишмерлери тунжурап турганда аларды колдоочу коомдук уюмдардын мааниси айтпаса да түшүнүктүү эмеспи. Акун мына ушунун ыктуу механизмин, жолун таба алды. Тапканда да аны асмандан албай, же башканы туурабай, ата салтыбыздагы нарктуу, жөрөлгөлүү салт-санаалардын усулун сактап, аларды кайра жандандыра алды. Бул бүгүнкү күндө кыргыз элинин көөнөрбөс рухий дөөлөттөрүн, маданий, чыгармачылык, интеллектуалдык байманасын башка элдерге даңазалап көрсөтүүнүн да ийкемдүү каражаты болуп калды. Өзүнүн Кеңеш курамында Ч.Айтматов, К.Кондучалова, М.Миррахимов, К.Молдобасанов сыяктуу өлкөбүздүн залкар атуулдарынын башын кошкон «Руханияттын» 10 жылда жасаган ар тараптуу иштери, менимче, өзүнчө кеңири сөз калууга арзыйт. Аманчылык болсо, кези келгенде ал жөнүндө да кеңири айтарбыз.

Мен Акундун дагы бир сапатын, көркөм өнөрдүн таза көрөңгөсүн гана эмес, дегеле руханий дүйнөнүн нукуралыгын, асылдыгын сактап калууга жасаган аракетин өзгөчө бөлүп көрсөтөөр элем. Мен мында, Акун алгачкылардан болуп уюштурган казак-кыргыз акындарынын «Ак таңдай» айтыш сынаган да, улуу инсандарды эскерүү кечелерин да эске алып жатам. Агрономдой айтайын, эгер талааны отоо чөп басып кетсе, элдин келечеги, үлгү тутаар өрнөгү жоголот. Маңкурт деген ата-энесин эле тааныбай калган Адам эмес, ал өз элинин обонун, күүсүн, ырын, музыкасын билбеген, улуу уул-кыздарын, алардын эмгегин сыйлабаган Адам. Мен жакында эле Канадада болуп, ал жакта өзүнүн өткөнүнө, элдик маданиятка жасаган мамилени өз көзүм менен көрүп келдим. Аларда мамлекет өзү дал ушуга өзгөчө маани берип, чечкиндүү чараларды көрө баштаптыр. Тобо дейли, бизде абал азырынча анчалык «кургуйга кулап кете элек». Ошентсе да озунуп алдын-ала кам көрбөсөң эртең кеч болуп калышы мүмкүн. Андыктан, коомго чыныгы маданияттын, нукура сүрөткердин, нагыз элдик ишмерлердин жүзүн таасын ачып көрсөтө алган «Руханияттай» уюмдар көпчүлүктүн жүгүн жонуна артып, жеке керт башынын же бир күндүн эле эмес, жалпы элдин, эртеңки келечектин тагдырын ойлогон Акундай ак жүрөк, адал ниет, айкөл азамат атуулдар керек.



Үсөн АСАНОВ,
Кыргыз Республикасынын Улуттук
илимдер академиясынын академиги,
Илим жана техника боюнча
Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты

## НОБЕЛЬ СЫЙЛЫГЫНДАЙ

### Жакшы угулат жагымдуу сөз «Руханият»

*Урматтуу Акун Токтосартович!*

Бүгүнкү күнү, борборубуздун башкы сарайы мамлекеттик филармонияда белгиленип жаткан «Руханият ассоциациясынын» 15 жылдыгы, ушул ассоциацияга таянып жаш мамлекет Кыргызстандын атын алыска чыгаруу ишинин ийгиликтүү ишке ашырылып жатышы, түздөн-түз өзүңдүн ысмың менен байланышкан. Албетте, ушул ийгилигиң менен чын жүрөктөн куттуктоо бүгүн биздин негизги милдетибиз.

«Руханият» деген сөздү биринчи жолу укканымда, чынымды айтсам, мен, анын маанисин толук түшүнгөн эмес элем. Бирок «Руханияттын» жанында «Эл аралык сыйлык» – деп жазылыш жана ушул сөздөрдүн биримдиги, борбордук газеталардын бардыгында жарыяланып, бул сыйлыкты алуучулар, негизинен, чет өлкөлүктөр: мамлекеттердин президенттери, дүйнөлүк масштабдагы уюм башчылары ж.б. болуп, алардын саны барган сайы көбөйө берди.

Ошондой шартта бир суроонун түшүнүксүздүгү мен үчүн айрыкча сакталууда болду. Газеталарга жарыяланган сүрөттөрдү карасаң бир жагын сыйлык алып жат-

кан бир өлкөнүн президенти, мисалы, Каримов, Назарбаев же Демирель, экинчи жагын өзүбүздүн мамлекетибиздин президенти ээлеп, ортосунда жолдош Токтосартов өзүнүн токтомун диктордук үн менен окуп турат.

Акун Токтосартов бул ким деген инсан? Ассоциациянын Президенти дегенде, «Ассоциация» сөзүнүн маанисин илгертен бери эле билүүчүлөрдөй болуп, жоошуп унчукпай калып жүрдүм...

Сыйлык эл аралык болгондон кийин, анын шааншөкөтү дагы жаман эмес экен. Бир жолу, чет өлкөнүн президенти болбосо дагы, биз үчүн ыйык инсан – ардактуу Айтматов Чыңгыз Төрөкуловичке ушул Руханият сыйлыгы тапшырылыш салтанатына чакырылып калып, жолдош Токтосартов үчүн бул сыйлыктын баасы арзан эмес экендигине күбө болдум.

Окуя ушул эле филармония залында, толтура элдин катышуусунда, Токтосартов өз токтомун кадимкидей эле өзү окуп, кыргыз элинин салтына ылайык, Тайторудай татынакай тулпарын келишимдүү ээр токуму менен филармониянын сахнасына жетелетип келип, Руханият сыйлыгынын лауреатына суусар тебетей, карышкыр ичик кийгизип, камчысын колуна карматып, колтуктан жөлөп атка миңгизип койду. Ат деген, кайберен жарыктык, кимге мингизилип жатканын сезди окшойт, Чыңгыз Төрөкулович эрге отурганда, өз алдынча лауреатка «честь» бергенге окшоп, куйругун тик көтөрүп туруп тезегинен бир бүркүм таштап койду. Бардыгыбыз дүркүрөгөн кол чабуу менен, лауреаттын сыйлыгын атактуу «Дасмия» ресторанына барып керектүү деңгээлде белгилип кете бердик.

Ким эмне ойдо болгонун билбеймин, мен,церемониянын жаңы катышуучусу катары: «Ой, молодец Токтосартов» – деп, орусча ойлонуп, мынча каражатты кайдан табат болду экен деген дагы бир суроону өзүмө жүктөп алдым.

Бул окуядан кийин, бара-бара «Руханият» сыйлыгы үчүн мамлекет эч кандай каражат бөлүп чыгарбайт

экен, а Токтосартов болсо «Калпагын колуна кармап» суранып чет өлкөлүктөргө инвестиция боюнча кайрылганга барбай жүргөндүгү дагы белгилүү болду.

Ошондой болсо дагы, Токтосартов сыйлыгы жыл өткөн сайын авторитетин жоготпой, өз салмагын сактоо менен кана өсүп-өнүп келе жатат. Өлкөдө революция болду, биринчи президентибиз кетип, жаңы президент келди. Кетип жаткан чоң кызматчылар канча болсо, жаңыдан келип жаткандардын саны андан кем эмес. Бирок Токтосартовдун токтомдору токтотулбастан чыга берүүдө, ал, такшалып калган эреже боюнча эле, сыйга татыктуу инсандар чет өлкөлөрдөн келип калса «Руханият» эл аралык сыйлыгы баягыдай эле президентибиздин жанында Токтосартовдун колу менен эле тапшырылууда.

«Руханият» сыйлыгын тапшыруу ыкымында дагы шартка жараша өзгөрүүлөр киргизиле баштагандыгын, кийинчерээк бул сыйлыкты мен өзүм алганда билдим.

Токтосартовдун кезектеги токтому жарыяланганда, анын ичинде менин ысмым дагы бар экендигин, менин байбичем газетадан окуп ала коюптур, кечинде үйгө келсем мага кабарлап: «Сыйлыкка бериле турган тулпарды кайда коёбуз, кантип аны багабыз» – деп, чепелектеп жүргөнүн ушул күнгө чейин унута элекмин.

Сыйлык тапшыруудагы жооптуу церемониялардын бири лауреатты тулпарга мингизүү, жогоруда айтылып кетпедиби. Алып келинген аттардын бардыгы эрежеге ылайык учурунда куйругун тик көтөрүп, лауреатка «честь бергенди» бирдей даражада аткара албагандыгы менен байланышса керек, бул процесс, азыр залкар жердешибиз Тургунбай Садыковдун бронзадан жасалган учуп бара жаткан Тайтору элеси менен алмаштырылып калыптыр. Мен ошондой сыйлыкты алып үйгө келсем аны дагы байбичем колуна кармап: «Бул эмне мынча оор» – деген суроосуна мен: «Бул алтын аралашкан бронза, бара-бара анын оордугу мындан дагы көбөйө берет, ал таза алтынга айланат» – деп ишендирип кой-

сом, эртеси «тулпарды» таразага салып, анын салмагы туптуура беш килограмм экендигин аныктап алыптыр. «Беш килограмм алтын канча доллар болот» – деп кулагымдын кужурун алуусун улантты. «Бүгүнкү күндө алтындын эл аралык баасы бир унций алтын 840 доллар турат» – десем, «Унций дегениң эмне» – дейт, «Аны энциклопедиядан окуп ал» – деп, араң кутулдум!

Эл аралык сыйлыкты биринчи жолу өлкөбүздө негиздеп, жаңыдан баш көтөрүп келе жаткан жаш мамлекеттин атын алыска таратууга жетишүү – мамлекеттүүлүктү түптөөгө кошкон чоң салым! Бул эмгек Токтосартов Акун мырзага таандык. Муну Токтосартов феномени деп атоого болот. Феномен деген сөз кулакка бөтөнчө угулганы менен, түшүнүүдө жөнөкөй эле. Токтосартов феноменин анын өзү тандап алган ишине толугу менен берилгендиги, башка жакка алаксыбай иштегендиги жана ишенгендиги менен түшүндүрүүгө болот.

Улуу Октябрь революциясы болуп жаткан күн 7-ноябрда Петроградда Падыша сарайы чөйрөсүндө 1-этажда эки комнаталуу үйдө жашаган, келечекте залкар атка конгон бир илимпоз, көчөдө болуп жаткан окуяларга көңүл бурбай өз иши менен алек болуп иштеп отура берген экен. Бир мезгилде мылтыктын үнү чыгып терезесине ок тиет. Ошондо, ал ачууланып эшикке чуркап чыкса көчөдө кыйкырык уу-чуу солдаттар, жумушчулар... Бир солдаты токтотуп алып сураса, ал айтыптыр: «Биз революция жасап жатабыз» – деп. Анда ал «революцияңар менен кара жерге киргиле, революцияңарды шаардын тышына чыгып жасабайсыңарбы» – деп, орустун орчундуу сөздөрү менен сөгүп, кайра үйүнө келип, кулагын кебез менен тыгып алып өз ишин уланта бериптир.

Тарыхта бул болгон окуя, Акун Токтосартовдун жүрүм-турумун аргасыздан көзгө элестетпей койбойт. Бул Адам өлкөбүздөгү көрүнүктүү инсандардын бири. Анын министр, болгондо дагы чыр-чатактуу маданият министри болуп иштегендиги белгилүү. Ошого карабастан, бүгүнкү мезгилге мүнөздүү өлкөбүздөгү уу-чуу-

лардын арасынан Токтосартовду көрө албайсың. Анын тигил же бул окуяга: «Өз оюмду айтат элем» – деп, жулунуп түрдүү интервьюларды оңго-солго таратып, бирине жакшы, бирине жаман көрүнүп жүргөнүн газеталардан окуп, же телевизорлордон көрдүңөр беле. Жок!

Акун Токтосартов уюштурган «Руханият» сыйлыгы өсүп-өнүү темпи боюнча, бүгүн жаман эмес. Ошого байланыштуу бул сыйлыкты, дүйнөдөгү белгилүү сыйлыктар менен салыштырууну аргасыздан ойлобой койбойт экенсиң.

Дүйнөдөгү сыйлыктардын өтө ардактуусу химик – Нобель атындагы сыйлык эмеспи. Быйыл ал, мына 10-декабрда Стокгольмда салтанаттуу шартта Швед королунун колу менен 106-жолу тапшырылат.

Алибетте, сыйлыктын баалуулугу анын гонорарынын өлчөмү менен аныкталат. Нобель сыйлыгы 1901-жылы, биринчи жолу тапшырылганда ар бир номинациясынын (ал кезде бешөө кана: химия, физика, медицина менен физиология, адабият ж-а тынчтык үчүн күрөшүү) гонорары 64 миң доллар болсо, быйылкы жылы – бир жарым миллион доллар экен.

Ал эми биздин жаш өлкөдө төрөлгөн Токтосартовдун «Руханият» сыйлыгы, айтып кетилбедиби жогоруда, кудайга шүгүр, биринчи жолку гонорары боюнча жаман башталган жок (суусар тебетей, карышкыр ичик, толук ээр токум жабдыгы менен тулпар ат). Бүгүн бул сыйлык, өзүнүн араң эле он беш жылдыгын кана белгилеп жатат. Ойлонуп көргүлөчү, Нобель сыйлыгындай 106 жыл болсунчу, чыдайлычы..., күтөлүчү... ошондо көрөөрбүз.

Ушул өңдөнгөн ойлорго өзүмчө чөмүлүп, таба албай турган сөз эмоцияларымды эки-үч куплетке жабыштырып, сөзүмдү аяктайын деп жатсам, «Руханият» сыйлыгынын төш белгисинен Токтосартовдун сүрөтү, Нобелдикиндей эле  орун алынышы, өзүнөн өзү суранып турат. Бул ойдун эскизин куплеттерди окугандан кийин, карап койгула (анын автору компьютерди чөнтөгүнө салып ойноп жүргөн менин неберем Аскар).

Жакшы угулат
жагымдуу сөз
«Руханият»
Тез эле сиңип кетти
сыйлык болуп
эл аралап
Болсо дагы гонорары
Бронза – ат,
кызыл чапан,
кыргыз калпак!

* * *

Тапшырылды
бул сыйлык
көп адамга
Кимдер жок
сыйлангандар
арасында
Бил Клинтон, Демирель,
Жорс Сорос,
Беназир Бхутто...
жана толуп жатат...
дагы башка...
(Алибетте,
өзүбүздүн
Акаевди,
Бакиевди,
айтпаганда!)

* * *

Атасы бул сыйлыктын
Акун мырза!
Азыр ойдо... жерге салып
башын тырмап...
«Руханиятты» алып кетүү,
алыска эмки максат
Нобель аттуу сыйлыкты,
караандатпай,
артка таштап!



Аскар КАКЕЕВ,
Кыргыз улуттук университетинин
ректору, академик

## КЫРГЫЗ РУХУНА ЖАРАТКАНДЫН ӨЗҮ ТАРТУУЛАГАН КОЛДООЧУ

XX кылымдын аягындагы жана XXI кылымдын башындагы Кыргыз рухунун өнүгүшүнүн, болгондо да дүркүрөп өнүгүшүнүн тарыхына көз салганда Акун Токтосарт уулунун кошкон салымын эстебей туруп элестетүү эч бир мүмкүн эмес. Сөздүн ток этээр жерин айтканда эгемендүүлүктүн шарапаты менен «эки тизгин, бир чылбыр» колго тийгенден бери, кыргыздын не бир азаматтары – кыздары болсун же уулдары болсун элибиздин турмушунун дүркүрөп өсүшү үчүн кам көрүп, өздөрүнүн баа жеткис салымдарын кошо баштады. Рух дүйнөсүндө биздин сыймыгыбыз – улуу чокуларыбыз Манас менен Айтматов Чыңгызды айтпаганда, азыркы көздөрү тирүү (кудай өмүрлөрүнө береке терсин!) баатырларыбыз Сүйүнбай Эралиев, Сооронбай Жусуев, Күлүйпа Кондучалова, Мамбет Мамакеев, Тургунбай Садыков сыяктуу алптарыбыздан баштап, «көрбөс төөнү да көрбөйт» дегендей бардыгыбыз эле көрүп жүргөн, ал гана түгүл, ичип жүргөн максымдан, жеп жаткан нандан пул жасап кыргыз миллионери болгондор Табылды Эгембердиге, буудайдан ун салдырып байыган Чыныбай Турсунбековго чейин (эң кызыгы экөө тең ыр жазышат, болгондо да

татынакай ыр жазышат) инсандарыбызды кош колдоп көтөргөн Акун мырза.

Кыргызсьтандын бизнесмендерин санай келсек (кечиресиз, адатта кыргыз баласы көз тийбесин деп саноого болбойт эмеспи), бир топ эле боло баштады. Жөн гана айрымдарын, болгондо да «Руханияттын» сыйлыктарына татыктуу болгондорун атасак жетиштүү болоор. Мисалы «Дордой» өндүрүштүк-соода компаниясынын ээси, илим багытында окумуштуулук даражасы бар Аскар Салымбеков, «Беш сары» көп тармактуу фирманы түзгөн Жолдошбай уулу Камчыбекти атасак жетиштүү болот деп ойлойм.

Кыргызстандын улуу инсандарын атаганда, албетте, мугалимдердин мугалими деген ардактуу наамга, атакка жеткен, «эч бир тажабай балалыктын жандүйнөсүн тазартууга, акыл-эсин өрчүтүүгө жан үрөп» жүргөн илимдин дыйканы, Кыргызстандын Улуттук илимдер академиясынын корреспондент-мүчөсү, педагогика илимдеринин доктору, профессор Исак Бекбоев агайды айтпасак, анда биз зор чекилик кетирген болоор элек.

Акун Токтосартовдун мамлекет башчыларына ыйгарган сыйлыктары, өзгөчө Ислам Абдуганиевич Каримовго, Нурсултан Абишевич Назарбаевге, Аскар Акаевич Акаевге көрсөткөн ызааты, дини бир, дили бир, тарыхый тагдыры бир элдерибиздин достугун чыңдоого кошкон эбегейсиз зор салымы деп эч бир тартынбай эле эсептээр элем.

Акун Токтосартовдун өткөн 2010-жылда жасаган иштеринин туу чокусун кыргыз саясий философиясынын жылдызы Исхак Раззакович Раззаковдун 100 жылдыгына арнап чыгарган эки томдук баа жеткис китеби түзөт.

Чынын айтсам, биз калемдештерибиз, дегеле жолдош-жоролорубуз, замандаштарыбыз жөнүндө белгилүү адабиятчы, ыраматылык, бейиши болгур Кеңешбек Асаналиев ага айткандай, жакшы сөз айтканга өтө эле сараңбыз.

Мен, ушул көпчүлүгүбүзгө мүнөздүү болгон кемчиликти ыргытып жиберип, Акун Токтосартов кыргыз үчүн күйгөн, канын-жанын аябаган, өмүрүн эли үчүн арна-

ган, керек болсо башын сайган, өзгөчө залкар адам деп айтаар элем. Бул пикиримди дилилдөө иретинде И.Р.Раззаковдун өмүрүнө арналган эки томдук китепти колума тутуп туруп, күбө болууга даярмын. Неге десеңиз, И.Р.Раззаков биздин XX кылымдагы тарыхыбызда отузунчу жылдары атылып кеткен ата-бабаларыбыздан кийин эл башына келген биринчи кеменгер болгон. Айтылган ойдун далилдерин аталган эки томдуктан өз көзүңүз менен окусаңыз, ынанаарсыз, кымбаттуу окурманым.

Ошентсе да, айрымдарын айта кетүүнү чечтим. Кыргыз Республикасынын Баатыры «Ак шумкар» өзгөчө артыкчылык төш белгисинин ээси, Эл акыны Сооронбай Жусуевдин таамай, таланттуу жазылган, аталган эки томдукка кирген ырларын кош колдоп сунам. Маркум Насирдин Байтемиров таамай айткандай кыргыздарга Кут эки жолу түшкөн: биринчи жолу Ж.Абдрахманов болуп түшсө, экинчи жолу И. Раззаков болуп түшкөн, бирок түшкөн кутту – кут сыяктуу күтүп ала алган эмеспиз. И.Раззаков улуу кеменгер катарында элибиздин келечеги тилибизде, дилибизде, жаштарыбызда экендигин таамай түшүнгөн инсан болгондугун айныксыз далилдөөгө аталган эки томдукту даярдоодо Акун Токтосартов башында турган түзүүчүлөр: Бакашева Ж. Ж., Исмаилова С. А. жана мен колубуздан келишинче аракет жасадык. Бул зор ишке Акун Токтосартовдун өмүрлүк жары, аяшыбыз Элмира кол кабыш кылгандыгын айта кетүү менин мойнумдагы парз, – деп эсептейм. Аяшка чың ден соолук, өмүрүнө береке тилейм.

Акун Токтосартов мырза апыртпай айтканда, заманыбыздын илим-билимдүү, бийик маданияттуу, белгилүү адамдарынын бири. Ал эс тарткандан бери тынымсыз жазып, талбай иштеп жүрөт. Кыргыз маданиятынын чоң казанында кайнап, болоттой курчуп, өзгөчө жетилген адамыбыз.

Анын чыгармачыл өмүрүнүн өзгөчөлүгү, менимче, мында – ал инсандын оюндагысын сезе билген тубаса көрөгөч, биринчи кезекте маданиятыбыздын залкарларынын бүткөн иштерине баа берүүгө кубаты жеткен,

сейрек учурай турган талант. Акун мырза «сакадай боюсары алтын» болгон тулку боюна, руханий дүйнөсүнө кыргыз маданиятынын туу чокусундай болгон улуу ойлорун өзүнө сиңирип, назик жүрөгү аркылуу сезе билген, баккан-көргөн ойлору өзгөчө бийик, ымандай сыры ачык, өз замандаштарынын ийгиликтерин өз убагында баалай билген залкар.

Неге десеңиз, биз жогоруда белгилегендей, адамдар, көпчүлүк убакта өзүбүздүн замандаштарыбыз жөнүндө жакшы ойду, пикирди айтууга, керек болсо мактаганга да өтө сараңбыз. Шүгүрчүлүк, арабызда кара кылды как жарган, өз пикирин таамай ачык айткан, чындыгында, агынан жаралган, колунан келген бардык жакшылыктарды адамдарга арнаган, бул дүйнөдө чанда кезиге турган Акун мырзадай адамыбыз бар экендиги бизди чексиз кубандырат.

Акун Токтосартовдун «Мезгил жана адамдар» аттуу дагы бир китеби, менимче, заманыбыздын ыргагын камтыган, өзгөчө эгемендүүлүктүн мезгилиндеги ачуу-таттуу аралаш күндөрүбүздүн илеби уруп турган, айрым жарк эткен, урунтуктуу окуялардын өзгөчөлүктөрүн чагылдырат. Албетте, мындай китептин жаралышы анын авторунун ымандай таза ойлоруна, пейилинин кеңдигине байланыштуу. Китептин аты эле айтып тургандай, колуңуздагы эмгек – заманбап күзгүсү, болгондо да элибиздин даңктуу азаматтарынын үзүрлүү өмүрлөрүнөн, татаал тагдырларынан акыйкат кабар берген салымы чоң тунук күзгү.

Биз сөз кылган эмгектер биздин замандын эң башкы өзгөчөлүктөрүн, анын даңктуу азаматтарынын аруу жана ыйык ойлорун, үмүттөрүн, бүтүргөн иштеринин жыйынтыктарын топтоп, аларды өзгөчө ардактап, өз баасын берген залкар адамдарыбыздын бири – Акун мырзанын ак мээнети менен жаралган өзгөчө китептер.

Эмесе, китептерге ак жол каалайм! Анын авторуна: «Бар бол, Акун мырза!» – демекчимин.

## «РУХАНИЯТ» – РУХИЙ АЗЫКТЫН БУЛАГЫ

1992-жылдын мартында жаңы уюшулган «Руханият» ассоциациясынын жүз ачар аземинде сүйлөгөн сөзүндө мырза Акун Токтосартов бул өзгөчө уюмдун милдеттеринин эң башкыларын так белгилеген эле.

Соңку кыргыз тарыхында алгачкы ирет уюштурулуп жаткан бул коомдук уюмдун төрагасы белгилеп кеткен милдеттеринин негизгилерине токтоло кетели. Алардын эң биринчиси, «коомубузда али да болсо толук ачылбай келе жаткан интеллектуалдуу күчтөрдү кыймылга келтирүү» жана «аларга кеңири шарт түзүү».

Экинчиден, көөнөрбөс мурасыбызды, салтыбызды, ошондой эле адабий, маданий, илимий ийгиликтерибизди дүйнөлүк коомчулукту тааныштыруу. Үчүнчүдөн, «Руханият» ар кандай улуттардын, элдердин ортосундагы достук байланыштардын чыңдалышына өбөлгө түзүү.

Аталган асыл милдеттердин эң башкыларын аткарууда «Руханият» өзүнүн 15 жылдык сапарында алкоого татыктуу зор иштерди аткарып, элибиздин урматына жетишти. Албетте, «Руханият» өлкөбүздө ургаалдуу, тынымсыз жүрүп жаткан өзгөрүүлөрдөн четте турган жок. Тескерисинче, «Руханият» эркин республикабызда турмушка ашып жаткан ар кандай ийгиликтерге, жаңылыктарга өз убагында акыйкат баа берип, колдоп турууга жетише алды. «Руханиятын» дагы бир зор өзгөчөлүгү анын коомдук демократиялык уюм катарында мамлекеттик бийликтин жүрөгү даабай, чечүүдөн тарткынчыктап турган маселелерди тайманбай кароого киришкендигинде. Ал гана түгүл, «Руханият» элибиздин мүдөөсү үчүн күрөшкөн эр жүрөк азаматтарды өз убагында колдоп келген.

«Руханияттын» кара кылды как жарган акыйкат чечимдерин далилдөө иретинде айрым мисалдарды келтирели. Ар бирибизге бештен белгилүү болгондой кеңири таркаган кейиштүү пикирлердин бири: демейде атактуу адамдарыбыздын руханий дүйнөбүзгө кошкон ат

көтөргүс салымдарын өз мезгилинде ойдогудай татыктуу баалай албайбыз. Чынында, сараңбыз. Көзү өткөндө абдан мактайбыз.

Дал мына ушундай кемчиликти жоюу иретинде «Руханият» зор иштерди жүргүзүп жатат деп айтаар элем. Мисалы, Эл акыны Сооронбай Жусуевди ким билбейт. Сокем Улуу Ата Мекенибизди коргоп, от кечкен, кан кечкен эр жүрөк адамыбыз. Болгондо да кыргыз рухун бекем сактап, кыргыз сөзүн, ырын туу көтөргөн аксакалыбыз. Бирок Сокем жакынкы мезгилге чейин татыктуу баасы – Кыргыз Республикасынын Баатыры наамы берилбей келген. Акыйкат сөздү айтканда С.Жусуевге адабият боюнча эл аралык «Руханият» сыйлыгынын өз мезгилинде берилиши Сокемдин Баатыр болушуна зор өбөлгө болду деп ойлойм. Бекеринен «Руханият: Рух инсандары – эл куту» аттуу китептин 243-бетинде Сокемдин мындай саптары жазылбаса керек:

«Арман жок сактап өтсөм, актап өтсөм,
Наамымды адам деген, акын деген».

Ушундай эле пикирди Эл жазуучусу, Кыргыз Республикасынын Баатыры Төлөгөн Касымбеков жөнүндө айтууга болор эле.

«Руханияттын» дагы бир эрдиги илимдин өкүлдөрүнүн эмгектерин зор баалагандыгы. Алардын ичинде Социалисттик Эмгектин Батыры, терапевт, академик М.М.Миррахимов, Кыргыз Республикасынын Батыры, хирург, академик М.М.Мамакеев, Кыргыз Эл мугалими, Социалдык жана педагогикалык илимдердин академиясынын академиги И.Б. Бекбоев сыяктуу улуу инсандарыбыз бар.

«Руханияттын» жүргүзүп жаткан зор иштери жөнүндө сөз болуп жатканда бир тууган казак эли менен болгон руханий байланыштарды чыңдоого залкар акындарынын бири, Чыңгыз Айтматовдун руханий бир тууганы, Кыргыз элинин чыныгы досу, эки элдин элчиси, бирок кыргыз мамлекети тарабынан анык, татыктуу

баасы берилбей калган казактын үлкөн гуманист акыны Мухтар Шаханов.

«Руханияттын» эл аралык байланыштарды чыңдоо ишине кошкон салымы жөнүндө айтканыбызда Бириккен Улуттар Уюмунун өнүгүү программасынын Кыргызстандагы туруктуу өкүлү Эржан Мураттын, ЮНЕСКОнун Генералдык директору Федерико Майордун, Эл аралык Олимпиадалык комитеттин Президенти Хуан Антонио Самаранчтын эмгектеринин жогору баалангандыгын баса белгилеп кетер элем. Ак сөздү айтканда ысымдары аталган бул улуу инсандар мындан да жогорку сыйлыктарга татыктуу эле. Мен билген бир гана мисал, мырза Эржан Мурат Токтогул өрөөнүндөгү жер титирөөдөн кийин мектеп салдырып берген. Муну кантип унутабыз.

Акыйкат сөздү бул иш бүгүнкү күндө да «Руханият» тарабынан ийгиликтүү улантылууда. Өз мезгилинде белгилүү мамлекеттик жана саясий ишмерлерге АКШнын Президенти Билл Клинтон, Түркия Республикасынын Президенти Сулейман Демирель, Казакстан Республикасынын Президенти Нурсултан Назарбаев, Өзбекстан Республикасынын Президенти Ислам Каримов, Иран-Ислам Республикасынын Президенти Али Акбар Хашеми Рафсанжани мырзаларга «Руханияттын» сыйлыктары берилген.

«Руханият» ассоциациясынын дагы бир зор иштеринин далили катарында аялзатынын көрүнүктүү өкүлдөрүнө карата жасаган ызаат-урматты айтаар элем. Бүгүнкү күндө Кыргыз Жогорку Кеңешинде аялзатынын өкүлдөрү жок болгону менен «Руханияттын» лауреаттарынын тизмесинде өз мезгилинде Түркия Республикасынын Премьер-министри Тансу Чиллер, Пакистан-Ислам Республикасынын Премьер-министри Беназир Бхутто, Россия Федерациясынын коомдук ишмери Людмила Путина, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана коомдук ишмери Күлүйпа Кондучалова, Кыргыз Республикасынын Баатыры Сабира Күмү-

шалиева, банк тармагынын реформатору Шарипа Садыбакасовалар бар.

«Руханият» жалаң гана айрым белгилүү инсандардын жүргүзгөн иштерине сыйын көрсөтүп, ыраазылык билдирүү менен бирге бакыйган чоң жамааттарга да өз алкышын билдирет. Мындай жамааттарга Кыргыз-Түрк билим карлыгачы – «Себат» билим берүү фирмасынын, Кыргыз Улуттук университетинин, «Кыргыз Туусу» газетасынын чыгармачыл коллективдери кирет.

Базар экономикасына ургаалдуу өтүп жаткан мезгилде «Руханият» өлкөбүздүн бизнесмендерине алардын жүргүзүп жаткан эбегейсиз зор иштерине жогору баа берип, кош колдоп сүрөп келе жатат. «Руханияттын» сыйлыктарына татыктуу болгон бизнесмендерибиздин, ишкерлерибиздин ысымдарын атаганда, биринчи кезекте акын Надырбек Алымбековду, депутат Камчыбек Жолдошбаевди, демөөрчү депутат Аскар Салымбековду, зор демөөрчү, гуманист Байыш Юсуповду айтар элем.

«Руханият» коомдук, демократиялык уюм катарында өкмөтүбүзгө руханий жактан эбегейсиз зор көмөк берип жатканына эч бир шек саноого болбойт. «Руханият» өзүнүн 15 жылдык сапарында мойнуна алган асыл милдеттерди абийирдүүлүк менен аткарып келе жатат. Таланттуу, ниеттеш замандаштарыбызды дайыма колдоп, сүрөп, алгылыктуу иштерди алдын ала көрө билип, келечекке жаңы багыттарды көрсөтүп келет.

Албан-албан ийгиликтерди каалайбыз! Бар бол, «Руханият!»

*Дорогой Акун Токтосартович!*

Вы встречаете свое 60-летие, и это знаковая дата для всей отечественной культуры, ибо с нею связана вся Ваша жизнь.

Эта связь неразрывна в глазах всего нашего общества. Вы прошли огромный путь от студента культурно-просветительного училища до министра культуры, од-

ного из признанных руководителей процесса становления национальных ценностей. В этом качестве неоценим Ваш личный вклад во все события культурной жизни общественного масштаба. Все культурные центры в Кыргызстане – театры, филармонии и дома культуры, музеи и библиотеки, оркестры, ансамбли и студии, профессиональные и самодеятельные творческие коллективы в далеко не самые легкие для искусства времена всегда встречали в Вашем лице понимание и поддержку со стороны государственного руководства культурой. Как директор Государственной филармонии имени Токтогула Сатылганова, затем Генеральный директор Проекта «Манас айылы», Вы всегда умели придавать акциям культурно-политического характера свойственные Вам энергию и размах. Расцвету культуры Кыргызстана и росту его авторитета способствовали имеющее всемирное значение празднование 1000-летия эпоса «Манас» и 3000-летия Оша, где Ваш организаторский дар проявился с большой силой.

Вершинным достижением Вашего опыта и таланта стало создание Международной ассоциации содействия возрождению духовности «Руханият», инициатором и душой которой, бессменным ее президентом Вы являетесь и поныне. В том, что культура суверенного демократического Кыргызстана имеет мировое признание, есть и Ваша бесспорная и значительная личная заслуга. В день Вашего юбилея примите сердечные поздравления от профессоров, преподавателей и студентов Кыргызского Национального университета имени Жусупа Баласагына. Позвольте пожелать Вам не оскудевающей творческой энергии, здоровья, личного счастья, дальнейших успехов в Ваших благородных деяниях во славу нашей культуры!



Исак БЕКБОЕВ,
Кыргыз билим берүү институтунун
директору, академик,
КРнын Эл мугалими

**Эл аралык «Руханият» ассоциациясынын Президенти Акун Токтосартовго**

*Ардактуу Акун Токтосартович!*

Өзүңүздүн мүнөзүңүздөй жадыраган жаз майрамдары менен коштолуп келген куттуу маарекеңиз – 60 жылдык торколуу тоюңузду чын дилимден куттуктоомду кабыл алыңыз.

Атпай кыргыз журтчулугу Сизди республикабыздын маданият жана искусство тармагын уюштуруу жана башкаруу жагында көп жылдардан бери үзүрлүү эмгектенип келе жаткан дасыккан, тажрыйбалуу жетекчи жана таанымал коомдук ишмер катары жакшы билишет. Сиздин бүткүл аң-сезимдүү өмүрүңүз элибиздин көөнөрбөс көркөм дүйнөсүн, рухий чыгармачылык байманасын, улуттук кайталангыс бөтөнчөлүгүн калайык-калкка кеңири даңазалоо, аларды жаш муундардын акыл-сезимине терең сиңирүү, чыгармачыл адамдарга шарт түзүп, аларга ар тараптуу колдоо көрсөтүү сыяктуу асыл максаттуу иштерге арналып, эли-жерине чыныгы атуулдук ак кызмат өтөөнүн өрнөгү болуп келе жатат.

Бүгүнкү жаңыча шартта Сиз жетектеген эл аралык «Руханият» ассоциациясынын коомубуздун рухий-ый-

мандык парасатын байытуу, элдердин ортосундагы ынтымак-ырашкерликти чыңдоо, рухий маданиятты, илим-билимди, интеллектуалдык жана чыгармачылык өңдүү саамалыктарды колдоо жагында жүргүзүп жаткан иштери бөтөнчө бийик баага арзыйт.

Ардактуу Акун мырза! Адам өмүрүнүн нукура нарктуу да, барктуу да курагына келип, өткөн менен келечекке астейдил назар таштап, алдыга асыл максаттарды коюп турган чагыңызда Сизге кыярбас узун өмүрдү, кайгысыз шаттуу көңүлдү, моюбас жигер кайратты, түгөнбөс бийик максаттарды каалайбыз. Ар убак үй-бүлөңүз менен эсенчиликте болуп, калкыңыздын кадыр-баркын көкөлөткөн эл уулу атанып жүрө бериңиз!



Алмаз АЛДАШЕВ,
Главный ученый секретарь
Президиума Национальной академии наук
Кыргызской Республики, академик

*Уважаемые работники «Руханията»!*

От имени Национальной академии наук Кыргызской Республики и лично от себя сердечно поздравляю Вас со знаменательным событием – 15-летием основания международной общественной организации, призванной осуществлять благородную задачу по сохранению и развитию науки и культуры. Укреплению дружественных связей с государствами мира.

Приятно отметить, что успешная деятельность Вашей ассоциации напрямую связана с именем ее учредителя и бессменного президента, известного общественно-политического и культурного деятеля Акуна Токтосартова. Благодаря его неиссякаемой творческой энергии и организаторской способности за короткое время создана и успешно действует авторитетная международная организация, отвечающая самым высоким стандартам демократического общества.

Ваша ассоциация проводит колоссальную работу по возрождению духовности кыргызского народа и принимает активное участие в социально-экономическом и культурном развитии независимой страны.

Вы являетесь инициатором и организатором важнейших мероприятий, посвященных известным деятелям

государства, науки и культуры. Вами проводятся различные конкурсы и презентации, издаются книги, снимаются фильмы, оказываются материальные поддержки мастерам литературы и искусства, выделяются средства на проектирование и строительство объектов культуры, а также создаются благотворительные фонды. Своим неустанным созидательным трудом, ежедневно совершая творческие подвиги, Вы принимаете непосредственное участие в строительстве процветающего общества с высокими человеческими нравственными устоями.

Мы гордимся, что учрежденные Вами премии «Руханият» – «За мир и согласие между народами», «Человек года», «Бизнесмен года» и «Курманжан датка» стали престижными наградами. Их удостоены выдающиеся государственные деятели ближнего и дальнего зарубежья, одаренные представители науки и культуры нашей страны.

Благодаря преданному отношению к избранному делу, Вы заслужили уважение научно-творческой общественности стран СНГ и дальнего зарубежья. Вас знают и уважают видные государственные деятели сильнейших держав и руководители признанных международных организаций. Своей деятельностью Вы смогли продемонстрировать миру силу духовности и национальные качества нашего этноса.

Ваши успехи позволяют оптимистично смотреть в будущее и быть уверенным, что «Руханият» займет достойное место в сообществе общественных организаций демократических государств XXI века.

Выражаем сердечную благодарность коллективу ассоциации и ее неизменному президенту Акуну Токтосартову за беззаветное служение Отчизне. Желаем Вам доброго здоровья, счастья, благополучия, процветания и ярких творческих успехов.



Аркадий БИТЮКОВ,
поэт, журналист, заслуженный деятель культуры Кыргызской Республики

## СЕЯТЕЛЬ ДОБРОТЫ

Моему стародавнему коллеге и хорошему товарищу Акуну Токтосартову – 60. Смотрю на его изрядно посеребренную густую шевелюру, на открытое улыбчивое лицо и невольно вспоминаю март 1977 года, когда судьбе угодно было свести нас на одной стезе и провести по ней таких долгих и таких стремительных 8 лет. И потом, когда каждому из нас было определено другое занятие, мы продолжали тесно общаться, тем более, что и его, и мое дело входило в одну обширную сферу.

Обычно, поздравляя юбиляра, жмут ему руки, обнимают и восклицают: – «Да ты ничуть не изменился!», подчеркивая тем самым, что годы не берут их друга или знакомца. Думаю, что эти поздравители не совсем правы. С течением времени люди обязательно меняются. Весь вопрос в том, в какую сторону и в какой степени...

Конечно же, Акун Токтосартов к своей круглой дате пришел во многом другим. Пытливые, с чуть-чуть озорным прищуром глаза, стали еще более проницательными, речь – размеренней и внушительней, а движения и походка мягкими и степенными. Весь его облик – это олицетворение основательности и представительности. Однако при всей респектабельности вида ощущается

внутренняя энергия, которая в любой момент готова раскручивать маховик нового дела. В числе главных его приобретений последних лет – глубина и масштабность суждений, их убежденность и твердость в главном, принципиальном.

Разумеется, все эти качества были «запрограммированы» матушкой природой и во многом «получены в наследство», но был еще один немаловажный фактор, кузнецом которого стал сам нынешний юбиляр. Я имею в виду его счастливую способность усваивать жизненный опыт. Иными словами, Акун был и остается учеником мудрейшего учителя – жизни.

Буквально с первых дней его появления на свет жизнь преподносила ему урок за уроком. При этом, многие из них были то слаще сладкого, то горче горького. Дело в том, что у родителей Акуна было 9 детей. Но, так уж было предписано свыше, все они умерли в младенческом возрасте.

Энергичный Саид, деятельная доброта которого заслуживает отдельного очерка, и беспокойная Суксур видели в Акуне последнюю надежду, последнюю возможность продолжения рода и своего пребывания на земле.

Сказать, что родители лелеяли сына, значит, ничего не сказать. Они, как трепетные птицы, склонялись над ним, оберегали, как последнюю свечу, последний огонек. Все самое лучшее, самое дорогое и доброе, чем были наполнены их сердца и разум, они вдыхали в своего ребенка.

Это были приятные, сладкие подарки жизни, а горькие дни шли чередой, без расписания, часто и грубо врываясь и в без того бедственное житье-бытье: Акун родился в год начала Великой Отечественной войны. И все его детство прошло под двумя распростертыми над ним крыльями.

Одно, родительское, нежное и солнечное, а другое, военное, – черное и колючее...

Мало-помалу из мрачного крыла стали выпадать жесткие перья и на их месте вырастали новые, теперь уже

теплые и лучезарные. Репрессированный отец вернулся из пятилетнего заключения. Жизнь входила в свою колею... Но те страстные, глубинные чаяния, желания доброты и жизнестойкости, переданные маленькому Акуну родителями, остались в нем навсегда, проросли в его суть, в его гены, став его талисманом и путеводителем.

Не отсюда ли в Акуне Токтосартове все то, что во все времена, при всех общественных системах, было в народе ценнее ценного – доброта, соучастие, сострадание, долготерпение, то есть все то, что обозначается еще недавно малознакомым словом толерантность.

И не это ли свойство его натуры определило род его занятий, место в обществе и принципы отношений с людьми? Творческая сфера не терпит крайне радикальных и твердокаменных руководителей, она их отторгает. Акун в течение многих лет был и остается в этой особо чувствительной среде, став одним из ее органичных благотворных проявлений.

Он прошел все ступени служебной лестницы и достиг ранга министра. Понадобилось бы много места, чтобы хотя бы перечислить крупные дела, выполнение которых послужило наращиванию творческого потенциала республики. При непосредственном участии Акуна, его неослабном повседневном контроле были созданы Театр юного зрителя, фольклорный ансамбль «Камбаркан», объединение «Кыргызконцерт», Ошская областная филармония, камерный оркестр «Насыйкат», открыты музеи выдающихся деятелей культуры – Токтогула, Тоголока Молдо, А.Осмонова, А.Токомбаева, Г.Айтиева, С.Чуйкова.

Тот, кто никогда не соприкасался с созданием новых творческих коллективов, не сможет понять всю сложность этого дела и оценить меру настойчивости, обладания выдержкой и дипломатическим тактом. Незаурядный талант организатора и напористость были проявлены Токтосартовым при строительстве ряда ра-

йонных Домов культуры и особенно при слаженном и быстром возведении комплекса «Манас айылы», ставшего одним из значительных историко-культурных объектов республики.

Воспитанник легендарной К.Кондучаловой, Акун Токтосартов продолжал благородную деятельность по подготовке классных специалистов, по приобщению кыргызстанцев к высоким образцам мирового и отечественного музыкального, драматического и исполнительского искусства, организуя у нас гастроли прославленных коллективов Москвы и Ленинграда и одновременно направляя в другие республики наши театры, ансамбли и оркестры.

Именно на долю Токтосартова выпало первым на практике реализовывать тяжелейшую и малоприятную в области культуры перестроечную установку на самоокупаемость.

Особая страница в биографии Акуна связана с Ассоциацией «Руханият». Он ее замыслил и разработал ее концепцию. В итоге множества перипетий, хлопот и преодоления бюрократических преград была создана крупная общественная организация, пожалуй, единственная в республике по широте поля деятельности и особому значению поставленных задач. «Руханият» стала негосударственной по форме, но эффективной структурой, всемерно содействующей возрождению духовности в суверенном Кыргызстане. Всем понятно, что после угасания коммунистической идеологии, возрождение духовности, в общем, прогрессивном ее понимании, стоящей над узко партийными и конфессиональными интересами, но в то же время впитывающей все самое ценное из прошлого и настоящего, стало насущным делом общегосударственного значения.

В организации «Руханият» найдена идеальная, как мне думается, форма использования значительной части результатов предпринимательской деятельности для поддержки основополагающих позитивных политичес-

ких и духовных тенденций и устремлений в новых условиях. Прежде всего я имею в виду учреждение премий «Руханият».

В самом деле. С развалом Союза ССР ушли в историю общесоюзные Государственные и Международные премии. В республиках остались «свои» формы поощрения. У нас, как известно, это Государственные премии в области науки и техники, а также в области литературы и искусства имени Токтогула. Это, конечно же, замечательно. Однако в силу ряда причин они не охватывают многих важных сфер общественной жизни и деятельности тех личностей, которые заслуживают широкой поддержки. Кроме того, эти премии ограничены рамками республики. С этой точки зрения, премии «Руханият» в определенной мере восполняют этот пробел, ничуть не соперничая с государственными, а лишь дополняя их.

Премии «Руханият» престижны и весомы, их присуждение системно, их могут удостоиться только те люди или коллективы, которые внесли ощутимый, общепризнанный вклад в ту или иную область. Решение вопроса о присуждении премии принадлежит Совету Ассоциации, включающему известных общественных деятелей, ученых, выдающихся мастеров литературы и искусства, а также представителей ряда диаспор, проживающих в республике.

Думается, никто не станет оспаривать обоснованность выбора таких личностей, как, к примеру, Мухтар Шаханов, Федерико Майор, Патриарх Алексий II, Мирсаид Миррахимов, Хуан Антонио Самаранч, Кулуйпа Кондучалова, Джордж Сорос. В этом ряду стоят имена и многих других лауреатов, назвать которые не представляется возможным из-за ограниченности газетной площади. И в то же время об их энергичном содействии поступательному движению Кыргызстана можно и должно обстоятельно говорить или готовить содержательные печатные работы. Как правило, само вручение премий про-

исходит в торжественной обстановке, становится памятным событием и вызывает всеобщее одобрение. Двигателем и душой всего комплекса работ, связанных с премиями является все тот же Акун Токтосартов.

Он хорошо понимает душу не только творческого работника, но и быстро определяет главное, что есть в характере каждого из его собеседников. Однако, будучи генералом по должности, он никогда не позволяет себе командирского окрика. Акун умеет так донести очередную задачу коллегам-исполнителям, что она становится как бы их личным делом. И тогда до успеха – полшага.

Руханияттын демилгеси жана каржылык колдоосу менен чыгарылган И.Р.Раззаковдун эмгектеринин 2 томдугу, Ч.Т.Айтматовдун чыгармаларынын 8 томдугу ж.б. атактуу акын-жазуучулардын чыгармалары улуттук маданий жана рухий казынага кошулган баалуу, бараандуу салым болду. Ал эми Акун акенин өз калеминен жаралган «Тагдыр таржымалы», «Мезгил жана адамдар» сыяктуу көлөмдүү эмгектери мезгилдин изи, замандаштардын бейнеси бажырайып көрүнгөн терең мазмундуу, ой баккан, окумдуу китептерге кирет. Анын

П.Кадыров, О.Бөкеев, М.Зарудный сыяктуу өзбек, казак, орус адабиятынын атактуу өкүлдөрүнүн кыргыз тилине которгон мыкты чыгармалары улуттук адабиятыбыздын көркөм казынасын байытты.

Ал эми «Руханият» уюму чыгарган «Рух чабыты» деген бараандуу альбом-баянды кыргыз элинин рухий казынасын сыпаттаган баалуу таберик десе болот. Бекеринен ал эмгекке өткөн жылы «Жылдын мыкты китеби» сыйлыгы ыйгарылбаган чыгар. Анын ичинде байыркы «Манас» дастанынан баштап, бүгүнкү күнгө чейинки элибиздин рухий-маданий дасмиясы көркөм сыпатталып, тандамал сүрөттөр, слайддар менен чебер шөкөттөлгөн. Аларда Кыргызстандын маданий летописи, тарыхый адамдарынын бейнеси түбөлүк сакталып калды.

А.Токтосартовго улуу-кичүү, алыс-жакын, бардыгы «Акун аке» деп кайрылышы, бул тегинден эмес. Кыргызда «Аке» наамын алган адамдар чанда гана болгон. Аларды беш манжа менен санаса болот. Аке – бул бийликтин эмес, элдин берген наамы, жалпынын урмат-сыйы, калайыктын калыс баасы. Бул бийик даражалуу наам – ою, сөзү, иши эки ача болбогон, акылы тунук, айтканы орундуу, жүрөгү таза, нускалуу, парасаттуу, төгөрөгү төп адамдарга берилген. Атактуу Кыдыр аке, Садыр аке, Мойт аке, Тилекмат акелердин катарында Акун аке да өзүнүн татыктуу ордун ээлейт десек, аша чапкандык болбос. Себеби анын бүткүл аң-сезимдүү өмүрү элдин камы, элдин жаны, элдин намысы, элдин тагдыры, элдин өнөрү, элдин ынтымагы деген мүдөө-максат менен ажырагыс жуурулушуп, ошого сарпталып келатат.

Буга бир мисал. 90-жылдардын аягындагы Ошто болгон кайгылуу окуядан кийин кошуна өлкөнүн Президенти И.А.Каримов Оштон бери өтпөй, биздин бийликке бир аз сыртын салып жүргөн. Ошол кезде ага «Руханияттын» сыйлыгын ыйгарып, атайы Ташкенге барып жолугуп, көндүрүп, акыры аны Бишкекке алып келгени, ал кездеги биздин мамлекет башчыбыздын көктөн тилегени жерден табылып, терисине батпай сүйүнгөнү,

сыйлык тапшыруу аземинде Ислам Каримовдун бүт түрк калктарын ынтымакка чакырып, кыргыз элине чексиз ыраазы болуп, ушундай бир агынан жарылып, эч кагаз карабай, убакытка ченебей, чечилип сүйлөгөнү, атүгүл: «аттиң, Жараткан кайра бир ирет жаратып, кайра бир жолу жашасам кыргыздын бир аруу, мөлмөл кызына үйлөнүп, эки элдин достугун ажырагыс кылып бекемдейт элем» деген жүрөк-жүлүндөн чыккан сөздөрү күнү бүгүнкүдөй эсибизде.

Бул улуу адам ошондогу кыргыз элине болгон ысык мамилесин жакынкы эле Ош, Жалал-Абаддагы кейиштүү окуяларда дагы бир ирет кашкайта далилдеди! Ушунун баарында Акун акенин кадиксиз үлүшү бар экенин эч ким тана койбос. Анын иши жогорудагы айтылуу данакер акелер салган жолдун, аткарган иштин уландысы дегеним ошондон.

Акун аке «айкөл», «кең пейил», «жоомарт» деген салмактуу сөздөрдүн маанисин көркүнө чыгарган инсан. Атаганат, биз айкөл болуу, ак жүрөк болуу деген сапаттарды унутуп баратабыз. Аларды дал ушул адамдан үйрөнсө болот. Кээ бир колунда бар адамдар жоомарттыкты анда-санда, тандап гана көрсөтөт. Ал эми Акун аке бирөөгө жакшылык кылганды жанындай жакшы көргөн адам. Чыныгы ырахат, өзүңө өзүң тартуулаган кубаныч эмес, башкага тартуулаган кубанычтан алган ырахат экенин ушул адамдын мүнөз-пейилинен баамдайсың. Ал бирөөнүн ажатын ачайын, көңүлүн көтөрөйүн, жардам көрсөтөйүн дегенде «эт-бетинен кеткен» адам. Ал улууларга дайыма «агатай», «эжеке», кичүүлөргө «балам», «кызым» деп кайрылат. Адамга катуу айтуу, көңүлүн оорутуу анын көөнүнө жат. Анын үй-бүлөсү да, уул-кыздары да баары тегиз өзүн тартып, ата жолун жолдоп, эне адебин сактап, ыйман-ынсаптуу, мээнеткеч, ак жүрөк атуулдар.

Акун аке өзүнүн кичи мекенин жүрөгүнүн тереңинде бекем сактаган мекенчил, патриот атуул. Алай-Куу-га, Көңдүккө байма-бай каттап, эл-жердин амандыгы-

нан кабар алып, элеттеги жаңылыктарды угуп, көзү өткөндөргө бата кылып, ишкерликке белсенген жаштарга бел болуп, жаңы үйлөнгөндөргө белек тартуулап, таарынышкандарды элдештирип дегендей, эл-жердин башын кошуп кайтат. Атаганат, ар бир атуул өзүнүн кичи мекенин шайлоодо гана эстебей, ушинтип дайыма жүрөгүндө бекем сактап, аны менен байланышын үзбөсө, балким, турмушубуз такыр башкача болор беле…

Абай салсаң, айрым саясатчы байлардын самаганы ак үйдүн 7-кабаты, сараң байлардын самаганы – 7 куржун дилде, сарыкаптал байлардын самаганы – 7 өлкөгө саякат, сасыткы байлардын самаганы – 7 кумар... Ал эми Акун акедей ак жүрөк байлардын самаганы – 7 дубан элдин руху, 7 атанын наркы, 7 күндүн бейпилдиги, 7 кабат жердин тагдыры...

Ал ажыга барып, зыярат жасап, Жаратканга деген урматын жадынан чыгарбай жүргөн, ишеними бекем адам. Ал динди, ишенимди адамдарга жакындатып, өзүнүн каниеттүү, топуктуу турмушу, калыс, адилет жүрүм-туруму, коомду адеп-ыйманга кайтарууга талбай жасаган аракети менен калайыктын алкоосуна алынып келет. Бишкектеги «Көк-Жар» конушунун калкы үчүн 2 кабат чоң мечит салып, жанына медресе куруп, эл азыр ошол жерде арбактарды эскерип, жакшылык-жамандыкта чогуу болуп, ынтымакка, биримдикке баш коюп, ыйман-ынсапка дит буруп турган чагы.

Акун аке ар убак элинин урмат-сыйын көрүп келатат. Ага «Республиканын маданиятка эмгек сиңирген ишмери» ардак наамы ыйгарылган, канат күүлөп учкан мекени Кара-Кулжа районунун, андан соң бүт өмүрү камыр-жумур өтүп келаткан Бишкек шаарынын ардактуу атуулу. Кара-Кулжа райондук китепканага анын ысымы берилген. Көптөгөн чыгармачыл, илимий, коомдук уюмдардын мүчөсү, жогорку окуу жайлардын ардактуу профессору. Эргигенде комузда кол ойнотуп, үн кошсо, эрибеген, сергибеген адам калбайт.

Акун акенин тоо суусундай тунук, шар аккан автордук поэзиясы менен кездешүүчү күндөр али алдыда.

Мен мында баянымдын башында эскерген анын «Өмүр тууралуу толгонуу» деген ыр түрмөктөрүнөн гана бир нече куплет келтирейин:

«Өмүр өзү керемет,
Өмүр тилеп эл келет.
Өзүң көрөр күндөрүң,
Өмүр менен ченелет.
Өмүр жолу агылмай,
Өкүндүрүп, багынбай.
Түшүм төгүп жашап кал,
Мөмөлүү бак шагындай.
Өмүр өтөт жалындай,
Отуң жанбайт, жагылбай.
Жашоо калат түбөлүк,
Жаратканды тaңындай.
Өмүр жашоо булагы,
Өмүр – күрөш турагы.
Түркүн гүлдөй буралган,
Өмүр – жаштык курагы.
Өмүр күндөн нур алган,
Өмүр жерден куралган.
Өмүр барда – бааланбай,
Өмүр жокто – суралган...»

Бул ойлорум менин мааракe ээси тууралуу айта тургандарымдын бир гана татым тузу. Акун акенин алдына койгон максаты, ар бир жасаган иши, адамдык касиет-сапаты тууралуу санаттап айтуу кезеңи али алдыда. Деген менен: «Акета-а-й, Акун 70ке чыгып калыптырбы» – деп шыпшынгандар, албетте, көп эле болот.

Арийне, атыңызга шек тийгизер, эч бир душманыңыз жок болсо да, пенделик кылып, ичи тарып, көрө албагандар үчүн 70 жаш – көп жаш. Ал эми өзүңүздөй шайдоот, күү-демдүү, жайдары адамдар үчүн 70 жаш – аз эле жаш. Ашып кетсе, 35тен экөө. Андыктан, Сизди жанынан артык көргөн жарыңыздын, туугандарыңыздын, бала-бакыраңыздын, өткөн юбилейиңизде: «Чоң

ата, 60ка чыгып бергениңиз үчүн чоң ырахмат» – деп элди күлдүргөн неберeңиздин сүйүктүү «Акайы» гана болбой, жалпы элиңиздин кылым карыткан Бакайы да болуп эсен жүрүшүңүздү тилейбиз. Сиздин шакирттериңиз, кесиптештериңиз, дос-тамырларыңыз Сиз менен бирге дагы көп жылдар ийиндеш иштеп, көп иштерди бүтүргүсү келет, узак жылдар Сиздин таалим-тажрыйбаңызды үйрөнгүсү келет, кайгы-кубанычыңызга ортоктош болгусу келет.

Элибизде: «Жигитке 70 өнөр аздык кылат» деген кеменгер кеп бар. Мен бүгүн аны бир аз өзгөртүп: «Сиздей жигитке 70 өнөр да, 70 өмүр да аздык кылат» дээр элем. Буга Сиздин али шайдоот, жигерлүү жүрүм-турумуңуз, күжүлдөгөн дем-кайратыңыз, алдыга койгон ойлоруңуздун олуттуулугу, бүтүрө турган иштериңиздин көптүгү, талыкпай алга умтулган максаттуулугуңуз негиз берет деп ойлоймн.

Сиздин туулган күнүңүз да терең символикалуу, жан-табиятыңызга куп келген жаз айы – 15-март. Ушу кезде жаратылыш бүт жанданып, Баба Дыйкан жер жыртып, бороз салып, изги тилек айтып, үрөн себет: «Мына септим уучтап, жылуу жерден конуш тап. Мунусу – ачарыкка, мунусу – алсыз-карыпка, мунусу – саламчыга, мунусу – тилемчиге, мунусу – карып-мискинге, мунусу – ууру-кескиге, мунусу – курт-кумурскага, мунусу – жолоочуга, мунусу – кароолчуга, мунусу – сага, мага, бизге. Баары тегиз байласын, кызылы толуп чайласын. Өн, үрөнүм, өн! Өн, үрөнүм, өн! Өн, үрөнүм, өн!»


Мен Сизди дал ушундай, адамдын баарына тегиз караган, жандуунун баарына жакшылык самаган: «Өн, үрөнүм, өн!» – деп айтуудан талыбаган, береке менен бейкуттуктун пири, ырыс-ынтымактын колдоочусу – Баба Дыйканга салыштырар элем. Эмесе, бар болуңуз, Эл руханиятынын Баба Дыйканы, Адам пейилинин агартуучусу Акун аке! Маарекеңизге Жараткандын куттуу ырыскысы жаап, сепкен рух үрөндөрүңүз тамыр байлап өнүп чыгып, сеңселе өсө берсин!



Нурланбек ШАКИЕВ,
Кыргыз Республикасынын маданият жана маалымат министри



Мукталы БЕКТЕНАЛИЕВ,
Кыргыз Республикасынын
маданият жана маалымат
министрлигинин стат-катчысы



Кожогелди КУЛУЕВ,
Кыргыз Республикасынын
маданият жана маалымат
министринин орун басары

## КЫРГЫЗДЫН ЖАНА МАДАНИЯТТЫН АКУНУ

Акун Токтосартовдун өмүр жолу улуттук маданияттын тарыхы менен өрүлүшкөн тагдырга туш келген. Анын өрнөктүү жолуна кылчайып карасак Кыргыз ССР маданият министрлигинин жооптуу кызматкери, Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин ада-

бият жана искусство боюнча сектор башчысы, Кыргыз ССР маданият министринин биринчи орун басары, Маданият министри, Токтогул атындагы мамлекеттик филармониянын директору, «Манас айылы» ишкер долбоорунун башкы директору болуп иштеген. Учурда «Руханият» ассоциациясынын президенти.

40 жылдан бери жетекчилик кызматтарда эмгектенүү менен Кыргызстандын маданиятынын өсүшүнө, маданият мекемелеринин материалдык базасын чыңдоого, кыргыз искусствосунун жетишкендиктерин чет өлкөлөргө таанытууга, жаңы коомдук-саясий системанын шартында калкты руханий жактан агартууга, эл аралык жана улуттар ортосундагы мамилелерди бекемдөөгө, элдик дипломатияны калыптандырууга өзүнүн бай тажрыйбасын жана күч-кубатын жумшап келет.

Анын жетекчилиги астында борборубузда азыр Бакен Кыдыкееванын атын алып жүргөн Жаштар театры, Куудулдар театры, Ош шаарында облустук филармония, Куурчак театры, «Кыргызконцерт», «Кыргызреставрация», «Кыргызкультмонтаж» бирикмелери, Токтогулдун, Тоголок Молдонун, Алыкул Осмоновдун, Аалы Токомбаевдин, Гапар Айтиевдин, Семен Чуйковдун, Абдыкадыр Орозбековдун мемориалдык музейлери ачылып, «Камбаркан» фольклордук ансамбли, «Насыйкат» камералык оркестри, «Ариет» эстрадалык ансамбли, бир катар элдик театрлар түзүлгөн. Ала-Бука, Ат-Башы, Сокулук, Аксы, Ноокат райондорунун борборлорунда маданият үйлөрү, Бишкекте Республикалык куурчак театры ачылган. «Манас айылы» тарыхый-маданий комплекси, Таласта «Манастын», Токтогул районунда улуу акын Токтогулдун, Лейлекте Исхак Раззаковдун музейлеринин комплекстери курулду.

Музыка, театр жана сүрөт искусстволорунун тармагында кыргыз искусствосунун залкарлары А.Малдыбаев, М. Рыскулов, Г. Айтиев атындагы республикалык сыйлыктар уюштурулду, Бишкекте СССР сүрөт академиясынын студиясы, Москва, Ленинград, Ташкент, Ал-

маты шаарларында профессионалдык адистерди даярдай турган улуттук студиялар ачылды. Токтогулдун 125 жылдык, Абдылас Малдыбаевдин 80 жылдык мааракелери мамлекеттик бийик деңгээлде белгиленди.

Кыргыз опера жана балет театры, Т.Абдумомунов атындагы академиялык кыргыз драма, Нарын музыкалык драма театрларынын, К. Орозов атындагы мамлекеттик эл аспаптар оркестринин гастролдору Москва шаарында ийгиликтүү аяктаган. Ошондой эле РСФСРда, Францияда, Монголияда Кыргызстандын маданият күндөрү өткөрүлгөн. Анын демилгеси менен төкмө акын Эстебес Турсуналиев, комузчу Самара Токтакунова, актерлор Леонид Ясиновский, Капар Медетбеков Союздук деңгээлде бааланып «СССР Эл артисти» деген ардактуу наамга ээ болушту. Кыргызстандын театрлары жана концерттик уюмдары Ленинград, Свердловск, Новосибирск, Красноярск, Мурманск, Норильск, Владивосток шаарларында, Украина, Белоруссия, Азербайжан, Грузия, Молдавия, Казакстан, Өзбекстан жана Тажикстан республикаларында чыгармачылык жетишкендиктерин көрсөтүштү. Мыкты көркөм жамааттар жана аткаруучулар Кытай, Япония, Португалия, Исландия, Индия, Польша, Пакистан жана башка өлкөлөрдө болушуп, Кыргызстандын искусствосунун жетишкендиктерин даңазалашты.

Акун Токтосартов маданият тармагын жетектеген жылдары «Ала-Тоо жазы» фестивалы, СССРдин Чоң театры, Москванын Пятницкий атындагы, Ленинграддын Глинка атындагы академиялык хорлору, Россиянын «Сибири», Өзбекстандын «Бахор», Молдавиянын «Жок», Белоруссиянын мамлекеттик бий ансамблдери, «Виртуозы Москвы», «Отрар Сазы» оркестрлери, А.Пугачеванын ыр театры, Е.Петросяндын мыскыл жана тамаша театры концерттик программаларын, Орто Азия жана Польша, ГДР, Литва, Азербайжан республикаларынын драма театрлары спектаклдерин республикабыздын эмгекчилерине тартуулашты. Чыңгыз Айтматовдун 60 жылдык мааракеси, республикада биринчи жолу

«Айтматов жана театр», «Нооруз» фестивалдары, театрлаштырылган майрамдар, СССР Маданият министри Н. Н. Губенконун катышуусу менен Казак, Өзбек, Тажик, Түркмөн жана Кыргыз Республикаларынын Маданият министрлеринин кеңешмеси Бишкек шаарында жогорку деңгээлде өткөрүлдү. Мына ушундай чоң ишчараларды уюштурууда Акун Токтосартовичтин уюштуруучулук бийик деңгээли теңдешсиз болгон. Анын дагы бир мыкты демилгеси аркылуу өлкөбүздүн маданиятынын өсүшүнүн концепциясы иштелип чыкты. Эки жылда бир жолу эл чыгармачылыгынын республикалык кароо-конкурстарын, көргөзмөлөрүн өткөрүп туруу жакшы салтка айланды.

Акун Токтосартов негиздеген «Руханият» ассоциациясы Кыргызстанда рухий-маданий багытта жемиштүү иштеп жаткан бирден бир коомдук уюм. Анын жетекчилиги менен «Руханият» ассоциациясы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, Мамлекеттик Туунун, Гимндин, Гербдин бет ачар аземин өткөрдү, «Тынчтык жана элдердин ортосундагы ынтымак үчүн», «Жылдын адамы», «Курманжан датка», «Руханият», «Жылдын бизнесмени» сыйлыктарын уюштурду, баш калаабызда эки кабат мечит жана медресени курду.

Биринчи жолу кыргыз тилинде Чыңгыз Айтматовдун чыгармалар жыйнагынын 8 томдугун, Исхак Раззаковдун 2 томдугун, С. Жусуевдин «Курманжан датка» романын, Ж. Мавлянов, К. Ташбаев, К. Сактанов, С. Шамбаев, Б. Ешмамбетов, Ш. Исмаилов сыяктуу авторлордун чыгармаларын, мемуарларын жарыкка чыгарды.

Учурда Акун Токтосартовдун редакциясы астында Курманжан датка жөнүндө 2 томдук, Сүйүнбай Эралиевдин, Эстебес Турсуналиевдин, Аркадий Битюковдун, Мелис Шаршенбаевдин тандалма жыйнактары басмага даярдалууда, Чыңгыз Айтматов атындагы маданият жана илим музейин, балдар бакчасын, китепкана, поликлиника, турак жай, искусство мектебин куруу боюнча долбоорлор иштелип чыгууда.

Акун Токтосартов «Рух чабыты», «Тагдырдын таржымалдары», «Мезгил жана Адамдар» аттуу китептердин автору. Анын орус тилинен которгон Примкул Кадыровдун «Жылдыздуу түндөр (Бабур)» романы, Оролхан Бөкеевдин «Чагылган» аттуу прозалар жыйнагы басмадан чыгарылып, М. Зарудный, А. Абдуллин, П.Чеповецкий, В.Чичков, С.Шаймерденов сыяктуу драматургдардын пьесалары театрларда, телевидениеде коюлуп, радионун фондуна жазылган.

«Руханият» ассоциациясынын сыйлыктары чет өлкөлөрдүн жана республикабыздын эң көрүнүктүү ишмерлерине ыйгарылып, сыйлыктарды тапшыруу аземи салтанаттуу кырдаалда өткөрүлүп келет. Жыл сайын чыгармачыл жолугушуулар, эскерүү кечелери уюштурулуп, маданият кызматкерлерине, чыгармачыл жаштарга, калктын кыйналган катмарына материалдык, финансылык жардамдар берилип турат.

Акун Токтосартов Кыргызстанга кеңири белгилүү мамлекеттик жана коомдук ишмер. Ал Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин, Кыргызстан достук жана маданий байланыштар коомунун Президиумунун, Кыргызстан калкынын Ассамблеясынын кеңешинин, Кыргыз Совет энциклопедиясынын редакциялык коллегиясынын, Исхак Раззаков, Ата Түрк, Султан Ибраимов фонддорунун башкармасынын мүчөсү, Кыргыз ССР маданият министрлигинин коллегиясынын, «Кыргызстан – ГДР» достук коомунун төрагасы болуп шайланган.

Акун Токтосартов Бишкек шаарынын жана Кара-Кулжа районунун ардактуу атуулу, Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин ардактуу доктору, Б.Бейшеналиева атындагы мамлекеттик искусство институтунун ардактуу профессору, КРнын Архитекторлор союзунун ардактуу мүчөсү, Чыңгыз Айтматов атындагы коомдук академиянын академиги, республикалык Жазуучулар, Журналисттер, Театр ишмерлер союздарынын мүчөсү, «Кыргызстан – Сауд Аравия» достук коомунун прези-

денти, эл аралык «Руханият» ассоциациясынын кеңешинин төрагасы.

Ак эмгектин натыйжасы качан болсо да адамды бактыга бөлөйт эмеспи. Акун Токтосартович дагы эли-журтубуздун сыймыктуу инсандарынын бири катары сыйурматтын ээси. Ал өз учурунда эмгектери бааланып «Эмгектеги артыкчылыгы үчүн», «Манас–1000», «Эмгектин ардагери» медалдары менен сыйланган, ага «Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер» ардактуу наамы берилген, «Тынчтык жана элдердин ортосундагы ынтымак үчүн» Эл аралык сыйлык ыйгарылган. Ар кимдин өз туулган жери мисир деп айтып жүрүшкөндөй, Акун аганын дагы жердештери аны туу тутуп, ызааттап келишет. Ош облусунун Кара-Кулжа райондук китепканасына Акун Токтосартовдун ысымы коюлган.

Акун Токтосартовичти 70 жаш маарекеси менен кызуу куттуктайбыз жана кажыбас кайрат, үй-бүлөлүк ырыс-таалай, эл-журттун түбөлүк сый-урматында жүрүшүн тилек кылабыз! Бар болуңуз, Акун Токтосартович!

Кожогелди КУЛУЕВ,
акын, Кыргыз Республикасынын
маданиятына эмгек сиңирген ишмер,
А.Осмонов атындагы адабий
сыйлыктын лауреаты



## АКУН АКЕ

Кайкалайсыз! Каткыра сүйлөп-жаркып...
Калкагарсыз! Нарк-сыйды түрлөп-калпып...
Ойноп кээде буттарын чеберенин –
ооз-гармошка кыласыз «үйлөп-тартып».

Жалын дагы сиз жакка жан-н(!) деп качат.
Жаңсап эле койсоңуз – адеп-башат.
Эки бирдей сулууну күлүңдөгөн
эки көзгө таккансыз айнек жасап.

Телегейи тегиздей нурданган – сиз,
тегиз болом деп кээде кур калгансыз.
Тең экиге, эки эмес – андан көпкө
терезедей бөлүнүп турган жансыз.

Эргип айткан сөзүңүз – аскадагы ыр,
ээк көтөрүп эрүүдө канчаларың?!
Жарыядай жайкалып, тура калып,
жарашканды айт шляпа башкача бир!

Убаданын учунда – демей жорук...
улуктарга тургансыз ченем болуп.

Билгизбестен карайсыз бийликченди
бир көз тургай, бир ыпта менен толук.

Мамиленин кашкасын аяр сылаар...
маданият жөлөнгөн адам-чынар!
Баары-баары ордуна келип турсун
байбиче «өтсө» – башкасы даяр сымал...

Кайкалайсыз! Каткыра сүйлөп-жаркып...
Калкагарсыз! Нарк-сыйды түрлөп-калпып...
Ойноп кээде буттарын чеберенин –
ооз-гармошка кыласыз «үйлөп-тартып».



Мукталы БЕКТЕНАЛИЕВ,
Председатель Государственной
киновидеокомпании
Кыргызской Республики

*Уважаемый Акун Токтосартович!*

Государственная киновидеокомпания Кыргызской Республики от имени кинематографистов Кыргызстана сердечно поздравляет Вас со знаменательными событиями в Вашей жизни – 60-летием со дня Вашего рождения и 10-летием ассоциации «Руханият».

Мы знаем Вас не только как государственного и общественного деятеля, но и как талантливого, душевного и отзывчивого человека. Ваша работа в аппарате ЦК Компартии Киргизии, в должности Министра культуры Кыргызской Республики прямо и непосредственно касалась деятельности кыргызского кино. Совместная работа в сфере киноискусства оставила в наших сердцах самые теплые воспоминания.

На всех участках, где Вам довелось работать, Вас отличали глубокое знание своего дела, высокий профессионализм, умение руководить коллективом. Это мнение многих Ваших коллег и мы со всей искренностью присоединяемся к этому мнению.

Своей многолетней деятельностью Вы, несомненно, внесли большой вклад в развитие культуры народа Кыргызстана, сохранение и приумножение культурных ценностей. Государство по достоинству оценило Ваш

вклад, присвоив Вам почетное звание «Заслуженный деятель культуры Кыргызской Республики».

Сегодня, возглавляя Международную ассоциацию «Руханият», Вы и Ваша организация в огромной степени способствуете возрождению духовности народа, как основополагающей ценности человеческой цивилизации, Ваша деятельность имеет непреходящее значение.

От всей души желаем Вам, уважаемый Акун Токтосартович, крепкого здоровья и дальнейшей плодотворной деятельности на благо общества, а Вашей организации – успехов и процветания.



Канат САДЫКОВ,
Кыргыз Республикасынын
Билим берүү жана илим министри



Акунжан АБДРАШЕВ,
Кыргыз Республикасынын
Билим берүү жана илим
министрлигинин статс-катчысы

## ЗОБОЛОҢУЗ АРТА БЕРСИН!

*Урматтуу Акун Токтосартович!*

Сизди жалпы кыргыз журту көрүнүктүү мамлекеттик, коомдук жана чыгармачыл ишмер, маданий курулуштун чыгаан уюштуруучусу, көркөм котормочу жана рухий дөөлөт-нарктарды сактоо жана өнүктүрүүгө зор салым кошуп келе жаткан эл аралык «Руханият» ассоциациясынын Президенти катары жакшы тааныйт жана терең кадырлайт.

Сиз Кыргыз ССРинин Маданият министрлигиндеги катардагы кызматкерден тартып, эгемен Кыргызстандын маданият министрине чейинки даңктуу эмгек жолун басып өттүңүз. Республикалык маанидеги бир катар маданий мекеме-уюмдарды жетектеп, үзүрлүү кызмат өтөөнүн өрнөгүн көрсөтүп келе жатасыз. Улуттук маданиятыбыздын уюткусун, нарк-дөөлөттөрүн сактоо жана өнүктүрүү, калкыбызга руханий байлыктарды кеңири жайылтуу Сиздин ар бир кызмат ордуңуздагы

ишмердигиңиздин башкы максаты жана маңызы болуп калды. Сиздин жетекчилигиңиз астында борборубузда Жаштар театры, Куудулдар театры, Ош шаарында облустук филармония, куурчак театры, «Кыргызконцерт», «Кыргызреставрация», Кыргызкультмонтаж» маданият бирикмелери, Токтогулдун, Тоголок Молдонун, Алыкул Осмоновдун, Аалы Токтомбаевдин, Гапар Айтиевдин, Семен Чуйковдун, Абдыкадыр Орозбековдун мемориалдык музейлери ачылып, «Камбаркан» фольклордук ансамбли, «Насыйкат» камералык оркестри, «Ариет» эстрадалык ансамбли, бир катар элдик театрлар түзүлдү. Ала-Бука, Ат-Башы, Сокулук, Жаңы-Жол, Ноокат райондорунун борборлорунда маданият үйлөрү, «Манас айылы» тарыхыймаданий комплекси, Таласта «Манас» эпосунун, Токтогул районунда Токтогулдун, Лейлекте Исхак Раззаковдун музейлеринин комплекстери курулду.

Сиз негиздеген «Руханият» ассоциациясы «Тынчтык жана элдердин ортосундагы ынтымак үчүн», «Жылдын адамы», «Курманжан датка», «Руханият», «Жылдын бизнесмени» сыйлыктары чыгаан мамлекеттик жана коомдук ишмерлерге, ийгиликтүү ишкерлерге ыйгарылып келатат.

Урматтуу Акун Токтосартович!

Билим берүү жана илим министрлиги Сизди 70 жаш маарекеңиз менен чын жүрөктөн куттуктайт! Кыргызстандын маданият тармагындагы жетишкендиктерин кеңири пропагандалоо, рухий байлыктарды байытуу боюнча «Руханият» ассоциациясындагы өрнөктүү иштериңизди ийгилик коштосун! Зоболоңуз дагы көтөрүлүп, эл-журтуңуздун урмат-сыйына бөлөнө бериңиз!

Сабырбек ЖУМАБЕКОВ,
Кыргыз Республикасынын
саламаттык сактоо министри,
Кыргыз Республикасынын Президентинин
сыйлыгынын ээси, КМШ мамлекеттеринин
«Звезда Сотрудничества»
сыйлыгынын лауреаты



## ЗАЛКАР ДЕГЕН ЗАЛКАР

Акун Токтосартов дагы мен билгенден залкар. Кыргызстанда Акун Токтосартовдун ысымын билбеген жаңы туулган ымыркай эле болбосо, жалпы журтчулук тегиз билет.

Табигый ишмердүүлүктү кан-тамыр менен келген даремет десем таасын болор. Акун агада мына ушул касиет бар. Бир карасаң орошон ойлору, шарактаган арашан суусундай ташкындап, бир карасаң таасын адил, акыйкатчылыгы кадимки тынч жайык суудай кимди болсо да мемиретип таштаганы таштаган. Инсан катарында мекендин талуу маселелерине, эрөөлгө аттанган баатыр сымал, чү деген жерден камчыланып, анын күрөө тамыры менен оргуштап турганын сезип, андан артта калбоого умтуламын. Чынында «аганы көрүп ини өсөт» дегендей, алдыңда аркалай турган агаң болгону сыймык эмеспи.

1992-жылдын баш ченинде Акун Токтосартов тарабынан эл аралык рух-дөөлөттөрдүн кайра жаралышына көмөк көрсөтүү «Руханият» ассоциациясы түзүлгөндүгүн коомчулук аңдадык. «Руханиятты» баштаган Акун Токтосартов, кыргыз коомчулугу аркылуу улуттук маданиятыбыздын тамырларын жайылтып, руханий бай-

лыктарыбызга маарытып, соолгус дөөлөттөрүн дүйнөдөгү башка элдерге таанытууда.

«Руханият» ассоциациясы жаралган учурдан бери кажыбас ишмердиги менен саргара кертип олтуруп, эми минтип кызара бөртүп турган чагы. Дүйнөлүк саясый ишмерлер Сулейман Демирель, Али Акбар Хашими Рафсанжани, Ислам Каримов, Нурсултан Назарбаев, Владимир Путин, Коффи Анан, Жорж Сорос, Хуан Антонио Самаранч, Федерико Майор, Чыңгыз Айтматовдордон баштап, өлкөбүздүн көрүнүктүү ишмерлери Тургунбай Садыков, Асанкан Жумакматов, Төлөгөн Касымбеков, Калый Молдобасанов, Салижан Шарипов, Сооронбай Жусуев, Сүйүнбай Эралиевдердин катарында мен эмгектенген медицина тармагындагы улуу адамдар Мирсаид Миррахимов, Мамбет Мамакеевдер «Руханият» сыйлыктарына ээ болушуп, «Элдердин арасында тынчтык жана ырашкерлик», «Жылдын адамы» жана Эл Баатырларына чейин татышты. Бул жагдайда элибиздин улуу сыймыгы болгон эл аралык «Курманжан датка» сыйлыгына, аалам алкагынын айлампасында теӊ айланган аял лидерлер Тансу Чиллер, Беназир Бхутто, мекендештерибиз Күлүйпа Кондучалова жана Чолпон Баекова эжелерибиз кошулганына даңктанасың.

Кыргыз эли баскан кыйын кезеӊ жолунда дагы далай инсандар Сизден бата алып, анын рух-дөөлөттөрүнө, кайталангыс маданиятына өз чыйыр жолун салаары шексиз. Демек, кимди болсо дагы сүрөөгө алып, далай-далай ашууларды аштырып, бийиктиктерге жол ачуу ар кимибиздин эле колубуздан келе бербеси абзел. Ал эми жогоруда айтылгандай Акун Токтосартовдо табият берген жөндөм, күч-аракет, дем бар. Мына ошондуктан залкардын иши залкар.

Бар болуңуз, Акун ага!



Шарипа ЖОРОБЕКОВА,
Президент НАН КР, академик

*Глубокоуважаемый Акун Токтосартович!*

От имени ученых Национальной академии наук Кыргызской Республики сердечно поздравляю Вас с 70-летним юбилеем.

С Вашим именем связаны важные события в жизни Кыргызстана. Ваши большие организаторские способности, умение оперативно и творчески решать поставленные задачи выдвинули Вас на ответственные государственные должности. Вы возглавляли Министерство культуры Кыргызстана, работали директором Национальной филармонии, Генеральным директором Делового проекта «Манас айылы». Находясь в течение 40 лет на руководящих должностях в сфере художественной культуры и духовного просвещения народа, Вы внесли весомый вклад в создание театров, музеев, филармоний, спортивных комплексов в городах и районных центрах страны. Способствовали подготовке высококвалифицированных творческих кадров, пропаганде кыргызского искусства за рубежом, укреплению межнациональных отношений.

Возглавляя около 20 лет Международную ассоциацию содействия возрождению духовности «Руханият», Вы способствуете признанию заслуг лидеров культуры,

науки, бизнеса страны; выдающихся личностей ближнего и дальнего зарубежья, отмечаете достижения государственных и общественных организаций.

Результаты Вашей профессиональной деятельности получили высокую оценку народа и правительства Кыргызской Республики.

Дорогой Акун Токтосартович! Мы от всей души поздравляем Вас со славным юбилеем. Желаем Вам и Вашим близким крепкого здоровья, счастья, благополучия. Неиссякаемой Вам энергии и больших творческих успехов во всех Ваших делах и начинаниях!



Алтай БӨРҮБАЕВ,
Кыргыз Республикасынын
Жогорку Кеңешинин
Эл өкүлдөр жыйынынын төрагасы

*Урматтуу Акун Токтосартович!*

Сизди Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Эл өкүлдөр жыйынынын депутаттарынын жана өзүмдүн атымдан 60 жылдык мартабалуу маарекеңиз жана өзүңүз уюштурган Эл аралык «Руханият» рухтук кайра жаралуу ассоциациясынын 10 жылдыгы менен чын жүрөгүмдөн куттуктаймын!

Кыргыз калкы Сизди республикабыздын маданияты менен көркөм санатына көөнөргүс салым кошкон орошон ой, кажыбас кайраттуу коомдук-саясый жана маданият ишмери катары жакшы билет жана кадырлап сыйлашат. Мындай элдик сый-урматка Сиз 30 жыл бою республикабыздын маданият майданында кылган ак кызмат, адал мээнетиңиз менен жетишип отурасыз. Республикабыздын маданий агартуу мекемелерине жогорку билимдүү адистерди даярдап, чыныгы таланттарды таптоо, театралдык-көңүл ачуучу жайларыбыздын ишмердигиндеги өзгөчө жандануу, гүлдөө доору Сиз маданият министри болуп иштеп турган жылдарга туш келет. Адамдын жандүйнөсү, акыл-эси менен иш алып баруунун канчалык татаалдыгы, арбын илим-билимди, ашкере кылдат иш алып баруунун канчалык татаалдыгы, арбын илим-билимди, ашкере кылдыт иш

билгиликти талап таржымалаңыз мына ушул түйшүгү түмөн, ары жооптуу вазийпаны абийирдүүлүк менен аркалап, аткаруунун эң сонун үлгүсү болуп саналат.

Сиз тил которуп, дил жакындаткан мыкты котормочу-драматург гана эмес, эгемендүүлүктүн жылдарында алысты жакын кылган «Руханият» ассоциациясынын негиздөөчү эгеси катары ар кыл элдердин жандүйнө, маданияттарын жакындатып, достоштурган данакер ишмер-инсан да болуп калдыңыз.

Урматтуу Акун Токтосартович!

Сизди дагы бир ирет 60 жылдык торколуу тоюңуз жана «Руханият» ассоциациясынын 10 жылдыгы менен чын дил, ак ниетимден куттуктаймын!

Ылайым элибиздин адабият, маданиятын арттырып, Рух дөөлөтүн кайра жаратууга багытталган ыйык вазийпалуу иштериңизди Кыдыр колдосун. Ден соолугуңуз чың болуп, үй-бүлөңүз менен узак жана бакубат өмүр өтөөңүзгө тилектешмин!

Бар болуңуз!



Абдыганы ЭРКЕБАЕВ,
Кыргыз Республикасынын
Жогорку Кеңешинин
Мыйзам чыгаруу жыйынынын төрагасы

*Урматтуу Акун Токтосартович!*

Алтымыш асыйды аттап, республикабыздын маданият майданында 40 жылга жакын эмгек сиңирип, коомдук-саясий ишмердигиңиздин жыйынтыгын чыгарып, талдап-таразалап турган учурда Сизге кубануу менен куттуктоомду билдирем.

Сиз жаш кезиңизден жеткилең, сергек, сезимтал өсүп, жеке чеберчилигиңизди өрчүтүү менен гана чектелбестен, кыргыз искусствосу өзүнүн татыктуу ордун ээлешине, көрүнүктүү өнөрпоздордун көркөмдүк деңгээлин көтөрүүдө, жаш таланттарга жакындан жардам берип, аларга шарт түзүүдө уюштуруу-усулдук көмөк көрсөтүп келгениңиз жалпы маданий коомчулугубуздун эсинде.

Сиз Маданият министрлигинде жөнөкөй кызматкерден баштап, министрге чейин көтөрүлүп, кызмат өтөп турганда, ишмердигиңиз даана көрүндү десем жаңылышпайм. Ошол жылдары Сиздин жетекчилигиңиздин негизинде өлкөбүздө жаштар театры, «Кыргызконцерт» бирикмеси, Ош областтык филармониясы, «Камбаркан» фольклордук ансамбли, «Насыйкат» камералык оркестри уюшулуп, Токтогулдун, Тоголок Молдонун, А.Осмоновдун, Г.Айтиевдин, С.Чуйковдун мемориалдык музейлери түзүлүп, республикалык куурчак театрынын,

Ала-Бука, Сокулук, Ноокат, Ат-Башы райондорунда маданият үйлөрүнүн имараттары курулду.

Ал эми Токтогул атындагы мамлекетик филармониянын директору, «Манас айылы» ишкер долбоорунун Башкы директору, Эл аралык «Руханият» ассоциациясынын Президенти катары көзгө толумдуу көп иштериңиз өзүнчө сөз кылууга арзыйт.

Башкасын айтпаганда да «Руханият» ыйгарган сыйлыктарга мамлекет башчылары А.А.Акаев, Н.А.Назарбаев, И.А.Каримов, А.Х.Рафсанжани, белгилүү мамлекеттик, саясий ишмерлер Ч.Т.Айтматов, М.Д.Акаева, Тансу Чиллер, Эржан Мурат жана башка эл аралык коомдук, маданий, ишкер чөйрөлөрдүн өкүлдөрү татыктуу болгону Сиз башкарган ассоциацияга гана эмес, бүтүндөй жумуриятыбызга чоң аброй, сыймык алып келгени жашыруун эмес.

Сөз соңунда кааларым, жеке өзүңүздү, үй-бүлөңүздү кубаныч коштоп, кут жылоолоп жүрсүн! Элиңиз менен эриш-аркак болуп, бакубат доор сүрүңүз! 60 жашка чыккан күрдөөлдүү курагыңыз кут болсун!



Чолпон БАЕКОВА,
председатель Конституционного суда
Кыргызской Республики

## ОТВЕТСТВЕННАЯ МИССИЯ

Уважаемый Акун Токтосартович!

Примите искренние поздравления в связи с 15-летием Международной ассоциации содействия возрождению духовности «Руханият»!

Вам выпала почетная, но в то же время сложная и весьма ответственная миссия быть во главе ассоциации «Руханият» с первых дней её создания и становления. Это дело требовало больших усилий, авторитета, компетентности и опытности от её руководителя.

Вы успешно справились с непростой задачей, мобилизовали весь свой профессионализм, духовный потенциал, вложили свою душу и сердце, доказав нашему обществу необходимость создания этого общественного института, пронизанного заботой по возрождению и сохранению общечеловеческих ценностей, традиций и культуры кыргызского народа.

Вашими усилиями ассоциация «Руханият» обеспечивает неразрывную связь между поколениями и этносами, проживающими в нашем горном крае, содействует развитию нравственности и духовности нашего народа. Неоценимый вклад вносит «Руханият» в воспитание нового поколения кыргызстанцев в духе любви к своей

стране,  ее истории, мира и согласия, прививая чувство национального достоинства и уважения к мировому духовному наследию.

За истекший период своей деятельности Вы подняли авторитет ассоциации «Руханият», открывали новые объекты культуры в различных уголках нашей страны, организовывали крупные мероприятия международного значения, способствующие укреплению сотрудничества и дружественных отношений как с соседними государствами, так и со странами дальнего зарубежья.

В это непростое время Вы демонстрируете пример ответственного отношения старшего поколения к сохранению культурных ценностей, их приумножению и передаче грядущим поколениям. Большое значение придаете Вы самобытности каждого народа, необходимости формирования общего духовного пространства.

Тысячи людей разных стран имеют возможность соприкоснуться с уникальными образцами культуры, искусства и народного творчества.

Уважаемый Акун Токтосартович! Отдавая дань глубокого уважения Вашей благородной деятельности, желаю Вам крепкого здоровья и долголетия, успехов и новых достижений в Вашем вдохновенном труде во благо процветания нашего Отечества!



Марат СУЛТАНОВ,
төрага Жогорку Кенеша КР

## ВРЕМЯ ВЫБРАЛО ВАС

Мне доставляет большое удовольствие от всей души поздравить Вас, уважаемый Акун Токтосартович, и руководимую Вами Международную организацию с юбилеем. Искренне желаю Вам крепкого здоровья, человеческого благополучия и успехов в реализации всех Ваших творческих замыслов и планов во имя возвышения духовности страны.

Так распорядилось время, что в ответственный момент истории республики Вам выпала честь стать у истоков Международной ассоциации содействия возрождению духовности «Руханият» и посвятить богатые запасы Вашей энергии, знаний и опыта сохранению и приумножению самобытной культуры кыргызского народа. На протяжении 15 лет Ассоциация вносит весомый вклад в популяризацию кыргызской культуры и искусства в республике и в зарубежных странах, укрепляет межнациональные духовные связи. Благодаря Вашей деятельности коллективы наших театров и концертных организаций с успехом выступали в городах России, Украины, Беларусии, Казахстана, Узбекистана, Грузии. Лучшие художественные коллективы и исполнители представляли кыргызскую культуру во многих странах дальнего зарубежья. Несомненно, мы дол-

жны использовать Ваш богатый опыт по удовлетворению духовных запросов населения с тем, чтобы дать новый импульс в повышении уровня культуры кыргызстанцев, развитии народного творчества, подготовке творческих кадров и распространении новых форм и методов идейно-воспитательной работы.

Мы хорошо помним проведенные Ассоциацией «Руханият» презентации Конституции, Государственного Флага, Гимна и Герба Кыргызской Республики. Широкий резонанс вызвало вручение премии «Руханият» Президенту Республики Казахстан Н.Назарбаеву, Президенту Республики Узбекистан И. Каримову, Президенту Исламской Республики Иран Али Акбар Рафсанжани, известному филантропу и гуманисту Джорджу Соросу, Премьер-министру Турции Тансу Чиллер, Чынгызу Айтматову, крупнейшему писателю, и многим другим выдающимся личностям современности. В их числе К.Бакиев – Президент Кыргызской Республики, В.Путин – Президент Российской Федерации, А.Г.Лукашенко – Президент Республики Беларусь, Сулейман Демирель – Президент Турции, Алексий II – патриарх Московский и всея Руси.

Мы горячо приветствуем тот факт, что под патронажем «Руханият» выпускается серия книг «Поборники духовности», организуются конкурсы, строится культурный центр и мечеть, проектируется музей литературы и искусства, книжно-художественный салон, поликлиника, библиотека, школа для одаренных детей в городе Бишкек. Вся эта огромная работа проникнута глубоким патриотизмом и заслуженно снискала уважение и высокий авторитет среди широкой общественности республики, как одна из активных общественных организаций.

Я хотел бы выразить искреннюю благодарность и признательность Ассоциации «Руханият», её бессменному Президенту А.Т.Токтосартову. Время выбрало Вас и пусть не иссякает Ваша инициатива, пусть каждый день приносит Вам новый импульс в Вашей благородной деятельности во имя нашей страны и народа Кыргызстана. От всей души желаю Вам успехов, мира и процветания.



Адахан МАДУМАРОВ,
Кыргыз Республикасынын
Мамлекеттик катчысы

**Эл аралык «Руханият»
ассоциациясынын
Президенти
А.Т. ТОКТОСАРТОВго**

## САМАЛЫКТАРДЫН ДЕМИЛГЕЧИСИ ЖАНА АТКАРУУЧУСУ

*Урматтуу Акун Токтосартович!*

Сизди жана Сиз жетектеген Эл аралык «Руханият» ассоциациясынын жалпы жамаатын бул уюмдун түзүлгөндүгүнүн 15 жылдык маарекеси менен чын дилимден куттуктайм.

Рухий дөөлөттөрдү жаратууга көмөктөш Эл аралык «Руханият» ассоциациясы мамлекетибиздин эгемендүүлүгү менен тушташ түптөлгөн алгачкы коомдук уюмдардын бири.

Өткөн мезгил ичинде ал өлкөбүздүн коомдук-маданий жана рухий-интеллектуалдык турмушунда эсте каларлык көптөгөн көрүнүктүү саамалыктардын демилгечиси жана аткаруучусу болуп келди.

Анын көп кырдуу ишмердигинин ичинен өзгөчө элибиздин көөнөрбөс рухий дөөлөт-мурастарын сактап ка-

луу жана заманга шайкеш өнүктүрүп-өрчүтүү, өз өнөрүн, чыгармачылыгын, акыл даремети менен кажар-күчүн талыкпай мекенине арнаган адамдардын ак эмгегин жана адамдык парасатын ардактоонун асыл үлгүсүн кеңири жайылтуу жагында жүргүзүп келе жаткан иши бөтөнчө баага арзыйт.

Ошондой эле жалпы адамзаттык көйгөйлөрдү чечүүгө, өлкөлөрдүн өз ара тынчтыкта жанаша жашоосу үчүн көрүнүктүү эмгек сиңирген мамлекет башчыларын, эл аралык абройлуу уюмдардын жетекчилерин «Руханияттын» ардактуу сыйлыктары менен белгилөө элдердин ортосундагы достукту жана кызматташтыкты гана чыңдабастан, жаңыча экономикалык байланыштарды түзүүгө жана бекемдөөгө да үзүрлүү өбөлгө түзүп жаткандыгын белгилеп кетким келет.

Сиз жетектеген жамааттын аткарып келе жаткан түзүүчүлүк иштери коомдук жана өкмөттүк эмес уюмдар үчүн өрнөктүү деп эсептейм.

Ассоциациясынын 15 жылдык мааракеси анын алган багытынын тууралыгын жана аткарган иштеринин натыйжалуулугун жалпы коомчулук тарабынан колдоого ээ болуп жаткандыгы айкын далилдеп турат.

Сизди жана Сиз жетектеген «Руханият» ассоциациясынын жамаатынын мүчөлөрүн чын дилимден куттуктоо менен бардыгыңыздарга чын ден соолук, ишиңиздерге чыгармачылык ийгиликтерди каалаймын.



Амангельди МУРАЛИЕВ,
Премьер-министр
Кыргызской Республики

**Уважаемые члены Совета Международной ассоциации содействия возрождению духовности «Руханият»!**

Глубоко тронут вашим решением о присуждении мне премии «Человек года» и прошу принять слова искренней и сердечной благодарности всем членам Совета Международной ассоциации содействия возрождению духовности «Руханият» за столь высокую оценку моей работы.

Признаться, данное решение авторитетной в стране и за рубежом ассоциации «Руханият», было для меня неожиданным. Правительство, в котором я работаю под руководством Президента Акаева Аскара Акаевича, занимается рутинными повседневными делами по обеспечению жизнедеятельности страны, подъему экономики, социальной защиты населения, повышению активности и поощрению наших граждан в предпринимательской деятельности. Даже подготовку к празднованию 3000-летия Оша старались проводить без лишней шумихи и помпезности, отдавая приоритет решению социально-экономических проблем древнего города, накопившихся в течение нескольких десятилетий.

И хотя позитивные сдвиги в экономике и социальной сфере уже начали проявляться в нынешнем году,

мы отдаем себе отчет в том, что находимся пока еще лишь на середине пути к стабильному и уверенному развитию. Значительно большую отдачу от мер, принятых Правительством совместно с другими органами государственной власти, мы ожидаем в будущем – 2001 году. Наши подсчеты и прогнозы экспертов позволяют рассчитывать на результаты, которые приведут к реальному подъему жизненного уровня граждан. На эти цели рассчитана также разрабатываемая в настоящее время при поддержке Всемирного банка программа Комплексных основ развития Кыргызской Республики на период до 2010 года.

Тем не менее, я рад такой высокой оценке, поскольку воспринимаю ее как подтверждение правильности стратегического курса реформ, проводимых Президентом страны А.Акаевым, правильности тактических шагов и мер по выводу экономики Кыргызстана из кризисной ситуации, в которой мы оказались вследствие крупнейшего международного экономического и финансового кризиса 1998 года.

Уверен, что народ Кыргызстана успешно справится с задачами, которые ставит перед нами новое время, в первую очередь, своим трудом, а также при поддержке дружественных стран построит себе достойное будущее.



Николай ТАНАЕВ,
Кыргыз Республикасынын
Премьер-министри

**Эл аралык «Руханият» ассоциациясынын Президенти Акун Токтосартовго**

*Урматтуу Акун Токтосартович!*

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн атынын Сизди рухий дүйнөнү жаңыртууга көмөктөш эл аралык «Руханият» ассоциациясынын түзүлүшүнүн 10 жылдык маарекеси менен чын жүрөктөн куттуктаймын.

Мына ушул салтанатты белгилеп жатып, эл аралык «Руханият» ассоциациясы – руханий, маданий жана көркөм өнөрдүн өнүгүшүнө омоктуу салым кошуп жаткан республикабыздагы көзгө басар коомдук уюмдардын бирин түптөлгөн күндөн тартып эки тизгин, бир чылбырды колдон чыгарбай келе жаткан жетекчиси катары Сиздин сиңирген эмгегиңиз туурасында айтпай кетүү калыстыкка жатпас эле.

Сиздин турмуштук зор тажрыйбаңыздан жана уюштуруучулук жөндөмүңүздөн, жетекчилик талантыңыдан улам «Руханият» ассоциациясы мына азыркыдай абалга жетип, көп кырдуу уюмга айланап олтургандыгы айныгыс чындык. Басып өткөн турмуштук жолуңузга кылчайып көз жүгүртүп көрүп, бул маарекеге Сиз республикабыздын гүлдөп өсүшү үчүн көптөгөн жакшы саамалыктарды жаратып, пайдалуу арбын иш аткаргандыгыңызды баамдасак болот.

Кыргыз Республикасынын Маданият министри болуп дайындалып, Сиз 1987–1991-жылдардын аралыгында таланттуу жетекчи жана мамлекеттик ишмер катары өзүңүздүн эң мыкты сапаттарыңызды айгинелей алдыңыз.

Достук жана маданий байланыштын кыргыз коомунун Президиумунун, Кыргызстан элдеринин ассамблеясынын Кенешинин, Кыргызстан Жазуучулар, Театралдык, Музыкалык ишмерлер, Журналисттер союздарынын мүчөсү экендигиңиз Сиздин коомдук ишмердигиңизди баса белгилеп турат.

Азыркы учурда – коомубуз кыйла оош-кыйыштарды баштан кечирип, түрдүү себептерден улам адамдык касиеттердин эң ыплас жактары ашкереленип жатканда – эстрадалык сахнадан, телеэкрандан орой жүрүм-түрүм, мыкаачылыктын тири укмуш мислдары нөшөрлөп, нукура маданият зордук менен четке сүрүлүп жаткан шартта чыныгы руханий баалуулуктарды ырааттуу колдоого алып келе жаткан эл аралык «Руханият» ассоциациясынын ишмердүүлүгү өзгөчө мааниге ээ.

Сизге чың ден соолук, бейпилчилик жана узак өмүр каалайм, ошондой эле өлкөбүздүн гүлдөп өнүгүшү үчүн албан-албан ийгиликтерге жетише беришиңизге тилектешмин.



Султан РАЕВ,
Министр культуры и информации
Кыргызской Республики

# РОВЕСНИК НАШЕЙ СУВЕРЕННОЙ РЕСПУБЛИКИ

Мы с вами сегодня являемся участниками знаменательного события в культурной и духовной жизни нашей страны. Исполняется 15 лет со дня основания Международной ассоциации содействия возрождению духовности «Руханият»!

От имени Министерства культуры и информации Кыргызстана, многочисленных коллективов деятелей культуры, творческой интеллигенции со всей искренностью поздравляю прежде всего Вас, Акун Токтосартович, инициатора и основателя этого международного объединения интеллектуалов с 15-летием Ассоциации «Руханият»!

Несомненно, радость знаменательной даты вместе с Акуном Токтосартовичем разделяют члены Ассоциации, лауреаты премии «Руханият» и энтузиасты этого истинно народного движения гуманизма и согласия.

Глубоко символично, что общественная организация «Руханият» является почти ровесником нашей суверенной республики. Мы знаем, что ренессанс нашей культуры и возвращение к ее самобытным истокам начался именно в начале 90-х годов!

Мне кажется, тот факт, что бывший министр культуры нашей республики Акун Токтосартов добровольно взвалил на себя нелегкую ношу возрождения и достижения качественно нового уровня национальной культуры и духовности, имел под собой некую незыблемую закономерность. Ибо любая нация, каждый народ считается нацией и народом лишь тогда, когда имеет свою историю, традиции, уникальную культуру и искусство.

В этом смысле трудно переоценить важность и актуальность тех крупных памятных мероприятий, которые проводились под эгидой «Руханият» на протяжении прошедших пятнадцати лет. Чего греха таить, после перестройки в конце 80-х годов прошлого века действительно стало мало уделяться внимание культуре, искусству, литературе и вообще духовным ценностям. Именно этот пробел в нашей общественно-политической жизни заполнила собой Ассоциация «Руханият». Акун Токтосартович, члены и активисты этой организации, как истинные патриоты и граждане своей страны в тяжелое для культуры и искусства время стремились всемерно поддерживать отечественных деятелей культуры, используя для этого все имеющиеся возможности.

Оценивая прошедшие годы, мы с удовольствием отмечаем, что деятельность «Руханият» не ограничивается лишь сферой культуры и искусства. Учреждение и регулярное вручение премий «Руханият» за весомый вклад в развитие духовности выдающимся деятелям культуры, писателям, поэтам, ученым стало желанным событием в общественной и культурной жизни Кыргызстана. Широкую популярность и глубокое уважение в нашей стране и во многих зарубежных странах завоевали премии Международной ассоциации содействия возрождению духовности «Руханият» – «Человек года», «За мир и согласие между народами», «Курманжан датка», «Бизнесмен года».

Эти премии в разное время были присуждены таким выдающимся личностям современности, как народный

писатель Кыргызстана Чынгыз Айтматов, Президент Республики Казахстан Нурсултан Назарбаев, Президент Республики Узбекистан Ислам Каримов, президент Соединенных Штатов Америки Билл Клинтон, Генеральный секретарь Организации Объединенных Наций Кофи Аннан, Генеральный директор ЮНЕСКО Федерико Майор, президент Турции Сулейман Демирель, наш земляк, космонавт Салижан Шарипов, премьер-министр Пакистана Беназир Бхутто.

Торжественное вручение этих премий надолго осталось в памяти многих участников знаменательных событий, и имело добрый резонанс в международной политике. Сегодня авторитет Международной ассоциации содействия возрождению духовности «Руханият» на международной арене весьма высок. Ассоциация тесно сотрудничает с интеллектуалами Германии, Турции, Ирана, Китая и других стран. Акции «Руханият» приобретают особое воздействие на укрепление добрососедских отношений между государствами и народами.

В заключение еще раз хочется поздравить коллектив ассоциации «Руханият», который в своей пятнадцатилетней истории сделал немало добрых дел и не позволил многим творческим людям забыть о своем высоком призвании.

Доброго Вам здоровья, дорогие друзья, дальнейших успехов в Вашей многогранной и благородной деятельности!



Каныбек ОСМОНАЛИЕВ,
Министр образования и науки
Кыргызской Республики.

*К 15-летию Международной ассоциации «Руханият»*

**Совету Международной ассоциации содействия возрождению духовности «Руханият»**

## ИНСТИТУТ ЗАЩИТЫ ГУМАНИЗМА И ПРОГРЕССА

Уважаемый Акун Токтосартович! От имени коллектива Министерства образования и науки Кыргызской Республики, многотысячной армии учителей, преподавателей, научных работников страны искренне поздравляю с 15-летием создания Международной ассоциации содействия возрождению духовности «Руханият».

Эта дата напоминает всем нам, кыргызстанцам, о сопричастности огромному и важному, поистине святому делу, которое стало центральной задачей гуманной деятельности ассоциации «Руханият», – обогащению духовности и достижений культуры страны, поощрению творческого начала в обществе, поддержке искусства, науки, помощи талантливым представителям народа.

Уникальная деятельность ассоциации «Руханият» в формировании единого мироощущения граждан Кыргыз-

стана, содействия межнациональному взаимопониманию, помощи процессу консолидации кыргызстанцев в сплоченное общими целями общество сограждан-единомышленников.

За 15 лет своего существования, ставшее, по сути, целой эпохой в новой истории суверенного Кыргызстана, ассоциация «Руханият» обрела признание в Международном масштабе, как общественный институт защиты гуманизма и прогресса, дружбы и сотрудничества между народами и уважения к духовным ценностям.

Культурно-просветительная миссия ассоциации «Руханият» имеет огромное значение для сохранения духовных ценностей Отечества в эпоху глобализации. Премии «Руханият» – «Человек года», «За мир и согласие между народами», «Курманжан датка» имеют огромный культурно-политический вес. Тот факт, что они присуждены и с благодарностью приняты выдающимися людьми планеты, говорит о значимости духовно-нравственного потенциала нашего народа и государства. Эти значительные акции ассоциации «Руханият» встречают горячее одобрение со стороны наших современников, граждан стран – партнеров Кыргызстана, способствуя созидательности и толерантности в культурно-политическом климате международного сотрудничества.

Позвольте заверить Вас, что идеалы и принципы, провозглашенные в деятельности «Руханият», встречают подлинное понимание и горячее одобрение в учебных заведениях, научных учреждениях страны, где всегда первостепенное значение уделялось задачам сбережения отечественного культурного и интеллектуального наследия. Храня культуру, и Вы, и мы стоим на страже человеческой мудрости, ответственны за то, чтобы наша эпоха стала веком высокой культуры.

Успехов в Вашем благородном деле! И да сопутствует Вам мир и благоденствие в обществе, понимание в умах и сердцах сограждан!



Кыяз МОЛДОКАСЫМОВ,
Кыргыз Улуттук телерадио
корпорациясынын Башкы директору

## КЫРГЫЗСТЫН РУХУ ӨЛБӨСҮН

*Урматтуу Акун Токтосартович!*

Сизди жана сиз жетектеген атпай журтка аттын кашкасындай таанымал эл аралык «Руханият» ассоциациясынын жамаатын, Кеңеш мүчөлөрүн 15 жылдык куттуу маарекеңиздер менен миллиондогон көрүүчүлөрү жана угуучулары бар Кыргыз Улуттук телерадиокорпорациясынын жалпы жамаатынын жана өзүмдүн атымдан куттуктаймын.

Кыргыздын улуу ойчулу Арстанбек Буйлаш уулу: «Байлык сиңип кетээр түз, бийлик эрип кетер муз, өнөр артында калаар из» – деп айткан экен. Анын сыңарындай өнөрдү сыйлаган, өнөрлүүнү урматтаган уюткулуу кыргыз журту алмустактан бери эле улуттун рухун туу тутуп, элдик оозеки чыгармачылыгын ооздон-оозго өткөрүп, руханий мурасын кылымдан-кылымга өчүрбөй сактап жашап келди.

Океандай чалкыган «Манас» эпосубуздан тартып, дүйнө эли суктанган элдик эпостор, дастандар, ырküүлөр, аалам алкагында тектүү эл экенибизди ырастап турат. Нечен кылым тарыхы бар кыргыз эли Совет мамлекети урап, өз алдынча түтүн булатып, жаңыча кадам шилтеп тамтуң баскан учурда маданиятыбызга

да өткөөл, кыйчалыш мезгил туш келгенде бирден бир улуттун рухун туу көтөргөн, түндүгүн түшүрбөгөн Рух дүйнөбүздүн борбору «Руханият» ассоциациясы болгону талашсыз.

Кыргыз маданиятын дүйнөгө таанытууда өз салымын кошуп, жаңы кылымдын жаңы лидерлерин аныктап, ар бир жылдын мыкты атуулдарын баалап, «Руханият» сыйлыгын ыйгарып, жалпы калкка руханий дем берип келгениңиздерди тарых өзү баалайт. «Руханият» сыйлыгынын аброю артып, ал сыйлык бир гана кыргыз мамлекет башчылары, эл аралык уюмдардын жетекчилери бул сыйлыкты зор урмат менен кабыл алып, сыймыктанганы биз үчүн дагы кубаныч.

Даңазалуу энебиз Курманжан датканын дагы арбагын бийик көтөрүп, чет элдик айымдарга, өкмөт башчыларына, «Курманжан датка» сыйлыгын убагында тапшырганыңыздар лауреаттар үчүн чоң жоопкерчилик жараткандыгын өздөрү айткан эле. «Руханияттын» ар бир иш-чарасы өзүнчө эле маданияттын чоң майрамына айланат. Анткени аны мамлекеттик деңгээлде уюштура билген, маданияттын өргөөсүн терең түшүнгөн мыкты уюштургуч инсан жетектейт.

Урматтуу Акун Токтосартович, сиз чынында бүткүл өмүрүңүздү кыргыз маданиятына арнадыңыз. Кезегинде Кыргыз Республикасынын Маданият министри, Токтогул атындагы мамлекеттик филармониянын Башкы директору сындуу жооптуу кызматтарды аркалоо менен бирге улутубуздун маданияты үчүн нар көтөргүс салымыңызды коштуңуз. Алардын баарын санап олтурсак өзүнчө узак сөз, узун санжыра. Ал эми кыргыз адабиятында мыкты котормочу, мыкты калемгер катары дагы ордуңуз бар. Эл үчүн жасаган эмгегиңиз, Сиз жетектеген «Руханияттын» келечеги үчүн зор өбөлгө. Ылайым кыргыздын руху өлбөсүн-өчпөсүн! Элибиздин арасында дайыма аман жүрүп, ден соолукта узак өмүр сүрүп, мындан ары дагы эгемен мамлекетибиздин түндүгүндө маданият байрагын бийик көтөрө беришиңизге тилектешмин.

*Уважаемый Акун Токтосартович!*

Правления творческих Союзов нашей страны сердечно поздравляет коллектив Международной ассоциации содействия возрождению духовности «Руханият» с 10-летием ее создания.

Вместе с Вами мы отмечаем эту славную дату и разделяем Ваши праздничные чувства. С ассоциацией «Руханият» у нас одни цели и задачи. И нам особенно понятны, близки и дороги неослабевающие усилия коллектива Ассоциации по приобщению наших соотечественников к духовности, высокой нравственности и укреплению глубокой веры в силу человеческого разума и реальности совершенствования современного общества.

Мы горячо приветствуем и высоко ценим целеустремленную моральную и материальную поддержку ассоциацией «Руханият» мастеров искусства и литературы, общественно-политических деятелей и ученых в их стремлениях консолидировать общество, всемерно содействовать взаимопониманию и согласию между всеми людьми и народами суверенного Кыргызстана.

По достоинству оценивая ваши значительные достижения, мы выражаем твердую надежду, что благородное дело ассоциации «Руханият», утвердившееся в первое десятилетие, будет успешно продолжаться и с каждым годом приумножать свою высокогуманную миссию.

*Председатель Союза писателей*
*Кыргызской Республики* *Н. Алымбеков*
*Председатель Союза композиторов*
*Кыргызской Республики* *С. Субаналиев*
*Президент Союза музыкальных деятелей*
*Кыргызской Республики* *А. Жумахматов*
*Председатель Союза кинематографистов*
*Кыргызской Республики* *Г. Ажибекова*

| | |
|---|---|
| *Председатель Союза журналистов* | |
| *Кыргызской Республики* | *А. Султанбаев* |
| *Президент Союза театральных деятелей* | |
| *Кыргызской Республики* | *Т. Жолдошбекова* |
| *Председатель Союза художников* | |
| *Кыргызской Республики* | *Т. Курманов* |
| *Председатель Союза архитекторов* | |
| *Кыргызской Республики* | *А. Алсеитов* |
| *Председатель Союза народных мастеров* | |
| *Кыргызской Республики* | *С. Макашов* |



Мухтар ШАХАНОВ,
Чрезвычайный и Полномочный посол
Республики Казахстан
в Кыргызской Республике,
народный поэт Казахстана и Кыргызстана

*Уважаемый Акун Токтосартович!*


Позвольте сердечно поздравить Вас с 60-летним юбилеем!

Пользуясь случаем, хочу отметить, что под Вашим началом Ассоциация проводит уникальную и весьма благородную работу в деле возрождения духовности и подъема культуры, способствует укреплению силы духа, и воли общественных и государственных деятелей, а также проявлению их лучших душевных и человеческих качеств. Большое удовлетворение вызывает у меня Ваша личная инициатива в последовательном расширении и укреплении дружбы и духовного сближения казахского и кыргызского народов. Я также уверен, что Вы еще приложите немало усилий для их интеллектуального развития. Кроме того, я с особой симпатией и уважением отношусь к Вашим личным и профессиональным качествам, вобравшим в себя высокую одухотворенность и добропорядочность, которые позволяют Вам плодотворно выполнять высокую миссию содействия росту духовности.

Должен также сказать, что благодаря общности наших идейных позиций, теплые дружеские отношения и впредь будут развиваться в духе полного взаимопони-

мания. Учитывая, уважаемый Акун Токтосартович, Ваши огромные заслуги в духовной сфере, а также большой потенциал, который, несомненно будет направлен на укрепление дружбы двух народов, мы решили наградить Вас Почетным дипломом Посольства Казахстан.

Желаю Вам крепкого здоровья и орлиного полета на ниве духовности!



Фетхуллах ГЮЛЕН,
философ, гуманист, акын,
коомдук жана диний ишмер

*Эл аралык «Руханият» ассоциациясынын урматтуу мүчөлөрү!*


Мамлекеттердин ортосундагы мамилелер өз ара кызыкчылыктарга негизделгендиги баарыбызга маалым болсо да, биздин түрк элинин Кыргызстан менен болгон байланышы чыныгы боордоштуктун байланышы болуп саналат. Ошондуктан биздин каныбыз, жаныбыз жана дилибиз Сиздер менен бирге. Эгемендүүлүктүн байрагын көкөлөтө желбиреткен бир тууган кыргыз элинин улуу тарыхы, көөнөрбөс маданияты бар, ушундам-улам Кыргызстан дүйнөдөгү өнүккөн өлкөлөрдүн катарына кошулушуна толук ишенемин.

Мен өмүр бою бардык күчүм, ишеничим менен сөзүмдүн жетишинче тынчтык, достук үчүн ураан чакырып келемин.

«Тынчтык жана элдердин ортосундагы ынтымак үчүн» Эл аралык сыйлыкка татыктуу болгондугумду куттуу кыргыз элинин жана «Руханият» ассоциациясынын мүчөлөрүнүн мага көрсөткөн урматы катары кабыл аламын.

Эл аралык «Руханият» ассоциациясынын жетекчилигине, бардык мүчөлөрүнө терең ыраазычылыгымды билдирип, алардын ардактуу иштерине албан ийгиликтерди каалаймын.

Николай ГУБЕНКО,
Председатель Комитета по культуре
и туризму Государственной Думы
Российской Федерации



*Глубокоуважаемый Акун!*

Сердечно поздравляю Вас с 60-летием со дня рождения. Самых добрых слов благодарности и искреннего признания заслуживает вся Ваша созидательная жизнь, Ваш весомый вклад в процветание культуры и искусства щедрой талантами Киргизии.

Ответственный, целеустремленный и преданный делу человек, знающий свое дело, активный, трудолюбивый, заинтересованный и неравнодушный, Вы стали ярким министром культуры республики, преодолевшим все ступени профессионального восхождения к этому высокому посту. Все эти качества позволили Вам осуществить множество достойных государственных и общественных дел, стать полезным своему Отечеству, завоевать высокий авторитет и международное признание.

Пусть этот юбилейный день будет для Вас глубоко памятным улыбками людей, добрым и деловым настроем на будущее, гордостью за свершения во имя и на благо своей прекрасной Родины.

Желаю Вам крепкого здоровья и неизменных успехов, долгой, вдохновенной жизни и неразрывной связи с многочисленными коллегами и друзьями из братских стран, творческого и личного счастья.



Николай ФИЛИПЧЕНКО,
заместитель исполнительного директора
Большого театра России

## ТРУДОМ ДУШИ

Мой дорогой друг Акун! Я счастлив, что имею возможность высказать свои мысли и выразить добрые чувства по отношению к Вам в связи с Вашим прекрасным юбилеем – 60-летием со дня рождения!

Будучи незаурядным человеком, на всех малых и больших постах – от методиста до министра и президента – Вы всегда были и остаетесь верным поборником идей гуманизма, добра, человеколюбия, приверженцем дружбы между народами, горячим патриотом и верным сыном Кыргызстана.

Ваши знания, убеждения, умения, высокие человеческие качества позволили Вам стать видным государственным деятелем, внести неоценимый вклад в развитие культуры, искусства, народного творчества одного из древнейших народов Средней Азии. В период вашего руководства Министерством культуры Кыргызской Республики интенсивное развитие получили театральные организации, филармонии, музеи, фольклорные ансамбли, камерные оркестры, приумножилось число кыргызских студий, небывалого размаха достигли культурные обмены.

Будучи президентом Международной ассоциации содействия возрождению духовности «Руханият», Вы прилагаете немало усилий для морального и материального поощрения творчества выдающихся деятелей культуры и искусства Кыргызстана, вносящих большой вклад в расширение многосторонних экономических и культурных связей, в укрепление дружественных отношений между народами.

Культурная общественность Кыргызстана высоко оценила замечательные переводы Акуна Токтосартова художественных произведений русских, украинских, казахских и узбекских писателей.

Президент Международной ассоциации, академик, член Союза писателей, театральных и музыкальных деятелей, почетный член творческих союзов, редакционных коллегий, правлений фондов и обществ – на все у Вас хватает времени, интеллекта, души, творчества и сил!

Дорогой юбиляр! Позвольте от всей души пожелать Вам добра, счастья, здоровья, новых успехов на избранных Вами поприщах на радость Ваших близких, друзей и соратников!

Вы по праву заслуживаете всего этого и много большего!



Серпиль АЛЬПМАН,
Туркия Республикасынын
Кыргызстандыгы элчиси

*Урматтуу Акун Токтосартов мырза!*
*Эл аралык «Руханият» ассоциациясынын кадырлуу мүчөлөрү! Кымбаттуу коноктор!*

Курманжан датка тынчтыкты сүйгөн киши катары Кыргыз калкынын тарыхында маанилүү из калтырган бир инсан болгон. Мени эл аралык «Руханият» ассоциациясынын «Курманжан датка» сыйлыгына ылайык көргөндүгүңүз үчүн ыраазычылык билдиремин. Анын атындагы бул сыйлыктын көптөгөн маанилүү инсандарга ыйгарылгандыгы жана булар менен ушул сыйлыктын чогуу болушу мага өзгөчө кубаныч берүүдө.

Бир дипломат, бир элчи катары дос жана боордош Кыргызстан менен Түркиянын ортосундагы мамилелердин ар тармакта өнүктүрүлүшү үчүн эмгектенип келатамын жана ушул кызматташтык мамилелердин алдыбыздагы мөөнөттө дагы да өнүгө тургандыгы жана күчөй тургандыгына ишенгенимди белгилеп өткүм келет.

Эл аралык «Руханият» ассоциациясынын мындан кийинки иштеринде ийгиликтер каалайм жана учур менен пайдаланып, бардыгыңыздарга эң жакшы тилектеримди урматтоолорум менен билдиремин.



Орхан ИНАНДЫ,
«Себат» эл аралык билим берүү
мекемесинин президенти

## ТҮРК РУХАНИЙ ДҮЙНӨСҮНҮН ТҮБӨЛҮГҮНӨ КАМ КӨРГӨН «РУХАНИЯТ»

*Урматтуу Акун Токтосартович!*

Сиз негиздеген жана эл аралык чоң кадыр-баркка ээ болгон «Руханият» ассоциациясынын 15 жылдык маарекеси кут болсун айтуу менен бул белестен артка кылчайып карасаңыздар аткарган иштериңиздер бараандуу көрүнүп жаткандыгына ишенемин. Бул кыска мезгилдин ичинде адамзаттын прогрессивдүү келечеги үчүн эң манилүү камкордук көрүүнүн, татыктуу өмүр сүрүүнүн тарыхы жаралгандыгын жалпы эл жакшы билет.

Сиздер эң улуу ишке – эл куту болгон руханий дүйнөнү колдоого, Рух адамдарына бекем дем берүүгө белсенип киришкенсиздер. Ал эми руху бийик элдин экономикасы да, дүйнөлүк зоболосу да өркүндөп өсө берери түшүнүктүү.

Он беш жылдын ичинде түрк дүйнөсүнүн ичинен Түркиянын да бир нече инсандары, атап айтсак, Сулейман Демирель, Реджеп Тайип Эрдоган, Мухаммед Фетхуллах Гюлен, Тансу Чиллер, Южель Бозкурт сыяктуу инсандар «Руханият» сыйлыгын алышкандыгы жалпы түркиялык боордошторуңуздар үчүн сыймыктана турган көрүнүштөрдөн деп билиңиздер.

Баарынан да 1999-жылдын 23-апрелдеги жарлыгыңыздар менен кыргыз-түрк лицейлеринин «Себат» билим берүү мекемесинин дирекциясы « XXI кылымдын кадрлары» улуттук программасын ишке ашыруудагы эмгеги, эки элдин ортосундагы достук жана маданий байланыштарды чыңдоого кошкон салымы үчүн ушундай абройлуу сыйлыкка татыктуу болгондугу биз үчүн чоң сыймык да, чоң жоопкерчилик да болду. Биз муну кубануу менен кабыл алып, сиздердин ишенимиңиздерди татыктуу аткарып келе жатабыз деп ойлоймун. Биз алган сыйлыктардын, ичинде «Руханияттын» сыйлыгынын орду өзгөчө бийик, өзгөчө катарда.

Сиздер Ала-Тоодон бизди Анадолуга жеткирген тулпарды, көктө туруп өткүр көздөрү менен ааламга көз салган шумкарды тартуулагандыгыңыздар менен жалпы журтту таң калтырып жана кубандырып келесиздер. Бул сыйлар – өзгөчө символикалуу, өзгөчө жүрөк толкундатып, дилди жибите турган тартуулар.

Сиздердин кыргыз маданиятына, илимине, саясий турмушуна салым кошкон инсандарды таап, аларды элге көрсөтүп жаткандыгыңыздар, Сиздер өткөргөн ар кандай иш-чараңыздар, улуттун жүзүн ачып, дүйнөгө таанытуу, улут рухун көтөрүү деп түшүнөм. Бул улуу өрнөгүңүздөр дүйнөнүн башка элдерине жана мамлекеттердин жетекчилерине үлгү болсо деймин.

Дагы бир жолу 15 жылдык тоюңуздар менен! Кыргыздар «тойлор тойго улансын» дегендей, тойлоруңуздар ар дайым болуп турсун. Түбөлүккө бар болуңуздар!



Саид БАЮМИ,
Президент общественной организации
Всемирной ассамблеи молодёжи

*Уважаемый Акун Токтосартович!*

Позвольте поздравить Вас и Ваш коллектив с юбилеем и знаменательной датой – 15-летием Международной ассоциации содействия возрождению духовности «Руханият», которая трудится во благо возрождения духовности и культуры Кыргызстана. Желаем Вам и Вашей семье здоровья, благополучия, процветания, мира и счастья. Также хочется пожелать Вам творческого развития и профессионального подъема в Ваших стремительных начинаниях.

Зная Вас не первый год, мы с твердостью уверены, что такой человек как Вы заслуживает благодарности многих поколений за Ваш огромный труд и вклад в развитие и становление культуры Кыргызстана. Являясь партнерами, надеемся на дальнейшее сотрудничество с Вами.

Хочется искренне поблагодарить Вас за стремление к приумножению духовности народа Кыргызстана и за поддержку в строительстве мечети. Уверены, что этот труд принесет много пользы, блага и Всевышний благословит Вас.

Всемирная ассамблея молодежи во главе с президентом господином Саид Баюми выражает Вам личную благодарность за Вашу деятельность, за Ваши бесчисленные достижения на благо развития и процветания Кыргызстана. Ваш вклад в культурное и духовное развитие является значимым и историческим.

Борис ГОГАЕВ,
депутат Жогорку Кенеша
Кыргызской Республики

## ПРОВОДНИК БРАТСТВА И ДРУЖБЫ

15 марта 2001 года исполняется 60 лет со дня рождения Акуна Токтосартова.

Акун Токтосартов прошел путь от рядового методиста до Министра культуры Кыргызской Республики. В 1992 году он стал инициатором создания Международной ассоциации содействия возрождению духовности «Руханият» и был избран ее Президентом.

Акун Токтосартович является членом союзов писателей, театральных, музыкальных деятелей, почетным членом Союза архитекторов Кыргызской Республики.

Находясь более 30 лет на руководящих должностях, Акун Токтосартович по праву занял достойное место как талантливый руководитель и организатор, внесший неоценимый вклад в развитие культуры и искусства Кыргызстана, подготовку высококвалифицированных творческих кадров, пропаганду кыргызского искусства в зарубежных странах, укрепление межнациональных отношений.

С именем Акуна Токтосартова неразрывно связаны успешное проведение культурной политики, совершенствование системы культурно-просветительных учреждений, расцвет профессионального и самодеятельного искусства. В период его пребывания на посту Министра

культуры были открыты Театр юного зрителя, Ошская областная филармония, Объединение «Кыргызконцерт», созданы фольклорный ансамбль «Камбаркан», камерный оркестр «Насыйкат», открыто 6 мемориальных музеев, построено здание республиканского театра кукол.

Большим событием в культурной жизни страны были гастроли в республике Большого театра Союза ССР, Ленинградской академической капеллы им. Глинки, Академического хора им. Пятницкого, оркестра «Виртуозы Москвы» и многих других знаменитых коллективов. Традиционными были фестивали искусств «Весна Ала-Тоо», Дни культуры Кыргызстана в РСФСР. Лучшие художественные коллективы и исполнители представляли кыргызское искусство в Китае, Индии, Польше, Франции, Японии и других странах.

Глубоко радует, что Акун Токтосартович продолжает активную общественную деятельность по сохранению и приумножению духовного наследия кыргызского народа. Возглавляемая им Международная ассоциация содействия возрождению духовности «Руханият» является одной из самых активных и значимых общественных организаций Кыргызстана. Учреждение премий «Руханият»: «Человек года», «За мир и согласие между народами», «Курманжан датка», присуждение которых многим видным государственным и общественно-политическим деятелям всего мира, сыграло огромную позитивную роль в расширении экономических, культурных связей и укреплении братских, дружественных отношений народов. Являясь Президентом Ассоциации «Руханият», Акун Токтосартов стал поистине проводником братства, дружбы, интернационализма.

У кыргызов говорят: «Если ты на важном посту – тебе важно быть учтивым». И именно учтивость, скромность, искренность, гуманность – отличительные черты

характера уважаемого юбиляра... Человек деликатный, тактичный, он далек от каких бы то ни было нечистоплотных политиканских игр. Это чистый, правдивый, душевно щедрый, отзывчивый человек, который, подобно весне, дарит окружающим людям радость и уверенность в себе.

Уважаемый Акун Токтосартович! В этот поистине знаменательный день желаю Вам душевных и телесных сил еще на долгие годы, неиссякаемой энергии и неугасимого оптимизма. Пусть в Вашем доме всегда будут мир, благополучие и много радостей. И еще помните: с годами Вы не просто становитесь старше, Вы становитесь лучше.

Каныбек АЛЫКУЛОВ,
Председатель Союза архитекторов,
заслуженный строитель
Кыргызской Республики

*Глубокоуважаемый Акун Токтосартович!*

Союз архитекторов Кыргызской Республики сердечно поздравляет Вас с 60-летием со дня Вашего рождения!

Вы, уважаемый Акун Токтосартович, начав свою трудовую деятельность от рядового работника культуры, выросли до заведующего сектором культуры ЦК Компартии Киргизии. Затем, занимая ответственные посты заместителя Министра культуры и Министра культуры Кыргызской Республики, Вы внесли большой вклад в развитие искусства и культуры Кыргызстана. Логическим продолжением Вашей деятельности стало создание Вами Международной ассоциации «Руханият», которая ныне является одной из активных общественных организаций республики.

По Вашей инициативе были учреждены премии ассоциации «Руханият» – «Человек года», «За мир и согласие между народами», «Курманжан датка», что стало важной вехой в культурной жизни современного Кыргызстана и сыграло позитивную роль в развитии дружественных отношений среднеазиатских стран и других народов.

Вы, Акун Токтосартович, являясь Генеральным директором культурного центра «Манас айылы» в г. Бишкек, приняли непосредственное и активное участие в скорейшем завершении этого объекта и в проведении 1000-летия эпоса «Манас».

Работы, проводимые Вами, в области культуры и в настоящее время получают большую поддержку жителей республики.

Архитекторы республики в своей творческой деятельности также всегда чувствовали Вашу поддержку и понимание.

Союз архитекторов республики искренне желает Вам, уважаемый Акун Токтосартович, крепкого здоровья, личного благополучия, семейного счастья и дальнейших творческих успехов во всех Ваших делах в приумножении и развитии культурных ценностей Кыргызской Республики.

*Урматтуу Акун Токтосартович!*

«Жаш кезде берсин мээнетти, карыганда берсин дөөлөттү» деген элибизде макал бар. Кырчындай курагыңыздан тартып, кыргыз элинин маданиятына опол-тоодой эмгек кылган кыргыздын чыгаан азамат уулдарынын бири катары 60 жаш курагыңыз менен Кыргызстан жазуучуларынын Ош облустук бөлүмүнүн атынан, ошондой эле Ош-тук жазуучулардын атынан кызуу куттуктайбыз!

Сиз эмгек жолуңуздун башатын маданият тармагында иштөө менен баштадыңыз. Республикалык маданий-агартуу окуу жайын бүтүрүп келгенден баштап, маданият тармагында талыкпай иштеп келе жатасыз. Сиздин эмгек жолуңуз кыргыз калкынын улуттук маданиятынын өсүп-өнүгүшү менен тыгыз байланышып турат. Маданият министрлигинин алдындагы маданий-агартуу Башкы башкармалыгында инспектор, начальниктин орун басары кызматтарында жаштык курагыңызды, жигердүү эмгегиңизди жана талыкпас талантыңызды берип иштедиңиз. Сиздин эмгегиңиз оозго алынып, жогорку кызматтарга, башкача айтканда, Министрлик кызматка чейин көтөрүлдүңүз. Мунун өзү Сиздин ишмердүүлүгүңүзгө, чынчылдыгыңызга, адилеттүүлүгүңүзгө жана адамдык улуу сапаттарыңызга байланыштуу колдоо болчу.

Маданият министрлигин Сиз башкарып турган учурда Кыргыз Республикасында олуттуу маданий жаңылыктар жүз бергенин биз абдан жакшы билебиз: Жаш көрүүчүлөрдүн театрынын, «Кыргызконцерт» бирикмесинин, Ош облустук филармониянын, Токтогулдун, Тоголок Молдонун, Алыкул Осмоновдун, Аалы Токомбаевдин, Гапар Айтиевдин, Семён Чуйковдун мемориалдык музейлери ачылып, «Камбаркан» фольклордук ансамбли, «Насыйкат» камералык оркестри түзүлүп, Ала-Бука, Соку-

лук, Караван, Ноокат, Ат-Башы маданият үйлөрү, республикалык куурчак театры курулган болчу. Мунун бардыгы Сиздин жетекчилигиңиз аркылуу иш жүзүнө ашырылгандыгын биз өзгөчө белгилеп коюуга милдеттүүбүз.

Ал эми Эл аралык «Руханият» акыл-ой дүйнөсүн кайра жаратуу ассоциациясын уюштуруп, анын Президенти болуп шайланып, бүгүнкү күнгө чейин талыкпай иштеп келесиз. «Руханият» сыйлыгына А. Акаев, Н. Назарбаев, И. Каримов, А.Х. Рафсанжани, Ч. Айтматов, Т. Чиллер, Эржан Мурат (ООН), М. Шаханов сыяктуу дөө-шаалар татыктуу болуп, Сиздин колуңуздан салтанаттуу түрдө тапшырылды. Мунун өзү республикабыздын саясий, экономикалык, маданий байланышын башка өлкөлөр менен чыңдады жана коомдук зор мааниге ээ болду.

Чыгармачыл инсан катары дагы тынымсыз иштедиңиз. Калемиңизден П.Кадыровдун «Жылдыздуу түндөр» романы, О. Бокеевдин «Чагылгандын изи» аттуу драмасын, аңгемелерин, А. Абдулиндин «13-башкарма» аттуу чыгармаларын кыргызча сүйлөттүңүз. Бул котормочулук ишиңиздин бир гана жагы экенин белгилемекчибиз.

Урматтуу Акун Токтосартович!

Карылыктын башаты 60 жаш курагыңыз куттуу болсун! Али күч-кайратыңыз кайта элек демдүү учуруңуз эми келди деп ойлойбуз жана эли-журтуңузга албан-албан кызмат көрсөтөт деп ишенебиз.

Ден соолукта үй-бүлөңүз менен аман болуп, дагы узун өмүр сүрүшүңүзгө биз калемдештериңиз тилектеш экендигибизди билдиребиз!

***Ж. Каримов – Жазуучулар Бирлигинин Ош облустук бөлүмүнүн башчысы,***
***Т. Мияшев – жазуучу, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер,***
***К. Ташбаев – акын, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер,***
***Т. Кенжеев – жазуучу, Кыргыз Республикасынын маданиятка эмгек сиңирген ишмер,***
***Т.Закирова – акын, Кыргыз Республикасынын маданиятпына эмгек сиңирген ишмер***



Жаңгазы АКМАТОВ,
Ысык-Көл райондук мамлекеттик
администрация башчысы

**«Руханият» ассоциациясынын
Президенти А. ТОКТОСАРТОВго**

*Урматтуу Акун Токтосартович!*

Ысык-Көл райондук мамлекеттик администрациясы сиздин 60 жылдык кутман курагыңызга куттук айтуу менен бирге адам өмүрүндөгү эң асыл нерселер – бекем ден соолук, бакубат жашоо жана куунак көңүл каалайт.

Сиздин кыргыз элине жана кыргыз улуттук маданиятынын дүркүрөп өсүшүнө сиңирген кызматыңыз теңдешсиз. Алсак, Сиз эмгек жолуңузду маданият министрлигинде маданий агартуу башкы башкармалыгынын орун басары болуп баштагансыз. Андан соң Токтогул Сатылганов атындагы мамлекеттик филармониянын, «Манас айылы» ишкер долбоорунун генералдык директорунун милдетин аткардыңыз. 1992-жылы сиздин жеке өз демилгеңиз менен эл аралык кайра жаралуунун «Руханият» ассоциациясын түзүп, анын президенттигине шайландыңыз. Өмүрүңүздүн 30 жылын жалаң жетекчилик кызматка арнап, кыргыз искусствосун жана маданиятын өнүктүрүүдө, жогорку квалификациялуу кадрларды даярдап, өстүрүүдө чоң эмгек өтөдүңүз. Кыргыз искусствосунун эң мыкты өкүлдөрү жана өздүк көркөм чыгармачылыгынын жамааттары Кытайда, Индияда,

Польшада, Францияда, Японияда, Португалияда, Испанияда жана башка өлкөлөрдө болушуп, кыргыздын маданиятын кеңири даңазалай алышты. Бул Сиздин түздөн-түз жетекчилигиңиз менен өттү.

Учурда өзүңүз жетектеген «Руханият» ассоциациясынын лауреаттары өсүп чыгып, анын кулачы кеңири жайылтылды. Дүйнөлүк масштабда аттын кашкасындай таанылды. Сиздин элдердин достугу, кызматташтыгы үчүн, жер жүзүндө тынчтык үчүн жумшаган эмгегиңизди кыргыз эли жогору баалап келген жана баалай бермекчи.

Урматтуу Акун Токтосартович, Сизди 60 жылдык кутман курагыңыз менен дагы бир жолу куттуктап, мындан ары узак өмүр сүрүп, чың ден соолукта болуп, элиңизге албан-албан эмгек өтөй беришиңизге тилектешмин.



Турсун УРАЛИЕВ,
Кыргыз Республикасынын
Эл артисти, режиссер

## АКУН ТОКТОСАРТ УУЛУНА КААЛООМ!

Жакшыны жакшы баалайт Кудай Таалам,
Кут жалгап жашай берет ошол адам.
Алланын амирине туш келипсиң,
Кут болсун Акун мырза ушул дабаң!

Мына, арыбай иштеп жүрөсүң,
Ар жагын тагдыр түзөсүн.
Алланын берген жарыгын,
Ары жок наалат үзбөсүн.

Эми, кемибесин эч жериң,
Элге тиет керегиң.
Бардыгын жердей көтөргөн,
Деңиздей болсун чөлкөмүң!

Акун иним! Очогуң өмүр өчпөсүн,
Ой-кырың дайым көрктөсүн!
Аман жүр элдин жоомарты,
Сен ай нурун чачкан көктөнсүн!



Уркаш МАМБЕТАЛИЕВ,
манасчы, Кыргыз Республикасынын
Эл артисти

## ТООЛУКТУН КЫРААН КУЛУНУ

*(Эл аралык «Руханият» ассоциациясынын президенти Акун Токтосартовго)*

Аркасы тиер чыныгы,
Айтпай журт эрден курубу?!
Чокусу чолуй көк чийген,
Алай-Куу тууган туругу.
Токтосарт уулу Акунду айт,
Тоолуктун кыраан кулуну!

Ак шоола мисал таңдагы,
Ал эл деп, шамдай жанганы.
Туюкту жарып шуулдап,
Туйгундай чабыт салганы.
Кыйла иште чыгаар ажатка,
Кыраандык ошол андагы:

«Эсеби билип ченемин,
Электей элеп кебегин.
Ал түшсө чечен айтышка,
Алдырбас сөзгө эгерим.
Атындай Акун ыргактуу.
Акындык шык бар дегеним.

Сел алса капыс алкымдап,
Сестенип ирмем тартынбас.
Жигиттин гүлү жаз көңүл,
Жибитер жанды жаркылдап.
Топто алдырбас кеп келсе,
Тоо бүркүттөй шаңкылдап.
Айбарлуу айдай көрүнгөн,
Ак жүздөн нуру төгүлгөн.
Каар күн түшсө жанбастай,
Кайраты камчы өрүлгөн.
Иштемчил жагын айтсаңыз,
Илгиртпей куштай теминген».

Ооба, анда сонун жөрөлгө,
Жамгырлуу көктөй төбөңдө.
Удургуп сыйбай фонтандан,
Рухий ички көрөңгө.
Урунттуу салым кошушу,
Улуттук көркөм өнөргө!



Мелис ШАРШЕНБАЕВ,
режиссер, драматург, Кыргызстан Театр ишмерлер союзунун төрагасы,
Кыргыз Республикасынын адабиятына жана искусствосуна эмгек сиңирген ишмер

## ДОСУМ ЖӨНҮНДӨ

Такыр шашпайт. Ошо шашпай жүрүп эле иштин баарын кынтыксыз бүтүрөт. «Опуруп-жапырып, бирөөгө катуу айтып, коркутуп-үркүтүп жибермейлерди билбейт окшойт» – десең, деги ал билбеген эч нерсе жок. Алактап коркуп, же: «Сениби! – деп бирөөгө кекенгенин да кырк жылдан ашык убактан бери көрө албадым. А тургай, бир адам менен: «Сен анттиң, мен минттим» дешти бекен деги бала чагында деген ойго келесиң кээде. «Кемчиликсиз тирүү жан болбойт, шарт өзгөрсө, адам да ошого жараша иш кылат, бүгүнкүлөр эмне, бейпил заманда курсагы ток, кийими бүтүн, анын үстүнө кадыр-барктуу кызматта болсо, жайдары, бардыгы менен жылуу мамиледе жүрө бериш оңой эле нерсе эмеспи...» – дегендерди да кулагым чалат. Ичимен ага макул эмесмин, анткени ар бир доор, ар бир тармак, ар бир жамаат, үй-бүлөнүн кичинеби, чоңбу чиеленишкен проблемалары болот. Ошону чечип жатканда ар адамдын мүнөзү, мүмкүнчүлүктөрү болбой эле көрүнүп калат.Ошондой жагдайларда жанындагы адам колуңа кол, бутуңа бут болсо, жаның сергийт, дагы бирге иштешүүнү, дагы бирге эс алууну, дагы жакындашууну самайсың, тес-

керисинче, болсо көңүл сууп, башка нерселерге алаксыганга аракет кыласың.

Улам улгайган сайын адам үчүн жашоонун кумары улам өзгөрүп, улам бири маанилүү көрүнүп, кечээ эле биринчи планда турган нерселер экинчи же үчүнчү орундарга сүрүлүп, алмашып тураарын, жада калса жанындан ысык көргөн балдарың, неберелериңе караганда мындайыраак көрүнө түшкөнүн өз башыбыздан өткөрдүк. Ал эми жоро-жолдош, өзгөчө дос деген бала кездеги ыйык түшүнүктөр 60, 70 деген кыска эле марага жетпей жыл өткөн сайын улам бири сыноодон аксап, артта калган өмүрүң сыяктуу эскерүүгө айланат турбайбы. Айылдагы аксакалдар: «Сүйлөшүүгө киши калган жок!» – дешип үшкүрүшкөндөрү кечээ эле чачты кайкалата таранып, бүгүн кашка башка айланган бизге да жетти. Биз да далайлардын сынынан өтпөй, биз дагы кыйла досторубуздун дарегине: «Аман болсун!», «Дос айрылат, тууган кайрылатты» көбүрөөк колдонуп, бала-бакыра, куда-сөөк, тууган-урук менен алектенип калат экенбиз. Бул да турмуштун мыйзам ченемидир, көптөгөн жаңылыштыктардан келип чыккан бүтүмдүр... Бирок мен ушул эрежеден тышкары жашаган адамды жакындан билбесем, бул чакан макаланы жазмак эмесмин. Ал – кыргыз журтчулугуна аттын кашкасындай белгилүү инсан Акун Токтосартов.

Бул кишинин достору азаймак турсун, жыл өткөн сайын көбөйүп, эскиден эч кимиси ажырабай бара-бара мурдагыдан да жакын болуп бараткандарынын феномени мага бир жагынан табышмак болсо, экинчи жагынан көз аддымда өтүп жаткандыктан, эч бир табышмаксыз эле, ар бир адамга жакшылык саноонун жөпжөнөкөй өрнөгү болду. Айткандарымды чечмелеп көрөйүн.

Бала кезден бери эки жакын досум бар, бири өспүрүмдүк максимализмди туу туткан, жашоо-турмушту ак менен карага, башка түстөрдү аралаштырбастан экиге гана бөлгөн адам. Жаңыдан таанышкан кишиси-

нин терс жагын байкай коюучу өзгөчөлүгү бар, экинчиси, тескерисинче, жакшы жагын гана көрүп, мүчүлүштөрүн такыр байкачу эмес. Ал экөөнү: «Силер дүйнөнү бир жактуу кабыл аласыңар, мен четки бааны беришге алысыраакмын, жакшы жагын да, жаман жагын да байкаганга аракеттенем» – деп алардан артык сезчимин өзүмдү. Көбүнчө, адамдардын ар кандай кырдаалда көңүл ирээнжиткен нерселери байкалып калса, биринчи досум: «Мына, айтпадым беле, мен анын кандай адам экенин биринчи көргөндө эле байкагам, ушуну менен канча жолу менин сөзүм туура чыкты» – деп кырдана түшмөй адаты бар. Экинчиси болсо, бул Акун досум экенин айта кетейин, андай терс бурулуштар адам баласынын колунан келбестей, эч бир ишенбестен: «Дагы эмне дейт, андай болушу мүмкүн эмес, койсоңорчу...» – деп эле тим болбостон, ошол биз кол үзгөн адам менен кабагым-кашым дебей мамилесин уланта берчү. Жаш, курч кезекте, досуңдун мындай бейтараптыгы, чыкккынчылыкка барабар экени айтпаса да түшүнүктүү эмеспи. Ары кетип, бери кетишип да жүрдүк, кийин пайгамбар жашынан баарыбыз аттап өткөндөн кийин баамдасак, ал Кудай Тааладан сейрек инсанга гана бериле турган зор үлүш, келечекке, адамга ишеним үлүшү турбайбы.

Досумдун ошол жакшы нерселерди көрө билгендигинен, адегенде кошо иштешкен кесиптештерине, анан кол алдындагыларга болгон зор ишеним өз натыйжасын мол берди. Кыргызстандын маданият тармагы Советтер өлкөсүндөгү натыйжалуу да, кызыктуу да иштеп жаткандардын катарына кирген. Башкасын айтпасам да, жакында каза болгон Татьяна Шмыга оперетта жанры боюнча СССРдин Эл артисти деген бийик наамга татыган жалгыз аткаруучу болуп чыкты. Ал эми Акун Токтосартов маданиятты башкарып турганында биздин эле кичинекей республикабыздан СССРдин төрт Эл артисти жаралды. Албетте, Самара Токтакунова, Леонид Ясиновский, Капар Медетбеков, өзгөчө Эстебес

Турсуналиев элибиздин сыймыктуу уул-кыздары болуучу. Бирок зор мамлекеттин учу-кыйырына белгилүү болуп, опол-тоодой ардактуу наам алыш чоң-чоң декадалар, фестивалдардын жыйынтыгында болбосо, иш жүзүндө берилиши кыйын эле. Ошол эле Эстекем боюнча, Москва эки жолу акындык өнөрдү кыргыз, казактан башка калк анча билбейт экен, өзүңөрдүн республиканын эл артисти деген наам эле жетишет аларга» – деп болбой койгондо, Акун дос Асан Камалов деген башкармадан клубун сурап алып, ошол жерде Эстекемдин колхозчулар менен жолугушуусун Бүткүлсоюздук телевидениенин корреспондентине тарттырып, ал боюнча борбордук каналдын «Время» программасынан көрсөтүүсүн уюштуруп, «мына эми Бүткүл Союз билет бул кишини» – деп док урунуп жатып алып берген ошол бийик наамды. Капар абам боюнча эле мени эки жолу Маскөөгө документтери менен жиберип жатып, союздагы эң катаал шартта, бийик тоолордун арасында иштеп жаткан театрды колдоп койгула деп жатып алып берген. Акун Токтосартович жетекчилик кызматка келген жылдары СССРдин каражат булактары соолуй баштаганына карабай, Кыргызстанда жаштар театры, куудулдар театры, Ош облосттук филармониясы, облосттук куурчак театры, маданий-тарыхый эстеликтерди калыбына келтирүүчү «Кыргызреставрация» бирикмеси, Токтогул, Тоголок Молдо, Алыкул, Аалы, Г.Айтиев, С.Чуйков, А.Орозбеков музейлери ачылып, нечен жаңы чыгармачылык коллективдери түзүлүп, өздүк көркөм ийримдеринин катышуучуларынын саны 100000 адамга жеткен.

Башкасын айтпаганда да, Токтогул абабыздын 125 жылдык маарекесинин акындын туулган жеринен башталып, Маскөөдөгү атактуу «Колонный зал Дома союзов» наамындагы келишкен Сарайдын сахнасында өткөрүлүшүн бүгүнкү күндөн кылчайып карасак, уюштуруучулук менен кынтыксыз табиттин үлгүсү катары көрүнөт.

Маарекеден канча мурда, райондун жетекчилери менен сүйлөшүлүп, Током жаткан, анын айылдаштары, шакирттери жаткан бейиттен баштап тазаланып, ирээтке келтирилип, жергиликтүү музейдин экспозициялары жаңыланып, өзү реставрацияланып, бактар тигилип, ишембиликтердин натыйжасында Чолпон-Ата айылынын көчөлөрү түздөлүп, штакетниктерине чейин сырдалып, сырттан келген меймандарыбызга-жупуну жашасак да, тегерек четибизди таза кармаганыбыз көрүнүп турду. Ал эми өрөөн масштабындагы иш чаралар, көптөгөн боз үйлөрдүн тигилүүсү менен республикалык деңгээлде өткөрүлгөндүгү, көчмөн турмуштун инфраструктурасын калыптандырып, кийин «Манас» эпосунун 1000 жылдык маарекесин даярдоодо, өз салымын кошту. Эң негизгиси – бул иш-чаралар келип, көрүп, ичип-жеп кеткендердики эмес, чыныгы чыгармачылыктын, көркөм өнөр инсандарынын, алардын жетишкендиктеринин, тагыраак айтканда атайын даярдалып, канча талкуудан өткөн мыкты номерлер, мыкты аткаруучулардын майрамы болду. Иш-чаралардын корутунду концертинде КПССтин Саясий бюро мүчөлөрү, москвалыктар, ал жакта окуп. иштеп жүргөн жердештерибиз көпкө чейин артистерибизди сахнадан кетирбей: «Браво», «Браво!» – дешип кол чаап турганы али эсте.

Мындай сыймыктануу чын жүрөктөн кабыл алуу дайым эле боло бербейт. Биринчи ирээтте жетекчинин табитине, алдындагыларга койгон талабына, иштөө үчүн түзүп берген шартына жараша болот. Режиссер катары айтсам, менин негизги энергиям, аткаруучуга жардам катары мыкты, келечектүү жолдорду издешүү эмес, сахнага чабал номерлерди чыгарбоого кетет. Ар бир артисттин «жогорку эшелондо түктүү колу» бар, элге көрүнө турган чоң иш чараларда, ал кургур өз колдоочусуна жетип барат, анан эле үстү жактан «кошуп койгула, чыгарып койгула» деген өтүнүчтөр келе баштайт. Эгерде маданиятты башкарып турган кишинин табити

начар, эрки бош болсо, өзү үстүңкү буйруктарга туруштук бергиче, төмөндөгү өзүнө баш ийген адистерге октой тийип, жакшы менен жаманды аралаштырып салат. Ошентип сапат бузулат, көрүүчү уятынан кол чабымыш болуп, кеткиче шашат.

Токтосартов, өзгөчө музыкалык номерлерди тандоодо, аткаруучуну бери кой, анын кайсы номери мыкты, кайсынысы начар чыгып калганына чейин, кайсы дирижер менен кандай мамиледе, кайсы номер менен ачсак, эмне менен жапсак ийгилик болооруна чейин жумушчу топ менен чечип, бекилген нерселерге эч кимди кийлигиштирген эмес. Бул абдан маанилүү, анткени кийинки жетекчилерибиз концерттин алдында келип кээ бир номерлерди коштуруп койгондугун нече жолу башымдан өткөргөм.

Ал эми Акун Токтосартов жетектеген «Руханият» ассоциациясы болсо, эгемендүүлүк жылдарында өкмөтүбүз, жалаң каражаттын жетишсиздигинин айынан маданият министрлигин эки жолу жоюп, рухий дүйнөбүздү жаратуучуларды «эмне болсоң, ошо болго» коё бергенде, өзүнүн «көмөктөшүү» деген жупуну миссиясын «жаратуучу» бийиктигинин деңгээлине көтөрүп, көркөм өнөр чөйрөсү гана эмес, бизнес, саясат жаатында жаңы формациядагы инсандардын калыптанышына зор салымын кошуп, журтчулугубуздун көңүлүнүн борборунан орун алды. Бул фактор биринчи иретте жетекчинин ишмердүүлүгүнө байланыштуу – калтаарыбас, тайманбас гана адамдарга таандык.

Акун дос, 70 жылдык даңазалуу маарекеге келечектүү жаңы долбоорлор менен келгениңди да жакшы билем, ийгилик, ильхом Сага!

## «РУХАНИЯТТЫН» РУХИЙ ДӨӨЛӨТҮН КӨТӨРГӨН ИНСАН

Филармониянын кең сахнасында Өзбек Республикасынын Президенти Ислам Каримовго эл аралык «Руханият» ассоциациясынын сыйлыгы тапшырылып жаткан. Ошондогу Акун досумдун ыгы менен жасаган ишине өзүбүздүн президентибиз А.Акаев, сыйлык ээси Каримов да ыраазы болгондой, турмушта, өзгөчө саясатта мындай нерселер керек экенин көрүп-билип турган эл да, бул чечимди кызуу колдоп, дүркүрөтө кол чаап турду. Сыйлыкты алып тим болбостон Ислам Абдуганиевич, чыгыштын сыпайгерчилигин сактап, биздин президентке да, сыйлык тапшырып жаткан Токтосартовго да өтө кымбат Сайма сайылган чепкендерди жаап, баштарына топу кийгизди. Бир көз ирмемге, менин Акун досум, эки президенттин ортосунда алкоого алынып, бардык бул салтанатка катышып олтургандардын көңүл борбору боло түштү, ошондо досум мурдагыдан да келбеттүү, акылдуу болуп көрүндү көзүмө. Көпчүлүк менен алаканым ысыганча кол чаап жатып, ичимден: «Көргүлө ким экенин Акундун, билип жүргүлө мындан ары», – деп күңгүрөнгөм, андан ары: «Дагы көрөсүңөр! Шашпагыла» – деп кимдир бирөөгө кекенгеним али эсимде, анын да себеби бар эле...

1991-жылдын январь айы. Биз бирге иштешкен жакшы санаалаштар, министрибиздин элүү жашка чыгышын ич ара чогулуп белгилеп коёлу деп жүргөнбүз, бирок ошол ызгаардуу күндөрдү, алты-жети Адам: «Токтосартов отставкага кетсин!» – деген уран менен пикетке чыгып, Акунубуз иштен бошоп калды. Бирөөгө өчөшкөнсүп той өткөрүүнү өзү да, биз да туура көрбөдүк, той өткөрүлбөй калды.

Мына ошол күндөн баштап, бүтүн чыгармачыл уюмдардын башын бириктирген, маданият министрлиги менен менен эч ким эсептешпей калды.

Бул тармакты каржылоону айласы жок мойнуна алып жүргөн финансы министрлиги кыйла жеңилдей түштү. Биринин артынан бири кандай чубаган министрлер, өз тармагынын таламын талашып, Өкмөткө, Жогорку Кеңештин сессияларына чейин бармак биякта калсын, өздөрү башкарып жаткан министрлик жоюлуп жатканда, дагы да башка кызматтан үмүт кылып, эл оозун баса турушу үчүн жан далбас кылып жүгүрүп жүрүштү. Он жылда алты министр алмашты.

Дагы алмашат, анткени маданият тармагын чыгармачыл интеллигенция деп коюшат. Ал журт илгертеден өзүн бийликке каршы кармайт, уу-дуу келгенде атка жеңил, тайга чак болот. Чоң бийликтегилерге (Пушкин–Николай I, Хрущев – Неизвестный, Брежнев – Ростропович ж.б.) алы жетпесе да, өз жетекчилеринин сазайын колуна карматып жүрөт. Мисал катары, СССР убагындагы театр тармагына – директорлор – 2,5 жыл, режиссерлор, дирижерлор – 3 жылдан гана орто эсеп менен иштешкен бир кызматта. Бул деген, бир жылча гана сага эч ким кол салбайт, анан асыла баштайт да 1,5–2 жылда алып түшөт деген кеп. Өтө опурталдуу тармак. Мына ошол тармакта бала кезинен методист кызматынан баштап, министрге чейин ар бир кызмат тепкичин калтырбай басып өткөн Токтосартов жаңыдан эле иштей баштаганда шашылыш түрдө алып таштаганда кандай муктаждык бар эле? Ошол уюшкан алты кишиден сурабай, алты жүз кишини бир залга чогултуу мүмкүнчүлүгү жетекчилерибизде жок беле? Айтылат эле го ошондо бир топ сөз!

Жазуучулар, композиторлор кошуну, сүрөтчүлөр, киночулар, театр ишмерлер... жана да бир топ кошундар маданият министрлиги менен тыгыз байланышты иштешип жатышпады беле, алардан бир ооз суралдыбы?

– Жок! Жамандыр-жакшыдыр үч орун басары, 40–50 адам аппараты бар министрликтин жамаатынан бир ооз пикир сурашкан жок. Же өкмөт мүчөсүнүн кызматы мындай талдоого арзыбайбы? Же кызматка дайын-

доо, же андан бошотуу элементардык логикага түшпөй турган нерсеби?

Кечиргин замандаш! Небак өткөн нерсеге эмне мынча күйүп-жанып кетти бул киши дээрсиз... Сиздики да туура, бирок кечээки каталарыбыз бүгүн да кайталанбаса дейт экен Адам. «Бөдөнөнү сойсо да касапчы сойсун». Ар тармактын өзгөчөлүгү бар, биле жүргөнүбүз абзел. Маданият майданында аттуу-баштуу, атак-даңктуу адамдарыбыз кудайга шүгүр бир топ бар. Ар бир атактуу коллектив, бул биздин учурда көркөм дүйнөнү жаратып жаткан инсандар гана эмес, тилекке каршы, өзүнө өзү корстон болуунун, пейил күтүүнүн, кежирликтин, чыргоолуктун да топтолгон мекени керек. Бул факторлорду конкреттүү адамдарга каршы колдонулса, ал жалпы тармакка зыяны тийип калышы турган иш экенин турмуш өзү көрсөттү. Үч кишинин башы бириксе: «Силер, кимге каршы достошуп жатасыңар?» – деп тамаша-чындан сурап койчу эле менин окутуучум Р.С.Агамирзян. Жыл өткөн сайын, чыгармачылык коллективде бул сөз орундуу экенине көз жетти. Ал эми Акун достун оңой жигит эместигине жалаң Кыргызстан эмес, түрк дүйнөсү күбө.

Аскар Акаев, Күлүйпа Кондучалова, Тансу Чилер, Нурсултан Назарбаев жана башка далай чыгаан инсандар Акундун колунан сыйлык алышып, ал ассоциациянын баркы жылдан жылга жогорулоодо.

«Өлбөгөн жанга жаз да келээр» дегендей, үчүнчү миң жылдыктын биринчи жазы да келди. Бул Акун досумдун алтымышынчы жазы. Куттуу болсун кесиптешим, замандашым, курдашым, акем! Улуу, кичүү бардыгыбыз бала кезден эле өзүнүн салабаттуулугуна, көңүлчөөктүгүнө, бардыгыбызга карата кылган мамилесине, камкордугуна карата Акун аке дейт элек. Кээде, бизден алда канча улуу Роба Насыровна (ал кездеги Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин бөлүм башчысы) да Акун аке деп коёр эле. Сиз бул жазга балдардын атасы, неберелердин чоң ата, таятасы, элге белгилүү ишмер, республикабызда көптөгөн

кароолор, конкурстар, фестивалдардын тушоо кесери, көп сандаган маданият кызматкерлеринин устаты, эл аралык сыйлыктардын жаратуучусу, бир топ ишканалардын ээси, «Таш менен урганды аш менен Ур!» деген кыялкеч, «Туура бийде тууган жок…» деген жетекчи, көбүбүзгө Аккандай дос, айтор, азыркы замандан айтылып кала тургандан, экөө болсо – бири өзүң, жалгыз болсо, ал – сенсиң! Аман жүрчү… Өзүң дөө-шаалардын катарында жүрсөң да, сыйлыктарың эл катмарларынан ажырабасын!

Табийгаттан берилген акыл, аракетин негизинде укмуштуудай натыйжага жеткенин өз көзүм менен көрүп да, сыймыктанып да жүрөм.

Ал сенсиң, бар бол досум!



Сагыналы СУБАНАЛИЕВ,
Б. Бейшеналиева атындагы мамлекеттик искусство институтунун ректору,
Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, профессор

## РУХ ЧАБЫТЫ

Быйылкы 2007-жылы рухий дөөлөттөрдү кайра жаратууга көмөктөш эл аралык «Руханият» ассоциациясынын уюшулгандыгынын 15 жылдыгын өлкөбүздүн коомчулугу кеңири белгилешет. Анткени бул мезгилдин ичинде замандын катаал жана татаалдыгына, социалдык-экономикалык тармактын өсүп-өнүгө албай жаткандыгына, мамлекетибизде саясий кырдаалдардын курчушуна карабастан «Руханият» ассоциациясы өзүнүн эл алдындагы вазийпасын жигердүүлүк менен ишке ашырууда.

«Руханият» ассоциациясы коомубуздагы интеллектуалдуу күчтөрдү кыймылга келтирүү, кайталангыс талантка ээ болгон адамдардын келечегине шарт түзүү, эчен калымдардын кыйыр жолун баскан кыргыздардын көөнөрбөс мурастарын, салт-санааларын, илимий, маданий жетишкендиктерин дүйнө журтчулугуна тааныштыруу аракетинен жазбай келет.

«Руханият» достуктун көпүрөсү катары калктардын биримдигине чоң салымын кошуп, адамдарды ынтымакка, гумандуулукка чакырып, алардын жандүйнөсүнүн жана ой жүгүртүүсүнүн жаңылануусуна басым жасоодо.

«Руханияттын» табиятында жана иш аракетинде бийликке же мансапкордукка, курулай саясатчылыкка ум-

тулуу аракети таптакыр жок жана андай жолго барбайт. Тескерисинче, калкыбыздын жалпы мүдөөсү үчүн акылмандуулук жана даанышмандык менен иштеп жатышкан мамлекеттик ишмерлерге, бизнесмендерге, коомдук уюмдарга, бийлик органдарына дайыма көмөктөш, алардын жакшы жетишкендиктеринин жарчысы.

Биз сөз кылып жаткан уюмдун мезгил талабына үндөш маанилүү демилгелеринин бири – азыркы замандын алдынкы адамдарынын прогрессивдүү иштерин даназалоо максатында «Тынчтык жана ынтымак үчүн», «Жылдын инсаны», «Курманжан датка», «Руханият» аттуу сыйлыктарын уюштурган. Алсак Казакстан, Өзбекстан, Иран мамлекеттеринин башчыларына, Түркиянын Премьер-министрине, ЮНЕСКОнун Башкы директоруна жана бир катар чет элдик коомдук ишмерлерге бул сыйлыктарды салтанаттуу кырдаалда тапшырылышы Ала-Тоо аймагындагы зор окуялардан болуп калды. Ал эми «Жылдын инсаны» эл аралык сыйлыгына Россиянын Президенти Владимир Путин, Белоруссиянын Президенти Александр Лукашенко ээ болушту.

Ошондой эле Социалисттик Эмгектин Баатырлары, Кыргыз Республикасынын Баатырлары Ч.Айтматов, С.Жусуев, С.Күмүшалиева, А.Жумакматов, Т.Касымбеков, М.М.Миррахимов, А.Мамакеев, К.Молдобасанов, космонавт С.Шарипов, аялзаттын ардактуу өкүлдөрү К.Кондучалова, Ч.Баекова, Ш.Садыбакасова, академиктер Ж.Акималиев, А.Бөрүбаев, А.Какеев, У.Асанов, Б.Мурзубраимов, Д.Кудаяров, Эл акын-жазуучулары Ж.Садыков, О.Султанов, Э.Ибраев, К. Акматов, Эл артисттери сыймыктуу адамдары «Руханият» сыйлыктарынын лауреаттары.

«Руханият» улутубуздун улуу адамдары жөнүндө калк кадырлаган инсандар» деген түрмөктүн алкагында эскерүү, жолугушуу, чыгармачыл кечелерин, көргөзмөлөрдү, концерттерди өткөрүп келүүдө.

Тынчтыкка, достукка, өз ара кызматташууга бекем багыт алышкан мамлекеттик, саясий ишмерлер, эконо-

микабыздын өсүшүнө өзгөчө салым кошуп жатышкан бизнесмендер үчүн биринчи жолу уюштурулган «Жылдын инсаны», «Жылдын бизнесмени» аттуу сыйлыктар, төкмө акындардын «Ак таңдай» конкурстары, «Мекенибиз Кыргызстан» деген девиз менен өткөн башка улуттардын маданий күндөрү элибиз тарабынан кызуу кабыл алынды.

«Руханият» ассоциациясынын түздөн-түз катышуусу менен уюштурулган Исхак Раззаков, Султан Ибраимов, Ата Түрк, Эстебес Турсуналиев фондулары үзүрлүү иштеп жатышат. Ассоциациясынын каржылоосу натыйжасында Чыңгыз Айтматовдун «Чыңгыз хандын ак булуту», Көчкөн Сактановдун «Сталин», Сыргабек Шамбаевдин «Кыргызча-орусча-англисче сөздүгү», Сабыр Иптаровдун «Руханият» деген китептери жарык көрүп, «Манас» эпосунун миң жылдыгына арналган кинотасма тартылган. Ошондой эле «Руханият» чыгарган С.Жусуевдин ыр менен жазылган «Курманжан датка» романы Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыкка татыктуу болгон.

«Руханият» уюштуруучулук, пропагандалык, кайрымдуулук иштеринде атактуу адамдардан турган ассоциациянын Кеңешинин мүчөлөрүнүн тажрыйбасына таянып, көп кырдуу жана маанилүү маселелерди турмушка ашырууда.

«Руханият» тарабынан Бишкек шаарында маданий борбордун, турак жайдын, 1500 орундуу мечиттин курулушу башталат, Улуттук адабият жана искусство музейинин, китепкананын, поликлиниканын, көп кабаттуу турак жайлардын, соода комплексинин, балдар бакчасынын, мындан тышкары Ысык-Көлдүн жээгинде эс алуучу жайдын долбоорлоо иштери бүткөрүлөт.

«Рух инсандары – эл куту» сериясы менен И.Раззаков жөнүндө эскерүүлөр, Ч.Айтматовдун сөздөрү, К.Ташбаевдин ырлар жыйнагы, А.Токтосартовдун көркөм котормолору, өзбек жазуучусу П.Кадыровдун «Бабур» романы, казак жазуучусу О.Бокеевдин «Чагылган» повесть, аңгемелери, С.Шамбаевдин «Орус жана кыргыз

тилдериндеги макал-лакаптары» сыяктуу китептер жарык көрөт, даректүү фильм тартылып,тематикалык иш чаралар уюштурулат.

Ал эми көрүнүктүү мамлекеттик жана коомдук ишмер, маданий курулуштун мыкты уюштуруучусу, көркөм котормочу өлкөбүздүн коомчулугунун арасында кеңири сый-урматка ээ болгон Акун Токтосартов «Руханият» ассоциациясынын түзүлгөндөн бери аны тынымсыз жетектеп келет. Маданият тармагында кырк жылдан ашык жемиштүү эмгектенген бул адамдын аты кыргыз профессионалдык жана эл чыгармачыл көркөм өнөрүнүн 70–80-жылдардагы зор өсүштөрү, клуб, китепкана, музей, театр мекемелеринин көбөйүшү, алардын материалдык-техникалык базасынын чыңдалышы, маданий-агартуу иштериндеги жаңы формалардын жаралышы, жүздөгөн атайын билимдүү маданият кызматкерлеринин тарбияланышы менен тыгыз байланышкан.

Акун Токтосартов азыр дагы Ата Мекенибиздин келечеги үчүн түмөндөй түйшүктү аркалап, эли-журтубуздун алдында ар-намыстуулугу, кужурмөн ишмердүүлүгү, ак эмгеги менен албан иштерди аткарып жатат.

### Акун Токтосартовго

Намыска туулат эр жигит,
Накыл сөз нуру себилип.
Жакшылык коштоп жүрөсүз,
«Жалгасын» дешип эл билип...

Туу болуп туулат эр жигит,
Туйгундан болсун делинип.
Канаты талбай жүрсүн – дейт,
Камбылдык жайың эл билип.

Кошулсун бүгүн ден соолук,
Колдосун бакыт тең конуп.
Дубандан озо бериңиз,
Дувасы элдин эм болуп!

**Президенту Международной**
**ассоциации содействия**
**возрождению духовности**
**«Руханият»**
**Господину Токтосартову**
**Акуну Токтосартовичу**

Уважаемый Акун Токтосартович!

Руководство и коллектив Открытого акционерного общества «АзияУниверсал Банк» приветствует и высоко ценит поддержку Международной ассоциации содействия возрождению духовности «РУХАНИЯТ» мастеров искусств и литературы, общественно-политических деятелей, ученых и предпринимателей в их стремлении внести свой вклад в укрепление дружбы народов, гражданского согласия, возрождению национально-культурных традиций, проведение социально-экономических реформ в Кыргызстане.

Нам особенно понятны, близки и дороги активные усилия Ассоциации по приобщению наших соотечественников к духовности, высокой нравственности и укреплению глубокой веры в силу человеческого разума и реальности совершенствования современного общества.

В частности, «АзияУниверсалБанк», являясь одним из лидеров банковской системы Кыргызской Республики, оказывает всемерное содействие развитию искусства, культуры и спорта, высшего образования. Наряду с этим Банк активно участвует в развитии и реализации благотворительных программ. Один из самых ярких проектов – «Золотой фонд Кыргызстана», в рамках которого создано электронное собрание лучших произведений литературы и искусства Кыргызской Республи-

ки. В процессе реализации проекта «На все времена» Банк организовал выставку работ «За стеклом» художника Е. Бойкова и международную выставку «Лучшие ювелиры мира на земле Ала-Тоо», ставших значительными событиями в культурной жизни страны. Благодаря нашей поддержке, проведена реставрация картин выдающегося художника С.А.Чуйкова и выпущена монография «Семен Чуйков и его эпоха», посвященных 105-летию художника. В качестве генерального партнера Национального театра оперы и балета Банк регулярно оказывает поддержку постановкам театра.

В настоящее время «АзияУниверсалБанк» издал 400-страничную книгу «Искусство в Кыргызстане 20–21 века» – первое и самое масштабное издание по изобразительному искусству Кыргызстана, вышедшее в печать со времен СССР.

Уважаемый Акун Токтосартович! В знак благодарности за Вашу активную общественную деятельность, примите в качестве скромного подарка это уникальное издание.

Желаем Вам дальнейших успехов, здоровья и благополучия.

***Н.А.АБДРАЗАКОВ,***
***Председатель Правления***
***«АзияУниверсалБанк»***



Кармышак ТАШБАЕВ,
Кыргыз Республикасынын
маданиятынын эмгек сиңирген ишмери

## ТАРАТА БЕР МАДАНИЯТ ЖАРЫГЫН

Акун иним куттуу болсун курагың,
Ажайып жер сен төрөлгөн турагың.
Акыл менен эмгек кылып элиңе,
Ар кыл иштин тетиктерин бурадың.

Качан болсо калк милдетин аткарып,
Канча дагы коллективди башкарып.
Калың элге башың эрте көрүндү,
Кадыр-баркың кайкып учту даң салып.

Улуулукту улуулардан уладың,
Улут үчүн үмүтүңдү курадың.
Ушунчалык ар-намысың күчтүү экен,
Угуп алып мен кубанып турамын.

Намыс-арды бийик койдуң баарынан,
Нарк-санатты эч чыгарбай жадыңан.
Нечен ирет маданият ишинин,
Негизин сен түзүп койдуң жаңыдан.

Тоодой бийик журтка кошкон салымың,
Талант жактан талыбасын арымың.
Таңкы чолпон жылдызындай чачырап,
Тарата бер маданият жарыгын.



Дарика ЖАЛГАСЫНОВА,
Кыргыз Республикасынын Эл артисткасы

## САЛАМ «РУХАНИЯТ»!

Акун мырза, данакерсиз алтындан,
Сиздей жигит чыга берсин калкымдан.
Кайдан көрсөм, сыйдан көрөм дайыма,
Кыргыз элим, кагылайын салтыңдан!

Али эсимде ошол жаздын көктөмү,
«Руханият» майрамынын өткөнү,
Көңүлдөрдү көкөлөтүп учуруп,
Музыканын жамгыр болуп төккөнү.

Бул ырымды мен ошондо баштагам,
Салам айтып салтанатты мактагам.
Ырга кошсом «Намангандын алмасын»
Ислам мырза эрип кете жаздаган.

Акун мырза  ийилбеңиз, сынбаңыз,
«Руханиятты» мындан бетер чыңдаңыз.
Таланттарды, акылдарды чогултуп,
Тынчтык, эмгек, сүйүү ырын ырдаңыз.

Кылым өтөт улам доор алмашып,
Жаңы доор эски менен кармашып.
Бирок калат түбөлүккө музыка,
Суусаттырып, сураттырып бир кашык.



Салибай ШАТМАНОВ,
акын, Кыргыз Республикасынын
маданиятына эмгек сиңирген ишмер

## АТА ЖУРТТУН АТУУЛУ

*(Акун Токтосартовго арноо)*

Алай-Куунун көзгө басар кулуну,
Азыр болсо Ата Журттун атуулу.
Адамдардын катарында турат ал,
Ааламдагы айтакуулар аты улуу.

Жазмыш экен, пайгамбардын уулундай,
Жаралгандан жалгыз уул туулмай.
Бир атанын уулу туруп, бүт элдин
Уулу болуу кайдаа... чыгаан уул мындай.

Келбетине куп келишкен мырзалык,
Келин-кызга бир купуя сыр салып...
Кантсин алар, катып ичке сүйүүсүн
Калчу болду бир-биринен кызганып.

Ким көрсө да, түндө күйгөн тоодо отту
Көргөнү ошол, Акун Токтосартовду.
Ушул киши улуу инсан ушул кез,
А кездеги айыл билген бир кокту.

Жазган ырым жаркын иним тууралуу,
Жандүйнөмдүн кызыл толо кырманы.

Ойлогонго, ошол менин кырманым
Окурмандын жан азыгы ырдагы.

Кайда болсо кыйындыктан кайтпачу,
Ишеничти иши менен актачу…
Албан иштин өтөлгөсү деп билем.
Агарса эле аздап анын кыл чачы.

Өйдө-ылдыйлуу, эрен-төрөөн бул заман
Өз, өзгө деп… элди экиге ылгаган.
Биздин күндүн бир өксүгү деп билем,
Берилбесе буга сыйлык, буга наам.

Айта жүрчү алыс-жакын жактарга,
Арзыйт иши атпай журтка мактаарга.
Ат мингизип, куш кондуруп узаткан,
Исламжанга, Нурсултанга, Аскарга…

Жоомарт адам жомоктолуп кыйырдан
Кыйырларга кете берет ары улам.
Кыйын күндө көрөт тура кызматын
Кыргыз ата миң уулунан бир уулдан.

Ою бийик, максаты айкын, гумандуу,
Түн болсо да айсыз, ары тумандуу,
Жүрөгүнөн журтка жарык жол ачкан
Жигит тура жөрөлгөлүү, убайлуу.

Акун азыр ири лидер, ири ишмер,
Мамлекет маселесин чечишер.
Бардар адам бай өлкөнү куруууга
Салым кошсо… Салабаттуу бул да ишкер.

Учуу керек! Ушул болсо кушка арман,
Кыргыз деген кыраан уулга башкы арман.
Элдик адам эсен-аман жүрсө дейм,
Эл аралык бир сыйлыкты башкарган.



Бirимкул АЛЫБАЕВ,
акын, Кыргыз Республикасынын
маданиятына эмгек сиңирген ишмер

## ЧЫҢГЫЗДЫН КОЛДОЙТ АРБАГЫ!

*(Акун Токтосартовго)*

Руху күчтү – улутпуз!
Рухсуз пенде – туруксуз.
Айкөлүм Манас арбагы
Колдойт деп элди туруппуз!

Жомоктой нурга киринген
Жоргону көрсөм сүйүнөм!
Көп ишти дагы жасаарың
Көрүнүп турат түрүңдөн!

Учугу жерде – Теңирдин,
Уулсуң кыргыз элиңдин.
Учуру келип турганда –
Умтулгун, көккө темингин!

Жакшылар менен сырдашсың,
Жактырып сага ыр жаздым.
Себеби мага кымбатсың,
Сен дагы мени кыйбассың?

Душманын көрсө качырган
Тукумуң сенин – асылдан!
Ырыска шерик Түпкү Атаң
Ынтымак элге чакырган!

Атакка, даңкка тунгансың,
Алай-Куудан чыккан буудансың!
Асылын сөздүн издеген
Акындар менен туугансың!

Акула чалыш тулпарсың,
Анығын айтсам шумкарсың!
Алымбек датка баатырдын
Артынан келген султансың!

Акун, Алай-Куудан учкансың,
Абасын, суусун жуткансың!
Айтматов Чыңгыз агаңдай
Арашан болуп чыккансың!

Санаасын элдин уккансың
Санжыра, салтын туткансың.
Сары жылдыз болуп көктөгү
Сабалап, Акун, учкансың!

Ак карлуу тоодой салмагы,
Акун сен элдин – ардагы!
Чыныгы сендей инсанды
Чыңгыздын колдойт – арбагы!!!



Жумабек РАХМАНОВ,
мамлекеттик, коомдук ишмер,
эмгектин жана согуштун ардагери

## АРБАГЫ МАНАС КОЛДОГОН

Арышты таштап алгалап,
Алтымышта жашыңыз.
Арыбай иштеп Мекенге,
Ардакка конду атыңыз.

Акунум, Алладан келген акылдан,
Жетекчи чыктың такшалган.
Биримдик, Тынчтык болсун – деп,
Калың журтка жар салган,
Эмгегиң далай даңкталган.

Көркөм өнөр жагында,
Көктөйүңдөн талыкпай.
Көп милдетти аткардың.
Кыйла жылдар үзүрлүү,
Маданиятты башкардың.
Ийгилик таап ишиңден,
Эл ичинде макталдың.

Ата Журттун ойлогон,
Арбагы Манас колдогон.
Азамат жаштар көп өссүн,
Акундун жолун жолдогон.

Чериков ЭРКИНБАЙ,
эмгектин ардагери

## БИЙИК ЖЕРДИН ЖИГИТИ ЧЫГААН КЕЛЕТ

*(Токтосартов Акун иниме арнаймын)*

Акактай таза суу аккан,
Ар бир жылга өрөөндөн.
Карагай, арча, кайың, тал,
Өзөнү толо көгөргөн.

Ажайып кооз асыл жер,
Алай-Кууда төрөлгөн.
Арча бешик ичинде,
Ак олпокко бөлөнгөн.

Кыргыздын салтын сактаган,
Кылымга элин даңктаган.
Акундай инсан сыяктуу,
Асылдар чыгат бул элден.

Акыл менен билим экен тилегиң,
Нурун чачкан каухар экен жүрөгүң.
Өнүп-өсүп, оңолсо деп жашоосу,
Өз элиңе аппак экен тилегиң.

Талбай иште, ден соолугуң чың болсун,
Мекенге чач ак эмгектин үрөөнүн.
Канча кыргыз тентип жүрөт сырт жакта,
Жан багуу үчүн көзүн карап бирөөнүн.

Көмөк болоор туура багыт алышса,
Тарбияла, инилерди сүрөгүн.
Калың журтка караан болуп, дем берип,
Жаш муунду улам алга үндөгүн.

Узак өмүр, кетпес дөөлөт берсе – деп,
Жараткандан менин сага тилегим.
Мен бир кары, айылдагы аксакал,
Ак ниетиңди элиме айтып жүрөмүн.



Тилектеш ИШЕМКУЛОВ,
публицист, профессор

## ЭМГЕК, КҮРӨШ, СЫНОО МЕНЕН ТАКШАЛДЫҢ

*(Токтосартов Акун мырзага)*

Куттуктайбыз, Сени ушул күн менен,
Жыт аңкыткан жазгы жыпар гүл менен!
Каалоо менен, тилек менен таптаза
Чын пейилден оргуп чыккан үн менен.
Бир калыпта келатасың өзгөрбөй,
Кадимки эле жаш жигиттей түр менен.

Мына, бүгүн 70ке толупсуң,
Урмат-сыйдын чокусуна конупсуң.
Эмгек, күрөш, сыноо менен такшалып,
Кыргызымдын залкар уулу болупсуң.
Жаманчылык кайкып өтүп жолуңдан,
Жалаң гана кубанычтар жолуксун.

Кадыры күч, тектүү үйдө төрөлдүң,
Ата-энеңдин таалиминде көгөрдүң.
Кенедейден чыйрак чыгып жетилип,
Ээси болдуң далай сонун өнөрдүн.
Жарым кылым кызмат кылып элиңе,
Өтө бийик атак даңкка бөлөндүң.

Жаш чагыңдан айкын жолду тандадың,
Келечекке күл азыкты камдадың.
Таза кармап, бийик сактап өзүңдү,
Күмөн ишке эч убакта барбадың.
Терең билим, тарбияга жетишип,
Эмгегиңди Мекен үчүн арнадың.

Жакшы чыктың жакшы атанын баласы,
Дилиң таза, кенедей жок карасы.
Кандай шартта, кай мезгилде болбосун,
Элге, жерге бөлүндү анын санаасы,
Ишмердиги таңгалтчудай бараандуу,
Көп нерсеге толук жетет чамасы.

Тагдыр сени так ушундай жаратты,
Келатасың, кенен серпип канатты.
Кудай сага ыроолоптур өтө март,
Терең акыл, дөөлөт, шыкты, талантты.
Кандай гана кызматтарды ээлебе,
Кадыр-баркың улам арбып баратты.

Өтө бийик милдеттерди аткарып,
Тоскоолдордон жалтанбадың апкаарып.
Ата Журтка сиңирген зор эмгегиң,
Изилденээр, нечен ирет такталып.
Калкыбыздын кадырманы боло алдың,
Өмүр бою жүрө турган макталып.

Канча татаал белестерди ашкансың,
Канча кыйын жолдор менен баскансың?!
Болочокто аткарылчу тилекти,
Табериктей көкүрөккө каткансың.
Ар бир иште ийгиликке жетишип,
Чын бактыңды ак эмгектен тапкансың.

Арабызда кимдер калды, ким кетти,
Ой-мүдөөгө ким жетпеди, ким жетти?
Айрымдары эл оозуна алынса,
Кээ бирлери жуктурду терс илдетти.

Өзүң, Акы, эч кынтыксыз аткардың,
Министрлик эң маанилүү милдетти.

Бүгүн сени жалпы мүлдө эл билет,
Кайда барба, касиеттүү жер билет.
Өлкөбүздүн ар бир булуң-бурчунда,
Ким болбосун, улуу-кичүү тең билет.
Кызыл байрак колуңдагы көтөргөн,
Дайым турсун тоо желине желбиреп.

Залкарларга болдуң мыкты замандаш,
Күлүйпа эже, Чыкемдерге таламдаш.
Сүке, Соке, Төкө башка инсанга,
Көп жыл болдуң өнөктөш да, каламдаш.
Бир өзүңө үмүт менен карашат,
Арт жактагы таланты күч далай жаш.

Аман болсун, бүт үй-бүлөң, балдарың,
Жанып турсун, жарык чачып шамдарың.
Жалаң гана жакшылыкка жуурулуп,
Түк болбосун, бул жазмышта арманың.
Арабызда күлүп-жайнап жүрө бер,
Мезгил өзү териштирет калганын!



Көчкөн САКТАНОВ,
жазуучу, драматург, журналист

## АДАМ АКУН

Чыныгы Адам эмнеси менен баалуу? Биринчиден, жашоодогу адамдык аруу касиети, туура жүрүм-туруму, экинчиден, коомдогу орду, элине өтөгөн эмгеги менен баалуу.

Мен билген Акун Токтосартов, биринчи кезекте Адам катары кандай инсан, а дегенде ушуга токтолбойлубу? Эсимде, биринчи көргөнүмдө, айрыкча анын баарынан мурда жылмайышы жадымда калыптыр. Жылмайганда, эки уурту эки кулагына жете түшчүдөй болуп барып, анан токтойт экен. Бул, ичинде адими кири жок, ак көңүлдүүлүктүн, бирөөгө жамандык ойлобой, жакшылыкты гана ойлогон, ак дил адамдан табигат берген көп белгинин бир белгиси окшойт. Ушундан кийин тез-тез жолугушчу болдук. Ошондо аябай марттыгы байкалды. Жолдошторунан мурун чөнтөгүнө кол уруп, озунуп төлөп салмайы бар экен. Жок болсо айла жок, бар болсо чачып салмай жигиттик сапаты бар экен. Айтсакчы, анын күлгөнү да өзүнчө айта кетүүгө арзыйт деп ойлойм.

Күлгөндө ал кимдир бирөөчө эчки жөтөлүш менен кхе-кхелеп жөткүрүп күлбөй, эгер сөзүң көңүлүнө жага түшсө, дароо тарс жарылып, ыкшып күлөт, терезелери

шаңгырап түшчүдөй, үйдү үч көтөрүп күлөт. Бу дагы ал жөнүндө жакшы нерселерди айтып турат. Айтмакчы, анын жоро-жолдошту, достору ошо отуздун оро-парасында көп эле, азыр да көп. Кээ достору өзүнө татыктуу, аттуу-баштуу, тың чыкмалар болсо, кээлери өңгөнү эмес, өзүн эптеп бага албаган жүүнү бош немелер. Ошондойлордон да дос-жоро күтүп, менин досум деп сыймыктана тааныштырып, а кээлери менен түбөлүк катышчудай мамиле түзүп алат экен. Мындай сапат чанда эле адамдарда болсо керек. Анан да ал кайсы гана жерде иштебесин, кай жерде жүрүп, кай жерде жашабасын, артынан ар кыл курактагы топ Адам этегинен алчудай ээрчип жүрөт экен. Алар айылдаштары, ылымдаштары, же «ушуга жардам берип койчу» деген кайсы бир тааныштарынын жибергендери окшойт. Элеттен белгисиз бир Адам Бишкеке келип, анан аябай жардамга муктаж болуп, бирөөлөрдөн сурамжыласа: «Сага бир жардам берсе, шаарда Акун Токтосартов деген бар, ошо жардам берет, ошого бар» деген имиш. Ал канча кишилерге, айрыкча айылдык аке-үкөлөрүнө тим эле аларга милдеттүүдөй жардамга келет.

Айтмакчы, Джек Лондон деген америкалык улуу жазуучу кезинде өтө бай болгон. Жарды-жалчыларга боор ооруп, аларга бекер ашкана ачып койгон, өзүнө үч кабат особняк салдыра баштаган. Особнягы жаңы эле бүтүп калганда өрттөнүп кеткен. Көрсө, бекер тамак ичип жүргөн куу этектер аны көрө албай өрттөп жибериптир. Ошондон кийин Джек Лондон адамдарга жакшылык кылуудан калган. А түгүл кечээги эле Гитлер: «Адамдарды канчалык жакшы биле баштаган сайын, иттерди ошончолук жакшы көрө баштадым» дегени бар.

Акун Токтосартов аларга караганда өтө эле кечиримдүү окшойт. Ага жалган айтып, жамандык кылгандарды кайра эле унутуп, аке-үкөлөп, кайра эле төрүнө өткөрүп, жакшы сөзү менен тосуп ала берет. «Пендеминен кайтпаганы Кудайдан кайтат деген» сөз ырас окшобойбу.

Эми анын коомдогу орду жөнүндө токтолбойлубу? Эмгек жолун ал Ош techинститутун бүтүп келип, маданият министрлигинде методист болуп иштөөдөн баштаган. Министр Кондучалова аны өз уулу, өз инисиндей көрчү да. Анткени өз ишине так, улуу-кичүүгө төп жүргөнү, эл айткандай «Күлү бир жерден додо болду. Кийин Борбордук Комитеттин маданият бөлүмдө да улуу-кичүүгө бирдей болуп, карапайым элге жакын болуп иштеди, адамгерчилиги менен орун-очок алды. Ал жерде ар жактуу такшалып, анан бир кезде өзү учуп чыккан уясы маданият министрлигине биринчи орун басар, анан министр болуп келди. «Аны министр кылган Масалиев болчу, ал кетери менен ал да кетти» – деп жүрүшөт. Болбогон кеп. Көчөнүн сөзү. Ыраматылык болуп кеткен Токтоболот Абдумомунов баш болгон акын-жазуучулар жана искусство кызматкерлери Апсамат Масалиевичке чейин эле: «Токтосартовду бизге министр кылып бергиле» – деп анын кандидатурасын даярдап коюшкан. Мына азыр да, эчен жыл өткөндөн кийин маданият тармагында иштегендер: «Мыкты министр деп эки гана кишини билебиз, алар Кондучалова менен Токтосартов болчу» – деп жүрүшөт. Көрсө, баарынан мыкты сынчы, мезгил тура.

Акун Токтосартов «Руханият» деген ак боз атын минип, те бийикте элге жүзү жарык болуп, алтымышка чыгып отурат.

Эл аралык «Руханият» ассоциациясынын келечеги кең. Кудай берсе, колдосо, бара-бара дүйнөлүк маданий очокко айланып, Нобель сыйлыгынын жолун жолдоп, салтын улап кетсе ажап эмес. «Руханиятын»: «Жылдын мыкты инсаны», «Тынчтык жана ынтымак үчүн» жана «Курманжан датка» аттуу сыйлыктары бар. Бул сыйлыктар салтанаттуу түрдө ар кыл жылдары: А.Акаевге, Н.Назарбаевге, И.Каримовго, Алиакбар Хошеми Рафсанжаниге, Ч. Айтматовго, Тансу Чиллерге, Эржан Муратка (ООН), М.Шахановго жана космонавт С.Шариповго ыйгарылган.

Ошондой эле «Руханият» экинчи толкундагы лауреаттары: Хуан Антонио Самаранч (Эл аралык олимпиада комитетинин Президенти), Алексий II (Москва менен бүткүл Рустун патриархы), Билл Клинтон, Жорж Сорос (АКШ), Федерико Майор (ЮНЕСКО), Сулейман Демирель (Турция), Кыргызстандан: М.Миррахимов, Ж.Акималиев, А.Муралиев, Б.Гогаев, В.Диль, А.Раимжанов, Э.Исмаилов ж.б.

Ал эми «Курманжан датка» сыйлыгы: Бенизар Бхутто (Пакистан), Сара Назарбаева (Казакстан), Майрам Акаева, Күлүйпа Кондучалова жана Чолпон Баекова ж.б. берилген.

Акун Токтосартов маданият министри болуп турган кезинде өтөгөн ишин айтпай кетүүгө болбос. Мисалы: Жаштар театры, Кыргызконцерт бирикмеси, Ош облasттык филармониясы, Токтогулдун, Тоголок Молдонун, А.Осмоновдун, А.Токомбаевдин, Г.Айтиевдин, С.Чуйковдун музейлери уюшулган. «Камбаркан» фольклордук ансамбли, «Насыйкат» камералык оркестри түзүлүп, Ала-Букада, Сокулукта, Караванда, Ноокатта, Ат-Башыда маданий үйлөр иштей баштаган.

Токтогулдун 125 жылдыгы, Абдылас Малдыбаевдин 80 жылдыгына байланыштуу Кыргыз опера жана балет театрынын, Академикалык драма театрынын, Нарын музыкалык театрынын, ошондой эле К.Орозов атындагы эл аспаптар оркестринин Москва шаарында өткөн гастролдору Кыргызстандын маданий турмушундагы зор окуялардын эң ирдүүсү болуп калган. Ошондой эле Москва, Ленинград, Ташкент шаарларында кыргыз улуттук студиялары уюшулган.

Айта берсе өтөлгөлүү иш арбын, бирок ушу эле жетет го.

Адамдын акыл дүйнөсүндө үч ачкыч бар дейт: биринчиси – билим, экинчиси – ой, үчүнчүсү – максат. Ушул үч ачкыч Акун Токтосартовдун акыл чөйрөсүндө жаш кезинен эле боло келген. Ушул үч ачкыч анын акыл дүйнөсүн дайыма жандап жүргөн, жандап жүрө

берсин. Анткени жамандыкты эмес, жакшылыкты гана жараткан анын жандүйнөсү, өзүнө, үй-бүлөсүнө, маркум болуп кеткен ата-энесине эле эмес, элине да дайыма жакшылык алып келе берери бар.

Терекке окшоп жемиши, же көлөкөсү жок мырзалар арабызда азыр өтө арбын. Мен билген Акун Токтосартов жемиши төгүлгөн, түбү көлөкөлүү, дүпүйгөн зор жемиш дарагына окшош!



Гүлжамила ШАКИРОВА,
акын, маданий ишмер

## ТООЛОРДУН ЭЛДИК УУЛУ

*(Акун Токтосартов агага арнайм)*

Жакшы иштерге жаркыраган күн эгиз,
Жакшы иштерге көрк жараткан гүл эгиз.
Урмат-сыйга татык Акун аганы,
Улуу тоолор уулу экенин билебиз.

Тоодо эмне көп, көркөм байлык, өзөн көп,
Тоолукта адат, жакшы иштерге көшөрмөк...
Акун ага тоодой иштер жаратты,
«Жандүйнөмдү мен тоолордон сезем» – деп.

Жашоо кызык, чындыгынан жалган көп,
Бири-биринен акыл уурдап алган көп.
Акун ага өлбөс ишин өөрчүтөт,
«Рух башатын дал тоолордон алгам» – деп.

Ак мөңгүлүү катаал шартты мекендеп,
«Тоолор менен жандүйнөбүз бекем», – деп.
Алай-Куудa аксакалдар керилет,
«Ал, Элдик уул, биздин Акун», – деп.



Бактыгүл ЧОТУРОВА,
акын, Кыргыз Республикасынын
маданиятына эмгек сиңирген ишмер

**Коомдук жана мамлекеттик ишмер
Акун Токтосартов – 70 жашта**

## ЧЫГАРМАЧЫЛ АДАМДАР «ОТСТАВКАГА» ЧЫГЫШПАЙТ

Жакшы адамдын жарыгы болот деген чын. Акун аке топко кирип келгенде жарк эткен жаңы сезим пайда болот. Кабагы ачык, үнү да даана, сөзү орундуу, көкүрөктөн оргуштаган ойду берген, келбетине келишкен бойду берген, ал турсун аппак нур чачкандай чачтары да жаркылдап күлүп тургансыйт. Айрым адамдардын көпчүлүк турган жерде бары-жогу деле билинбейт эмеспи. Акун аке дароо көзгө урунат, адамдар менен чын пейилинен төгүлүп саламдашат, ким болсо да өзүнө көңүл бурдурат. Сөз башында айткандай жакшы адамдын жаратылыштан берилген жарыгы ушул болсо керек. «Адамга конгон касиет качпайт, бирок издегендин баары эле таппайт» дегендей, мындай касиет ар кимдин эле шыбагасына туура келбес. «Тагдыр да бактылууну сүйөт» деген эмеспи. Мына ушул сөз Акун Токтосартовдой кыргыздын залкар уулуна тиешелүүдөй сезилет. Анткени ал чын эле бактылуу адам. Элдин оозунда жакшы аты менен аталып, атак-даңкы бар, атпай

кыргыз журтуна алынып, таанымал тагдыр күткөн адамды бактылуу дебей не дешке болот?!

Сөзүбүз куру болбосун үчүн Акун Токтосартовичтин өрнөк өмүрүнө сереп салып көрөлүкчү. Чынында анын басып өткөн жолу менен кыргыз маданиятынын, искусствосунун тарыхынын 1965-жылдан 90-жылдардын баш жагына чейинки бир гүлдөгөн доору көз алдыга тартылат. Ушул аралыкта республиканын маданият министрлигинин жооптуу кызматкери, Кыргызстан КП БКнын адабият жана искусство боюнча сектор башчысы, маданият министри, Токтогул Сатылганов атындагы филармониянын директору ж.б. жооптуу кызматтарды аркалап турду. Албетте, бул кызматтардын жоопкерчилигинде айрыкча уюштуруу иштери алдыңкы орунда экени талашсыз. Жетекчи катары бай тажрыйба топтогон Акун аке уюштурууучулукта өзүнүн жүрөгү менен берилип иштеп, маданият менен искусствонун эртеңки өрүшүнүн өсүшүнө эбегейсиз эмгек жумшады.

Кыргыз искусствосунун жаңы булактар менен утуру өсүп-өнүгүүсү да көңүлдөн сырт калган эмес. Натыйжада «Камбаркан» фольклордук ансамбли, «Насыйкат» камералык оркестри, «Ариет» эстрадалык ансамбли жана элдик театрлардын ачылышы өз мезгилинин саамалыгы болгон. Мындай жакшы жөрөлгөлүү иштер республиканын борборунда гана жаралбастан, алыскы райондордо дагы колго алынып, маданият үйлөрү, элдик театрлар түзүлгөн.

Эл арасынан таланттарды жылдыздай терип алып өстүрүү максатында улуттук искусствонун алптары Абдылас Малдыбаев, Муратбек Рыскулов, Гапар Айтиев атындагы сыйлыктар уюштурулуп, таланттуулар ат салышып, жеңүүчүлөр күлүктөй сүрөлүп турган. Ошол жылдары элдик таланттарды колдоо чыгармачыл союздардын уюштурулушу менен дагы өргө өскөн эле. Борборубузда СССР сүрөт академиясы жана Москва, Ленинград, Ташкент, Алматы шаарларындагы кесипкөй адистерди даярдоочу улуттук студиялар ачылган. На-

тыйжада, кыргыз маданиятынын, искусствосунун бийиктигин тааныткан чыгаан таланттар Союздук деңгээлде бааланып, Самара Токтакунова, Леонид Ясиновский, Эстебес Турсуналиев, Капар Медетбеков СССРдин Эл артисти наамдарына татышкан. Союздук республикалардын катарында кыргыз маданияты үчүн бул чоң жетишкендик болуп саналган.

Азыркы мезгил үчүн салыштырып караганда маданият тармагында ошол жылдардагы дүңгүрөгөн фестивалдар кандай гана даңазалуу өткөрүлчү эле. «Айтматов жана театр», «Нооруз», «Ала-Тоо жазы» фестивалдары, эл чыгармачылыгынын кароо-сынактары, салттуу көргөзмөлөр азыр дагы элдин эсинде.

Кыргыздын улуттук маданиятынын классиктеринин мааракелери Москвада өткөнү дагы атпай журтубуз үчүн чоң сыймыкка айланган. Атап айтканда, Токтогул Сатылгановдун 125, Абдылас Малдыбаевдин 80 жылдык маарекеси Москвадагы чоң театрда салтанаттуу белгиленгени буга эң сонун мисал.

Маданият кызматкерлеринин улуттук өнөрдү дүйнө элдерине таанытып келген гастролдору өнөр ээлеринин эргүүсүнө дем берип турганын ким билбейт. Чыгармачыл жамааттардын байма-бай биринин артынан экинчиси чыгармачылык сапарга жөнөп турган шаттуу күндөрү артта калды, бирок унутулгус элес менен калды.

«Адам жакшылыкты жерден таап албайт, адамдан үйрөнөт» деген кыргыздын накыл кеби да ырас. Акун аке өмүрүнүн көпчүлүгүн кыргыз интеллигенциясынын мыкты залкарлары менен бирге иштешип жүрүп өткөрдү. Чыгармачыл адамдар менен жүрүп чыгармачыл тагдыр тапты. Арабызда айтылып жүргөн «Чыгармачыл адамдар отставкага чыгышпайт» деген жагымдуу сөз бар. Ошо сыңары Акун аке да маданияттан «отставкага» чыкпастан, коомчулуктагы алдыңкы катарда дагы эле болсо элге кызмат өтөп келет.

Рухий-маданий багытта мындан он тогуз жыл мурун Акун Токтосартов негиздеген «Руханият» ассоциа-

циясынын жүргүзүп келе жаткан иштери өзүнчө чоң сөзгө арзыйт. Заман оошуп, өткөөл мезгилдин таразасы ордуна келалбай, рынок экономикасы этектеп турган кыйын күндөрдү башынан кечирип жаткан Кыргызстан өлкөбүздө «Руханият» ассоциациясындай абройлуу коомдук уюмдун эл аралык деңгээлге чейин кулачы кеткени бир эсе таң калтырат. Элдердин ортосундагы достук жана тынчтыкты сактоонун карлыгачтары катары аталып, Өзбекстандын мамлекет башчысы Ислам Каримов, Түркиянын Президенти Сулейман Демирель, Иран-Ислам республикасынын президенти Али Акбар Хашими Рафсанжани жана дүйнөлүк жазуучу, өзүбүздүн даңазалуу агабыз Чыңгыз Айтматов лауреат болушуп, эл аралык деңгээлде чоң жаңылык жаратпады беле. Өткөөл мезгилдеги шериктеш өлкөлөр үчүн мындай таберик нерсе өтө керек экенине көрөгөчтүк кылса да, Акун Токтосартович мындай мамлекеттер ортосундагы абройлуу чоң иштин башында болуп, ошону уюштурганга жетишкендиги билген жанга баатырдыкка тете иш.

Андан кийинки кадамында «Руханият» «Жылдын адамы» номинациясы менен дагы эле болсо Нурсултан Назарбаев, Владимир Путин, Александр Лукашенко, Кофи Аннан, Жорж Сорос, Хуан Антонио Самаранч, Федерико Майорго окшогон дүйнөлүк алкактагы лауреаттарын сыйлаганга жетишип, ошону менен катар эле кыргыздын улуулугун таанытты. Бул жылдар аралыгында, албетте, өзүбүздүн мекендештерибиздин мыктылары да «Руханияттын» түрдүү номинациялары менен сыйлыгына татыктуу болгондору көп. Ушунун баарына ал кантип жетишип жатканы табышмак. Көрсө, адамдын жүрөгү эмнени каалаcа жоктон бар кылат деген кептин чындыгы бардай. Акун акенин жүрөгү чындап эле эл деп соккон, күчтүү, таза жүрөк десе жарашат.

Чындыгында эле «Руханият» ассоциациясы катышпаган республикалык олуттуу иш-чаралар аз. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, Мамлекеттик

Туунун, Гимндин, Гербдин бет ачар салтанаттарын өткөрдү. Залкар жазуучу Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларынын 8 томдугун, мамлекеттик ишмер Исхак Раззаковдун 2 томдугун, КРнын Баатыры Сооронбай Жусуевдин «Курманжан датка» ыр-романын ж.б. белгилүү акын-жазуучулардын чыгармаларын басмадан жарыкка чыгарды.

Жогоруда айткандай, Акун аке жандүйнөсү чыгармачылык менен жарыктанган таланттуу инсан. Анын «Рух чабыты», «Тагдырдын таржымалдары», «Мезгил жана адамдар» аттуу китептери өз окурмандары арасында сүймөнчүккө ээ болгон. Ал котормо адабиятында да калемин сынаткан жайы бар. П.Кадыровдун «Жылдыздуу түндөр (Бабур)» романын, О.Бокеевдин «Чагылган» аттуу прозалык жыйнагын орус тилинен которгон. Белгилүү драматургдар М.Зарудный, А.Абдуллин, П.Чеповецкий, В.Чичков, С.Шаймерденовдун пьесалары анын которуусунда кыргыз телерадиосунун фондунда жазылып калган.

Коомдук жана мамлекеттик ишмер катары Акун Токтосартовичтин аты өтө белгилүү ысымдардан. Маданият жана адабият, искусство тармагында, чыгармачыл союздарда ал мүчө болбогон башкармалык, коллегия, коом аз болсо керек. Бардык жерде анын аты сыйлуу аталат. Мунун өзү Акун акенин маданият тармагында кырк жылдан ашуун үзүрлүү эмгек сиңиргенинин натыйжасы. «Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер», бир нече эл аралык сыйлыктардын жана төш белгилердин ээси, Кара-Кулжа райондук китепканасына Акун Токтосартовдун ысымы ыйгарылган. Мунун баары элдин өз уулуна көрсөткөн сыйы, урматы. Буга ал толук татыктуу.

Ушул жадыраган жаз күндөрүндө 70 жашка кол берип турган Акун Токтосартов агабызга биздин «Кыргыз Туусу» гезитинин жамааты дагы чын ыкластан узак өмүрдүн дөөлөттөрүн, күч-кубаттуу ден соолукту тилек кылабыз. Элиңизде ушул урмат-сыйыңыз уланып, бар болуңуз, Акун аке!



Жыпара ИСАБАЕВА,
акын, Кыргыз Республикасынын
маданиятына эмгек сиңирген ишмер.

## ДАҢАЗАЛАП РУХ ДҮЙНӨ УЛУУЛУГУН

*(Токтосартов Акунга)*

Мүнөзүндө чалкыган деңиз жаткан,
Дарыядай дайым шар, тегиз аккан.
Ала-Тоодой айкөлдүк, бийиктиги,
Ата Журтка дил азык берип аткан.

Даңазалап рух дүйнө улуулугун,
Жакшы көрүп жашоонун сулуулугун.
Адабият, тарыхка, маданиятка,
Ишке арнаган жүрөктүн жылуулугун.

Акун ага, алтымыш ашуу ашып,
Аргымактай, дулдулдай тапка келип.
«Ал асылдын алдыда аткаруучу,
Орошон ой, албан иштер канча!» – дешип.

Акжолтойду ак эмгек жандайт экен,
Жакшылыктар соңунан калбайт экен.
«Узак жашап, учугу уланат» – деп,
Сизге ишеним, ден соолук арнайт Мекен!



Папан ДЮШЕМБАЕВ,
маданий ишмер, журналист

## «РУХАНИЯТТЫН» КЕЗЕКТЕГИ РУХИЙ ЭРДИГИ

Илим-билимди, руханий дөөлөттөрдү байытып жана жайылтып, адеп-ахлактык нормаларды гумандаштырып, жаңылап, цивилизацияны укумдап-карыштап да болсо алга жылдырып келаткандар – булар сөздүн жакшы маанисиндеги фанаттар. Бардык улуу ойлор алгач бирин-экиндеген гана адамдардын баштарында пайда болот, илимдери, маданияттагы ачылыштарды конкреттүү инсандар жасашат, алардын адамзаттын алдындагы эмгектери эбегейсиз, бирок аларды материалдаштырып, калктын кеңири катмарына жеткирип, ага өз өмүрлөрүн, жигер кайраттарын арнап жаткандардын коомдогу, прогресстеги ордулары да абдан чоң. Орустарда андай инсандарды илгертен «подвижниктер» деп келишкен, анын түпкү мааниси жаңы прогрессивдүү окууларды, идеяларды калкка жайылтууга өмүрлөрүн арнап, жан отторун беришкендер дегенди билдирет. Бизче аны жигермандар десек болот. Илгертен жигермандар коомдо катализаторлордун ролдорун аткарып келишкен. Же бир даанышмандын сөзү менен айтканда «дүйнөнү жигермандар кармап турушат».

Жарандык коом өнүккөн азыркыдай шартта жигермандуулуктун ролу мурдагы мезгилдегилерден да кый-

ла артууда. Айрым эл аралык соопчулук уюмдары илим-билимди өнүктүрүүдө, инновациялык көрүнүштөрдү жайылтууда, маданияттын тигил же бул чөйрөлөрүн колдоодо кээ бир мамлекеттик түзүмдөрдөн да чоң иштерди аткарып жатышат. Аларды бул жерде атоонун зарылчылыгы жок, элдин баары болбосо да көбү билишет. Республикабыздагы мына ошондой эң башкы жигерман уюм – «Руханият» ассоциациясы десек болот. Эл аралык бул уюм өзү түзүлгөн он сегиз жылга жакын убакыттын ичинде улуттук маданиятты жана искусствону, адабиятты колдоп пропагандалоодо, элдердин ортосундагы ымала-ырашкерликти, байланыштарды чыңдап өнүктүрүүдө чындыгында эле чоң иштерди аткарууда. Санап отурбайлы, бир сөз менен көз карандысыздыктан берки мезгилдин ичинде өлкөбүздө өткөрүлгөн маданий массалык иш чаралардын дээрлик бардыгы «Руханияттын» түздөн-түз же ортоктош катышуусунда ишке ашырылып келе жаткандыгын айтсак болот. Ал эми ассоциация тарабынан уюштурулган эл аралык сыйлыктын бедел-баркы жылдан жылга жогорулап бара жатат. Ал эми ассоциациянын өткөн жылы Чыңгыз Айтматов атындагы эл аралык фонду менен биргеликте улуу жазуучунун 80 жылдыгына карата анын чыгармаларынын 8 томдугун басып чыгаруусун улуттук маданиятка кошкон эң бараандуу салымы десек болот.

Буга чейин Ч. Айтматовдун чыгармалар жыйнагы кыргыз тилинде эки жолу гана, же биринчи ирет 1983-жылы маркум Кеңешбек Асаналиевдин жетекчилигинде 3, экинчи ирет 1999-жылы Абдылдажан Акматалиевдин редакциялыгында 5 томдуктары басылып чыккан болчу. Бул сандык жактан да, көлөмдөрү боюнча да жетишсиз эле. Алсак, Михаил Шолоховдун чыгармалар жыйнактары көзү тирүүсүндө эле 7 жолу басылып чыккан. Бул жыйнак мурдагы жыйнактардан эмнелери менен өзгөчөлөнөт жана кай жактары боюнча баалуу?

Алгачкы үч томдук алда качан эле библиографиялык раритетке айланган. Аны азыр көпчүлүк китепка-

налардан деле табуу кыйын. Анын көлөмү өтө чектелүү болгондуктан ага жазуучунун макалалары, интервьюлары киргизилген эмес. Экинчи жыйнак жөнүндө деле негизинен ушуларды айтууга болот. Бул жолку жыйнакта жазуучунун көркөм чыгармалары гана эмес, тарыхый философиялык мүнөздөгү эмгектери, макалалары, ар кандай форумдарда, жыйындарда сүйлөгөн сөздөрү, интервьюлары да камтылып, ар бир көркөм чыгармасынын, эмгектеринин тарыхтары боюнча түшүндүрмө чечмелөөлөр берилип, тийиштүү адабий булактар менен коштолуп, белгилүү өлчөмдө академиялык мааниге ээ экендиги менен айырмаланып турат. Мындай мүнөздөгү чыгармалар жыйнагы кыргыз адабиятынын тарыхында биринчи жолу чыгарылып жатат. Бул жагынан аны улуттук адабият таануудагы алгачкы карлыгач десек болот.

Жөнөкөй окурмандар үчүн 8 томдуктун баалуулугу – ага жазуучунун алгачкы жыйнактарына кирген менен массалык нускаларда көп басылбаган «Ак жаан», «Асма көпүрө», «Түнкү сугат» сыяктуу аңгемелеринен, «Бахиана», «Кайрылып куштар келгиче» деген көркөм фрагменттеринен, «Сократты эскертүүнү же маңгыбаш терисинин үстүндөгү сот» сыяктуу философиялык ой толгоолорунан, Саякбай Каралаев, Муратбек Рыскулов, Тургунбай Садыков, Түгөлбай Сыдыкбеков, Мухтар Ауэзов, Юрий Бондарев, Василь Быков, Михаил Шолохов, Юрий Трифонов сыяктуу замандаштары жөнүндөгү макалаларына, жогоруда айтылгандай, публицистикаларына, интервьюларына, жазуучунун биринчи ирет кыргыз тилинде жарыяланып жаткан «Тоолор кулаганда» романына чейин камтылгандыгында. Сегиз томдуктан Ч.Айтматовдун бүткүл дүйнөсү менен таанышканга мүмкүнчүлүк алса болот. Бул жагынан 8 томдук студенттер жана аспиранттар, адабият мугалимдери, деги эле жазуучунун чыгармачылыгына тереңирээк кызыккандар үчүн өзгөчө баалуулугу менен айырмаланат.

Улуу жазуучубуздун жаңы чыгармалар жыйнагы полиграфиялык жактан жогорку деңгээлде ишке ашырылгандыгы менен да айырмаланып турат. Мукабалары академиялык басылмаларга мүнөздүү стилде техникалык жактан кынтыксыз, алгачкы үч томдукта томдорду катар койсоң кабар сандарынан бири өйдө, бири төмөн көрүнүп, а түгүл томдордун сырткы түстөрү да ар кандай болуп турса, бул басылмада андай алешемдик жок. Томдордун бардыгы сырткы техникалык жактан даярдалышы, материалдардын ички жайгаштырылуусу, кала берсе көздөрү начар көргөндөрдү, улгайгандарды да канааттандыра турган шрифттери окурмандарга жакпай койбойт. Бул жагынан арзандыгы жана илбериңкилиги жагынан бир катар жылдардан бери акындардын, жазуучулардын негизги басмасына айланып, жылдан жылга аброю артып бараткан «Бийиктик» басмасынан да сапаттык жаңы бийиктикке көтөрүлө алды деп айтсак жаңылышпайбыз.

Бирок мында белгилей кетчү нерсе, Чыңгыз Айтматовдун бул сегиз томдугу толук академиялык басылма эмес. Андай деп аталыш үчүн сүрөткердин калеминен чыккандардын бардыгы же чыгармаларынын эч жерде жарык көрбөгөн варианттары, сомолору (черновиктери), каттары, күндөлүгү (эгерде болсо), а түгүл кыйбарларына чейин киргизилүүсү керек. Андай иштер даярдоочулардан жана басып чыгаруучулардан аябагандай чоң эмгекти жана чыгымдарды талап кылат. Андай ишти жүзөгө ашыруу үчүн көп убакыт да керек. Алсак, Л. Толстойдун 90 томдук толук чыгармалар жыйнагын чыгарууга 30 жылдай, ал эми Ф.Достоевскийдин, А.Чеховдун, А.Пушкиндин толук чыгармалар жыйнактарын чыгарууга 10–15 жылдан кем эмес убакыт кеткен.

Дагы бир кошумча, сегиз томдукка Ч.Айтматовдун жапониялык ойчул Тайсаку Икеда менен биргеликте даярдалган философиялык эмгеги, киносценарийлери киргизилген эмес. Билишибизге караганда, «Руханият» ас-

социациясы аталган философиялык эмгекти бирөөгө котортуп, аны да өзүнчө китеп кылып чыгарганга даярдап жатыптыр. Биздин оюбузча, Ч.Айтматов «Иностранная литература» журналына башкы редактор болуп турган мезгилде уюштурган кереге кеңештерин орус тилинде болсо да өзүнчө китеп кылып чыгаруу, «Ысык-Көл форумунун» бардык отурумдарынын стенографиялык материалдарын жыйнап, басууга даярдай берүү зарыл. Эртели-кеч улуу жазуучунун чыгармаларынын толук жыйнагын чыгаруу милдети да турган соң ал иштерге азыртан кирише берген оң.

Сегиз томдукту басмага даярдоодо улуу жазуучуга чындап берилген, экинчи жигерман Абдылдажан Акматалиев жетектеген институттун, Ч.Айтматов атындагы эл аралык коомдук фондунун кызматкерлери да абдан чоң иштерди аткарышкандыктарын белгилей кетүүбүз керек. Чындыгында учурунда Константин Прийма М.Шолоховдун чыгармаларын изилдеп, үйрөнүүгө кандай чоң салым кошсо, Абдылдажан Акматалиев Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгын изилдеп, системалаштырууда андан чоң иштерди аткарды жана аткарууда. Бул өзүнчө сөзгө арзый турган тема.

Жыйынтыктап айтканда, улуу жазуучунун чыгармаларынын сегиз томдугун чыгарууну уюштуруп, жетектеп, аны ишке ашыргандыгы үчүн эл аралык «Руханият» ассоциациясы азыркыдай оор мезгилде жарандык эрдикке тете иш жасады. Мында ал ассоциацияны 18 жылдай убакыттан бери үзгүлтүксүз жетектеп келаткан, чыныгы жигерман Акун Токтосартовдун ролу чоң экендиги айтпаса да түшүнүктүү. Кыргыз маданиятын өнүктүрүүгө чоң салым кошуп жаткан инсандын дарегине кандай жакшы сөздөрдү айтса да жарашат. Ал жөнүндө улуу жазуучубуз өзүнүн акыркы макалаларынын биринде «маданий курулуштун көрүнүктүү уюштуруучусу жана ири коомдук ишмер, элдердин ортосундагы ынтымак-ырашкерлик үчүн талыкпай жан үрөгөн чыныгы атуул катары Акун Токтосартовдун

ысмы Кыргызстандын рухий маданиятынын тарыхында сөзсүз жазылып калаарында шек жок. Анын өлкөбүз үчүн, өзгөчө интеллигенция үчүн жасап жаткан ар тараптуу, албан кызматы сөзсүз элдин сый-урматына жана кадыр-баркына татыктуу.

...Акун Токтосартов бүгүн да руханияттын айдыңын тынымсыз иштетип, анын түшүмүн арттырууга умтулуп, сөздүн кеңири маанисинде маданиятты, өзгөчө профессионалдык искусство менен элдик өнөрдү колдоого умтулуп, күрдөөлдүү жигер менен иштеп жатат».

Улуттук маданияттын жигерманы жөнүндөгү Чыңгыз Айтматовдун жогорудагы баасына улуттук маданиятыбызга кайдыгер карабагандардын бардыгы кошулат го деп ойлойбуз.



Александр ТУЗОВ,
историк, журналист

## НА КРЫЛЬЯХ ДУХОВНОСТИ

Сегодня, 15 марта, исполняется 70 лет Акуну Токтосартову – с 1992 года бессменному президенту Международной ассоциации возрождения духовности «Руханият». В 1987–1991 годах он был министром культуры, а с 1991-го по 1997-й – директором Национальной филармонии имени Токтогула, генеральным директором делового проекта «Манас айылы». Накануне своего юбилея заслуженный деятель культуры ответил на вопросы «Вечернего Бишкека».

– Какая из оценок деятелей культуры вам наиболее дорога? Вот Чингиз Айтматов высоко характеризовал деятельность вашей ассоциации «Руханият». И даже прогнозировал, что имя президента этой ассоциации «как широко известного организатора культурного строительства и общественного деятеля, неутомимого поборника консолидации народа навсегда войдет в духовную историю Кыргызстана. Обширен и многообразен перечень заслуг Акуна Токтосартова перед республикой и особенно перед интеллигенцией, которая неизменно относится к нему с уважением и почтением».

– Спасибо за длинную цитату. Мы в нашей ассоциации гордимся тем, что впервые в республике на кыргызском языке издали 8-томник собрания сочинений

Айтматова. Самому Чингизу Торекуловичу очень понравился наш проект, он детально консультировал нас, каким должно быть это издание и в литературоведческом, и в полиграфическом аспектах. Плюс каждый том мы сопроводили оригинальным портретом автора. Кроме того, во время работы в отделе культуры ЦК Компартии Киргизии, в Министерстве культуры и в «Руханияте» мне посчастливилось активно участвовать в подготовке и проведении нескольких юбилеев Айтматова, от 50- до 80-летия. Все они стали большими событиями культурной жизни нашей республики, бывшего Советского Союза и СНГ.

– Правда ли, что вы в 1987-м были первым министром культуры, назначенным на альтернативной основе, после обсуждения различных кандидатур?

– Совершенно верно. Было заседание, которое вели совместно тогдашние секретарь ЦК по идеологии Медеткан Шеримкулов и заместитель главы правительства, курирующая культуру, Роза Отунбаева. Полный Малый зал собрали на первом этаже «Белого дома». Были разные кандидатуры, не один десяток. Шеримкулову и Отунбаевой тоже предлагали стать министром культуры, но они отказались. И в итоге после острого обсуждения остановились на моей кандидатуре. Причем вопрос этот решили именно у нас в республике, без предварительного обсуждения в Москве.

– А как вы стали главой «Руханията»?

– После министерской должности, которую оставил в начале 1991-го, на посту директора Нацфилармонии оставалось некоторое свободное время, хотелось его использовать, честно скажу, на благо народа. Поэтому и занялся созданием общественной организации – ассоциации.

– И одной из ваших первых акций стало активнейшее участие в грандиозном 1000-летии эпоса «Манас»?

– Без преувеличения – событие мирового значения. Одна из наиболее заметных инициатив суверенного Кыргызстана. Недаром оно проходило под эгидой ЮНЕСКО и в целом ООН. Можно сказать, что Министерство культуры и ассоциация «Руханият» очень заблаговременно и

успешно вели подготовку к великому событию. Первый этап – сооружение комплекса «Манас Ордо» в Таласской области. Второй этап – историко-культурный комплекс «Манас айылы» в Бишкеке. Кульминационным стал третий этап, когда в Кыргызстан на празднование 1000-летия эпоса прибыли первые лица Азербайджана, Казахстана, Туркменистана, Турции, Узбекистана и ЮНЕСКО. Мы гордимся, что под руководством ассоциации «Руханият» в сжатые сроки удалось, например, завершить строительство на сумму около 41 миллиона сомов (по тогдашнему курсу сома к доллару – очень значительная сумма!) комплекса «Манас айылы». Он стал украшением столицы, мы все успели сделать к приезду высоких гостей, нашли немалые средства. Сама ассоциация выделила 3,5 миллиона сомов. Предваряя ваш острый вопрос, сразу подчеркну: заработали мы эти деньги абсолютно честно. Большие деньги собрали и как пожертвования по всему Кыргызстану – активность народа была потрясающая.

– Кроме 8-томника Айтматова вам удалось подготовить и выпустить в свет солидный 2-томник избранных трудов Исхака Раззакова.

– Наши издания – некоммерческие. Настоящая культура, и вкладываться в нее следует по-настоящему, посерьезному. И мы в ассоциации, руководители ее прежде всего, не только ищем спонсоров, но и вкладываем собственные средства. Кстати, мы успешно издаем и однотомники художественных произведений – типа романа в стихах «Курманджан датка» Сооронбая Жусуева. И мемуары деятелей науки и культуры республики. Издали и русско-кыргызско-английский словарь. Стараемся использовать самые продвинутые полиграфические возможности Кыргызстана, Турции и других стран.

– Вопрос в связи с изданием этого трехъязычного словаря: кто из русскоязычных деятелей науки и культуры принимает участие в деятельности вашей ассоциации «Руханият»?

– Например, среди наших активных участников и энтузиастов такие известные люди, как вице-президент

НАН Владимир Плоских, ректор КРСУ академик Владимир Нифадьев, известный в Оше и Бишкеке специалист по горному машиноведению академик Мухаммаджан Мамасаидов, еще один академик, выдающийся гематолог Абдухалим Раимжанов, ветеран республиканского телевидения Аркадий Битюков. В общем, достаточно интернационально действуем.

– О ваших планах. Недавно академик Плоских отметил, что большое общественно-культурное значение имеет археологическое изучение раннесредневековых городских поселений на территории бишкекского мегаполиса. Вот яркий пример: на цитадели так называемой Кузнечной крепости толщина культурного слоя колоссальна, археолог Валентина Горячева отождествляет его со средневековым городом Джуль. Думается, ЮНЕСКО окажет помощь в музеефикации этой до сих пор незастроенной территории – около одного гектара столичной земли. «Руханият» готов участвовать в этом? Музеефикация предусматривает прежде всего огораживание территории, чтобы ее не застроили какими-нибудь коттеджами.

– Естественно, мы в ассоциации тщательно изучим этот вопрос. Никак нельзя допустить, чтобы бездумно пустили под застройку столь лакомый участок! Пару лет назад муниципалитет столицы во главе с тогдашним первым вице-мэром Олегом Тарбинским организовывал туда поездку деятелей культуры и науки, работа должна быть продолжена. Это наше наследие!

– А «Руханият» возьмется за публикацию материалов Абдыкерима Сыдыкова, Иманалы Айдарбекова, Юсупа Абдрахманова, Абдукадыра Уразбекова, Баялы Исакеева, Максима Аммосова и других видных политических деятелей Кыргызстана?

– Ну, разумеется. Начало таким акциям положено. Впереди много важных дел, обо всех в одном интервью не рассказать. Только упомяну, что вскоре выйдет в свет двухтомник работ разных авторов, посвященный Курманджан датке.



Орозбек АКИМБАЕВ,
Кыргыз Республикасынын экономикасына
эмгек сиңирген ишмер, эмгек ардагери

## ЭРГҮҮ МЕНЕН ЖАШАЙ БЕР

*Токтосартов Акунга*

Сураштырсам башкалардан, тааныштан,
Сүрөтчүдөн, жазуучудан, акындан.
Маданият айдыңына из салган,
Мыктысы жок, – деп айтышат, – Акундан.

Эл баатырлар өз теңиндей саналган,
Эчен талант кеңешүүнү самаган.
Алп жазуучу Айтматов да Акундун,
Асыл ишин ардак менен баалаган.

Жолдоштуктун сынын бузбай сактаган,
Жоомарт болуп жигиттигин актаган.
Кайда жүрсө кандай кызмат аткарса,
Кыргызстандын ар-намысын жактаган.

«Руханият» бирикмесин күчөтүп,
Рух байлыгын сезиминде түнөтүп.
Калыптантат аң-сезимин жаштардын,
Калбасын деп пайдасы жок күн өтүп.

Убайым жеп кызмат кылдың калкыңа,
Унутулгус эмгегиң бар артыңда.
Эргүү менен өнөр жолуң улай бер,
Эгемендүү өлкөбүздүн шартында.

Адам баркы баары бирдей тең эмес,
Ар бир ишиң ийгиликтен кем эмес.
Кол алышкан президенттер, премьерлер,
Калтырышты сен жөнүндө көп элес.

Басып өттүң татаал турмуш жолдорун,
Баарын көрдүң: жакшы-жаман, оң-солун.
Баалуулукту доор сезбей турса да,
Баалайт сени кайышпаган досторуң.



Манап АЛИЕВ,
акын, А.Осмонов атындагы адабий сыйлыктын лауреаты

**«Күкүк багып учурган, кыргыз,**
**Муңбай өткүн, учурдан, кыргыз».**

*(Акун Токтосартовго)*

Шаңы кетип шак калган,
каны кетип так калган,
көркү кетип көйкөлгөн
барки кетип бак калган:
«бөрк» ал десе, «баш» алган,
көздөн сыгып жаш алган,
кайыш тилип жонуңдан
касам ичип, кас алган,
кайдан күйүп кайышсын
касын тигип бу жалган?!

Кайсы доор келбесин,
«күкүк» багып учуруп
өзүң болуп дак калган..,
көчүң кыргыз, уланып
жолуң болуп ар заман,
кандай күндө калбагын
болгун, кыргыз, сен аман.

Күнүмдүгүң «аккан суу»
агып өтүп күндүгүң,

түпкүлүгүң турган туу
туу көтөрүп түндүгүң,
көпчүлүгүң «барган суу»
чуу көтөрүп күндүгүн.

Ичи көңдөй көрүнгөн,
көбүктөнүп көбүргөн,
күл мүнөзүн таштабай
улук көрүп бөгүлгөн.
О, жалгандын пендеси,
ооздон түшүп келмеси
жанын сатып, жан кечип
калган, анын эмнеси?

Жалгыз болуу башынан
бир Кудайга жарашкан,
пенде көнүп жашынан
алдуусуна жанашкан:

Бай дөөлөтүн санаган,
бий сөөлөтүн самаган,
кулкун үчүн кул болуп
жандүйнөсүн «камаган»:

Абак болуп ушундай,
Адам Ата тушундай:
Нур бейиштен куулган
алмасын жеп мушундай...

Пенде жашап ушундай
ийне, мыктын учундай:
Өз кудайын өлтүрүп
«өзүм» деген учурдай.

Өзгөрбөгөн, өспөгөн
өз тагдырын «өкчөгөн»
алкын бузуп, агытып
көз көргөнүн көксөгөн.

Чынын айтсаң жектеген...
чын өчөшүп кектеген...
Чындык үчүн чыркырап
чындап азап чекпеген;

канкордугу кетпеген,
камкордугу жетпеген,
жарга такап жашоосун
анткорлугу кептеген...
Шаңы кетип шак калган,
каны кетип так калган,
көркү кетип көйкөлгөн
барки кетип бак калган:
«Бөрк» ал десе, «баш» алган,
көздөн сыгып жаш алган,
кайыш тилип жонуңдан
касам ичип, кас алган,
кайдан күйүп кайышсын
касын тигип бу жалган?!

Кайсы доор келбесин,
«күкүк» багып учуруп
өзүң болуп дак калган..,
көчүң кыргыз, уланып
жолуң болуп ар заман,
кандай күндү көрбөгүн,
болгун, кыргыз, сен аман!



Токтомуш ЖААМБАЕВ,
акын, Кыргыз Республикасынын
экономикасына эмгек сиңирген ишмер

## АКУН ДОСУМА

Ааламда ар кыл адам бар,
Айтматов бар, Абай бар.
Түйшүгүн билбей замандын
Түшүнбөй жүрөт далайлар.
А бирок биздин кыргызда
Акун деген адам бар.
Оо, досум буга таң калба,
Курбумдун
Ойлору чексиз ааламда,
Олтурса, турса жакшылык
Ой максат ойлойт адамга.



Рахматулла КОЗУКЕЕВ,
Кыргыз Республикасынын маданиятына
эмгек сиңирген ишмер, төкмө акын

## АРДАКТУУ АГАМ АКУН ТОКТОСАРТОВДУН 70 ЖЫЛДЫК МААРЕКЕСИН КУТТУКТОО

Жетимиш келип жашыңыз,
Жергебиз кыргыз эл эмес.
Жер жүзүндө көп элге,
Угулган Акун атыңыз.
Токтосартов Акун – деп,
Сыймыктанат бүтүндөй
Тоолук кыргыз калкыбыз.
Даанышман айкөл жан ага,
Далайга кеткен даңкыңыз.
Ала-Тоо элге чоң сыймык,
Сиздин атагыңыз-баркыңыз.
Агасын ини урматтоо,
Абалтан элдик салтыбыз.
Атадай сыйлап ардактап,
Акыл-насаат алчуңуз.
Туу туткан сиздей агасын,
Ыр арнайт тойду куттуктап,
Рахматулла жарчыңыз.

Сөөлөттүү сүйлөп сүр берген,
Сөз баккан агам деп билем.
Кеменгер сүйлөп, гер келген,

Кеп билген агам деп билем.
Жан азык болгон жашоодо,
Жараткан эч бир кем кылбай,
Жактырып сиздей пендесин
Жакшы жагын көп берген.
Океандай чалкытып,
Орундуу терең ой берген.
Ордолуу элдин ичинде,
Обочороок турсун – деп,
Ортодон бийик бой берген.
Адалдык ишке жар болоор,
Акыйкат чынчыл дил берген.
Алп иштерди бүтүрөөр,
Ак таңдай кызыл тил берген,
А десе ооздон акыл ой,
Албан сөздөр иргелген.
Үлпөттө, шаңда, жыйында,
Сөздөрү бермет ой берген.
Уккулуктуу жагымдуу,
Үкөктөй тунук үн берген.
Ак бубак чачка жарашык,
Ак жүздүү чырай нур берген.
Ар кандай суук сөздөрдөн,
Алла Таалам сактасын.
Ар тарабы төп келген,
Адам го деп билемин,
Арабызга бир келген.

Чыгармачыл жагынан,
Чыйыр салган дүйнөгө,
Чыңгызга сырдаш жүрдүңүз.
Чек койбой аалам аралап,
Чыгаандарды көрдүңүз.
Чыгарып кыргыз атагын,
Руху улуу Манастын.
Руханият сыйлык – деп,
Улууларга бердиңиз.

Аккуланын уругу,
Аргымагын тулпарын.
Ар кандай белек тең келбес,
Ала барчын шумкарын,
Кызыл чепкен, ак калпак
Кыйла эл билет бүт баарын.
Ак элечектүү кылдыңыз,
Ааламдын даңктуу кыздарын.
Ала-Тоо кыргыз элибиз,
Ааламга колун сунганын,
Руханият сыйлыгы,
Узартып улам сыйларын.
Эгемендик эрки зор,
Эл аралык сый жагын,
Достукка үндөйт түбөлүк,
Дүйнө элинин бүт баарын.
Калк башчылар түшүнүп,
Каражат жактан колдосо,
Камтымак бүткүл жер шаарын,
Кадыры өсүп зор болмок,
Атагы Ала -Тоо болмок.
Нобелдин басып атагын,
Ааламга бүтүн таанытмак,
Алп Манастын урпагын.

Негиздеп ушул сыйлыкты,
Миң токсон экинчи жылында
Көөнөрбөс эмгек кылдыңыз.
Көп жашап өтөөр кылымда,
Эл аралык чоң сыйлык,
Ал демилгеңизди колдогон,
Ааламды кезген ардактуу,
Айтматов улуу Чыңгызда.
Үзүрүн берип келатат,
Үлгүлүү болуп турмушта.
Даңазалуу сыйлыкты,
Даанышмандар алышып,

Дос-тууган болду кыргызга.
Эгемен эл биз эп болмок,
Эл көңүлүн бургузса,
Жетимишке келди – деп,
Жигердүү сиздин мээнетке,
Журт көңүлүн бургузса,
Атыңызды ыйгарып,
Ардактуу Атуул наам берип,
Ашыкча болбос эле дейм,
Айкелиңизди тургузса.
Эл баалайт, берсе жарашат,
Эл батыры жылдыз да,
Зор эмгек элге кылдыңыз,
Пайда алып келген кыргызга.
Ала-Тоо кыргыз элден – деп,
Ардактап мага берген – деп,
Ааламда аты таанылса,
Атактуулар сыйланып,
Дүңгүрөп кыргыз атагы,
Дүйнөгө бүтүн жаңырса.
Руханият сыйлыгы,
Аалам кезип аралап,
Атактууларга тагылса,
Кыргыздын рух дөөлөтү.
Бүт дүйнөгө жайылса,
Жалпы дүйнө эл билип,
Жарай берет намыска.

Руханият сыйлыгы,
Улуу журт элдин сыймыгы.
Атагы дүйнө аралап,
Ааламга кетти чыйыры.
АКШнын президенти
Билл Клинтонго арналды.
Түп тегим кыргыз бабам – деп,
Түркиянын президенти
Сулейман Демирелдин алганы,

БУУнун башчы өкүлү,
Эржан Мурат баш болуп,
ЮНЕСКОнун башчысы
Федерикко Майор да,
Руханияттын карманы,
Байлыгы ташкан дүйнөгө,
Жорж Сороско да арналды.
Түрк дүйнөсүнө билим – деп,
Дүңгүрөгөн салмагы.
Фетхуллах Гюлендин да алганы,
Мыкты инсаны жылдын – деп,
Россиядан Владимир Путинди,
Белоруссиядан Лукашенколор тандалды,
Канатташ казак теңден да,
Өрөөндөш өзбек элден да,
Татыктуу деп бааланды.
Нурсултан, Ислам туугандар,
Рух-дөөлөттүү бир элбиз
Руханият менен сыйланды.
Түркия өлкө башчысы,
Тансу Чиллер айымды,
Пакистан-Ислам өлкөдөн,
Бенназир Бухуттолор таанылды.
Людмила Путин жана да,
Сара Алпысовалардын атагы,
Ааламга бүтүн жаңырды,
Руханият сыйлык алышып,
Ала-Тоо элдин сыйы – деп,
Алар да ак элечек салынды.
Кондучалова Күлүйпа,
Күмүшалиева Сабира,
Урматы дүйнө жаңыртты.
Береке баштай сезилет,
Руханият менен сыйлануу,
Руханиятты алган соң,
Уланып сыйдын ар жагы.
Ардактуу канча улуу наам,

Акжолтой болуп алганы.
Сестенип биздин башчылар,
Канчага наам арнады.
Руханият сезбесе,
Учурдун окшойт талабы,
Угулбай деле калмагы.
Исхак Раззаков аганын,
Иликтөө тарых баяны,
Көөнөрбөс белек кыргызга,
Китеп болуп калганы,
Чыгармачылык жагынан
Чыйыр салган дүйнөгө
Чыңгыздай болгон аганы,
Сегиз томдук китебин,
Сезсе да, көрбөй калганы,
Ийилтип ажал оп тартып,
Ичинде кетти арманы.
Улуу журт элге тумардай,
Китеп кылып таркатты,
Бул да болсо калк үчүн,
Руханияттын жардамы.
Ушундай улуу иштердин,
Акун ага башында
Ала-Тоодой барааны.
Эртедир-кечтир эл баалап,
Эмгегин эске алаары.
Эл башчылары түшүнсө,
Эл-журт да, туура баалашып,
Эл аралык сыйлык негиздеп,
Эмгектин мыкты каармaны,
Токтосартов агага
Ток этер жерин айтканда,
Эмгегин баалап эл-журтум,
Эл баатыр наамын тагалы.

Айтылуу кең Алай-Куу,
Туулуп өскөн жериңиз.

Көңдүк деген көркөмдүү,
Киндик кан тамган төрүңүз,
Алай-Кууда шаңшыган,
Ала барчын бүркүттөй,
Оболой шаңшый бериңиз.

Достоштуруп дүйнө элин,
Ала-Тоо кыргыз эл менен,
Ага-ини кыла бериңиз.
Ардактуу наам ыйгарып,
Ааламга кулач кериңиз,
Дүңгүрөттүң кыргызды,
Дүйнөдө болбой чегиңиз,
Дем берип дайым жараткан,
Сак болсун сиздин демиңиз.
Жетимиш деген бул жаштын,
Жигиттей доорун көрүңүз.
Сексенди сезбей тоготпой,
Сергек болсун демиңиз.
Токсонду тоолук жигитсиз,
Толкундап өмүр сүрүңүз.
Жеткенде жүздүн кырына,
Жетеке кембес кары – деп,
Жигиттей чыйрак жүрүңүз.
Куттуктап бүткүл эл-журтун,
Кучакка толсун гүлүңүз.
Азыркыдай эле болсо болгону,
Албеттүү сак демиңиз.
Жеңем менен бир болуп,
Жүз жаштын төрүн көрүңүз.
Акылман Бакай атадай,
Айтылып элге кебиңиз,
Жараткан берип ден соолук.
Жарашып жүз жаш кут болуп,
Жамбылдай жашап бериңиз.



Конокалы ЭСЕНАЛИЕВ,
мамлекеттик жана коомдук ишмер

## ТААЛИМИН АЛЫП КЕЛЕМИН

*(Акун Токтосартовго)*

Акырын басып чайкалган
Ааламга аты байкалган
Түкүрүп салып байлыкка
«Рух» – деп жанын сабаган
Акылын алып келемин
Ардактуу Акун агаман,
Таалимин алып келемин
Таасирлүү Акун агаман.

Элирип кетпей мансапка
Элиңди бөлбөй өз-жатка
Өзгөчө эмгек сиңирдиң
Жандүйнөңүз – маданиятка

Көрсөтүп жаңы сапатты
«Көгөртүп» көркөм адабиятты.
Жаңыртып тарых барагын
Жаратың жаңы «Руханиятты».

Ардактуу менин агамдын
Ар дайым бийик кадыры.
Кутман курак кут болсун
Узартсын Кудай жашыңды.

Шайдулла МАМАЖАНОВ,
акын, журналист

## КЫРГЫЗЫН АЛГА СҮРӨГӨН

*(Акун Токтосартов агама)*

Кыйындык күндө түйшөлүп
Кыргызын алга сүрөгөн.
Ариет максат, тилеги
Ар дайым ойдо түнөгөн.

Көөдөндө жашап Ата Журт,
Көп ишти жасап, тынбаган.
Президенттерин көп элдин
Ынтымак үчүн сыйлаган!

А бирок өзү тим жүрөт,
Атакка, даңкка умтулбай!
Алтымыш жашка чыкты – деп
Койсок да бүгүн аз келер
Алтындан айкөл тулкундай!



Советбек КАЛЫГУЛОВ,
маданият ишмери

## АК ШУМКАРГА ТЕҢЕДИМ

Тоолук элдин баласы,
Токтосарт уулу тазасы.
Эл аралык куттуу сыйлык,
Руханияттын төр агасы.

Калыс айтып, түз жүргөн,
Кастарлап сыйлап, сөз билген.
Калк ичинде кадыры бар,
Каада-салт менен сүйлөгөн.

Ата-бабаң да жашаган,
Атуулу сенсиң санаган.
Аскар-Тоо болуп бийиксиң,
«Айкөлү» дедим, жарашкан.

Адамдан көрдүм нечени,
Акунга жетпейт чечениң.
Ачыгын айтсам мен сени,
Ак шумкар кушка теңедим!

Жакшынын жакшы кылганы,
Жарк этип дайым турганы.

Дүйнөдө көөнүң чалкысын,
Ден соолук тура жыргалы.

Торколуу тоюң кут болсун!
Төрүңө толкун кут консун.
Эсенин тилеп элиңдин,
Элүүдөн эки, жүз толсун!

Жумабек ШЕРБАКУНОВ,
маданият ишмери

## ТОКТОСАРТОВ АКУНГА КУТТУКТОО ЫРЫМ

Арнап жаздым бул ырды,
Токтосартов Акунга.
Укканда көңүл эргиди,
Министр болду жакында.
Калыс болуп кызматта,
Башкаргын салып акылга.
Маданиятты көтөрүп,
Аргымак аттай закымда.

Даңкыңды мактап ырдайын,
Эсирип элден кетпегин.
Кичине иштен чоңоюп,
Кут болсун чекке жеткениң.
Тепкичтен улам өйдөлөп,
Бийик жолго беттедиң.
Улук болсоң  жатык бол,
Артыңды дайым эстегин.
Баш болсо кызмат табылат,
Манчыркап көөп кетпегин.
Акылга салып эстей жүр,
Агаңдын айткан кептерин.

Атайылап келдим айылдан,
Ак батамды бергени.

Кубандырат жүрөктү,
Инимдин өсүп өнгөнү.
Өйдөлөп өссө жигити,
Кубанат экен эл-жери.
Узун болсун өмүрүң,
Ак тилек ушул мендеги.
Чейрек кылым таанышпыз,
Унута көрбө сен дегин.
Ден соолугуң чың болуп,
Кызматтын көргүн убайын.
Үй-бүлө, бала чакаңа,
Бакытты берсин кудайым.
Агалык милдет мендеги,
Куттуктап келип турайын.
Ак кызмат кылгын элиңе,
Даражаң өссүн ылайым.
Акунум! Иним мен сага,
Ак дилден белек сунайын!



Үсөнбек АСАНАЛИЕВ,
акын, Кыргыз Республикасынын билим
берүүсүнүн эмгек сиңирген кызматкери,
филология илимдеринин доктору,
профессор

## АТА ЖУРТТУН АСЫЛ УУЛУ АКУНГА

Жигит деген болсо болоор Акундай,
Улуу-кичүү – баарын көргөн жакындай.
Тереңдигин, бийиктигин билгизбей,
Жөпжөнөкөй жүрөт дайым ашынбай.

Качан көрсөң кабагы ачык жайдары,
Салмак менен залкар зыңдын ташындай.
Акун, сага ден соолукту жана да
Берсин жашты Карга акенин жашындай.

Молдованы эске ала жүр дайыма,
Жолукканда сөз кылалы жашырбай.
Ата-а чиркин! Ал кездеги жаштардын
Жан болобу жанган кабак-кашындай.

Сөз кадырын билген жансың башынан,
Эл кызматын аркалаган жашынан.
Мен баркыңды баалап-билип жүргөн соң,
Адамдыгың эмнеге айтпай жашырам.

Сыйлап жүрсүң өз бир тууган агаңдай,
Мен да сыйлап, эстүү инимдей баш урам.
Он сегиздей ойноп күлүп жүрө бер,
Акыл-эси артык туулган «жаш-улан».

Абдулла РАИМБЕКОВ,
маданият ишмери

*Урматтуу бүгүнкү салтанаттын катышуучулары!*

Республикабыздын жана облусубуздун борборунан келишкен азиз меймандар!

Мына бүгүн, биздин куттуу жерибиз Өзгөн шаарында зор салтанаттуу аземде Эл аралык «Руханият» ассоциациясынын чечими менен жердешибиз, Кыргыз Республикасынын Баатыры, Орто Азия жана жакынкы Чыгыш элдердин туңгуч космонавты Салижан Шариповго Эл аралык «Жылдын инсаны – 1998» жогорку сыйлыктын ыйгарылышы, ал эми бул сыйлыкты ушундай чоң салтанатта «Руханият» ассоциациясынын Президенти урматтуу Токтосартов Акун мырза өзү келип тапшырып жаткандыгына Өзгөн районунун жалпы эли, аксакал карылары, ак элечекчен Умай энелери, ошондой эле биздин улан кыздарыбыз өздөрүнүн чоң ыраазычылыгын билдиришет. Анткени демократиялуу жаш мамлекетибиз экономикалык, саясий жана маданий жактан улам өсүп-өнүгүп бараткан мезгилде «Руханият» ассоциациясынын Президенти урматтуу Акун мырза Сиз өз алдыңызга чоң максат коюп, демилге көтөрүп дүйнөлүк масштабдагы мамлекет башчыларын биримдикке, ынтымакка чакырып, Европа жана Азия аймагында жаңы рухий, саясий жана маданий байланыштардын тамырын тереңдетип, өөрчүтүп жаткан аракетиңизди биз Өзгөн аймагынын калкы жакшы билебиз. Сиздин бул зор иштериңизди маалымат каражаттарынан, радиодон угуп, телевидениеден көрүп, газета-журналдардан окуп дайыма сыймыктанабыз.

Бүгүнкү зор салтанатка биздин аймактын жалпы эли, өзгөчө кадырман карыяларыбыз улутубуздун рухий байлыгын жана маданиятын, биримдигин, тынчтыгын сактоого өздөрүнүн чоң салымдарын кошуу менен Кыргызстандын атагын ааламга даңазалаган Кыргыз Эл Баатыры Шарипов Салижанга жана элдердин чыгаан уул-кыздарын дүйнөгө таанытып жаткан Акун мырза Сиздей кыргыздын ишмер уулуна ак батабызды беребиз. Дайыма дениңер соо, жолдошуңар кызыр, жолуңар шыдыр болсун. Айкөл Манас атабыздын арбагы ар дайым колдоп жүрсүн!

## МАДАНИЯТКА АК КЫЗМАТ

Маданият – эл рухунун күзгүсү. Дүйнөдөгү ар бир элдин руханий деңгээли анын тарыхы, этностук традициялары билим жана аң-сезиминин, парасатынын өскүлөңдүгү, көркөм өнөрү жана өзүнө гана таандык улуттук маданияты менен бааланат. Өз ичинен чыккан өнөрлүү талант даарыган адамдарды, улуттук маданиятты көтөрүү, өркүндөтүү үчүн күйүп-бышып эмгектенген инсандарды кыргыз эли илгертен кадырлап, баалап келген. Өз өмүрүн элдин маданиятын өнүктүрүү үчүн сарптаган ишмерлер арабызда аз эмес. Ушундай инсндардын бири республикабыздын эгемендүүлүккө ээ болуусу менен кошо жаралган, рухийликти жандандыруу боюнча эл аралык «Руханият» ассоциациясынын Президенти, мурдагы Маданият министри, котормочу, ишкер Акун Токтосартов.

Ал жогорку билимге жетишкен кезинен тартып, республикабыздын маданий курулуш тармагында тынымсыз эмгектенип келаткан таанымал ишмер. 70-жылдарда Акун Токтосартов маданият министрлигинин алдындагы маданий-агартуу башкармалыгында инспектор, Кыргызстан КП БКнын аппаратында адабият жана искусство секторунун башчысы, 80-жылдарда Маданият министринин биринчи орун басары, андан соң министр болуп эмгектенди, 90-жылдарда Токтогул Сатылганов атындагы мамлекеттик филармониянын директору, «Манас» эпосунун 1000 жылдыгын өткөрүүдөгү «Манастын айылы» ишкердик долбоорунун Генералдык директору кызматтарында иштеди.

Ал министр болуп турган жылдарда республикабыздагы театрлардын жана концерттик уюмдардын чыгар-

мачылык коллективдери жана көптөгөн чет өлкөлөрдүн театрларында өз өнөрлөрүн ийгилик менен көрсөтүштү. Музыка, сүрөт, театралдык искусство тармактарында республикалык сыйлыктар уюштурулду. Ошто жана Жалал-Абадда филармония, Бишкекте Жаш көрүүчүлөрдүн театры, Караколдо, Ала-Букада, Ноокатта, Сокулукта, Ат-Башыда маданият үйлөрү, республикалык куурчак театрынын имараттары курулду.

Акун Токтосартов уюштурган Эл аралык «Руханият» ассоциациясы азыркы учурдагы абдан активдүү коомдук уюм болуп калды. «Руханият» тарабынан уюштурулган «Жылдын мыкты адамы», «Элдердин ортосундагы тынчтык жана ынтымакташтык», «Курманжан датка» сыйлыктары жалпы коомдук атакка ээ болду. Бул сыйлык Федерико Майорго (ЮНЕСКО). Сулейман Демирелге (Түркия), Нурсултан Назарбаевге (Казакстан), Ислам Каримовго (Өзбекстан), Эл аралык Олимпиада комитетинин Президенти Хуан Антонио Самаранчка, Аскар Акаевге, Москва жана бүткүл Русь патриархы Алексий IIге, Жорж Сороско (АКШ), Эржан Муратка (ООН), космонавт Салижан Шариповго ыйгарылышы экономикалык, маданий байланыштардын, элдердин ортосундагы достук мамилелердин кеңейишинде убайлуу роль ойноду. «Руханият» сыйлыгы ошондой эле кыргыз элинин маданиятынын, илиминин атактуу өкүлдөрүнө, мамлекеттик жана коомдук ишмерлерине ыйгарылды. Алардын арасында Ч.Айтматов, М.Миррахимов, Ж. Мавлянов, К.Молдобасанов, А.Жумакматов, Т.Садыков, А.Муралиев, Ж.Акималиев, Б.Гогаев, Э.Исмаилов, М.Шаханов (Казакстан) ж.б.бар.

«Курманжан датка» сыйлыгы Беназир Бхуттого (Пакистан), Тансу Чиллерге (Түркия), Сара Назарбаевага (Казакстан), Майрам Акаевага, Күлүйпа Кондучаловага, Чолпон Баековага ыйгарылды. «Руханият» ассоциациясы тарабынан Ч.Айтматовдун «Чыңгыз хандын ак булуту», С.Жусуевдин «Курманжан датка»,

К.Сактановдун «Мезгил үнү» китептери жарыкка чыгарылды.

Азыркы күндө ассоциациянын көмөгү менен түзүлгөн төрт кайрымдуулук фонддор иштеп, «Көк-Жар» кичирайонунда мечит курулууда, Маданият борборунун, беш кабат турак жайдын, студенттер жана мектеп окуучулары үчүн дүкөндүн курулуштары долбоорлонууда. Акун Токтосартов жакында адабият менен искусствонун дагы төрт өкүлүнө «Руханият» сыйлыгын ыйгара тургандыгын жарыялады. Алардын арасында Сүймөнкул Чокморов, Жолон Мамытов сыяктуу көзү өткөн таланттуу инсандар бар.

Акун Токтосартов Кыргызстан Жазуучулар союзунун мүчөсү, Ч.Айтматов атындагы коомдук Академиянын академиги. Көркөм-котормо өнөрүндө да активдүү эмгектенип, орус, казак, өзбек, украин жазуучуларынын көптөгөн чыгармаларын кыргыз тилине которду. Алардын арасынан А.Абдулиндин «Он үчүнчү башкарма» пьесасын, Оролхан Бөкеевдин «Чагылгандын изи» повестинин котормолорун өзгөчө бөлүп көрсөтүүгө болот.

Биз Эл аралык «Заман Кыргызстан» газетасынын окурмандарынын атынан маданият майданынын ишмери Акун Токтосартовго 60 жашка толгон маарекелик күнүндө эл рухунун туусун дагы да бийик көтөрүп, дем-кубатынан жазбай, коомдун жана жалпы журттун кадырлоосуна ээ боло беришин каалайбыз.

*«Заман Кыргызстан» газетасынын*
*редакциясы, 16-март 2001-ж.*



Абдрашит УРБАЕВ,
писатель, заслуженный деятель культуры
Кыргызской Республики

## ПРЕЗИДЕНТ ИЗ ДОЛИНЫ АЛАЙКУ

Жители долины Алайку, что в Кара-Кульджинском районе, на самой границе с Китаем, свою родину считают пупом если не всей Земли, то уж точно Кыргызстана. С ними, видимо, были согласны и в других регионах нашей области, так как еще в советское время в народе ходило выражение «Если грохнет в Алайку, то отзовется в Москве». Даже говорили, что Алайку напрямую разговаривает с Москвой. Также широко распространено мнение, что если уроженец Алайку поставил перед собой какую-то цель, то обязательно добьется ее. Возможно, благодаря такой особенности характера добились больших успехов такие известные во всей республике личности, как народный поэт Кыргызстана, лауреат Госпремии имени Токтогула Сооронбай Джусуев, экс-депутат Жогорку Кенеша, доктор медицинских и биологических наук Абыт Ибраимов, Госсекретарь Кыргызской Республики Осмон Ибраимов и многие другие. И рассказываю обо всем этом затем, чтобы подчеркнуть, откуда родом герой настоящей статьи Акун Токтосартов, президент Международной ассоциации содействия возрождению духовности «Руханият», которому на днях исполняется 60 лет.

Весь взрослый период жизни Акуна Токтосартовича непосредственно связан с развитием современной культуры Кыргызстана. Он окончил республиканское культпросветучилище в г.Токмок, факультет культпросветработы Ошского пединститута. Трудовую деятельность начал методистом Министерства культуры и, пройдя все ступеньки этого ведомства, стал министром. В промежутке между должностями успел поработать и в ЦК Компартии, где заведовал сектором литературы и искусства. Годы его деятельности в министерстве (1986–1990) пришлись на времена перестройки. Новому министру предстояло провести реформу отрасли, поднять искусство республики на более высокий уровень, вывести на международную арену. И он провел большую организаторскую работу. Если раньше у нас увлекались развитием массовой культуры, то теперь основная ставка делалась на высокое профессиональное мастерство. В первую очередь укреплялась материально-техническая база профессиональных театров и учреждений культуры, подготовку нового поколения артистов оперы и балета, драмтеатров, филармоний. Именно при министре Токтосартове были открыты Театр юного зрителя в Бишкеке, объединение «Кыргыз-концерт», Ошская областная филармония, мемориальные музеи Токтогула, Тоголока Молдо, А.Осмонова, А.Токомбаева, Г.Айтиева, С.Чуйкова, созданы фольклорный ансамбль «Камбаркан», камерный оркестр «Насыйкат», построены здания Кыргызского театра кукол, домов культуры в центрах Ала-Букинского, Сокулукского, Аксыйского, Наукатского, Ат-Башинского районов.

Много сделал министр для пропаганды кыргызского искусства за рубежом. Несмотря на финансовые трудности, переживаемые министерством, сумел найти средства для материально-технического оснащения коллективов и организаций гастрольных поездок театра оперы и балета имени Малдыбаева, театра драмы имени Абдумомунова, Нарынского муздрамтеатра имени Рыскуло-

ва, Государственного оркестра народных инструментов имени Орозова и других в Российскую Федерацию, Китайскую Народную Республику, Индию, Японию, Турцию, во Францию и другие страны. В свою очередь в Кыргызстане выступали Большой театр Союза ССР, оркестр скрипачей «Виртуозы Москвы» В.Спивакова, академический хор им.Пятницкого, академический ансамбль танца «Сибирь», не говоря о мастерах искусства соседних Казахстана и Узбекистана. В актив министра можно записать и возрождение фестиваля «Весна Ала-Тоо», проведение форумов «Нооруз», «Айтматов и театр». В те же годы были учреждены республиканские премии имени Малдыбаева (по музыке), имени Рыскулова (театр), имени Айтиева (изоискусство). Можно привести и много других примеров творческой инициативной работы министра А.Токтосартова.

В 1991–1996 годы А.Токтосартов работал директором Киргосфилармонии имени Токтогула, генеральным директором делового проекта «Манас айылы» по строительству историко-культурного комплекса к празднованию 1000-летия эпоса «Манас». Широкая эрудиция и опыт организаторской работы позволили ему создать уникальный комплекс международного уровня, где можно получить самую разнообразную информацию об эпосе и манасчи.

Еще будучи директором госфилармонии Акун Токтосартов выступил с инициативой создания Международной ассоциации по возрождению духовности «Руханият», на учредительной конференции которой был избран президентом. За прошедшие годы ассоциация сделала много для возрождения древней народной культуры, пропаганды ее как у нас в стране, так и в зарубежных странах, финансировала издание повести Ч.Айтматова «Белое облако Чингизхана», романа К.Сактанова «Голос времени», романа в стихах С.Джусуева «Курманжан датка», кыргызско-русско-английского словаря С.Шамбаева, снятие документального фильма о праз-

дновании 1000-летия эпоса «Манас». Международное признание получили премии ассоциации «Человек года» и «За мир и согласие между народами», «Курманжан датка». Премии ассоциации «Руханият» в Бишкеке в торжественной обстановке вручены президентам А.Акаеву, Н.Назарбаеву, И.Каримову, А.Х.Рафсанжани (Иран), премьер-министру Турции Т.Чиллер, специальному представителю ООН Э.Мурату, Ч.Айтматову, послу Казахстана в Кыргызстане поэту М.Шаханову, космонавту С.Шарипову. Лауреатами этой премии также стали Президент МОК Х.А.Самаранч, патриарх Московский и всея Руси Алексий II, Президент Турции С.Демирель, известный бизнесмен и гуманист Дж.Сорос и другие. Премии «Курманжан датка» вручены бывшему Премьер-министру Пакистана Б.Бхутто, супруге Президента Казахстана С.Назарбаевой, первой леди Кыргызстана М.Акаевой и другим.

Акун Токтосартов не ограничивается общественно-политической деятельностью. Несмотря на плотный график своей работы, находит время для творчества. В разные годы им переведены на кыргызский язык роман узбекского писателя П.Кадырова «Звездные ночи», сборник повестей и рассказов казахского писателя О.Бокеева «След молнии», пьеса московского драматурга А.Абдуллина «Тринадцатый председатель», поставленную в Ошском драмтеатре имени Ибраимова, отдельные произведения других писателей России, Украины, Казахстана и Узбекистана. Он является членом союзов писателей, театральных и музыкальных деятелей, избран академиком Общественной академии имени Ч.Айтматова.

Акун Токтосартов, с которым по долгу службы я встречался и беседовал много раз, является человеком открытым и общительным, охотно отвечает на вопросы журналистов. А когда речь заходит о культуре Кыргызстана, он оживляется необыкновенно и собеседник чувствует, что это его жизнь. Да, ведь культуре мой герой отдает все свои знания, силы, опыт, всего себя.



Салиман ШАРИПОВА,
главный редактор литературно-художественного альманаха «Ош»,
лауреат Международной премии
«За равные права»

## ВОЛШЕБСТВО ЗАПЕЧАТЛЕННОГО МГНОВЕНИЯ

Зачастую перед глазами так четко и ясно выстраивается целая галерея талантливых современников, к которым мы тянемся, когда нам грозит тягучая пучина духовного разлада, жизненной неустроенности. Идем мы к ним и в моменты благодарения судьбе за востребованность и самореализацию. Одним из таковых является Акун Токтосартов.

Его я отмечала среди многих министров последних лет, чье профессиональное достоинство ощущается даже в телеэфире. Его особый дар быть естественным и искренним перед репортерами, журналистами, объективом видеокамеры внушает уважение.

Внимание Акуна Токтосартова при открытии Театра юного зрителя, объединения «Кыргызконцерт», областной филармонии, мемориальных музеев Токтогула, А.Осмонова, А.Токомбаева, Г.Айтиева – было акцентировано лишь на факте этого дня. Не было ни капли самолюбования, ни тени саморекламы. Волшебство запечатленного мгновения таилось на невидимом совмещении духовной устремленности и удовлетворенности от осуществленного замысла министра культуры.

Благодаря его дару убеждать партийных боссов, которые имели решающее слово, зрители смогли увидеть легендарных артистов Большого театра СССР, академического хора им.Пятницкого, казахского оркестра «Отрар сазы», узбекского ансамбля танца «Бахор».

60-летие Чингиза Айтматова вылилось в торжественный марш всемирной культуры, а проведение 125-летнего юбилея Токтогула в Москве не могло не затронуть патриотических чувств каждого кыргызстанца.

Первый раз лично встретила Акуна Токтосартова в мае 1993 года на презентации республиканского фонда имени С.Ибраимова.


Тогда мне было что сказать, я говорила о своей книге, посвященной Султану Ибраимову и доказывала, что это было первое политическое убийство. Несмотря на неоднозначную реакцию слушателей, тогда Акун Токтосартов произнес: «Спасибо, дочка». В том же году он хорошо отозвался о моем выступлении на учредительной конференции женщин. А в конце года он предложил мне поздравить Н.Назарбаева с вручением премии Международной ассоциации «Руханият». И честь поздравить Нурсултана Абишевича была дана мне.

Видимо, надо от природы иметь то, что при всех перипетиях меняющихся обстоятельств, карьеры, сферы общения, настоящая Личность остается носителем духовности, а без этого нельзя победить бедность, ущемленность сознания, умышленную установку на заниженную самооценку людей на всех уровнях общества.

Своей неустанной деятельностью он поддерживает в нас целеустремленность, надежду и веру в будущее. Издание книг Ч.Айтматова, С.Жусуева, выпуск кыргызско-русско-английского словаря С.Шамбаева, снятие документального фильма о 1000-летии эпоса «Манас», получение квартир работниками искусства, проектирование Центра культуры и духовности, книжного магазина для школьников и студентов – все это, так или иначе, связано с Акуном Токтосартовым. Ему всего

лишь 60. В своей занятости он находит время для переводов книг и спектаклей.

Общественный деятель, один из мэтров Акун Токтосартов воистину проходит «третью милю», вместо положенных двух. И как показывает его активность, ему еще подвластны и другие мили, на которых мы желаем ему здоровья, счастья, новых идей и успехов, много тепла и семейного уюта.



Мухиддин ТӨЛӨБАЕВ,
жазуучу, тарыхчы

## КОРГОНБЕК УУЛУ ТОКТОСАРТ АТАГА

2007-жылы 21-майда республикабыздын радио түйүнүнөн «Алай-Куунун ардактуу атуулу» деген уктурууну тыңшап отуруп, төмөндөгүдөй ыр саптары жаралганын сиздерге сунуштайм:

Ак иштерди туудай тута кармаган,
Адилеттик сөзүн айтып талбаган.
Атабыз бар Алай-Куудай өрөөндө
Акыл калчаар атабызды жандаган.
Арстанбек, Султан, Абдынабилер...
Ата алдына келээр эле сандаган.

Адилеттин иштеринде сыналган.
Акыйкаттык кептерине кыналган.
Ак дилинен кеңеш берген ар кимге,
Атакебиз ал жагынан тың абдан.
Айыл көркү, кадырманы Токтосарт
Аргымагын минип тигил кыраңдан.

Ала-Тоонун бир аймагын сураган,
Ата кебин Акун уулу улаган.
Агартуу да, маданият тармагын
Ата Журтту бир топ жылы кураган.

Маданият министри – Акунум.
Атабызга тең  барабар бул адам.

Алай-Куунун аязында көгөрүп,
Акун анда жаңы кана төрөлүп.
Ай-ааламга добуш сала Аталап…
Алпештелди арча бешик бөлөнүп
Апакеси эне сүтүн эмизип…
Ач калтырбай бешикке бек жөлөнүп.

Мекен үчүн согушууга катталды,
Мекен көргөн согушуна аттанды.
Москвада курал жасаар заводдо,
Мээнеттенүү анықталды такталды.
Миллиондоп мина, октор даярдоо
Манчыркаган кас душманды атканы.

Кан майдандан күнү-түнү кармашып,
Кадам жер деп, душман менен арбашып.
Кайратына чыдам бербей кас душман,
Карайлады акырында ал качып.
Кыштын күнү Москванын алдында,
Калчылдаган немистерди кар басып.

Кан майдандан аман-эсен келгенде,
Кыштак сайын жеңиш тою жергемде.
Кубанычтар коюнуна жык толуп,
Куунап жатты карапайым элде эмне,
Кабары жок, курман болгон жоокерди.
Канын төккөн душман деген шерменде.

Өлбөстүктүн күнүн көрүп аталар,
Өрөөн ичин жандандырды агалар.
Өзгөн, Алай, Совет, Ноокат аймакта
Өзгөрүүлөр иштеп жатты барабар.
Өгүз менен жерин айдап, эгин сээп…
Өзөгүндө күйгөн нечен санаалар.

Күн жаманы эмгек менен кетет – деп,
Кеңеш берип, чарба ишин жетектеп.
Кайра куруу, жаңылануу жер-сууга,
Кара ниетти карыш койбой этектеп.
Күнү-түнү тыным албай калк үчүн,
Кылган иштен бүгүнкүгө жетет кеп.

Ээрдин тиштеп ашып-ашып ичпеди,
Эл камында эринбеди иштеди.
Эр азамат, элдин уулу дедирип
Эчен мырза, эли үчүн күч деми.
Эли куунап, эл ичинде бейпилдик
Эгемендин келет даамын сыз – деди.

Таасир берди – акыл айткан кептериң.
Таасир берди – кара кылды жара тепкениң.
Талап кылып акыйкаттык мыйзамды,
Таасын кыла тазалыктын кеп-кенин.
Таза бол деп, тазалыктын үрөөнүн
Түбөлүккө түзүк болду эккениң.
Ырым менен Ала-Тоого жар салам.

**«Руханият» ассоциациясынын**
**Президенти Токтосартов Акун мырзага**

Маданият майданында талбаган,
Маданиятка бүт өмүрүн арнаган.
Мекен үчүн мээнет арткан Акунду,
Мен ыр менен Ала-Тоого жар салам.
Мээрим чачкан кең пейилдүү мүнөзүн,
«Муну кайдан алды экен» – деп таң калам.

Ата сөзүн ыйык тутуп баалаган,
Айткандары аткарылбай калбаган.
Ата Мекен, эли-журтуна берилип,
Адал эмгек, айкын жолду тандаган
Аркасында Камалидин, Темирландай уулу бар,
Акун анан кайдан болсун жарды адам.

Тагдырынын ысык-суугун көп көрүп,
Татаал күндү такшалууда бөктөрүп.
Тирек болоор перзенттерин өстүрүп,
Таттуу учурду келе жатат өткөрүп.
Тагдыр деген татаал нерсе түрмөлүп,
Тай талашта кээде өкчөп-өкчөлүп.

Кимдер келип, кимдер өтүп кетпеген,
Көксөгөнгө жеткендер бар, жетпеген.
Күткөн тилек-акыйкаттык келсе – деп,
Калайык-калк күн өткөрөт эптеген.
Кыргызымдын кадыр-баркын чыгарган,
Кыраан Акун, ар-намыстуу эр белем.

Кылымдардын кыйырынан көз салып,
Кыргыздардын рух күчүн ойготтуң.
Касиеттүү нарктуу салтын кастарлап,
Калкыбызга урмат-сыйды жолдоттуң.
Кереметтүү «Руханият» желегин,
Көкөлөтүп көк асманга орноттуң.

Он беш жылдык маарекени белгилеп,
Ойдон-тоодон меймандар келди – деп.
Орошон ой, максатыңыз ишке ашты,
Опоосуз бул жашообузда ошол кеп.
Ойлоп-ойлоп ой түйүнүн чече бер,
Оомат жүрсө эмгегиңден эл билет.

Сыймык үчүн ташталат көп кадамдар,
Сыйлык алды далай даңктуу инсандар.
Сага айтаарым назар салып угуп ал,
Салгылашып, жоону жеңген кезинде
Санжыралуу Жайыл баатыр бабам бар.
Сары Өзөндө – «Ай тамгалуу» солтодо,
Сабыр туткан бир белгисиз адам бар.



Сатынды САМЫКБАЕВ,
журналист, Кыргыз Республикасынын
финансы тармагынын ишмери

## АДАМКЕРЧИЛИГИ БИЙИК ИНСАН

Акун экөөбүз жалындаган жаштык кыялданууну кучагынан чыгалбай жүргөн мезгилде тааныштык. Анткени орто мектепти бүтүрүп жетилүү аттестаты колго тийгенден кийин экөөбүздү тең тагдыр Токмок шаарындагы Маданий-Агартуу окуу жайына жетелеп келди. Бул шаарда атайын орто билимдүү кесипке ээ бологондон кийин, республикабыздын Маданият министрлиги тарабынан Москва шаарындагы Маданият институтуна кирүү үчүн жолдомо берилди. Ошентип, жогорку билим алалы деген максат менен Москва шаарына карай сапарга аттанып калдык. Мына ошол мезгилден бери, башкача айтканда, 1960-жылдан баштап, Акун экөөбүздүн ички дүйнөбүздүн, жашоого көз караштарыбыздын окшоштугу себепкер болуп жакын жолдоштугубуз башталды. Ал эми кийин болсо маңдайыбызга жазылган тагдырдын буйругу менен экөөбүздүн жашоодогу жолубуз бөлүнүп кетти. Мен болсо Ташкент шаарынан жогорку адистикке ээ болгондон кийин Фрунзеге келип, Кыргыз ССРинин финансы министрлигинин аппаратында иштеп калдым. Ал убакта Акун болсо маданият министерствосунда иштеп жүрчү. Мына ушинтип буйрук экен кайрадан табышып, жолдоштук мами-

лебиз уланып эгиз козудай ээрчишип сырдашып жүрдүк. Мен бой болгондугумдан Акундун үйүнө дайым барып турчумун, менимче, ар бир өткөн учур адамдын жашоосунда өтө кымбат. Аны пайдалана жана баалай билүү керек экен. Тилекке каршы, дайыма эле андай боло бербейт. Ушул ойду айтып жатып, Кыргыздын элдик ырынан эки сап эсиме келет: «Мезгилибиз кетер кош айтып, жүрөлүчү жүрөк оорутпай. «Мен Акундун үйүнө барганда үй-бүлөсү дайыма жакшы маанайда тосуп алышар эле айрыкча менин эсимен кеткис жери Токтосарт ата менен Суксур апанын мага жасаган мээримдүү өзгөчө мамилелери – алар мени өз баласындай көрүп бийик адамгерчиликтери, ата-энелик мээримдүүлүктөрү менен күтүп алышар эле. Үйүндө болгондорун дасторконго Сабира келинине жайнатып коюп адамдын ажатын ачкан сезимин ойготкон акыл-наасат сөздөрүн айтышчу. Мен бул эки адамдын ички дүйнөсүнүн тазалыктарына таң калып, ичимден суктана ыраазы болчумун.

Токтосарт ата турмуштун ачуусун, таттуусун башынан өткөргөн, адамдын жаман-жакшысын жаңылбай талдай билген кыраакы адам эле.

Ал ой жүгүртүүсү терең тунук акылы менен мага көп насааттарын айтып, тилеги өтө зор болучу.

Жаздыкка башын коюп кырынан жатып алып мени менен аябай чечише маектешкенинен убакыттын кандай өткөнүн да билбей калчубуз: «Балам эми кеч болуп кетти, түнөп кет» – дечү.

Адаттагыдай бир күнү маектешип отуруп: «Ээ балам, качан мени келиндүү кылып чай куйдуруп бересиң, өтө эле созулуп кетти го, мен да ылайыктап көзөмөлдөп жүрөм» – деди.

Чындыгында эле бул адамгерчилиги бийик Адам өз атамдай күйүп бышып, көп аракеттерди жасап өзүнчө бушайман болуп жүрдү. Айтылган сөзгө байланыштырып төмөнкүнү белгилеп кетким келет.

Токтосарт ата шаардан бир бөлмө таап, жууркан-төшөктөрдү жеткирип, Мединститутта окуган Ош та-

раптык кызга баш коштурмак экен. ...Мага кайрылып: «Балам, ушуга үйлөнүп алчы, туура эле болот, көпкө бой жүрүп калдың?!!» Чын дили менен мындай аракетти жасоого сейрек бийик адамдар гана бара алат.

Каадабыздай бир күнү отурганыбызда: «Ата, мен үчүн канча галошуңузду жырттыңыз, санап жүрүңүз ордун толтуруп берем» – деп тамашаласам, санын чаап аябай күлүп, балам сенден галош айлансын, сен эле жолдонуп кетсең болду» – деди.

Бир аз убакыт өтпөй эле үй-бүлөлүү да болуп, үйгө Токтосарт ата, Суксур апа, Акун, Сабира конокко чакырып таң сүргөнгө дейре кенен-кесир олтуруп баарлаштык. Токтосарт ата болсо кубанычы койнуна батпай ажары ачылып кубанычта болду. Мындай маанайда отурушу бул адамдын ички дүйнөсүнүн кенендиги, адамгерчилигинин бийиктигин дагы бир сапар тастыктагандай болду.

Суксур апа болсо ички сулуугу менен айырмаланган, өтө ажарлуу, кең пейил Адам эле. Мен кээде: Апа бир бөлмөдө кыйналбай, айылда эле кенен-кесир жашабайсыңарбы десем, Акун жалгыз уулубуз, ушул балабыз кайда жүрсө кыялбай кыйналсак дагы чогуу жүрөбүз дечү. Акунда апасынын жалпы окшоштук мүнөзү көбүрөөк эле.



Жоробек БОРБОДОЕВ,
мамлекеттик жана коомдук ишмер,
педагогика илимдеринин кандидаты

## АДАМ АГАМА АЧЫК КАТ

Бала кезимде үй-чарба жумуштарына агам экөөбүз атама кол кабыш кылчубуз. Бирде биздин аракетибизге көңүлү жылып ыраазы болсо, бирде ушу силер адам болбойсуңар го, – деп кейип калган учурлары болор эле. Бир жолу иш арасында бизге акыл айтып жатып мындай деди: – Бул акылды мага да убагында атам айткан, өмүр бою эсимден чыгарбадым жана барган сайын анын ушунчалык мааниси терең экенине ынанып келем. Силер да менден укканыңарды көкүрөгүңөргө бекем түйүп, өз кезегинде балдарыңарга айта жүрүүңөр керек.

Даанышман бир журт башы бой жетип өсүп келе жаткан жаштарга: – Балалык, жаштыгыңар да өтөт, балдарым, бара-бара ачуу-таттууну, жакшы-жаманды ажырата баштайсыңар. Алтын башыңар аман болсо, жакшы киши болушуңар мүмкүн, бирок адам болуу эң кыйын экендигин билип жүргүлө. Илгертеден айтыла келаткан «башы кара, буту айрынын бары эле киши, бирок кишинин баары эле адам эмес» деген сөз бар. Ак-караны, жакшы-жаманды жүрөгүңөр менен туюп-билип, бирөөнүн акысына көз артпай, алсызга, колунда жокторго жардам берип, улуу-кичүүгө тегиз мамиле

жасап акыйкат, чындык үчүн баарына даяр болсоңор, асыл жардын ишеничи, үй-бүлөнүн тиреги, ага-тууган-дын, эли-журтуңардын таянычы боло алсаңар, көр оокат үчүн абийириңерди сатпай, өзгөлөрдүн да кадырына жетип сыйлай алсаңар гана адам боло аласыңар – деп акыл айтчу экен.

Атамдын ал айткан накыл сөзү көкүрөгүмдө эң ыйык, керемет күч катары сакталып келет. Көрсө, тарбия башатын, адам болууга үндөгөн асыл ойдун үрөнүн атам ошондо таштаган тура. Жашым элүүгө келип калса да: «Адам боло алдымбы?» – деп өзүмө өзүм суроо берип келем. Билбейм, бирок мен турмушумда бир топ бул улуу атка татыктуу адамдар менен жолукканыма тагдырга ыраазымын. Алардын арасынан мен өзгөчө сыйлап, ардактаган адам жана агам – Акун ага Сиз жөнүндө бүгүнкү 70 жылдык мааракеңизден пайдаланып, чын дилден чыккан инилик куттук айтуу менен портретиңизге экскурс жасоого уруксат этиңиз.

Алай-Куу өрөөнүнүн Көңдүк айылында жашаган, жалпы журтка кадыр-барктуу, салт-санаалуу, убагында Алай-Куу, жалпы эле Кара-Кулжа элине кеңири белгилүү болгон Абдыкадыр абамдын абдан жакын досу Токтосарт аба жөнүндө атамдан көп жолу укканым бар. Алардын достугу тууралуу азырга чейин эл арасында аңыз кептер айтылат, достук мамиленин, аны аздектеп күтүүнүн жана ызат-сыйдын кадырына жеткен анык курдаштар эле дешет. Кечээ кийин эле Токтосарт аба КараКулжа айылында, Абдыкадыр абамдын уулу Карим акебизди атайын үйүнө чакырып, дасторкон үстүндө сиз экөөңүздөргө ата жолун жолдоп, жакшы мамилени улантууңуздарды өтүнүп көзү өтүп кеткен досуна болгон сый-урмат вазийпасын көрсөткөнү эсиңизде болсо керек.

«Аккан арыктан суу агат», балам, Токтосарт аксакалдын Акун деген уулу тарбиялуу, билимдүү, атанын атын чыгарган жакшы уул болуп өсүп атыптыр деп да атамдан уккан элем. Мен анда эми гана орто мектепти

бүтүрүп жаткам, бир ар жылдан кийин ошол Сиз билим алган Ош мамлекеттик педагогикалык институтунда окуп калышым ойдо да жок болучу. Институтта окуп жүргөндө, келечектен көпту үмүттөндүргөн кадр катары эл оозуна алынып калган Акун Токтосартов тууралуу агай-эжейлерибиздин сыймыктануу менен аны студенттерге үлгү кылып айткандары менин Сиз жөнүндө экинчи жолу укканым болду. Кийин мен институтта окутуучу болуп, андан кийин Киев шаарында аспирантурада окуп, Кыргызстандын Украинадагы элчилигинде кеңешчи кызматында иштеп турганымда Сиздин дасыккан жетекчи, чыгаан мамлекеттик ишмер катары республикабыздын аймагында аттын кашкасындай белгилүү инсан экениңизди массалык маалымат каражаттарынан, республикабыздын аттуу-баштуу маданият жана чарба ишмерлеринен угуп, билип жүрдүм.

1992-жылы Бүткүлдүйнөлүк кыргыздардын Бишкекте өткөн биринчи курултайына украиналык кыргыздардын делегация жетекчиси катары келгенимде мен Сизди биринчи жолу сыртыңыздан көрдүм, ал эми жакындан таанышып ага-ини болуп келатканыбызга, кудай буюрса, он жылдан ашып калды. Сиздин жөнөкөйлүгүңүз, улуу-кичүүгө жасаган өтө аяр мамилеңиз, боорукерлигиңиз, ички дүйнөңүздүн бай азыгы, акылгөй жана көрөгөчтүгүңүз, даанышмандыгыңыз, өзүңүзгө гана таандык нукура дипломаттыгыңыз жана жан-дүйнөңүз менен жуурулушуп турган өзгөчө маданияттуулугуңуз Сиздин АДАМ деген улуу атка татыктуу экендигиңизди даана тастыктап турат десем жаңылышпасам керек.

Сиздин ишмердигиңизге, басып өткөн жигердүү жолуңузга сереп салып карап олтуруп жалпы кыргыз журтуна маалым касиеттериңиз жөнүндө баамдагандарыма токтолоюн. Сиз мамлекеттик кызматтын баштапкы баскычынан көрүнүктүү мамлекеттик ишмер, жетекчи – министр кызматына чейин аркалап, өлкөбүздүн маданият тармагынын өнүгүшүнө чоң салым кошо ал-

дыңыз. Элибизге белгилүү мамлекеттик жетекчилер И.Раззаков, Т.Усубалиев, А.Масалиев, Т.Кулатов, Т.Кошоев ж.б менен үзөңгүлөш жүрүп, алардан алган тажрыйбаңызды, өз кезегинде, жаш кадрларды тарбиялоого жумшадыңыз.

Мамлекеттик кызматтын оор түйшүктөрүнө карабастан чыгармачылыктан да кол үзбөдүңүз. Сиздин калемиңизден жаралган бир топ адабий чыгармалар жана кыргыз-совет адабиятынын таланттуу өкүлдөрүнүн чыгармаларынын кыргызча котормолору, «Руханият» ассоциациясынын ишмердүүлүгүнө байланышкан китептердин, альбомдордун, И.Раззаков, Курманжан датка, С.Жусуев ж. б. тууралуу тарыхый жыйнактардын, мемуарлардын жаралышы буга даана далил болуп турат.

Сиз республикабызга гана эмес жалпы КМШ өлкөлөрүнө кеңири белгилүү коомдук ишмерсиз. Сиз негиздеген жана жетектеп келе жаткан Рухий дөөлөттөрдү жаратууга көмөктөш Эл аралык «Руханият» ассоциациясы бүгүнкү күндө рухий-маданий багытта иштеп жаткан бирден бир коомдук уюм катары таанылa алды. «Руханият» өзүнүн алгылыктуу ишмердүүлүгү аркылуу кыргыз элинин башка элдер менен болгон маданий алакасын арттырууга, мамлекеттер аралык достук жана кызматташтык мамилелерге зор позитивдүү таасир тийгизүүгө жетишип келүүдө.

Сиздин башкаларды ынандыруу, өзүңүзгө тартуу, жалпы кызыкчылык үчүн жагымдуу жагдайларды түзүүдөгү дипломатияңыз таң калтырбай койбойт. Өлкөбүздүн тарыхында эчендеген комдук уюмдар эмне деген укмуштуудай «асыл максаттар» менен гана түзүлбөдү, бирок алардын бири да ошол асыл максаттарды турмушка ашырууда Сиздей мамлекеттик, саясий, маданий, коомдук жана бизнес ишмерлерин бириктире алган жок. Сиздин көрөгөчтүгүңүз менен «Руханият» ассоциациясына Ч.Айтматов баштаган бир нече аттары дүйнөгө белгилүү адамдардын мүчө болуп кирүүсү анын

эл аралык деңгээлде таанылa алышына зор өбөлгө түзө алды. Анан дагы кыргыз улуттук маданиятынын жана искусствосунун каймактары Ч.Айтматов, С.Эралиев, С.Жусуев, Т.Касымбеков, М.Рыскулов, Э.Турсуналиев, К.Молдобасанов, А.Жумакматов, Т.Абдиев, Т.Садыков, Т.Абдымомунов, Ж.Мамытов, Б.Миңжылкыев, С.Жумадылов, С.Чокморов ж.б.көптөгөн инсандар менен эриш-аркак иштешип келгениңиз, алардын кеп-кеңешин, насааттарын угууга күбө болгонуңуз бир чети Жараткандын Сизге эбегейсиз чоң тартуусу (себеби эки кылымдын эбегейсиз зор таланттары менен насиптеш, кесиптеш болуу бактысы бардык эле адамдарга буюра бербейт эмеспи) болсо, бир чети өзүңүздүн жогорудагыдай касиетиңиздин үзүрү деп эсептээр элем.

Сиздин турмуштук тажрыйба куржуну толо бай таланттуу уюштуруучу экениңиз да талашсыз. – Жасай турган ишиң максаттуу, чөйрөң үчүн пайдалуу боло турган болсо эч качан анын чоң, кичинеси болбойт, баарына бирдей жоопкерчилик менен кароoң керек, ошондо гана анын жыйынтыгынын үзүрүн көрөсүң деген насаатыңызды ар дайым угуп келем жана анын чындыгын турмушта көрүп келе жатам.

Ыйман маселесине көп көңүл буруу менен совет мезгилиндеги атеизм саясатынын ислам дининин тарбиялык мааниси бар канондоруна тийгизип келген терс таасирлеринен арылуу багытындагы ишмердигиңиз Сиздин коомубузда улуттук динибиздин туура багытта өсүп-өнүгүүсүнө кошуп жаткан чоң салымыңыз катары бааласак болот.

Табият өзү тартуулаган өзгөчө кең пейил, даанышмандык мүнөзүңүз менен уул-кыздарыңызды мезгил талабына шайкеш, ыймандуу тарбиялап өстүрдүңүз. Ага-тууганды, улуу-кичүүнү, алыс-жакынды ар дайым тегерегиңизге топтоп, камкордук көрүп, колуңуздан келишинче моралдык да, материалдык да жардамыңызды аябай келесиз. Айрыкча, жаштардын келечекте өз

орундарын табуусу үчүн көргөн ынтызар камкордугуңуз өзүңүздүн өрнөктүү турмуш жолуңузда топтогон бай тажрыйбаңызды, билимиңизди кийинки муун өкүлдөрүнө татыктуу өткөрүп берүүгө болгон чыныгы адамдык позицияңыз деп түшүнөмүн.

Бар болуңуз, арыбаңыз Акун ага! Элиңиз үчүн жасай турган дагы көп эмгектерди аткарууга Жараткан Сизге узак өмүр, кажыбас кайрат жана ден соолук берсин АДАМ ага!

Маркабай ААМАТОВ,
акын, Кыргыз Республикасынын
маданиятына эмгек сиңирген ишмер,
Кыргыз Республикасынын Президентинин
сыйлыгынын лауреаты,
А.Осмонов атындагы адабий
сыйлыктын ээси



## КУЛУН-АТА

Акун Токтосартовго

*(Поэма)*

Кулун-Ата – бейиштин көлү белең,
Бала кезден ашыкмын өзүңө мен.
Шарпылдаган толкунуң эргүү берет
Шарпылдаган толкунуң көөнүмө дем!..

Кулун-Ата – жаннаттын көлү белең,
Багындырган керемет өңү менен,
Тартып алдым сезимге элесиңди
Тартып алдым өчүрбөй көзүмө мен!

Ары карай Ой-Талдан артылганда,
Булдуруктап булактар ар жылгаңда,
Улар сайрап уйтулдап, куштар сайрап
Туш келтирет табигат ар кыл жанга...

Тээ бийиктен таш көчүп шагыраган,
Чубап өтөт кийиктер жамыраган,
Көрмөк турсун мындайды... табигаттан
Үзүп кеткен киндигин азыр адам...

Тоону көрчү, асманга түркүк белем,
Ыман учат карасаң үркүп денең.
Тээ бийикте ыргыткан таш сыңары
Бир ителги тебишет бүркүт менен.

Талашындай бүтпөгөн бу жалгандын
Талашы не ким билсин, кыраандардын,
Агып барат... ак булут, аппак булут
Аңтарылып үстүнөн кыраңдардын...

Уясына кондуруп Күндү тартып,
Кеч да кирди зоокалар сүрдүү тартып,
Түшүп келип жылдыздар көл койнуна
Алтын теңге Ай дагы жүрдү калкып...

Түнкү шоокум молдодой дем урабы,
Көл шарпылдайт, кайдандыр жел урабы,
Арча отундун бутагын отко таштап
Аппак сакал карт мерген кеп улады.

* * *

Көп келемин тоолордун ичине мен,
Кайберендин желедей изи менен,
Мында түнөп калганда дүбүрт угам,
Кулун үнүн угамын кишинеген...

Капкан салдым бел ашып, тузак тартып,
Бала күндөн тоолорго ынак тартып,
Качан, кайда болбоюн сагындырып
Касиеттүү Көл мени турат тартып...

Тээ чокудан көз салам ыраак карап,
Сүттөй болуп агышат булактар ак.
Ак жал толкун жашырган Көл койнуна
Менин жаным ушунда сыяктанат!..

Булут конуп тоолордун кыр-кырына,
Касиеттүү Көл окшойт ыр чыныга.

Балким, бирөө ишенбес колун шилтеп,
Мен ишенем табигат сыйкырына!

Комуз күүлөп, көөдөнгө ырды багам,
Кыл ордуна шоолалуу нурду тагам.
Ак  жал толкун ак  жалдуу кулун болуп
Үн угулат жылаажын шыңгыраган!

Кабар сындуу бабамдын арбагынан,
Кабар сындуу кылымдын ар жагынан,
Шоокум чыгат өткөндү көзгө тартып,
Шоокум чыгат керемет жан жагыман!

Кыргыз эмес өкүмдүк, зордон сынаар,
Кырка тоолор тургандыр коргон сыңар,
Бул уламыш айтылып элде калган
Балким, чындап өтмүштө болгон чыгар?..

...Тээ илгери, илгери тоолуу айылым,
Заманында чоң сынчы Толубайдын.
Тулпарларды бакчу экен учкул канат
Башка журттан, башка элден болуп айрым.

Саяпкерлер бар экен баарын билген,
Ат таптаса бап таптап, табын билген.
Кайсы күлүк марага кандай келет
Кайсы учурда байге алаар чагын билген...

Жоокерчилик замандын жакшылары,
Баатыр сыңар барктаган атты дагы.
Эр жигиттин канаты тулпар болгон
Максаттарга жеткирчү астыдагы...

Кыргыз, кыргыз болгону соолубастан,
Тукум улап түгөнбөй жоону чапкан.
Жаланданган жигиттей атка минип
Токсондогу чалы да ооруп аткан...

Жоо көп эле жолборстой ырылдаган,
Күн көп эле калк үчүн кыйындаган,
Кыркылса да тамыры нечен ирет
Кыргыз кыргыз болгону кырылбаган...

Бекинбестен чеп куруп коргонуна,
Түшөмүн деп чочубай жоо колуна,
Арка тутуп ишенген абалтадан
Ак кар баскан ак чоку тоолоруна!

Көп кылымдын ар жагы... бир жылдары,
Кан төгүлүп көп болуп кыргындары.
Жебе тартып душманга, кылыч шилтеп
Тоо жамынчу бул жердин тургундары...

Бир ууч элдин эр жүрөк жигиттери,
Тоо койнунан куушуруп кирип бери.
Душмандардын сапырчу күлүн көккө
Күм-жам болчу заматта тийишкени...

* * *

Сан табышмак, чечилээр жообу барбы,
Же чын эле коргойбу тоо буларды?
Нечен ирет жеңилген калмак беги
Жеңилүүнүн себебин оюна алды.

Ким түшүнөт кыргыздын дилин бүгүн,
Канча өркүндөп кетсе да илим бүгүн.
Ажыратып, бөлбөсө жеңиш кыйын
Ала-Тоолук кыргыздын биримдигин...

Анын кунун билбеймин канча болоор,
Ажыратып кутумду салса болоор.
Аял, арак, атак-даңк, алтын-күмүш
Азгыраар дейм эрлерди арка болоор...

Айтат ана, кыргыздын дастандары,
Абалтада душмандар баскандагы,

Арасынан мурун да чыкты эле го
Айкөл Манас баатырын саткандары...

Кыйын кезде биригип жөлөшкөнү,
Бир муштумдай түйүлүп жөнөшкөнү,
Кыйын болду биз үчүн, бирок кайда
Азыркынын Абыке, Көбөштөрү?..

Бул жагынан бир айла табары бар,
Бузуп берер айтылган баягылар.
Бирок чиркин колдосо Көк Теңири
Кыргыз бизди кылымга таба кылар...

Анан дагы табышмак, жоо колуна,
Арстан болуп тийүүчү ордо мына,
Кылымдардан бер жакка кетип калбай
Кыргыз неге таянат тоолоруна?..

Кыргыз неге таянат Көл демине,
Кыраан болуп гүлдидар өз жерине.
Кырса болоор азгырып алып чыгып
Кыйсыпырын чыгарып чөл чегине...

Аскасына жашынат атсак жетпес,
Балээ болду кыргыздар каскак кетпес.
Ала-Тоодой алтынды берсең дагы
Ата Журтун кыргыздар таштап кетпес!

Бу кыргызың түбөлүк аска сымак,
Бузук салсаң балкалап таш да сынат.
Канткен кезде бүлүнтүп, элин чабат
Бек түнөрүп күн-түнү баш катырат?..

* * *

Жараткандын жалгаган нуру барбы,
Же чечилгис табышмак сыры барбы?
Чааралекей тулпарлар, чааралекей
Көздөн кетпей ойноктоп туруп алды...

Жебе жетпес артынан атканда да,
Кушка айланып уччуудай асманга да.
Булут болуп каалгып чыгып кетер
Бу кыргызды камалап басканда да...

Эл турбайбы жаралган намыска бек,
Сырын билип тереңден чабышкан эп.
Азырынча жоолашпай, кыркылышпай –
Тамыр тартып кыргызга таанышкан эп...

Калмактардын чогулуп мыктылары,
Мыктыларга бек анан чыкты дагы,
Оюн айтты өйүгөн көптөн берки
Калтырбастан бир сөзүн укту баары...

Жооп айтышпай жакшылар кечеңдеди,
Кум жуткандай унчукпай чечендери.
Акыл кошор адамдын жоктугунан
Бек бардыгын бир өзүм чечем деди...

Бек чечими угулду бардыгына,
Жан болчубу баш ийбес жардыгына.
Үйүр-үйүр жылкыдан айдаттырып
Зер салдырып узатты сандыгына.

Акылманын баш кылып жөнөттү да,
Ага кошуп тыңчыдан өнөктү да.
Ар кимине тийиштүү иш тапшырды
Аткарбаска чара жок... көнөт буга...

...Калмактардын келди деп элчилери,
Дуулдап калды кыргыздын эркин эли.
Дос тутканда калмактын калың журту
Доосун артып кемсинтпей, теңсинеби?

Акыл калчайт элеттин карылары,
Душман менен жарашып... жаңылабы?

Толгонсо да аксакал эл атасы
Токтолбостон кеп сөзүн шар улады.

Карыңмын мен баарыңа акыл салчу,
Меймандостук калкымдын асыл салты,
Үй тиккиле, көргүлө конок камын
Шаңшып турсун булбулдай акын жарчы!

Кыз-келинге курулсун алты бакан,
Ыр ырдашсын  тоскуча таңды качан.
Жөн келген жок калмактын элчилери
Айтылганча күтөлү шарты качан...

Курсагына асмандын сайып турган,
Тоолорду көр, ак булут чалып турган.
Абаны көр, арчанын жыты сиңген
Дарт-ооруну көп өтпөй айыктырган...

Көпөлөктөр бир-бирин издеп кууган,
Гүлдөрдү көр бийкечтей бийлеп турган.
А түнүчү...жылдызга кол тийчүдөй
Айды көргүн, өзгөчө иймек тууган...

Тээ айдында селкинчек, ыр жаңырат,
Жигиттердин соңунан кыздар улап.
Шыңгыр-шылдыр өзгөчө абан созот
Мөлтүр булак токтолбой кырдан кулап...

Керемет түн энедей мемиреген,
Мактангандай кут түшкөн кези менен.
Наристеге мамагын салган өңдүү
Табигатка жан болбос эрибеген...

Шуу-шуу этсе эрке жел беттен сылап,
Көңүл эзген кайгы-муң эстен чыгат.
Ой-кыялга тизгин жок жалгыз гана –
Кайберендер кыр ашып кеткен сымак...

Ой-кыялга тизгин жок жалгыз гана,
Эл башына түшпөсүн ар кыл балаа.
Неге келди калмактын элчилери
Алигиче айтылбай... ал сыр гана...

Сыр катышат сыр каткан түн сыңары,
Аз калганда таң сүрүп, күн чыгары.
Дүпүрөгөн өзгөчө дабыш чыгып
Азынады айылдын жылкылары...

Тээ туу белди өтүштү кыркып ары,
Тоолуктардын дүпүрөп жылкылары.
Селт этишти тыбырап, тынчы кетип
Сергек тартып калмактын тыңчылары...

Дүрбү салат көзүнүн курчу бары,
Дүңгүрөсө кыргыздын жылкылары.
Келген топто бар эле чоң саяпкер
Миң өлчөсө бир кесер сынчы дагы...

Ошол сынчы дебестен бу бир күнөм,
Ат бүткөндү таанычу дүбүртүнөн.
Билип койду кулунду күлүк чыгар
Жылкылардын ичинен үйүр түмөн.

Кулун экен тай болуп жетиле элек,
Табын тапса берилээр ээсине бек.
Ага арналган ноктосу катыла элек,
Ага арналып аркан жип эшиле элек...

Тулпар туучу бээлердин үйүрүнөн,
Күлүк чыгаар дал ушу күлүгүнөн.
Баралына келгенде, баралына
Тиштеп түшөөр булуттун үзүгүнөн...

Тоо эчкинин ашчуудай улагынан,
Так секирет ал бээнин кулагынан.

Жылдыз болуп кеткендей зуулап учат
Жылт койгондо жылганын кыраңынан...

Бурап көккө чубалган түтүн бул дейт
Дүбүртүнөн билсе да түсүн билбейт.
Жылкы аттууну нак билген чоң саяпкер
Эгер өңүм болбосо... түшүм бул дейт...

А чынында үйүрдүн баары күлүк,
Тыбырчылайт саяпкер жаны күйүп.
Жер чукулап үңкүйдү ойго батып
Жылкыларды кеткенде ары сүрүп...

Элчилерди башкарган башчысына,
Эл сынабай, дегендей атты сына.
Жыла басып келди да шыбырады
Тура калып боз үйдүн капшытына:

Улук төрөм, бир сыр бар ыйык көлдө,
Биз билбейбиз ал сырды жүрүп чөлдө.
Жеңиш сыры – байкасам баш катырып
Желдей учкан учкаяк күлүктөрдө...

Жеңилүүгө негизги – ушул себеп,
Жеңе турган бизге да учур келет.
Бегибиздин сан жетпес жылкысына
Кан алмашаар өзгөчө тукум керек!

Карабадым тоолордун бийигинен.
Карабадым боз үйдүн үзүгүнөн.
Тоолуктардын жылкысы түгөл күлүк
Тукум алып кайталы үйүрүнөн...

Билесиңер айтканым чын чыгаарын,
Келсе дагы тандалган сынчыларың.
Дүбүртүнөн тааныймын тулпарлардын
Чубатууга салсаңар жылкыларын.

Бул кексе баш болоорду мурун билет,
Асыл менен арзандын кунун билет.
Таза кандуу үйрүндө жылкылардын
Тамшандырган өзгөчө кулун жүрөт...

Далай чыккан ичинен кыргындардын,
Меймандостук салты бар кыргыздардын.
Кайталы биз дүнүйө, мал сурабай
Тукум сурап ичинен дулдулдардын.

Ишенбе журт, көп жылкы, куралыңа,
Кашаң аттар окшошоор кулаалыга.
Чубатууга салдырып жылкыларын
Мен айтканды тайманбай сурагыла.

Күмөнсүбөй тургула намыс кылып,
Коркпой-нетпей көзүмдү таңып туруп.
Сан жылкынын ичинен бир кулунун
Көрсөтөмүн силерге таанып туруп.

Ал жаныбар бир журттун куту болот,
Колго тийсе бакыттын кушу конот.
Кайра-кайра жеңилип туруп алган
Кара таандай калмактын иши оңолот.

Жан бүткөндүн суктанган бүтүн баары,
Жеталбаган канаттуу кушуң дагы,
Чааралакей күлүктөр көзгө илээшпес
Чааралакей тулпардын тукумдары.

Бүтсө керек жаныбар кайыптан ал,
Колго тийбес бу Жалган, Жарыктан ал.
Сын сыпатын айталбас бир да сынчы
Көрөөр замат дал болуп талып калаар.

О, ким билет, ошону көргөн барбы,
Оодарылтаар сымбаты өлгөн жанды.

Сыйкыр менен кайыптан бүтүптүр ал... –
Деди дагы карт сынчы сөздөн калды.

Акыл калчап топ башы элчилердин,
Топтоду да баарысын ээрчигендин,
Бир кулунун сураймдеп турду бекип
Үйүрүнөн жоо чапкан эркин элдин.

Чааралакей жылкылар үйүрдөгү,
Балыктарга окшошот күбүрдөгү.
Бир карасаң жайытта жайнап жүрөт
Жылдыздардай көк асман түбүндөгү.

Тоонун эли камынып узатууга,
Мейман тосуп, бүлүнүп... чыдашууда.
Элчи башы кетээрде кеп чыгарып
Бир кулунду үйүрдөн суратууда.

Түзгө түштү жылкылар чубатылган,
Таш сыңары бийиктен кулатылган.
Каардангандай түрү бар табийгаттын
Күн бүркөлүп, бирде жаап,бирде ачылган...

Жылкыларын салдырып чубатууга,
Көзүн байлап сынчысын сынатууда.
Сынчы болсо үңкүйүп жер чукулайт
Токтолдум деп айтпастан мына буга.

О далайда чаар бээни коштой басып,
Чаар кулун чыкпаспы октой атып...
Дал ушу деп алаарым сынчы турду
Көз байлаган жоолугун токтоо ачып!..

Таң калышты адамдар жан жактагы,
Ушубу деп калмактын тандатканы.
Бир кулун деп алаары, түшүнбөгөн
Кур каткырып, кай бири жалжактады...

Алды-артынан кулундун тосмолошуп,
Аркан тартып, берүүгө ноктолошуп,
Элет эли дүрбөдү кармаганга
Кулун жүрдү карматпай октон озуп...

Ушул болчу үйүрдүн кичинеги,
Узап барып... жаныбар кишинеди.
Ошол замат дүпүрөп дүбүрт чыгып
Шол дүбүрттөн тоо койну титиреди...

Жал-куйругу төгүлгөн башкача бир,
Сөз жетпеген сан сынчы мактаса бир.
Кайдан-жайдан чаар айгыр чыга келди
Жер жарылып чыккандай каргаша бир.

Анык тулпар, нак күлүк, анык балбан,
Көрөр менен сынчы аны талып калган.
Керемет-ов, жаныбар, керемет-ов,
Кулагында шамы бар жарык жанган!..

Кетмен туяк омурган даңкан учуп,
Жөргөмүштүн торундай аркан үзүп,
Кулунду айдап күтүрөп узай берди
Артта калды алоолоп арман-күйүт!..

Элчи башы жер сабап, куугун салды,
Жанын сууруп коштогон кургурларды.
Эмелеки айдыңда эл дүрбөгөн
Уюлгуган чаң учуп... куюн калды!..

Жал куйругу шамалга сапырылып,
Чаар аргымак зуулады атырылып.
Даңазалуу аш-тойго чабылбаган
Кайда жүргөн ал мурда жашырылып?..

Чаар аргымак, чаар айгыр - аттын аты,
Жылкы бүткөн жандыктын жакшынасы.

Бир тең келсе тең келер демек сынчы
Айкөл-Манас-Атанын Аккуласы!

Табалбайсың жылкыдан теңин теңеп,
Көргөн жанга бир укмуш сезим келет:
Канаты бар кайыптан бүткөн малдай
Камбар-Ата өзүбү, дегиң келет...

А чынында элеттин эли билген,
Сыр бар эле берилген Теңиримден.
Ошол сырды сакташчу абдан бекем,
Кеп чыгат деп коркпостон деги кимден.

Керээз калчу улуудан урпактарга,
Ант алынчу баарынан сыр сактаарга.
Чыкмак эмес ошол сыр кысмакка алып
Жети катар душманга курчатсаң да...

Чаар тулпар, чаар айгыр - кайып малы,
Турпатынан табылгыс айып дагы.
Түн киргенде шуулдаган шамал коштоп
Үйүрүнө кошулат жайыттагы.

Бир да ирет ага жүгөн илинбеген,
Бир да ирет ээр токулуп минилбеген.
Бул аргымак заматта пайда болот
Жал-куйругу төгүлүп дирилдеген...

Бир да ирет башка үйүргө кошулбаган,
Бир да ирет көргөн эмес чоочун адам.
Бир да ирет ыйык жалдан тартып минип
Бир да эр ээр үстүндө отурбаган...

Үрүл-барал кезинде таң аткандын,
Зуу-зуу этип бириндей канатчандын,
Каяккадыр билинбей житип кетет
Бул чаар айгыр – сыйкыры Жараткандын!

Андан туулат бир кылка окшош кулун,
Кайсынысы кай бээден, такташ кыйын.
Түгөл анын баарынан тулпар чыгаар
Туш тарапка зуулашса топтош кыйын...

Чааралакей тайлар бар, кунандар бар,
Таптап жүргөн боз балдар, уландар бар.
Жебе сомдоп, жаа керип, балка согуп
Устакана жагында узанган бар...

Чааралекей айгырды билет баары,
Түн ичинде кулакта күйөт шамы.
Кишинесе бир укмуш тоо дүңгүрөп
Жакшылыгын олтурат тилеп баары.

Ошол тулпар мына эми атырылып,
Жал-куйругу шамалга сапырылып,
Тартуу кетчү кулунду коштоп алып
Закым болуп баратат жашырынып!..

Көлгө жетти анаке, карагыла,
Көзгө илинип, илинбей барааны да...
Анан барып жок болду түтүн сыңар
Сиңип кетти белгисиз... каягына?

Өчкөн жылдыз сыңары кечээ жанып,
Өркөчтөгөн толкунга жете барып...
Ак жал тулпар, аткан ок болгон кулун
Ак жал толкун, көл болуп кетери анык!

А көл жатат сыр катып мелтиреген.
Аруу таза, керемет көркү менен.
Чаар айгырды, кулунду жашырдыбы,
Жараткандын ишарат, эрки менен...

Куугун жетти жээгине кайсалактап,
Арт жагынан эл келди казганактап.

Кайда житти чаар айгыр, күлүк кулун
Кетиштиби кырка зоо, жардан аттап?..

Аскалардын койнуна сыйган сууну,
Алла балким, чечкендир нурдантууну.
Колдон кетсе тукуму аргымактын
Кыргызыңдын эртеңи тим калчуубу!?.

* * *

Ичте калып өкүтү, бир арманы:
– Кайттык, – деди калмактын билерманы, –
Колдойт тура Жараткан тоолуктарды
Тулпар минип, жөө жүрбөс бир эр дагы...

Бир да малы буйрубас тартуу болуп,
Жеңе албаспыз бул элге каршы болуп.
Тоолоруна конуптур кут, береке
Тоолоруна орноптур даңкы конуп...

Таалайлуудан так кетпес талашсаң да,
Жөө кубалап жеталбас канатчанга.
Кош айтышып меймандос бул эл менен
Кайталы эми ордого таң атканда...

...Жоо аягы тыйылып андан бери,
Эл тынч жашап унутулду арман кези.
Чагылгандай тез жүргөн авто минип
Чаар тулпарлар минилбей калган кези.

Кээ бир сөзү кошумча, кээ бири анык,
Бул улумыш, бул жомок дээриң анык,
Кантсе дагы келатат кылымдардан
Кулун-Ата жөнүндө кеп уланып...

## АКУН ТОКТОСАРТОВ 70 ЖАШТА

Көрүнүктүү мамлекеттик, коомдук жана чыгармачыл ишмер, маданий курулуштун зор уюштуруучусу, жазуучу, көркөм котормочу, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, рухий дөөлөттөрдү жаратууга көмөктөш Эл аралык «Руханият» ассоциациясынын Президенти Акун Токтосартов 2011-жылдын 15-мартында 70 жашка чыкты.

Акун Токтосартов Ош облусунун Совет районуна караштуу Алай-Куу өрөөнүндөгү Көңдүк айылында төрөлгөн. Токмок шаарындагы Республикалык маданий-агартуу окуу жайын, Ош мамлекеттик педагогикалык институтун, Алматыдагы Жогорку партиялык мектепти бүтүргөн.

1965–1977-ж.ж. Кыргыз ССР Маданият министрлигинин жооптуу кызматкери, 1977–1985-ж.ж. Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин адабият жана искусство боюнча сектор башчысы, 1985–1991-ж.ж. Кыргыз ССР Маданият министрлигинин Биринчи орун басары, Маданият министри, 1992–1994-ж.ж. Токтогул атындагы Мамлекеттик филармониянын директору, 1994–1997-ж.ж. «Манас айылы» ишкер долбоорунун Башкы директору болуп иштеген. 1992-жылдан ушул мезгилге чейин «Руханият» ассоциациясынын Президенти.

Акун Токтосартов 40 жылдан бери жетекчилик кызматтарда эмгектенүү менен Кыргызстандын маданиятынын өсүшүнө, жогорку квалификациялуу чыгармачыл адистерди даярдоого, кыргыз искусствосунун жетишкендиктерин чет өлкөлөргө пропагандалоого, мада-

ният мекемелеринин материалдык базасын чыңдоого, улуттар аралык мамилелерди бекемдөөгө, руханий баалуулуктарды байытууга зор салым кошуп келет.

Акун Токтосартов кайсы гана жетекчилик кызматтарда иштебесин, биринчи кезекте мамлекеттин кызыкчылыгын коргоого, көркөм маданияттын потенциалын көбөйтүүгө, жаңы коомдук-саясий системанын шартында калкты руханий жактан агартууга бүткүл күч-кубатын жумшаган талыкпас инсан.

Улуттук маданиятыбыздын бардык багыттарын ыкчам өркүндөтүү, мекендештерибиздин калың катмарына руханий байлыктарды кеңири жайылтуу Акун Токтосартовдун эң башкы иши жана жашоосунун маңызы болуп саналат.

Акун Токтосартовдун жетекчилиги астында борборубузда Жаштар театры, Куудулдар театры, Ош шаарында областтык филармония, куурчак театры, «Кыргызконцерт», «Кыргызреставрация», «Кыргызкультмонтаж» бирикмелери, Токтогулдун, Тоголок Молдонун, Алыкул Осмоновдун, Аалы Токомбаевдин, Гапар Айтиевдин, Семен Афанасьевич Чуйковдун, Абдыкадыр Орозбековдун мемориалдык музейлери ачылып, «Камбаркан» фольклордук ансамбли, «Насыйкат» камералык оркестри, «Ариет» эстрадалык ансамбли, бир катар элдик театрлар түзүлдү.

Ала-Бука, Ат-Башы, Сокулук, Жаңы-Жол, Ноокат райондорунун борборлорунда маданият үйлөрү, Бишкекте Республикалык куурчак театры, «Манас айылы» тарыхый-маданий комплекси, Таласта «Манас», Токтогул районунда Токтогулдун, Лейлекте Исхак Раззаковдун музейлеринин комплекстери курулду.

Музыка, театр жана сүрөт искусстволорунун тармагында А. Малдыбаев, М. Рыскулов, Г. Айтиев атындагы республикалык сыйлыктар, музыка ишмерлеринин, элдик таланттардын Союздары уюштурулду, Бишкекте СССР сүрөт академиясынын студиясы, Москва, Ленин-

град, Ташкент, Алматы шаарларында профессионалдык адистерди даярдай турган улуттук студиялар ачылды.

Токтогулдун 125 жылдык, Абдылас Малдыбаевдин 80 жылдык юбилейлери, Кыргыз опера жана балет, Академиялык кыргыз драма, Нарын музыкалык драма театрларынын, К. Орозов атындагы Мамлекеттик эл аспаптар оркестринин гастролдору Москва шаарында ийгиликтүү аяктады.

Ошондой эле РСФСРда, Францияда, Монголияда Кыргызстандын маданият күндөрү майрамдык маанайда өткөрүлдү.

Төкмө акын Эстебес Турсуналиев, комузчу Самара Токтакунова, актерлор Леонид Ясиновский, Капар Медетбеков «СССР Эл артисти» деген ардактуу наамга ээ болушту.

Кыргызстандын театрлары жана концерттик уюмдары Ленинград, Свердловск, Новосибирск, Красноярск, Мурманск, Норильск, Владивосток шаарларында, Украина, Белоруссия, Азербайжан, Грузия, Молдавия, Казакстан, Өзбекстан жана Тажикстан республикаларында чыгармачылык жетишкендиктерин көрсөтүштү.

Мыкты көркөм коллективдер жана аткаруучулар Кытай, Япония, Португалия, Исландия, Индия, Польша, Пакистан жана башка өлкөлөрдө болушуп, Кыргызстандын искусствосунун жетишкендиктерин даңазалашты.

Ошол эле мезгилде «Ала-Тоо жазы» фестивалдары, СССРдин Чоң театры, Москванын Пятницкий атындагы, Ленинграддын Глинка атындагы академиялык хорлору, Россиянын «Сибири», Өзбекстандын «Бахор», Молдавиянын «Жок», Белоруссиянын Мамлекеттик бий ансамблдери, «Виртуозы Москвы», «Отрар Сазы» оркестрлери, А.Пугачеванын ыр театры, Е.Петросяндын мыскыл жана тамаша театры концерттик программаларын, Орто Азия жана Польша, ГДР, Литва, Азербайжан республикаларынын драма театрлары спектаклдерин, дүйнөгө белгилүү СССРдин Эл артисттери, атактуу эст-

рада чеберлери өздөрүнүн мыкты репертуарларын республикабыздын эмгекчилерине тартуулашты.

Чыңгыз Айтматовдун 60 жылдык юбилейи, республикада биринчи жолу «Айтматов жана театр», «Нооруз» фестивалдары, театралдаштырылган майрамдар, СССР Маданият министри Н. Н. Губенконун катышуусу менен Казак, Өзбек, Тажик, Түркмөн жана Кыргыз республикаларынын Маданият министрлеринин кеңешмеси Бишкек шаарында жогорку деңгээлде өткөрүлдү, өлкөбүздүн маданиятынын өсүшүнүн концепциясы иштелип чыкты. Эки жылда бир жолу эл чыгармачылыгынын республикалык кароо-конкурстарын, фестивалдарын, көргөзмөлөрүн өткөрүп туруу жакшы салтка айланды.

Акун Токтосартов негиздеген «Руханият» ассоциациясы Кыргызстанда рухий-маданий багытта жемиштүү иштеп жаткан бирден бир коомдук уюм болуп саналат.

Анын жетекчилиги менен «Руханият» ассоциациясы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, Мамлекеттик Туунун, Гимндин, Гербдин бет ачар аземин – презентациясын өткөрдү, «Тынчтык жана элдердин ортосундагы ынтымак үчүн», «Жылдын адамы», «Курманжан датка», «Руханият», «Жылдын бизнесмени» сыйлыктарын уюштурду, баш калаабызда эки кабат мечит жана медресени курду.

Биринчи жолу кыргыз тилинде Чыңгыз Айтматовдун чыгармалар жыйнагынын 8 томдугун, Исхак Раззаковдун 2 томдугун, С. Жусуевдин «Курманжан датка» романын, Ж. Мавлянов, К. Ташбаев, К. Сактанов, С. Шамбаев, Б. Ешмамбетов, Ш. Исмаилов сыяктуу авторлордун чыгармаларын, мемуарларын жарыкка чыгарды.

Учурда Акун Токтосартовдун редакциясы астында Курманжан датка жөнүндө 2 томдук, Сүйүнбай Эралиевдин, Эстебес Турсуналиевдин, Аркадий Битюковдун, Мелис Шаршенбаевдин тандалма жыйнактары басмага даярдалууда, Чыңгыз Айтматов атындагы маданият жана илим музейин, балдар бакчасын, китепкана, поликли-

ника, турак жай, искусство мектебин куруу боюнча долбоорлор иштелип чыгууда.

Акун Токтосартов «Рух чабыты», «Тагдырдын таржымалдары», «Мезгил жана Адамдар» аттуу китептердин автору. Анын орус тилинен которгон П. Кадыровдун «Жылдыздуу түндөр (Бабур)» романы, О. Бокеевдин «Чагылган» аттуу прозалар жыйнагы басмадан чыгарылып, М. Зарудный, А. Абдуллин, П. Чеповецкий, В. Чичков, С. Шаймерденов сыяктуу драматургдардын пьесалары театрларда, телевидениеде коюлуп, радионун фондусуна жазылган.

«Руханият» ассоциациясынын сыйлыктары чет өлкөлөрдүн жана республикабыздын эң көрүнүктүү ишмерлерине ыйгарылып, сыйлыктарды тапшыруу аземи шаңдуу маанайда, салтанаттуу кырдаалда өткөрүлүп келет. Жыл сайын чыгармачылык жолугушуу, эскерүү кечелери уюштурулуп, маданият кызматкерлерине, чыгармачыл жаштарга, калктын кыйналган катмарына материалдык, финансылык жардамдар дайыма берилип турат.

Акун Токтосартов – Кыргызстанга кеңири белгилүү мамлекеттик жана коомдук ишмер. Ал Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин, Кыргызстан достук жана маданий байланыштар коомунун Президиумунун, Кыргызстан калкынын Ассамблеясынын Кеңешинин, Кыргыз Совет энциклопедиясынын редакциялык коллегиясынын, Исхак Раззаков, Ататүрк, Султан Ибраимов фонддорунун Башкармасынын мүчөсү, Кыргыз ССР Маданият министрлигинин коллегиясынын, «Кыргызстан – ГДР» достук коомунун Төрагасы болуп шайланган.

Акун Токтосартов Бишкек шаарынын жана Кара-Кулжа районунун Ардактуу атуулу, Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Ардактуу доктору, Б. Бейшеналиева атындагы Мамлекеттик искусство институтунун Ардактуу профессору, Архитекторлор союзунун Ардактуу мүчөсү, Чыңгыз Айтматов атындагы Коомдук ака-

демиянын академиги, республикалык Жазуучулар, Журналисттер, Театр жана Музыка ишмерлер союздарынын мүчөсү, «Кыргызстан–Сауд Аравия» достук коомунун Президенти, Эл аралык «Руханият» ассоциациясынын Кеңешинин төрагасы болуп саналат.

Акун Токтосартов «Эмгектеги артыкчылыгы үчүн», «Манас–1000», «Эмгектин ардагери» медалдары менен сыйланган, ага «Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер» ардактуу наамы берилген, «Тынчтык жана элдердин ортосундагы ынтымак үчүн» Эл аралык сыйлык ыйгарылган. Ош облусунун Кара-Кулжа райондук китепканасына Акун Токтосартовдун ысымы коюлган.

Акун Токтосартов азыркы мезгилде Кыргызстандын маданиятын өстүрүүгө, анын жетишкендиктерин кеңири пропагандалооого, руханий баалуулуктарды байытууга, эл аралык жана улуттар ортосундагы мамилелерди бекемдөөгө, элдик дипломатияны калыптандырууга, «Руханият» ассоциациясынын ишмердүүлүгүн өркүндөтүүгө өзүнүн билимин, бай тажрыйбасын жана бардык күч-кубатын жумшап келет.

***Эл аралык «Руханият»***
***ассоциациясынын***
***басма сөз кызматы***

*Маданий-коомдук басылма*

# РУХ ААЛАМЫНЫН ИНСАНЫ

## А.Токтосартовдун ишмердүүлүгү жөнүндө

Сүйлөгөн сөздөр,
макалалар, куттуктоолор, арноолор

Түзгөндөр жана жооптуу редакторлору
**Битюков А.И., Иптаров С.И., Токтосартов К.А.**

Бишкек, «Турар» басмасы

*(Кыргыз жана орус тилдеринде)*

*Културно-общественное издание*

# ГРАЖДАНИН ДУХОВНОГО МИРА

**Посвященные о деятельности Акуне Токтосартове**

Выступления,
статьи, стихи, приветствия

Составители и ответственные редакторы
**Битюков А.И., Иптаров С.И., Токтосартов К.А.**

Бишкек, издательство «Турар»

*(На кыргызском и русском языках)*

Материалдарды жыйнагандар
*Кожобергенов Р., Токтосартов А.*

Басманын редактору *Теңирбергенова Ж.*

Корректору *Ногойбаева Н.*

Дизайнери *Төлөбеков Р.*

Компьютерге калыпка салган *Ниязалиева Г.*

Басууга 16.06.2011. кол коюлду
Офсет кагазы. Кагаздын форматы $60x84^1/_{16}$.
Көлөмү 20,0 п.л. Нускасы 1000. Заказ № 683.

«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.
720054, Бишкек ш., Жибек жолу пр., 466.